С. Момуналиев, К. Акматов

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

11

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ЖЕЛЕГИ



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: *Ж. Садыков, Ш. Кулуевдики*
Муз.: *Н. Давлесов, К. Молдобасановдуку*

Ак мөңгүлүү аска-зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

***Кайырма:*** Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө,
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

***Кайырма:***

Аткарылып элдин үмүт тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

***Кайырма:***

С. Момуналиев, К. Акматов

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин
11-класстары үчүн хрестоматия-окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана
илим министрлиги тарабынан бекитилген*

Кыргыз Республикасы
№ 9
2014-ж
№ 142/13
город Ош

Бишкек – 2014

УДК 373.167.1
ББК 83.3Ки Я721
М76

*Жооптуу редактор:* ***А. Муратов** – педагогика илимдеринин доктору;*
*Рецензиялагандар:* ***Л. Жусупакматов** – филология илимдеринин доктору;*
***О. Шаимкулов** – педагогика илимдеринин кандидаты.*

**Момуналиев С., Акматов К.**
М76 **Кыргыз адабияты:** Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 11-класстары үчүн хрестоматия-окуу китеби – Б.: 2014 – 200 б.

ISBN 978–9967–31–185–5

Бул окуу китеби Кыргыз Республикасындагы өзбек мектептери үчүн «Окуу китептерин даярдоо борбору» тарабынан даярдалган. Окуу китеби жөнүндө сунуш жана пикирлериңиздерди «Борбор» жетекчилигине жазуу түрүндө билдиришиңерди суранабыз.

Биздин дарек: Ош шаары,
Г. Айтиев көчөсү, 25

**М4306020400–14**

**УДК 373.167.1**
**ББК 83.3Ки Я721**

ISBN 978–9967–31–185–5

© С. Момуналиев, К. Акматов, 2014
© Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлиги, 2014
© Окуу китептерин даярдоо борбору, 2014

## КЫМБАТТУУ ОКУУЧУЛАР!

Силер буга чейин кыргыз адабиятынын баалуу казынасы менен кеңири таанышып келдиңер. Алардан кыргыз элинин жазуучу, акындары андагы чагылдырган турмушту үйрөндүңөр. Колуңардагы бул китеп – силер мектепте окуучу «Кыргыз адабияты» боюнча эң соңку китеп. Мындан кийин силер кыргыз адабиятын милдеттүү түрдө үйрөнбөйсүңөр. Бирок, бул дегендик кыргыз адабиятын окубай таштап коюу дегендик эмес. Келечекте бир кесипке ээ болсоңор, силер Кыргыз Республикасынын атуулу катары иштейсиңер. Жамааттагы адамдар менен мамиле-алакада болосуңар. Мына ошондо кыргыз адабиятынан алган билимиңер, окуган чыгармаларыңар силерге жардамга келээрине ишене бергиле. Анткени көркөм чыгармаларда кыргыз элинин кармаңып-тутунган салт-санаасы, психологиясы, маданияты, жашоо эрежелери, дүйнөгө көз карашы чагылдырылат. Демек, келечекте белгилүү бир бийиктиктерге жетем десеңер, анда кыргыз тилин жана кыргыз адабиятын үзгүлтүксүз үйрөнүүнү унут калтырбагыла, таштабагыла.

Кыргыз эли аз эл болгону менен дүйнөлүк маданиятка «Манас» эпосу менен Чыңгыз Айтматовду берди. Албетте, адабият мына ушулар менен гана чектелип калбайт. Буларга азык берген, өнүгүп-өсүшүнө жагымдуу жаглай жараткан кыргыз элинин көркөм казынасы, сөз чеберлери көп. Демек, алар тууралуу кеңири маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн текке кетирбегиле. Дилди жакындаткан тил болсо, тилдин жаны, рухийлүүлүктүн өзөгү – мына ушул көркөм сөз чеберлери. Окугула, үйрөнгүлө, рахат алгыла, жан дүйнөңөрдү байыткыла. Булардын баары өзүңөрдүн колуңарда. Эмесе, ак жол силерге, сүйүктүү окуучулар!

## ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВ

*(1912–1997)*



Түгөлбай Сыдыкбеков 1912-жылы Түп районунда Кен-Суу айылында туулган. СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын Эл баатыры.

Биринчи поэтикалык жыйнагы «Күрөш» деген ат менен жарыкка чыккан (1933).

Т. Сыдыкбеков – кыргыз жазма адабиятынын тарыхына роман жанрын киййирген жазуучу. Анын «Кең-Суу» романынын эки китеби бул жанрдагы эң биринчи чыгармалардан болуп саналат (1937–1938). Мындан кийин «Темир» (1946), «Биздин замандын кишилери» (1948), «Тоо арасында» (1955–1956), «Зайыптар» (1966), «Ыманбайдын пейили» (1979), «Жол» (1982) романдарын жазган.

«Манас» эпосун изилдөөгө жана басып чыгарууга көрүнүктүү салым кошуп, «Манас», «Сейтек» эпосунун жыйынтыкталган вариантынын 3 томдугунун үчүнчү бөлүгүн редакциялаган жана басмага даярдаган. 1960-жылы басылып чыккан «Кыргыз совет адабиятынын тарыхый очерктеринин» башкы редактору болгон.

Жазуучу «Манас жана Алмамбет» эпикалык драмасын (1942-жыл, К. Рахматуллин менен авторлош), «Күчтүү жүрөк», «Канжар», «Кыштак кожоюндары» аттуу пьесаларды жазган.

Т. Сыдыкбеков А. С. Пушкиндин, Н. А. Некрасовдун, Д. Бедныйдын, А. П. Чеховдун, А. Серафимовичтин, М. Шолоховдун ж.б. жазуучулардын чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

## КӨК АСАБА

*(Романдан үзүндү)*

### «АЙКАШ АЛДЫНДА»

«Шыктуу, баамчыл тарыхчы өзү сүрөттөгөн окуяны кадиксиз сезет, аны көз алдына жандуу элестетет; тескерисинче, шыксыз тарыхчы сүрөттөөдө айрым иштерге көңүл буруп бөгөлөт, негиздүүлөрдү тута албайт».

*Г. Гегель*

«Тарыхчы кай кезде ой-пикири менен тарыхтын мүчүлүшүн жаңылбай толуктайт».

*М. П. Погодин*

«Эл өмүрүн үлгү туткан киши караңгыда чырактуу».

*Эл сөзү*

Үч-Суу журту өз ичинен көп уруу, сыртка бир – карылуу будун. Эли – жоокер. Ошол көп уруу ал бир баш, бир кол болуп турганда, алардын күчү, баатыры Элтерес айткандай: «Үч-Суу ташыганда, шакап булактар ырдабай калыр»…

Карлукту, төөлөстү, татабыны, тардушту, курыканды, отуз татарды, он окту, дегеле көк түрктүн көп будунун Элтерес «шакап» деди. Ушунча элден өзүнө каруу көрсөтөрү – кыргыз. Аз, аргын, чаа, изгил сыяктуу журттарды элинин аздыгына не көптүгүнө карабай, Элтерес аларды чабышта жоокердик жагынан теңсинбеди. Чынында, иштин жайы Элтерес баамдагандай эмес. Ошол каруусуз журт бирди жарым түмөн аткарып, тажаал жоодон кыйырын сактайт. Алардын далайы жекеме-жеке чыкканда карылуу душманга жон үрпөйтөр чамасы бар. Кол атказып, башканы чаап алуу да далайынын колунан келет. Бирде кегин кетирсе, бирде кеткенин кайрат…

Бул оош-кыйыш күрөш эзелтеден токтобой жүрүп келатыр.

Жортуулга аттануу – тек ташыган кара күчтү кайда коюшту билбей, эсирик айдап чабуулга аттаныш эмес. (Арийне, кай бир жинденген кол башчы аны да иштейт дениз.) Көбүнчө жортуул максаты – аз журтунун жашоосу үчүн кам көрүү. Баатырлар өзүнүн эрдиги, жоокердиги менен кошуунду олжого батырыш. Олжо тек байлык эмес – азык. Тиричилик, күн көрүү…

Жоокерчиликти кандуу кыргынды актыкка чыгарган ырайымсыз жагдай ушул! Бирок өз күчүн баалап, чабуул көксөгөн жол башчы, ал, эч жеңилбес шер болсо да көп узабай… «Кылыч көтөрүп келип, кылычтан башы кесилир». Турмуш өзү берген ушу укмуш сабак, кан көксөгөн эренди тезге салат. Ага арка бел болуп артынан жүргөн журттун:

– Зордун арты кор, байдын арты жок! – деген макалы да бар.

Чабылып-чачылып кул болуп келгендер кайрадан баш көтөрөт. Биз эр бабанын тукуму эдик[1]. Кул, күң болуп, жоонун ирегесинде тепселгенче, чабышта баш кесилсин дешет кулдар.

---

[1] Элик – элек (автор чыгармасында байыркы түрк сөздөрүн көп пайдаланган).

– Аттандык! – дейт бир тынчы.

Беркилер артынан жөнөйт. Кайрадан чабыш. Көк темир башты кессе, жоокерче жанды жерге берүү. Сөөктү тешкен жебе кошо көмүлөт. Бул – кулдуктан кара башты бошотуу үчүн болгон салгылашта каза тапкан жоокер өлүмү...

Неси болсо да, «калын казсыз учпайды». Кылычы курч билги баатыры жолду баштаса, калганы – ага кара-тирек. Кылка, кылка кошуун болушуп, бардыгы жортуулда. Көксөгөнү – чабыш! Максатка каршы чыкса жадаса башка эмес, өзүнө киндиктеш тукуму чабылат. Өзүнө жатындашы жоо.

Тигил Үч-Суу журту менен берки көп уруу будундар таптакыр бөтөн эмес. Тыягы кыргыз, төлөс, аз, аргын, чаа, найман, изгил, катаган; быягы курыкан, он ок, ушул Үч-Суу журту бардыгы тектеш. Бар болгону уруу-урууга бөлүнүп, бара-бара жик алыстап, алар өзүнчө будунбуз (элбиз) деп калган.

Элүү жылда эл жаңырды. Ар жүз жылда жаңырган эл толуп-ташкындап, анан кайрадан сууп, бөксөрүп турду. Мына ошондо алардын бир бутагы таптакыр чорт кесилип, чирип жоголду. Бири суу шарында агып келди. Жаңы жерде кайрадан өнүп берди. Анан ошол өнгөн жеринин наамын алды. Ошол өзөн – анын Ата-Конушу. Ал ошо өз Ата-Конушунун ураанын чакырды...

Үч-Суунун журту – дал ошолордун бири.

Бул журттун эмки кол башчысы Элтерес, тайманбастык жагынан алп бабанын жолун жолдоп, кеменгердик жактан бир аз тайкы, ишенгени – күчү. Өзүнүн киндиктеш журтун ынтымакка чакыруунун ордуна аларды кылыч көтөрүп баш ийдирүүнү көздөдү.

Кызыл буурул атына минип, Үч-Суунун эң бийик чокусуна бастырып чыкканында, Элтереске үч чоң элдин каны, ажосу, падышасы үч бийик чоку болуп көрүндү.

Ал үч бийик чокунун бири – өзү. Ошол өзү баштаган калкы жоокер үчсуулук. Ал чокунун экинчиси – тигил Адылтай ажо. Ошол Адылтай баштаган жоокер калкы.

«Эя?! – деди Элтерес локуюп өзүнө-өзү, – ошо Адылтай ажо үндөбөй менин ыгыма басып берсе не. Анда эртең эле, Үч-Суудан ташып барып, тигил табгачты[1] чаап алыр эдим».

Ушинтип эрдемсиген Элтерес Адылтайга ынтымак менен келишти өзүнө ар көрдү. «Чокудан чоку бийик эмес беди? Антип ынтымак сурап барганым, Адылтай чокусун өзүмө тең койгонум. Эя, ал неткен коркоктук? Жо-ок... Чокуга чоку тең эмес. Мен күч менен барып, Адылтай чокусун басам. Анан өзүм бийиктеймин. Анан өзүм тигил табгач падышасынан жогору көтөрүлөмүн!»

[1] Табгач – уруунун аты.

Элтерес шерди азгырган күч дал ушул керт башынан бийиктиги, өз чокусунун намысы болучу.

Дал ушул намысы үчүн ал колун курады. Кыргыз кыйырын бүктөп, ал жолу тек жаткан журттун көзүнө көрүндү Элтерес.

...Эми ат туягына жумшак жер көк көрпө төшөгөн жазда, кыргыз колу Үч-Суу журтунун кыйырына келди.

Кол каны – Эр-Киши. Элтересчилеп түн жамынып уурданбады. Ал сегиз түмөн колду жортуулга көрүнөө баштады. Чабарман жиберип, Элтереске кабар айттырды: – Эйе, оноо ашыркы жат жоонун жолун тосуп, биз кыйырда жүрдүк. Элтерести бизге жоо болот деп күтпөдүк. «Өзөктөн күйгөн өрт болуп», ол уурданып бизди кышында чапты. Эмчектеги бала, энкейген карыбызды аяз тоңдурду. Үч-Суунун элин тандай алааматка салбайбыз. Биздин кек – Элтересте. Карабашыл кишиде жазык жок. Чабышта кылыч көтөргөн баатырлар беттешир. Биз торгой ырдап, көк көрпө буурул жерге жайылып турганда көрүнөө келдик!

Элтерес шер колун баштап, чабышар жеринде бизди тоссун!

– Элтереске элчиликке ким барыр? – дегенде Жолборс оолукту:

– Эр аке, жол бериң? Келте куйрук Көк аланы туйлатып өзүм баштаган миң жоокерим менен барайын. Элтерес шерге тил катты берейин. Серпишсе, серпишейин, ол чабышса, чабышайын. Каруум жетпесе, канымды төгүп, сөөгүмдү көпүрө салып, курман болуп берейин. Або, билги, алп акелер, элчилик жолун маа кыйын?

Жалын жээрде ат минген Барс атынан шап түштү да, сынар тизелеп колун бооруна алды:

– Эр-аке, элчилик жолун маа кыйың? Жалгыз өзүм барайын. Өлсөм жортуулдун курманымын. Тирик болсом, Элтерес шердин жообун алып кайтайын?

Кол башкаруучулардан өтүнүп, Барс жол сурап турганда, Буйлаш жай аттан түштү. Буйлаштын мингени үргүлөгөн Чоң боз тек желе четинде уктап тургансыды. Жаныбар, деле калың кол айкырык салып, чабуулга баратканда да, ушул үргүлөгөн калыбынан жазбоочудай жоош, тынч. «Э-э,.. киши уулунун билерман кол башчылары, силер кеңешип чечишкенче, мен уктай турайын», – дегенсийт. Үстүнөн Буйлаштын түшкөнүн сезбей үргүлөйт.

Буйлаш өзү да жоош. Тек жай аңгеме, жай сөзгө катышкансыды. Колун бооруна албай або-бектерге, локуйган Эр-Кишиге ийкем этип баш ийди:

– Жолборс эрен, Барс баатыр, экөө бирдей кол башчы. Атам кыргыздын жортуулга чыккан сегиз түмөн колунун жаш арстандары! Булардын орду – кол баштап, жоону тосуу! Кылычы курч баатырлардын элчиликке жүрүшү тере!

Мен Элтерестин колунда маталып туткунда болгомун. Мен ол шердин күчүн да көргөм, сырын да билгем. Ол – курч кылычын кындап шап сууруган өкүм баатыр. Өзү үчүн жаман кабар алпарган кишинин башын чаптырыр.

Тилим жетсе, аман калармын. Башым кесилсе курманыңмын. Элчилик жолун маа кыйын?

Буйлаш эми оң колун бооруна алды, ийиле түштү.

Тээ көк мөлдүр асманда адашкан тайлакка окшогон токумдай ак булут күн көзүн калкалады. Жаш баатырларга ыраазы Азман або, оюн айтпай күймөлдү:

«Көлөкө өтүп кетсин. Жарык Күн көзүн булут тосуп турганда ой айтпайын...» дегиче, ак булут күн көзүнөн өттү. Азман оюн айткыча, калың жээрде сакалын ак аралап калган Багыр чоң жал тору атын теминип алдыга чыкты да, таазим этпей колун сунду. Жоон үнү керней бапылдагансып жалпыга угулду:

– Эрендер, элчилик жолун маа кыйыңар? Жөнүн мен чечпейин, өзүңөр билип тургандырсыңар. Аздын көзүнө арам Керген көлөкө жайган эди. Ошо көлөкөнү аз журтумдун көзүнөн сүртүп салайын. Жүзүбүз жарык болсун!

Аз журтунун ары акылманы, ары баатыры Багырдын бул айтканында жөн бар. Баягыда кыргыз кыйырына Элтерес колун баштап барган Керген да – ушул аз журтунун кишиси. Ал арам анттташкан антты танып, ак пейилдеш элдерди араздаштырганы үчүн, өз башы эмес, бүт элин жаманатты кылган. «Бала суу төксө, андан чоң тайып жыгылар».

Аздын бир эл бузары карангыда кар бетине суу төктү. Суудан муз көгөрдү. Муздан кыргыз колу тайып жыгылды...

– А-а... аз-causeздыгын көрсөттү. Сүт ичерде антташты. Кан төгөрдө жазгырды?!

– Хэ... хэ... мышык баласы мышыкча мыявлады...

Эл арасы ушундай сөз айтышты. Керген арамдын ушинтип бүт аз журтуна көлөкө түшүргөнү унутулган жок, али. Чыккынчы чыкса журт башы капак. Кергендин чыккынчылыгы керт башына зыян болбоду. Ага-тууган, бүт уруу жапа чекти. Далайы жазыксыздан жаза тартты. Курч кылыч кести. Баштары капак болду...

Эми армандуу Багыр өз журтунун өчкөн жылдызын жандырар үмүт менен элчилик жолун сурады.

Азман або да, Эр-Киши да, деле ушул турган кол башчынын бардыгы Багырдын купуя оюн туюнушту. «Э... эрдин элчилик жолун сураганы эп. Жөндүү...» – деп турушту баары.

Багырдын жоон үнү күп этти:

– Эрендер, элчиликти маа кыйындар?

– Кыйдык! – деди Азман або.

– Кыйдык! – деди Эр-Киши.

– Кыйдык! Кыйдык! – дешти башкалары.

Жолборс, Барс, Буйлаш аттарына миништи. Чынында, жоокердик салтта тигил жаш баатырлардын эч бири (балким, Буйлаш болбосо, Жолборс, Барс экөө тең) элчилик жолун сурашка акылары жок болчу. Булар өздөрү – кол башчы. «Баатыр чабышта, чечен сөздө». Жолборс менен Барстын элчиликке күүлөнгөнү, тек кызуулуктан чыккан демилге болучу. Багыр жол сурабаганда да, Азман менен Эр-Киши тигил кол башчылардын эч бирин элчиликке жиберишпейт эле.

Элчиликке барышка Багыр аттанды.

Ал жалгыз кетмек болду эле. Ага кол башчылар көнбөдү.

– Тынч кез эмес, калың кол Үч-Суунун кыйырында турабыз! Элтерес шер тек алдыга тизелеп келчү коркок эмес. Ол көк жал айыгышса, элчи дебей барганды чаап салыр. Кокус, кабарсыз калбайлы. Жети киши барсын! – деди Азман або.

Анан ал сөзүнүн аягында буйруп койду:

– Жетиси жети элдин тукуму болсун! Жеке атам кыргыздын тукуму дебес, Элтерес. Жети ата жети будундун уулунун каныи төксө, ошо жети ата будун ону менен жоолашып каларын Элтерес шер эсине тутар.

Башкалар колдоп коюшту:

– Або-акенин чечими чечим!

– Төп сөз!

– Жети элдин кишиси элчиликке барсын!

Багыр башы болуп, Элтерес баатырга тапшырчу «Тил катты» алып жети киши жөнөп кетишти. Мингендери тер басып, ат үстү оор тартып баратканда, көк майсаңдуу башат кашына токтой калышат. Бой бошотуп, кол жууп, сүзмө эзип, суусун жуткуча жортуул аттары от кайсап, ары-бери дегиче тыңый түшөт. Аттар майда таскакты жазбай тек соорулары титирейт, алдыга тике карайт. Болдурууну билбей бир калыпта лепилдеген жел сыяктуу...

– Уа-а, жаныбар, жоокер аты – эр канаты деген ушул, а! Өрдө да, эңкейиште да, таскагынан жазбады. Бирер жерге чейин адыр-күдүр талааны, түздү басты. Анан токойлуу тоону артты. Ташкын суу көбүктөлгөн чың өзөндү өрдөштү. Андан ой-чуңкурупан али кары кете элек таз тоону жондошту. Алп кар жаткан дабанын ашты. Дагы өзөн. Бирок бул жолу өзөн өрдөшпөдү, эңиштей

жүрүштү. Дагы караган, тал, кайыңдуу токой. Чээнден жаңы чыккан өгүз аюу качпады да, качырбады да, «Аах!» деди. Кыжырлангансыды. Анан дөңкөңдөп черге житти. Көк кылтыйган бет-беттерде оттогон кийиктер кишилерди көрүп селт беришет. Бир чети «дыр» берип үрккөн болсо, бир чети тек тынч оттойт. «Отто, оттой бериң. Ансыз да кыштан араң чыктык. Арыкпыз. Бизди киши не кылмак»... дегендей текеси мүйүзүн каркайта карай калып, жай басат. Эчкиси шүдүңдөй басып, оттой калат...

Багыр жолдон жолуккандын баарына кайыл. Анын милдети – элчилик. Тек ордодон аттанып, ордосунда тактыда олтурган канга баратпайт. Кандуу кылыч көтөргөн алпка келатат. Чынында мындай элчиликтин не менен аяктары табышмак. Көк темир көтөрүп кыйырына келдик. «Тизелүүң тизеңди бүк, баштууң, башты ий! Антпесең, кыргын табасың!» – деген айдың. Элчинин минтип келиши, бир чети биз капылыстан басып, сени өксүткүбүз келбеди. Колуңду атказ! Эрк бердик дегени болсо, бир чети сес, коркутуу. Келаткан кол башчы өзүн артык эсептегени.

Намыстуу Элтерес коркуп кетчү эр эмес. Чабышса, чабышар колу арбын. Үч-Суу эли азыр толуп-болуп турган кези. Чындаса буларда бир жолдо сегизон түмөн кол аткарар чаркы бар. Чабышта каныккан кол башчылары бар. Жоокерлер минер ат, жоокерлер чабар кылыч, мергендер тартар жебе, балбандар көтөрөр айбалта менен чоюн баш, бөрү тилдүү жанчар – эр куралы буларда көп, курч, бекем!

Элтерестин зор кешпирин. Элтерес колунун ошондой камдуулугун көз алдына келтирип: «Тобокел. Чаптырса баш ийинде. Энеден төрөлгөн эрге – бир өлүм. Менин демим баягы Керген иттин арамын жууса ийги»...

Ушуну ойлогон Багыр Элтереске жетишке ашыкты.

Чабыштан кийин анын өктөсүн күткөн Элтерес бул кезде камдуу болучу. Жанчар сундуруп, кылыч сууруп жоого чапканы жеңилип көрө элек Элтерес өз боюна ишенип демдүү да, көбүңкү да. Локуюп, толукшуп, сестүү да.

Мин башыдан кабар алганда карс-карс күлдү:

– Ха! Ха... өлөр чычкан мышыктын умасың кашыйды?! Кыргыз кыйырыма келатса, мен ажыдаар. Онун жолун бөгөп, жыйрылып коёюн?!

Ушинткен Элтерес беш түмөн колду өзү баштап, кыйырды көздөдү. Үч-Суунун акылманы, ары баатыры Салим али аттанган жок. Ал дагы кол курап, азырынча оорукта. Бул жолу жоо колу канчалык күч менен келерин баамдап билген Салим түмөн кол аздык кылат деп болжогон. Анын оюу түмөн саны онго чапчыса, каруу катуу болор деген. Бирок, өткөн кыш Үч-Суунун чөл жагына

кар калың түшүп, кыш узак жатып, чет кандын элинде мал көп жутка учурады. Жоокер минер аттар кыштан арык чыкты.

Эр көкүрөк Элтерес эрдемсиди. Антип кыш каарынан ал жактын аттары арык чыгышын капарга албады.

– Ха! Жалтанган эрдин башы жарык. Мүдүрүлчөөк аттын буту сынык! Бизге келген кыш башканы да жүдөттү. Салим көрөгөч, сагызгандан саксын. Сактан! Корксоң, келбең. Же-е, артымдан чаң чыгарың...

Кол башчылардын эч бири кеп катпады. Элтерес күрп этти:

– Асабачы, алга чыгың! Кол канаты жайылсын! Ушундан кийин көк жыттанган жаш жерге жойкун салып, беш түмөн дүңгүрөп жөлөй берген. Элтерестин түмөндөрү күнү бою жүрүштү. Күн батарга жакын түмөн-түмөнгө кабар берилди:

– Чет сууга жеткенде аттар от чалсын, жоокерлер суусун жутсун! Жол оңун өткөрбөй... түн жамынып жол арбытылады. Аты аксаган, өзү ыңкыстаган болсо, эскертин мин башыга. Мин башы жүз башыга айтсын. Башка жүктүн башы чабылыр!

Кол башчынын буйругу эчен айтылган. Муну ар бир эсинде тутту. Ошентсе да, дагы бир эскертилди:

– Башка жүктүн башы чабылыр. Ооруган ооруңдан сакайың!

Жылдыз толгондо беш түмөн жапырт атганды. Ошондон таң өөк салганча тыным болгон жок. Жылдыз суюлуп, жер-суу жарыла баштаганда кол тып токтоду.

Муз дабанды түнү менен ашып, кара тоо жазыгына келген кол жоо жолун тосор оңтойлуу жазыкка эми жакын. Аттар тыныксын, жоокерлер күн чыккыча куш уйку салсын, тыныксын деген Элтерес өзүнүн көк чатырын кандайдыр бир бийик боз дөбөгө көтөрттү. Тыяк-быяктан келаткан болсо көрсүн. Көк жал көрүнөөдө! Эки жагынан суу аккан ортоңку боз дөбө несн болсо да жөн жер эмес. Тигил суу аккан ойдуңдар жайык, кең. Кол суу бойлой жайгашсын.

Эки суу ортосунда боз дөбө баш-куйругу чорт кесилген сазан балыктай дөмпөйүп бийик, көрүнөө. Дөбө да көрүнөө. Дөбөдөн туруп караган көзгө тегерегбел да дапдайын алакандагыдай.

Ары-бери болгуча көк чатыр көтөрүлдү. Элтерес чатырга кирип таш жазданды. Башы ташка тие электе коркурап шер уйкуга батты...

Баатырдын таш жаздануусу: «Уйку чолок. Баатыр жай жатышка акысы жок. Жаагыңдан таш өткүчө жанынды сеп алдыр, жоокер», – деген анты. Бул ант өзүнөн мурда тигил калын колго – ар бир жоокердин бышык, тың, сак бо-

лушу үчүн керек. Кол башчынын азыр таш жазданып, чырым уйкуга кеткенин ар бир жоокер билет. Жоокерлер да ат чылбырын баса жатты. Ар бири таш жазданды. Күн-түн жол басып келген ач аттар, азыр көк кайсап отто. Күн-түн ээрде келген ач жоокерлер чырым уйкуда...

Жылдыз суюлуп, көк мөлдүр асман агарыңкы тартты. Аалам кеңий түшкөнсүп келатты. Жерге жабыша калып от оттогон аттардын жылуу деми теребелди буулантты, жылытты... Таңдын сыдырымы катуу уйкудагы жоокерлердин үстүндө көзгө көрүнбөс жумшак үлбүрөк жел шейшебин желпиди. Уйкудагы берендерди эркелетти, аяды...

Бүгүнбү, эртеңби? Эки кол беттешет. Бирине-бири көк темир жанчат. Биринин башын бири чабат... Ушул уйкудагы жаш эрендердин канчасы таш жазданат? О, ал жаздануу тыныгуу эмес, түбөлүккө жаздануу. Ысык илеп муздап, түбөлүккө кайрадан суук топуракка кошулуу... О, ал кайгылуу кыргындын ач сөлөкөтү азыр таш жазданган чырым уйкудагы жоокерлердин үстүндө көрүнбөй көкөлөдү. Теребел өлүм кабарын айтып тунжурады...

...Жер-суу көбөрүп, магдырап, төбөдө торгойлор безилдөөдө. Калың кол кошуунунан жүлүндөй созулган түтүн чыкпай, жоокерлер тамактанып бүттү. Азыр көк чатыр жыйылат. Эми аттанабыз дешип, он башы, жүз башылар ашыктыра баштаган. Бирок боз дөбөдө көк чатыр жыйылбады. Басмайылды бек тартышкан он башы, жүз башылардын тынчы кетти...

Чатырдын жыйылбаган себеби жана тээ кыйыр жактагы жолдон жоон топ аттуу чыккан. Алар эми ушул жакка, боз дөбөдөгү көк чатырга келатышат. Ана, минген аттары, кийген кийимдери даана көрүндү.

Он чактысы эрөөлдө жер кезип жүрүшкөн өз жоокерлери, дагы жетөө бөтөн журттун кишилери экендиги таанылды. Ана, алар жетер-жетпей бардыгы аттан түшүштү. Жат кишилер колго түшкөн жоокерлердей маңызы жапыс эмес, тике карашат. Чыйрак, бекем басышат. Элтерестин эрөөлдөн кайткан жоокерлери алардын жан-жанында. Не алар тигил кишилерди зекибейт... Аттан түшөр замат Багыр көк чатырга карай тике басты. Жолдоштору андан калышпады. Жайына койсо, ошол баскандан Багыр шыдыр басып, чатырга кирет беле? Багырларды бул жерге баштап келген кара сакал он башы ылдам басып алдыга өттү да, Багырдын жолун тороп токтотту:

– Токтоң!

Баятан баарын байкап, Элтерес чатыр алдында, сыртта олтурган. Ал азыр олутунан козголбоду. Тек он башыдан сөз күттү.

Багыр токтой калды. Он башы беш-он кадам алдыга өтө келип, эки колун бооруна алып бүгүлдү:

– Кыргыз канынан элчи келди, шер!

Элтерес козголгон жок. Ал эч сөз укпаган кишиче бет алдына тике карады. «Кыргыз канынан элчи... Ол, маңа элчи жиберип, айдың көрсөтүр? Эйя, кылычың сынгыр»...

Он башы бүгүлө түштү:

– Алдыңызга элчи келди, шер!

– Хэ! – Элтерес кубангансыды. – Элчи келдиби?!

Багыр шыдыр басты:

– Элчибиз, Элтерес баатыр. Куш тилиндей кат алып келди! Арбаңыз!

– Жок болуң?! – деди Элтерес.

Багыр укмаксан калып адеп билгизди. Ийилип койду да, Элтереске жакындады:

– Айкөлдөн келген элчибиз!

Элтерес чорт айтты:

– Мен айкөлдү билбеймин. Элчи күткөн жокмун ондон?!

– Билбесиң да, күтпөсүң да чын, – деди Багыр сабырдуу.

– Баба аманат калтырган жоокердик салтты бузбаймын, – деди кол башчым. Дабанды кар капшап, калың кол уйкуда жатканда Элтерес кол салды. Мен ону иштебеймин деди. Капылыстан кол салуу баатырдык эмес, уурулук. Кат жибердим! Чабышар жерим – Бөкөндүнүн жазыгы! – деди. Калыс журттун жети кишиси келдик. Менин атым – Багыр, элим аз. Атам кыргыздын көк асабасы – урааным!

– Хэ...– Элтерес ачуу бүркту. – Менин жоомдун ураанчысы экенсиң. Кубанбаң, аңа. Башың сайда калды?

– Эрк колуңда, Элтерес баатыр. Менин башымды кесүүдөн мурда, айкөлдүн катын алың!

Багыр көк жибекке оролгон катты Элтереске сунду...

«Элтерес шер, сен да, саа ушул катты жиберген мен да ак кийиз астында чоңойгон киндиктеш журттун кулуну эдик. Экөөбүз ураандашып, четтен келген чоң жоого бир аттансак, калың будун муңайбайт эди. Мал өрүштө төлдөп, жоокер аты тыныч оттоп, улан буурусун кармап, жаш жерге тарыу сэп жүрөр эдик...

Ынтымакты мен эмес, сен ыдыраттың. Тыныч элимди чаптың. Ызалуумун. Кек алууга аттандым.

Чабышар жерим – Бөкөндүнүн жазыгы. Жок. Айбыңды моюндасаң, кечебиз! Чабышсаң аттан. Армандуу калышпайлык».

Ирени суз Элтерестин көздөрү кызарды. Жанында олтурушкан кол башчылар оюн айткыча кесип салды:

– Тизе бүгүп көргөн эмес, Элтерес! Оң каруу Алтын-Тоо, Кангай; сол каруу – Улуу-Тоо, Түбүттө менден бийик чоку болсо көкөлөп көрсүн!

Элтерес ордунан тура берип, кылычын төбөсүнө көтөрдү:

– Мына, айкөлүнө айткан жообум?! Элчилерин суу боюнда мууздаң, миң башы! Олору менен жортуулумдун курманы болсун!

Багырдын жоон үнү калтырап чыкты:

– Баба салтын унутпа, Элтерес шер! Элчиге өлүм жок! Мен жети кишимин. Жетөөбүз жети элдин кишисибиз...

– Эйя, жети элден келсең, кимдин ураанын чакырып турасың?!

– Адилдиктин! Көк асаба – бабамдын ураны! Аздын арамы Керген саа таянып, көк асабага кыянат кылды. Киндиктеш көп эл бизге кыйгач карап, журтума көлөкө түштү. Мен ошо элимдин ак жүзүн жапкан көлөкөнү кетирейин деп келдим алдыңа! Элчимин!

Элтерес жумшарбады. Ал ого бетер көгөрдү. Катуулады:

– Элчисиң, танбаймын! Жакшылыктын элчисине жакшылыгым чоң. Жамандыктын элчисине жамандыгым чоң! Мен көтөргөн айчык асабанын өз анты бар. Суук кабар алып келген киши ким болсо а болсун, ол чабыш жолуна курман! Аздын сары итине ишенип, арым түшкөн. Эми кара итине ишенип өзүм өлбөйүн?!

Жетөөнү жети жерге чаап салыңдар! Аттандык!

***Суроолор:***

*1. Тарыхый роман менен тарыхтын кандай жакындыгы жана айырмачылыгы бар?*

*2. Бул чыгармада кайсыл кылымдагы окуялар сүрөттөлүптүр?*

*3. Эр-Киши баш болгон кыргыздар Элтереске эмне үчүн кол салышмакчы болду?*

*4. Элтереске элчи жиберүүнүн максаты эмне?*

*5. Элтерес элчилерди кандай тосуп алды?*

*6. Кандуу согуштун башталышына эки тараптын кимиси көбүрөөк күнөөлүү?*

*7. Кандуу кармашка жазуучунун оюу кандай?*

***Сөздүк:***

*Көк асаба – кўк байроқ*
*Будун – халқ, аҳоли*
*Кол башчы – қўшин бошлиғи*
*Журт – ўтов*
*Ажо – шоҳ, подшо*
*Алаамат – офат, фалокат*

*Эрен – қаҳрамон, ботир*
*Кийик – тоғ такаси*
*Жоокер – жангчи, сипоҳ*
*Уруу – қабила*
*Түмөн – ўн минг кишилик отряд*
*Дабан – довон*
*Шер – арслон*
*Бөкөн – оқ қуйруқ*
*Кулан – ёввойи эшак*

## БӨКӨНДҮ ЖАЗЫГЫНДА

«Тарыхты билбегендигибиз, биз эмне үчүн жашап жүргөндүгүбүздү, эмне көздөп умтулганыбызды да билбей, тукумдабастан, жаратылыштын, турмуштун мыйзамы менен өлбөстөн, кокустан жаралып, кимдиндир оолугуусу сындырган сөлөкөт-куурчак болуп каларыбызды моюнга алуубуз тийиш».

*В. О. Ключевский*

Жер улулу табышка он.
Кол башынын айтканы.

Көз алдыда адыр-күдүр тартып уч-кыйырсыз мелтиреген Бөкөндүнүн жазыгы! Эчен албан чоң окуя, кандуу чабыш өткөн жазык! Бул жазык жөнүндө айтылган укмуш уламыш, эчен чын болгон иш менен айкалышат.

Бөкөн, бөкөн, бөкөндү,
Бөртө жортуп өтөмбү?
Бөксө жолу бүтпөгөн,
Адыр жолун ачпаган,
Алтымыш түмөн кол беттеп,
Алда нече чабышкан.
Ат селейип, эр сулап,
Суу ордуна кан аккан,
Таш ордуна баш жаткан.

Айтылуу Бөкөндү жазыгы, мына, ар бир жоокердин алдында. Бул жазыкты чыгышка карай артып түз кеткенде, шыдыр жүргөн салт аттуу жолоочу он беш күндө, кош ат минген жоокер он күндө табгач кыйырын басат. Ал жакта ат кече алгыс дарыялар да бар. Эки арада топурак учуп, боз түшкөн Капа-Чөлү да бар. Андан ары боз чоподон курулган узун сепилдин уч-кыйыры жок. Бир чети Улуу-Тоого уланса, бир жак чети - жер чети чоң деңизге кеткен бул сепилдер ар заманда бекемделип, бийиктеп уланып турган дешет.

Азыр эки тарап болушуп, бирине-бири кылыч көтөрүп, чабышка беттешкен көп колдун байыркы бабалары куюндай удургуп, куштай учуп, кайдан келип, кайда кеткенин табышмак кылып, улуу жортуул баштап, ошол табгачты чаап турганда... табгачтын түйшүкчүл калың журту – үч жүз миң кишиси күнтүнү түйшүктөнүп, ушул улуу Сепилдин узунун курган дешет.

Ал заман – өзүнчө жомок, түгөнгүс баян. Дал ошол үч жүз миң кишиси көп ай түйшүктөнүп, узун Сепилин кургандан кийин арадан туура он беш жыл өтүп... Ууз алп табгачка чабуулун баштады.

Уул ээрде карыды. Ат жолдо арыды. Жортуул бүтпөдү.

Табгачтын айласы артты. Берки Орто жайыкта колу чабылып, суюлуп баратканда, Сепилине жашынды. Көк капкалуу бийик Сепил томсоруп бекем, өлүк сүрдүү. Чуу салган атчандар ашалбай бөгөлөт. Сепил кыры бийик. Жоокер көрүнбөйт. Жебе куйрук улаш учат. Бөөдө өлүм таппайлы дегендер тизгин жыйып, Сепилден алыстады...

Табгачтын Сепилге бөккөнү да, көчмөндүктөрдүн Сепилден окчундашы да өзүнчө баян.

Ууз алптын жоо бөрүсү алп жүрөк Коён баатыры он жылдык жортуулда бир жолу кылчайып качып көрбөдү. Жеңилиш эмне экенин билбеди. Табгачтын кылыч сууруган баатырын жекеде алды. Жер жайнаган калың колун жазыкта кырды. Жумшактан – жибегин, кымбаттан – алтынын, аруу кызын олжолоду Коён алп.

Ошентип Коён баатыр он жыл бою табгач жерин куюндай сапырды. Табгачка ажал септи, муң төктү. Коён өзү жеңилбеди. Бир жолу Коён баатырдын түмөнүнө табгачтын үч түмөнү каршы беттешти. Ушул Бөкөндүнүн күн чыккан жагы – Орто жазыкта чабыш башталды. Үч күн, үч түн тынбай чабыш жүрдү.

Табгач колу көптүккө салып, Коён баатырдын түмөнүн ийирди. Курчады. Зор жылан алсыз коёнду үч курчап, ороп алгандай Коёндун түмөнүн үч курчап, табгач кысып кирди. О, асыл Коён алптын ажалы төбөсүндө чырылдады. Эми түмөнү тыйпыл кыргын табат дегиче... Ортодон куюн көтөрүлгөндөй, жер тешигинен ышкырып бороон чыккандай кандайдыр сырдуу күч табгач колун кайра жапырды. Кайра качырды. Шыкап-камап келген үч түмөн кайра чачылды. Сансыз таан ителгиден үрккөндөй үч түмөн кол чачырай түшкөндө, жазык бетинде аттуу-жөөлүү кумурскадай жайнады. Жазык карарып жыбырады...

Сур жебелер куйрук улаш ышкырды. Жебеден Коён алптын атчан колу тез. Жебе жетпегенине жоокер жетет. Кылыч чабар чабарман, жанчар саяр саярман, айбалта согор согорман табгачты жүдөттү...

Коён баатырдын түмөнү кайрадан үстөм, кайрадан табгач түмөндөрү сүрүлдү. Кырылды. Коён кошуунунан да ажалдуусу шумкар болуп учуп жатты...

Төртүнчү күнү таңдан Ууз алптан үч түмөн кол Коён баатырга көмөккө келди. Аттары болдура элек ал үч түмөн чоң алкак болуп, табгач түмөндөрүн сыртынан кысты.

Качкандын жолу бөгөлдү. Качпаганы турган жеринде ажал тапты. Табгачтын үч түмөнүнөн жалгыз киши тирүү кетпеди, отуз миң табгач жоокери кыйрады – өлүктөрү жазыкта калды. Бирок ал жолу жазыкта калган киши өлүгү отуз миңден аруу болду. Коён колунан да кырылганы аз эмес эле.

Коён баатырдын колу жоо колунун аттарын олжолоп жөнөп кетишкендин эртеси табгачтан дагы беш түмөн кол чабыш жүргөн жазыкка келди.

Бул кезде Орто жазыктын кең аймагы ат менен кишинин өлүгүнө толуп коңурсуп жаткан. Жортуулга кеткен отуз миң кол дайынсыз калганда алардын артынан элүү миң колду баштап Вей Ху келди. Ал - ат араң көтөргөн алп. Өзү кишинин сүрдүүсү. Калың кара кашы кичине канаттай болуп түрүлүп оттуу, өткүр көздөрү балбылдап жанган алп кол башчы тике караганында көзүнүн курчу кишинин шилисине өткөн сүрдүү да, кобулдай кыр мурундуу, сыйда кара сакалдуу сындуу да. Чабышта жалтанбай кылычты тике сунган алп, жоо ыгын тез баамдаган айлакер эр Вей Ху жана алды жакта, жазыктын ой-түзүндө карарып, бозоруп калың жаткан караан-параандарды көргөндө... кол бейкапар уктап жатканбы деп, өзүнөн мурунку кетишкен кол башчыларына кыжырланган.

– Күн күлүп турганда көрүнөө жазыкка да кол жуушайбы?! Эмне, булар кырылгандай сулашат... – деген.

Эми Вей Хунун элүү миң колу ашыга жүрүп, жазыкка келишти. Жана алыстан тынышып, уктап жаткандай болуп көрүнгөн кол кыргын таап, түбөлүк уйкуга батып, жуушап калганын көргөндө алп Вей Ху селее түштү.

Кол башчылар да, жоокерлер да калың өлүктү көргөндө коркуп кетишти:

– Хе, бу жөн кыргын эмес, бизди Асман жазалаган...

– Кылыч кармап, чабышка чыкканы мындай кыргынды көрбөдүм.

– Бу күнөө...

– Алтынга көз тойбогондо... кол кырылат деген. Чуңкурча жерлерде киши өлүгү корумдалып калган,

Кантсе да ал жерде жоонун бир баатыры курчалып, көптү өлтүрүп, анан өзү өлгөндөй. Көп табгач жоокерлеринин өлүгүнүн ортосунда чопкут тон кийген зор өлүк жатат. Ал асманды карап чалкасынан жыгылыптыр. Башындагы


2014
142/13

туулга кабышпайт. Табгач жоокерин жаздана жатып уктап калгандай. Ирени кара көк тартып... кулак, мурдуна көк чымын конбосо, тек уктап жаткан сыяктуу...

Вей Ху дал ошол белгисиз баатырды көргөндө, өткөн жылы Уз алп менен беттешкенин көз алдына келтирди. «Куюндай учкан бу журттун кутурган бөрүсү Модэ эмеспи, тиги?»

Жок. Ал кутурган Модэ эмес, анын бир алп кол башчысынын тайманбас эр жоокери!

Вей Хунун жүрөгү шуу дей түштү. Элүү миң кол баштаган алп кол башчы өлүк баатырдын өлүгүнөн коркподу. Көз алдына тартылган элестен чочуду. Отуз миң колдон бир жан аман кетпей кыргын тапкан чабыштын чуусу, айдыны, чаңы, сүрү көз алдына тартылды. «Ха, ажыдаардын каргышы жетти, бизге... Душмандын жылдызы жарык, биздики караңгы. Быйыл чабышта бизге кыргын, жеңиш жок»...

Вей Хунун көз алдынан кандайдыр бир зор-зор ак боз атка минген зор кишилер чаап өткөндөй болду...

Вей Ху эми чындап коркту. Кыжырланып, ашыгып жардык айтты:

– Чабыш бүттү... Кол кайра тартсын!!!

Сары жазыкты каптай додолонгон, сулаган өлүктөрдү көргөндө коркуп турган элүү миң колдон бир киши «кың» деген үн чыгарбады. Баатырлардын жылдызы түштү. Жөө жоокерлердин үрөйлөрү учту.

Калың кол кайра самсыды.

Чабыш ада болгон жок. Бирде дабырлап мөндүр сабап, бирде шыбыргактап кардан жамгыр жааган сыяктуу, жортуул, чабыш бирде күч алып, кыргын көп болуп, кайрадан басаңдап... кыргын сээлдей түшүп... Каңгайдын Кара-Тоосу, Алтын-Тоо, Орто Жайык араларында алп Уз менен табгач падышасынын колу беттешин токтотподу.

Жылдан жылдарга чабыш да, кыргын да улана берди. Арадан көп жылдар өткөндө чоң жортуулга чыкты Уз алп, кырк түмөндү баштады. Көп жылдык жортуулда, чабышта дасыккан тайманбас алп-баатылар – түмөн башы, миң башы, жүз башы.

Бул жолу да табгач колу ачыкта, жазыкта Уз алпка такаат бере албады. Алар ат соорусун салып, амалданып чабышты. Уз колун бирде кызыктырып, аларды олжого марытып... бирде алардын кыжырын кайнатты. Капылыстан аттуу, жөөлүү сансыз аскери каптап, Уздун шаштысын кетирди табгач. Колун кыргынга учуратты. Мизин жапырды. Өздөрү жеңилген, чабылган болуп... самсып калып Сепилин көздөй чегине берди...

Ууз алптын ызалуу кол башчылары жаралуу арстандай күркүрөштү. Табгач падышасынын сан колун сүрүп, камап, кырып, өздөрү да кырылып, жоону сүргүндөй беришти.

Жыл учуру күзгө таяп калган. Асманды кара булут каптады. Бир нече күндөн не жамгыр жаабай, не бороон көтөрүлбөй, не күн көзү көрүнбөй асман-жер ортосу түнөргөндөн түнөрдү.

Баятан туш тарапта кулак-мээни жеп аңкуштап жаткан суур калың ийин-ийиндерине житип кеткендей, көп күндөн бери жол бөгөп, чуу салып чабышып жүргөн табгач колу дайынсыз житти. Алар, не бүркөө асмандан коркуп кеттиби? Не көп күнкү чабыш кансыраттыбы? Белгисиз. Көккө житкен түтүндөй кайда житкендиги дайынсыз. Ууз кан колу улуу Сепилге такалганын билишти.

Кол башчылар бул жолу катуу оолугушту:

– Киши курган боз чопону киши ашыр!

– Биз табгачтын тамынан кайра кете берип, буларды кутурттук.

– Капкасын кыйратабыз!

– Сепилин уратабыз!

– Бу жолу кара жоону тыйпыл кылып тынабыз. Олжого тунабыз!

Түмөндөр Сепилди камалады.

Коён баатыр беш түмөндү баштап Сепилге кирди. Бирок...

Бул жолу Коён алптын беш түмөнүнөн бир киши сепилден чыкпады.

Сыйкыр арбап, жел учуруп кеткендей элүү миң колдун дареги чыкпай кыргын тапты. Сепилди камалаган сырткы түмөндөр да алдан тайып, катарын суюлтту. Баарынан коркунучтуу – Ууз алп колу табгачты жеңип, багынтып жаткансыды. Бирок өздөрү кырылып, суюлуп, багынып жаткандарын алар байкабады...

Кийин кыргындан калган кол Орто Жайыкты, Кудандынын талаасын, ушул Бөкөндү жазыгып артып, самсып, арып-азып ыйлап келатышты.

О, оош-кыйыш дүнүйө! Татаалсың, жыргалдуусуң, өкүнүчтүүсүң, кайгылуусуң?!

Баса, сенин сырың эмнеде?..

Байыркы бир заманда ушул көчмөн журттун бир кеменгер бабасы тукумга акыл берет:

– Куш уяда өсүр. Кийик черде өсүр. Киши үйдө өсүр. Биз тиккен боз үй - сыйдын үйү. Буурул жер жашарып, көк тармалданып, торгой сайрап турганда көк конуш көркү ол! Жашыл төрдө, жашыл түздө, өзөндө боз үй агарса, асман күлөр. Ууз кымыз жутуп, алп керегеге бутун артыр.

Ая-я! Ол жыргал жазда бар, кышта жок, журтум. Ошо жаздагыдай бел чечип, бут арткыдай жылуу уя – калаа!

Биздин тукум, калаа куруң! – дейт ол баба.

Баба кебин эшиткендер боз чалма умачтап, үй курганды үйрөндү. Бийик сепил курду, жанына чарбак өстүрдү. Талаа-түздөгү тукум калаага жакындады...

О, кырсык! Кырсык күтпөгөн жерде алаамат салыр.

Ошол заманда кол баштаган алп бир күнү уктап жатса, түшүндө асмандан үн угулду:

«Уяда алаамат болур. Тез аттаның! Ачыкка кетиң», – деди үн.

Алп тез кийинди. Атына минди...

Ошол замат жер улуду, катуу-катуу силкинди. Калаа үйлөрү чандады, кайра боз топурак болду. Таш сепил күкүмдөлдү, кумга айланды...

Ыйлаган бала үнү чыкпады. Онтогон ана үнү угулбады. Баатырдын аты чаңдан үркту. Өзү озоңдоп тоого кетти.

Баатыр тоого келди. Тоого келсе, жылкычы тиккен боз үй аман. Кишилер таттуу уйкуда. Баатыр кымыз жутту, муңун басты. Бир аз үнсүз олтуруп, аттанып кетти.

Баатыр уйчунун боз үйүнө келди. Уйчунун уулу жыгач аяктан жуурат ичип олтур. Сыр айтпады. Аттанып кетти.

Баатыр койчунун үйүнө келди. Койчунун кызы чөйчөктөн койдун сүтүн ичип олтур. Баатыр кой сүтүнөн ичип, ич күйдүсүн басты. Бир азга муңайып, унчукпай олтурду. Сыр айтпады. Аттанып кетти.

Баатыр жолдо жалгыз келатты. Самсыган жат адамдар кездешти. Баатыр олорго учурашты. Олор баатырга жалбаргандай болушту. Баатыр олордун тилин туюнбады. Баатыр кеп айтты. Олор туюнбады.

Баатыр ак мокоп, не кыларын билбей нес болуп турду. Чоочун кишилер баатырга жалдырай карашты. Баары арык, алсыз болушчу.

Баатыр олордун мусаапыр экенин билди. Бирок олор менен тил катып сүйлөшө албаганына кейиди. Ошол кезде баатыр минген аттын көкүлүнө бир укмуштай кооз чымчык учуп келип коно калды. Чымчык эң чоң десе, беш жашар кыздын бармагынын башындай. Кооз чымчык силкинди, талпынды. Кадимки кишиче сүйлөдү. Чымчык тилин баатыр да туюнду, тигилер да туюнду.

Чымчык баатыр жайын чоочун кишилерге баян этти. Олор жер өптү, көккө алакан жайды. Кубанды десе, кубангандай эмес, ыйлашты десе, ыйдай эмес, бежилдеп көп сөз айтышты.

Анан ошол азгын кишилердин жайын чымчык баатырга мындайча баян этти:

«Айе, баатыр. Сен бир калаадан жалгыз калдым деп кейибең. Көз алдында турган ач, арыктар күн жүргөн жактан тербип келатышат. Булар – колдорунан көөр төгүлгөн уста, купуя сыр ачкан акылман, бичик жазган билги кишилер. Булардын бабалары эң укмуш калаа тургузган. Көчөлөрү күзгүдөй, үйлөрү ак зоодой. Чарбактарында дүйүм жер-жемиш бышкан. Укумдан тукумга жыргап турушкан...

Кырсык айттырбады, ажал күттүрбөдү, баатырым.

Бул журттун ошол сонун калаасы тиги ысык жактын чоң деңизине жакын жайнап, гүлдөп өнүгүп-өсүп турганда... Ошол ысык жактын чоң деңизи толкуй баштады. Ар дайым ошол жактан катуу бороон күүлдөп, калаа жакка толкуп айдады. Чоң толкун ылай жууруду. Ылай менен ысык суу толкуду. Булардын калаасын каптай баштады. Баарынан жаманы, ылай толкун бир болуп токтоп калбады. Жылдан жылга созулду. Жылдан жылга күчөдү. Ылай толкун ал укмуш кооз калааны каптай берди. Ошондо калаанын кеп эли ылай толкунду тосор бийик тосмо-сепил курушту. Сепилдин бийиктиги жебе жеткис, калыңдыгы көк темир тешкис бекем болду.

О, ылай толкун ол сепилден аша албай калды дейсиңби? Бороон жылдан жылга созулду. Толкун жылдан жылга күч алды... Уа, күүлдөп-шаалдаган ылай толкун акыры укмуш калааны басып калды. Ол укмуш калаа азыр жер астында катылуу. Калаа журтунун көбү өз уясы менен кошо жер астында калды. Азы тентип-тербип кетти. Бир азы – азыр жаныңда жалбарып турган ушул азгындар, баатыр.

Кооз чымчык чыйпылдап койду. Анан кичиче айтты:

– Баатыр жалгыз калдым дебен! Ушу келген карыптарды бооруңа жылытың. Кызын жар күт, уулун ини тут. Карысын ата дең. Те, ано талаа-түздө мал асырап, эгин эгип, аман калган элиңе кошуп, тукум улаң, баатыр!

Кооз чымчык ушуну айтып силкинди. Койкондоп талпынды. Зып учуп кетти.

Баатыр азган-тозгон кишилерди баштап алып, боз үйдө жадырап олтурган тууғандарга келди...

Ошондон кийин биздин журт өз үйүн бекемдеди. Коздоду...

О, киши өнөрүнө чеңем жок да.

«Силердин тукумдуң сонун шаары жер астында» – деген Көк теңири бизге.

Ошон үчүн, биздин тукум тирүүсүндө жер үстүнө таш үй курбады. Ал шумкар болуп, аркы дүнүйөгө учканда... калган тууғандар ага арнап жер астына

сонун үй салып. Ол үйгө шумкардын сөөгүн, күлүк атын, курч кылычын, алтын, күмүш идишин, жоо кийимин, ичер ашын, керектүү дүйнөсүн түгөл батырар. Ол үй – чайырдуу жаш карагай, эч чирибес жыттуу арча. Ол үйдү таш күмбөз күзөтүр. Ол суукта жарылбас, ысыкта үбүлбөс, жер силкинсе, бүлүнбөс, ылай толкуну чайыса, басылбас таш күмбөздө ар бабанын элеси бар!

Кан төгүлгөн чоң чабыштан соң буурул жер бетинде, ошондой таш күмбөздөр өнөр... Олор бүгүн биздин курбу – эртең, урпакка баба!

Ушул ыйык ишенимге бекем берилген кишилер, чабыш жүрүп турган жортуул кезинде да, өздөрү багынткан калаага көпкө турушчу эмес. «Калаа биздин тукумга жакпады. Биз эркин кушпуз!» – деген баатырлар өздөрү багынткан калааны таштап чыгып кетишчү. Ырас, калаа калкы тизе бүгүп, тартуусун тартып, тез багынса, ал калаа аман калчу. Жок. Калаа калкы багынбай, чоң, кичиги жоокер болушса, таш сепилдерге бекинип колду көп чыгымга учуратса, анда, ал калаа багындым дебестен эле өзүн-өзү тыйпыл кылсын. Антпесе, аны Ууз кан колу тыйпыл этчү...

Беш түмөн колу менен Коён баатырдын Сепилден чыкпай калганын Ууз кан эли, калаанын ошол өздөрүнө жакпас караңгы сырынан көрүштү. Акылман-билгилер осуят калтырды:

– Табгач курган таш сепилде кара жиндин жаны катылган! Сепилден сынчусун кыйрат. Күйчүсүн өрттөң. Өзүң аа жакын калба! Калаада өскөн жоо колун талаага алда. Сепилсиз ой-тоодо өну колдор кара жини алсыз. Калаадан чыккан кара жоо карга, таандай калың келсе, келсин, олор бети ачык ой-тоого алсыз. Кылычыңды тике чап, жанчарыңды карап бекем суктур. Менин жоокерим!

Талаа-түздө саа айбат көрсөтөр чамасы чак, ал кара жоонун!

Дал ушул осуятты эсине бекем туткан Коён баатыр да баягыда өзүнүн бир түмөнү менен табгачтын үч түмөнүн чапкан. Дал ушул осуятты ал эсине тутпай, сепилге кирип барып... беш түмөн колду кара жиндин коруна салып берди. Коён баатыр өзү да өлдү. Анын ыйык жаны кара жиндин отуна күйдү. Анын асыл сөөгү тепсөөрүндө белгисиз жоголду...

Алп Коёндун албан-албан эрдиги эл ичинде үлгү калтырды. Анын сепилге кирип дайынсыз болушу да, соңкуларга эстен кеткис санат болду...

Улам соңку кол башчы калааны камаса, аны аёосуз камады. Чапса, катуу чапты, өрттөдү, кыйратты, элин кырды. Жоокер эмес журт бөөдө кырылбасын деген кол башчысы өз колун баштап, жазыкка чыгып келчү болду. Жазык буурул Жерде азбы?

Куланды жазыгы, Кулунду жазыгы, Сал-Талаа жазыгы, Коёндуу жазыгы, Чоң жазык, Орто жазык... Коюңуз, ушул айтылуу улуу жазыктар соңку кылымдарда канча жолу чоң чабыттарга күбө. Улуу жазык беттери ат туягына ийленди, киши канына сугарылды. Жан-жаныбардын куу сөөгү ой-чуңкуруна толду.

Бул жазыктарда кан түтөдү, жин жыттанды...

Анан калың тукум алда нече суюлуп, чоң-кичик муң жутту...

О! Ала канат бүркүттү таң күнү шаңшыткан алп заман! Анын талыбас мүнүшкөрү – алп баба!

Сенин ыйык салтыңа таң каламын да... азыр, тигил, Бөкөндү жазыгында беттешкени келишкен тукумуңа карап турам. Баса... Бул чоң чабыш, катуу кыргын «Улуу сөз» сабагында өзүнчө дастан...

***Суроолор:***

1. *Кандуу кармаштардын себеби эмне?*
2. *Адам баласы согушсуз тынч жашай албайбы?*
3. *Табгач деген кайсы эл?*
4. *Көчмөндөрдүн калаага жашабай калышы жөнүндө чыгармада кандай окуя айтылат?*
5. *Коён алптын, Ууз алптын тагдырларына ой жүгүртүп көргүлө.*

## ЖЕКЕДЕ

Коркуп жүрүп бирөөдөн
Мен короого малды жыйбадым,
Жалынып жүрүп бирөөгө
Мен жайытка малды жайбадым.
Арбытып айыл жыяйын.
Аманат жанга бир өлүм,
Намыс үчүн кыяйын...

*Манас*

Жоо миң болсо да жалтанбастан тоодон кулаган таштай жымырылып жалгыз качырып... не түн, не күн болсун аңгекти, аңды карабай жоого аралап быт-чытын чыгарып салышат. Же өзү өлөт, же жоону качырат. Мындай баатырларды – «Киши пишери» деп атаган. Мындай баатырлар кыргызда боло келген. Биринчи баатыр ушул.

*(Б. Солтоной уулу жыйган материалдан)*

Кол Бөкөнду жазыгынын күн батыш жагына ыктай келишти да бетме-бет токтоду. Орто ара көк жыттанган кең талаа ортосу ойдуң тартып, эки жакка бирдей мелтирейт. Бадал, дүмүр жок. Анда-санда гана ак таштар көрүнөт. Майда-майда дөбөчөлөр бар. Алардын не дөбө экени, не оту суюк жер экени анча таанылбайт. Жазыктын баш аягы кунан чабым. Кол токтогон эки аралык – кыйкырса, үн жеткидей.

Эки тараптын тең колу тегиз атчан. Аттар тынч, жоокерлер тынч. Тек селейип... бирине-бири теке маңдай турушат. Обочодон тиктешип, обочодон кекенишет. Бирине-бири ыкыс беришчүдөй тиштенип кектүү, өчтүү... Чабышар жоосун алыстан тиктеп, кекенип, ага кыжырын кайнатуу – өз кайратын курчутуп чыйралып, өлүмдөн коркпос болуу. Коркпостук жоокерди жоосу менен тайманбай чабышууга алпарат. Жоокерге чабышта айлакер, эптүү, шамдагай болуу аз. Ал – чабыш алдында жан-дили, бүт ишеними менен жоосун жек көрүү, өзүнүн кылыч суурушун ак, адыл деп эсептөө, жоону таалайга кылыч сунуп келген кара ниет, кырсык деп таанып. Эмесе, ак иш үчүн кылыч сууруган жоокер кара күчтү жеңмейинче чарчоону сезбөөгө тийиш. Өлүмдөн коркуп, ат тизгинин буруп, кайра качпаска тийиш. Кайра качыш мындай турсун, алп менен беттешсе да, баатыр менен беттешсе да, ага тике карап жанчар сундуруу, кылыч шилтөө – жоокердин иши.

Табына жеткен жоокер эч чарчабайт, коркпойт, качпайт. Ал колун көтөрө албай калгыча чабышат. Жоо колунан башы чабылып баратканда актык үчүн курман болдум дейт да, өз өлүмүнө ыраазы болуп жыгылат.

Жебе артынан сайылса, жанчар аркадан жанчылса, ал жоокер качып жүрүп, өз көлөкөсүнөн ажал тапкан коркок катары каргышка калат. Сөөгү көмүлбөйт. Тек кыйбас кишиси аны жерге эптеп жашырбаса, башка журт аны жектейт. Сөөк көмүлбөй калуу – чоң кордук, намыска тиер уят жосун, мында бүт урук-тууганды шагы сынат, жылдызы түшөт.

– Сөөгүнөр көмүлбөгөн кемсинер?! – деп кордошот аларды башкалар.

Азман або, Чекир бий, Эр-Киши Багырды элчиликке жибергенде, бир чети жоокердиктин ыйык салтын сакташса, бир чети өз жоокерлеринин ар-намысын көтөрүш үчүн иштешти.

Элтерес алдына келген элчинин айтканын кабыл алып, кылыч суурубай тизе бүкпөсү Азмандарга белгилүү болучу. Тек кыйырын бассак, Үч-Суу журтун камыштпай чапкан болобуз. Бизге токонаалат кеп калат. Андан көрө элчи жиберелик. Биздин иштин актыгы жоокерлерге айкын болур. Олор актык үчүн жан аяшпай чабышат деп чечишкен.

Кол башчылар бул акылды өтө билгилик менен баамдашыптыр. Каардуу Элтерес алдына барган элчини муудатып салышы менен, ал өзүнүн чын эле кепке келбөө кара күч экенин билгизди. Тек элчиликке кеткен жазыксыз Багырдын, анын жолдошторунун кайтпай калышы, азыр кол башчылары тургай жоокерлердин кыжырын кайнатты.

– Элчиге өлүм бар беди?

– Элчини өлтүрүү – элди чабуу...

– Чабышат экенбиз. Кырылышат экенбиз... Жоокерлердин сүйлөшкөнү ушул. Азыр, те каршыдагы Элтерес колу менен тиктешкен кыргыз жоокерлеринин ар биринин көңүлүндөгү сөз:

«Элибизди чаптың. Элчибизди өлтүрдүн. Чабышабыз. Кырылышабыз сен менен!»

Колу ушундай кектүү.

Элтерес баатырдын да кеги бар. Ал өзүнчө кекенгенде анын кектешер, өчтөшөр акысы бар. «Мен кыжылдаган табгачка аттансам, артымдан маа жанчар саяр жоомсуң сен, Адылтай. Сен менден бийик чоку болгуң келир. Сен баарыдан артык болгун келир. О, жок! Үч-Суунун элинде кут бар. Ол көп, күчтүү. Онун кол башчысы шер. Ол силерди жем кылыр өзүнө».

Ушинткен Элтерес кол башчыларын да, жоокерлерин да: «Биз башкадан артыкпыз. Күчтүүбүз. Күчтүүгө жоо багынып. Киндиктеш журт биздин ыгыбызда болур. Болбосо, аларды күч менен болтурабыз. Тизелүүсү тизе бүгөр. Баштуусу баш иер. Антпесе, кырабыз!»

Элтерес шер элчини көзгө илбей, жоокерлеринин көз алдында Багырды жолдоштору менен муудатып салган жөнү да ошол болучу.

«Муну көргөн менин жоокерлериме күч бүтсүн, элчиси муудалганын уккан да жоомдон ал тайсын», – деп иштеген ал. Бирок иш Элтерес болжогондой болуп чыкпады. Үч түмөн кол алып, сонунан жете келген Салим катуу өкүнүп калды:

– Элтерес шер. Элчиге өлүм бар беди. Элчиси өлгөндө эл, элчиликке келчү беди?! Жети киши кесилди. Сөзү жерде калды. Тыякта көп түмөн кол кекенип жатпайбы? Ой, бу курчтук, эрдик эмес, осолдук. Кол башчы осолдук иштесе, өзүнө да, колуна да зыян...

Салимдин наразылыгы Элтереске жакпады. Ал чоң буурулду туйлатып, каарданып салды:

– Мен өз кылычымды курчуттум. Жоо кылычы маа десе ташка тийсин. Салим баатыр, сен колду мокотпо. Колду мокотконуң менин кылычымды мокотконуң?!

Ушул тартыштан кийин Элтерес менен Салим ортосуна жик түштү. Бирок бул эки баатырды ажыратып салчу жик эмес, кайра бекемдей турган жик. Экөө тең өз-өз баамында чабышта жеңиштин пайдасын көздөп жатышат. Салимдин өкүнгөнү – тек элчини өлтүрүш жаман белги. Кетпес кек калар өчтүү иш дешинде. Салим тек кара күчкө, кылычтын курчуна, айбалтанын салмагына салып, жоо жеңиш опуртмалуу. Чабыш жеке кан төгүш, каар агытыш эмес. Чабышта «Таш жарган балта кеңеште баш жарбайт», – деген чакырыкты Салим көбүнчө колдонот. Кол башчы акылман болсо, кан төкпөй жоосун тизе бүктүрсүн. Кан төгүштү теңир азуулууга берген. Киши уулунда акыл, айла, боорукердик бар. Кылыч курчу бир баш кесир, он баш кесир, анан мокойду, кеп курчу айткан сайын курчуйду. Айбалта сого албас башты, курч кеп багынтар. Жоо менен чабыша бергенче, тил катыш алгач!

Дал ушуну колдогон Салим менен көбүнчө куралдын салмагына сыйынган Элтерес көп учурда өз-өз ара бир сөзгө келише алчу эмес. Иштин жагдайы Элтерес болжогондой эмес, Салим айткандай болуп чыгуучу.

Салимге жыгылыштуу болуп, Элтерестин маанайы басылчу. Азыр да Элтерестин сактанганы – өз ишинин Салимге жакпай калышы. Алдыңкы чоң чабышта Элтерес басынса, баарыдан мурда, ал басынышын душмандын күчүнөн көрбөйт. Өзүнүн кетирген жаңылыштыгынан көрөт. Ал өзүн жоо сырын билбес эноө, акылсыз, айласыз кол башчы катарында эсептейт. Өзүн-өзү жектейт. Өзүн-өзү кыйыктайт. Ал тургай өзүн-өзү жазалаштан да кайра тартпайт.

Элтерес шердин башка кол башчылардан артыкчылыгы – ушул сапаты. Элтерестин бул сапаты Салимде жок. Элтереске караганда Салим бул жагынан кем. Ал өзүнө-өзү бек ишенет. Өзүн-өзү кемтиксиз сезет...

Эки баатырды айыгыштырган ар-намыс дал ушул ар биринин өз-өзүнө таандык сапаттары.

Салим: «Мен чын айттым. Айтканымдай болур!» – дейт.

Элтерес: «Мен туура иштедим. Терс чыкса, өзүмдү өзүм жазалаймын», – дейт.

Эки кол башчы: бири – коркууну билбес алп, алп болгондо да ушул кезге дейре жеңилип көрбөгөн каарман алп; бири – жеке эле баатыр кол башчы эмес, акылман, айлакер. Кылыч мизи, айбалта салмагы менен бирге акыл-айланы кошо салмактаган баамчыл, көрөгөч кол башчы. Азыр экөө катар тиштенип, коргоого тигилген ак чатырдын алдында, ана, атчан турушат. Элтерестин түмөндөрү оң каруууда. Жалаң кара атка минген жоокерлер алдыңкы сапта.

Алар – «Кара сел» түмөнү. Андан кийинки катар жалаң жалын жээрдечен. «Жалын сел» түмөнү. Анан кийинкилер аксур, акбоз минишкендер – «Ак толкун» түмөнү. Бул – Элтерес колунун эзелки салты. «Кара сел» түмөнү айкырык салып чү койгондо кара күч түрүлгөндөй сүрдүү. Анын артынан «Жалын сел» агылганда алдыңкы кара күчтү өрт айдап, өрт колдоп келаткандай, чытырман кара токойду жалын жалмап келаткандай. Алардын артынан жалаң акбоздор төгүлгөндө, алдынкы кара күчтү да, жалындаган отту да ак колдогон сыяктуу. Бардыгын ушул чоң, ыйык чабуулга ошол ак алп алып келаткан өңдөнөт.

Жоого чабуул койгон маалында Элтерес колу ошентип укмуштанып сыйкырданып, түрүлүп көрүнөт.

О, ал – укмуштай сүр. Укмуштай жеңилбес күч!

Азыр Элтерес колу ак чатырдын оң каруу жагында ошол тартибин сактап катып турган кези. Жекеге чыккан баатырлар сайышы ада болуп... доолбас согулар замат Элтерес колунун толкуну түрүлөт. Каптайт.

Салим түмөндөрү сол каруу жакта. Бирок Салим жоокерлеринин мингендери чылк бир түстүү эмес, тору менен жээрде, кара кер менен кара, ак боз менен кулан чаар, тору ала, сур менен буурул аралаш. Ошентсе да сырт көзгө булар да анча бөлүнбөйт. Сүрдүү, шаңдуу.

Жоокерлер тек катып калган көк таш сыяктуу сенип турушат. Далылары дүгдүйөт, туулгалары томпоёт, жанчарлары сороёт. Жерден көк ордуна атчан жоокерлер өнүп чыккандай, каланган чийдей. Тыгыз ширетип темир тикенек болуп калган...

Тек жоокер кийими, эр куралдары, ат соорулары жаңыдан көтөрүлүп келаткан күнгө чагылышат. Жанчар учтары жалт-жулт этип, желге жалаңдайт. Соот тон, чопкут тон, кемер кур жалтылдайт, агарат. Чоюнбаш ээр кашында илинүү, айбалта бүлдүргөсү билекте илинүү. Саадак каптар жебеге тирелет...

Жоокерлер тынтынч. Катып-сенип козголбойт. Салим: «Биз күчтүүбүз. Бизден Адылтай күчтүү. Анын колу биздин колдон мол эмес. Башка кол башчыларынын эрдиги бизден артык эмес. Алп Күлчүр учуп кетти. Кийинкилери жаш. Тегини да, Барсы да, Жолборсу да анча дасыга элек чабышта. О, алар таш билек, курч, өкүм... Теңир сактар? Алар чабыш эбин, жоо ыгын анча билбес. Ойе, Адылтай ажонун колун чабышка баштаган Азман, Чекир, Эр-Кишилер акылман! Баарыдан Эр-Кишиде кара жал кабылан айбаты. Ол – журт асабасы. Ол өлбөс, жеңилбес. О, Эр-Кишинин ошо куту чакырды. Аз, аргын, найман, эштек, төлөс, баары, чындаса, кыргыз атанын элине болушар. Көп бириксе – сел. Элтерес аны билгиси келбейди. Көкжалданыр, жеке шердигине сыйынды. «Арпасыз ат ашалбас, аркасыз эр жене албас. Элтерес шерим».

Салим баатыр ушул сөзүн Элтереске далай айткан. Элтерес шер Салимдин сөзүнүн чындыгын туюнуп турса да, менсинүүсү, анын баатырдык көктүгү, ички сезиминин үнү – «Эй, шер Элтерес, сен Элтерес башың менен кимдин алдына жүгүнмөк элиң. Алп кылычы курч болсо, жоо анын алдына түшкөн кара малы. Ие калың карга, таанды бир шумкар айдабай жүрбү?»

Баса, бир шумкар карга, таанга атылып тиет. Чуулдатып айдап алат. Кырат. Элтерес Элтерес баатыр атка конгону чабышкан жоосун ошентип айдап, ийрип, кырып жүрбөдү беле?

Не бүгүн эле ал алсыз, айбатсыз болуп калдыбы? Не тигил жарданган Эр-Киши колу Элтерес колунан күчтүүбү? Не анын кол башчы баатыры Элтерестин өзүнөн айбаттуубу? Элтерестен бир жолу кан жөткүргөн, чабылган журт ушул каршыда тургандар. О, андай болсо, Элтерес шер эмнеден сактанат? Эмнени күтүп турат? Шердене түшкөн Элтерес күп этип кескин айтты:

– Не күтүш! – Жекеге эр чыксын!

– Чыксын! – деди Салим.

– Чыксын! – дешти башка кол башчылар да.

Доолбасты үч жолу «Күп!», «Күп!» урду.

Бул – жеке сайышка баатыр чыксын деген белги.

Көмүрдөй кара атка минген укмуштай зор киши атылып чыкты. Локуйган зор жоокер, аттанган баатыр, алп Сорун – Элтерес баатырдын арка туткан баатырларынан. Сорун – жашы кырктан өтүп калган кадик жоокер. Мындан мурда алда нече ирет жекеден алган алп Сорундун мингени да, жоо кийими да капкара. Анткени Сорун баатырдын өң-түспөлү кара. Ошондуктан ал башына кара туулга, үстүнө кара соottон, колуна кара мээлей кийип... чылк капкара болуп айкыра качырганда, анын сүрүнө эр жүрөк алп даабай жалт берчүдөй. Ооз ачканда тиштери агарып, көзүнүн агы айланып, киши эмес, киши кебетесиндеги кара жин качырган сыяктанчу. Сорун каранын даңкы өзгө эмес, жатка дайын.

Элтерес алптын сынбас-кыйрабас кара зоосу – Сорун кара! Сорун кара барда Элтерес эч кимге жеңилбейт! – деген ишеним алда качан элдин көңүлүндө.

Адылтай акенин көк чатыры тигил көк дөбөгө тигилген. Көк асаба алоолонуп, баятан жарданып турушкан кыргыз кол башчылары да, колду чабышка белен сап тизип, тегиз атчан турушту. Жеке сайышта мааниси чоң. Жеке сайышта баатыры алган тарап, чабышта колу женгенге тете. Урааны көкөлөйт. Жылдызы жаркырайт. Колу чоң, чабышка жеңебиз деген ишеним менен кирет.

Кыргыздар жагында жекеден алам деген баатырлар аз эмес: уйсун баатыры – Агуш, кенчи – Дөө-аке, чаа баатыры – Бертебестер жекеге чыгууну самашты.

Эр-Киши өз баамында жекеге Дөө-акени ыйгарды. Дөө-акенин сүрүн да, күчүн да, эрдигин да баягы кең кашында беттешкенде Эр-Киши сезген. Соруп карага тайманбай баруучу жоокер ушул Дөө-аке. Дөө-аке күчтүү ат минсин. Жекеге чыксын деп айтып койгон. Дөө-аке Эр-Киши тарабынан болгон ал ишенимге алкышын айтып, өзү апсайып-сапсайып алдынан чыкканды соруп алчудай сүрдүү. Көк темир туулга башында көк таштай, үстүндөгү соттон муздай. Ээрде киши эмес эле тоголок укмуш олтургандай. Ар бир талы тик сайылган жээрде сакалы чытырдын ийнесиндей тикиет. Көздөрү кыпкызыл. Ууртунан көбүк агарат. Кантсе да эмитен эле ички үнү кызып, кыжырланып жинденип алганбы? Тан.

Дөө-аке эки ортодогу жазыкка карай ыкыс бергени аран, турат...

Жекеге Дөө-акенин чыгары анык болгон кезде, Жолборс Чаар Айгырга минген түмөн башы Жолборс ат ойнотуп, Эр-Кишинин алдына келди. Ал ызалуу, өкүм. Мончок-мончок чубурган ачуу жашы бетин жууйт. Жолборстун ал кебетесин көргөндө Азман або да, Чекир бий да, Эр-Киши да сестее түштү.

«Жаш баатырга эмне болду» деген караш. Башка эрендер, жанында турушкан жоокерлер сактана карашты.

Жолборс көк туулгасын башынан алып жерге чапты да, Эр-Кишиге мойнун созду:

– Эр-аке, эрдик ишенимден калган башты чаап салың, тез чаап салың!

Жекеге мени чыгарбадың дегени болучу, Жолборстун. Каңырыгы түтөй түшүп, башын дагы энкейтти, Жолборс:

– Чаап салың, өз колуң менен Эр-аке, чаап салың. Мындай кунсуз башты ийнимде көтөрүп жүрбөймүн. Марымыңды алып, колуңдан ык үйрөнгөн жоокериң эдим... Чабышта унут калганча башым чабылсын!

– Ашыкпан, чунак...– деди Эр-Киши. Ичинде Жолборско чын ыраазы кары баатырдын үнү жумшак угулду. – Ашыкпаң, эреним. Сен айкырчу кез алдыда! Жолборс жаш балача жулкунду:

– Кезим ушул! Же жекеге чыгам. Же башымды чаптырам!

Азман Жолборсту сооротуп, карс-карс күлдү:

– Уа! Бабамдын чын тукуму. Кайратыңа журт ыраазы!

...Дал ушул кезде каршы жаткан доолбас согулду. Соруп кара атынын, ортого чыкты, Адылтай колу козголо түштү.

«Ким? Ким чыгат, бизден жекеге?» – деген козголуш.

Жолборс жердеги туулгасын шап эңип алып, баатырлардан уруксат күтпөй жекеге чыкты. Адегенде Жолборс Чаар Айгыр колдон бөлүнөрдө кош аяктап тура калды да, азынап жиберди. Анан ошол арткы аягына салмак таштай атырылып жөнөдү. Жолборстун жекеге чыгышы жакын турган өзгө да, окчун турган жоого да өтө сүрдүү болуп көрүндү. Эки тараптан бирдей үн чыкты:

– Теңир сактаң!

– Жаш жоокердин чыгышы катуу...

Өз тараптын жоокерлери толкуп, кубанып кетишти. Жоо тарап селее түштү.

– Теңир сактаң!..

Жадаса, өзү жекеге чыкканы турган Дөө-аке ызасына чыдабай айкырып, жулкунуп, аттан түшө калып, кайра минди. Ошол замат чубары көз учунда ойноп так түйүлгөн айгырды көрүп, ээрде зыңкыя каткан Жолборско ыраазы болдубу? Көз алдындагы эң тез, эң сүрдүү тайманбас кармашка алданып, Дөө-аке Жолборстун тилегин тиледи. Санын аткый айкырды:

– Дөө-акеңдин кезин сурабай алдың, жинди. Эми жеңилбе деймин! Жеңилсең, жоодон мурда мен жарып салам, сени!

Дөө-акенин бул кебин Жолборс эшитпеди. Ал бул кезде Сорун кара экөө тиреше түшкөн. Жекеге чыгышкан эки баатыр бой тиреше түшүп, чарпышып өтүштү. Сорун каранын жанында Жолборс баладай көрүндү.

Азман абонун жүрөгү шуу этип, теңирге жалынды:

– Уа... Көк теңири! О, ыйык, баатыр бабамдын тирүү арбагы, баланын атын жылоолоң! – Жолборс – толуп-болуп турган алп жоокер. Ошентсе да акылдан шашкан Азман аны «бала» деп алды.

Сорун кара менен Жолборс кайрадан беттешти. Эми капкара болгон Сорун Жолборсту ат-маты менен басып салчудай тике келди. Тек чабышта эмес, тек анчейин кол кайрып жаткансыды. Деле камырабады... Бирок негедир чатышкан аркандын чатышын чыгара албай жаткансып... калдастай түштү...

Бул кезде Жолборс чаар жанагыдай кош аяктап тура калып, азынап жиберди. Жолборс соккон айбалта Сорундун туулгасына таамай тийгенин жандын баары көрдү.

Сорун сендиректей түшкөнсүдү.

Ал ошол замат тизгиндин кош жаагын тыгыз тартып, кара атты кетенчиктете берди да... Жолборско жанчар соктурду. Анын бул аракети ашыгыштык менен иштелген эле. Анча катуу эмес согулган жанчарын Жолборс кагып сал-

ды. Сорундун жанчары асманга корок этти. Ошондон пайдаланып, эми Жолборс Сорунга жанчар соктурду... Бул жолу Жолборстун жанчары асманга корок этти...

Эр-Киши сыр бербейт. Ичтен түтөгүп суз: «Сорун карага жалтанбай тике барыштын өзү Жолборстун эрдиги... Ол Көк теңири, эренимди аяң. Эрениме арка болун? Жаштык, кадиксиздик кетирбесе ийги. Чабалдыгы жок. Жолборсум, чын жаш сырттан...».

Жекедеги эки баатырдын аттары бул кезде бир жакты баштанып, те ары жакка жарыша жөнөдү. Сорун менен Жолборс эми эңишип бараткан сыяктуу экөө бирдей тизгинди таштап, аттарды жайына коюп, чабышып келатышат. «Бул чабыш – бөрү тытыш» деп аталган эрдик чабышы. Мында кол оңу «кимде» болсо, ошол эрдин чапканы айбаттуу, таамай, күчтүү тиет. Бирок ар кыл чабыш ыгына жаштайынан кадик көнүшкөн жоокерлер үчүн «оң», «сол» жок. Тек, ык, эп, күч. Тайманбай жоо бетине тике кароо. Жеке айбалта чаппастан, кармашкан жоосун көз огу менен атуу, эрдик айбат, баатырдык сүр менен жалтантуу...

Дал ушул баатырдык сүрүнө Сорун кара бекем ишенет.

Ошондуктан ал кол көтөргөн сайын, көзүнүн агын айланта сурданат. Көбүк бүркөн кара буурадан бетер «букулдайт». «Ах!» этсе, адам унчуккандай эмес, кандайдыр бир кара күчү ташыган жапайы айбан сыяктуу. «Ах!» деген сайын айбалтасы таамай серпилет.

– Жеймин! Жеймин! Сары ооз, сором! Сором сени, чычкан!

Бирок ачууга малынган Жолборс Сорун каранын сүрүн да, кемсинте айткан сөзүн да тоотподу. Ал чубурган жашын сүртпөдү. Жолборстун ыйлашы а дегенде Сорунга алсыз, аянычтуу көрүнгөн. Ошон үчүн, ал Жолборсту «бала», «чымчык» деген...

Чабышкан сайын Жолборстун ыйы көз жаш эмес эле, төгүлгөн күч өңдөндү. Жолборстун жашы эми Сорунду коркута баштады. Себеби, Жолборс мөлтүрөп жашы тамарда катуу айкырат. Айбалтаны таамай согот. Сорун сендиректей түшөт. Анык кирген буура, анык кутурган көк жал сырттан, эми Сорундун көз алдына тартыла калат.

Сорун айкырып, айбалтасын таамай көтөргөндө Жолборс чаар кош аяктап тура калып азынап, бир нече жолу Сорунду өксүттү. «Теңир, теңир, – деди ал. – Бу киши эмес. Бу киши кебетесиң кийген дөө...».

Сорун чындап коркуп кетти.

Тээ алда кайда барганда жекеде чабышкан экөө кайра баштанды. Эми жа-

нагы чаап кеткен жолуна салып кайра келатышат. Бул жолу жанагыдай шыдыр чабышпады. Күймөлө, токтоло калышып согушту:

– Ме! Саа, Кара доңуз?!

– Ме! Саа, чычкак...

– Ая?! Башыңды кесермин. Башыңа... сенин...

Азыр булар айбалта менен чабышууда.

Тек көк темирге көк темир согулгандай «чак-чук»! Балтага балта кагышат. Чакмак таш чаккандай от жалтылдайт...

Сорундун оң ийни сыздап уюп... кызуулуктан гана кол көтөрүп калды. Жолборс жанагыдай ыйлай албай тек кумсаңдап, сурданып, бет ирени суз... Ачуусу көз жашы менен чубуруп бүткөндөй. Тек, чабыш анан ар дайым өтөп жүргөн иши сыяктуу «көндүм» боло калды.

Жолборстун ыйлай албай калганына эми Сорун кубанып кетти.

Эя... сары ооз... сүрүн качтыбы...

Сорун күчүн жыйып алгыча Жолборс кайрадан айкырды. Кыроодой жылт эткен жаш жаагы ылдый тоголонду.

«...бу кайрадан кутурду. Сакта, теңир!» – деди Сорун...

Айкырган Жолборстун айбалтасы бул жолу Сорундун маңдайына таамай согулду. Сорун алп өбөктөй түшүп, ат жалына энкейди...

Кара ат кошкуруп, калтырап туруп калды...

...Эки тараптан бирдей доолбас согулду. Түмөндөр айкырды:

– Уре-ең!

– Уре-ең!

– Уре-ең!

Буурул Жер дүңгүрөп кетти...

Жазыкта айкаш үйөрү уюлгуй берди – күү-шаа, карс-тарс этип.

***Суроолор:***

*1. Согуштун алдында баатырлар эмне үчүн жекеме-жекеге чыгат?*
*2. Элтерес тараптан ким чыкты? Анын эрдиги жөнүндө эмнелерди билдиң?*
*3. Эр-Киши тараптан ким чыкты? Ал кантип чыкты?*
*4. Эки баатырдын кармашын жазуучу кандай сүрөттөйт?*
*5. Кимиси жеңди? Бул жеңиштин мааниси эмнеде?*

***Сөздүк:***

*Албан – жуда улкан*
*Уламыш – афсона*
*Кол – қўшин*
*Сепил – қўрғон*
*Алп – барваста одам*
*Жебе – камон ўқи*
*Айбалта – ойболта*
*Кыргын – қирғин*
*Суур – сугур*
*Чымчык – қуш, парранда*
*Калаа – қалъа*
*Соот – совут*
*Доолбас – дўмбира*
*Канжыга – қанжиға*
*Сел – кучли оқим*
*Жүз башы – юз боши*
*Майдан – фронт*

## АЙКАШ

Туубуз качпай турат деп,
Кубат кылып урушуп,
Аркалашкан эки кол,
Ач бөрүдөй жулушуп,
Ачуудан колтук чоюлуп,
Канаттын баары кайрылып,
Калкандын баары майрылып,
Этектин баары түгөнүп,
Ээрди кашы үбөлүп,
Эриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип,
Тизенин баары тозулуп,
Тизгиндин баары үзүлүп,
Тоё тозулуп электей,
Томуктай болгон курган баш
Жошолоп салган челектей...

*Манастан*

Колу сынса, мойнуна таңып алып, буту сынса, канжыгасына байлап алып урушкан. Аккан кан бетин жууса да, шыпырып коюп, согуша берген. Суусаса атынын терин жалап жүргөн. Мындай баатырды «кара көк» же «көк жал» деген.

*Белек Солтоной уулу жыйнаган материалдан*

Үч канат болуп тирелип турган үч түмөн кол ат койду. А дегенде каланган жар урап кеткендей, бардык уранды опсуз күч шилеп, алга карай опурулгандай боло түштү да... бир аздан кийин ошол күүлдөгөн калың толкун жайыла берди. Жанчардын жаланган учтары жаркылдады. Туулгалар күнгө чагылышты. Ураан, чабыш айкырыгы жер жарды:

– Уруң-э-э!
– Уруң-э-э!
– Согуң-а-а!
– Согуң-а-а!

Калың атчан аралаша кетишти. Качырышкан эки кочкор согушкандай «Карс! Карс!» добушка кулак туйду... Айкаш үйөрү уюлгуду...

Ээсиз калган бирин-серин аттар чуу арасында ойноп ачык талашпаса, алгачкы айкашта өлүм тапкан жокко эсе. Жарадар болгондору эстен тана түшүп сендиректеп, ат жалын таянды. Бирок аттан жыгылгандары чанда. Тек, карс-карс чабышты айкырык, кыйкырык коштой берди. Ыңкыстап онтой түшүү бар. Ал ыңкыс бир кишиден чыккан онтоо эмес, көптүн ыңкысы, көптүн онтоосу. Кагылыштан, каруулашуудан, кармаштан, тирештен чыккан онтош. Киши уулунун бири бирине болгон кастыгы, бирине бири иштеген кара мүртөздүгүнө чыдабай буурул Жердин куңгүрөшү-дүңгүрөшү, кейиши...

«Эя, киши уулдары ай. Сен, неге бириңе бириң ушунча кектешесиң? Бириңди бириң аяшпайсың?! Мындай кагылыштын, мынча кан төгүштүн себеби барбы? Эйя, киши уулу ушул майкандашуудан табарыңар барбы?» – дегенден күңгүрөш, дүңгүрөш...

Чынында эле бул кагылыштын себебин оюна алган азыр эч бир жан жок. Тек туш келгенин туш келгени «кан» делирет. Талуу жерди тандап айбалта сокту. Өтөр жерди болжоп жанчар сайды. Таамайлап кылыч чапты.

Өлгөнүн көрсө, өлтүргөнү кубанды. Жыгылганын көрсө, жыкканы кубанды. Жан аяшпас чабыш улангандан улаиды. Кызыгандан кызыды.

Улам чабыш күч алган сайын эми жан кыйгандар да көбөйдү. Амал-арга, эп менен балта согуу. Ажаанданган эрегиш, айыгыш менен беттешүү. Ал эми жыгылуунун жолу бир: не ат жалын кучактай калып... же шылк жерге кулап түшүү. Не эндирей түшүп, эсинен тануу. Не кан окшуп, көздөрү алая карап... ооп түшүү. Анан үзөңгүгө буту илингени атында сүйрөлөт... Азыр эле айкырык салган, карылуу сыяктанган жоокер сөөгү, ушинтип алсыз, аргасыз, атта сүйрөлүп талпак болду...

Каза тапкан жоокерлерге Жердин жаны сыздады. Киши уулунун кек кечирбес өжөрлүгүнө өкүндү. Эстүү, күчтүү боло туруп, өжөр, кекчил жагына өткөндө – кыргындашканда, ушундай өлтүргүч жырткыч, таш боор болуп кеткенине кейиди... Ушундай алсыздыгын аяп, сыктады буурул Жер...

...О, эки тарап чабышын токтотор ою жок!

Чабыш улам күчөп, улам кызыгандан кызый берди. Бирде эки орто уучууга толо түшөт. Бирде «жым» боло калат. Шарпылдаган күчтүү толкундай эки ара чайпалып-теңселди... Кагышты. Чабышты. Бирин-серин жаткан ак таштан бөтөн эчтеме жок, баягы көк жыттанган түзгө эр өлүгү, ат өлүгү жайпап кетти.

Баштапкы тиреште эле жоо десин суутуп, күчүн кетирип үчүн Элтерес үч турум колду бирине удаа бирин чаптырган. Алдыңкы кара аттуулар жалаң төш тирешчүлөр, жалаң жоо бөрүсү көк чекелер ошолор болучу. Алар каптаганда тосмо суу тогонду бузгандай күч менен келүүчү «Кара сел» чабуулу азыр жайпалды.

Асаба түбүндө менсинип чыйралып туруп, Элтерес улам айкырды:

– Каптаң, кара сел! Каптаң! Кара ташын күлдүрөтүп агызың, селим!

Бирок «Кара сел» тайыздай түштү. Ага арка болуп эми «Жалын сел» каптай баратканда, Элтерес мала асаба булгатты. Доолбас «Күп! Күп!» согулду. Керней бапылдады. Шарынан катуу Элтерес өзү шыкактады:

– Каптаң, жалын сел! Куйкалаң, жоонун кара ташын да!

Эр-Киши колу чынында эле куйкаланып жаткандай «жалындын» арасында калып жатты. Себеби Эр-Киши а дегенде эле үч түмөндөн артык колду чабышка салбады. Элтерес колду селдей каптатуу менен жеңишке жетсе, Эр-Киши колду ошол каптаган «селди» күчүнөн тайытуу, азайтуу, аны соолтуу ыгын колдонду. Ал үчүн – бардык колду чабышка бир киргизчү эмес. Ат менен ат кагышып, киши менен киши тирешкенде көп-азда эмес, куралдын чабылган күчүндө! Кагылышта кайсалаган жоокердин чабышы да кайсалак. Кайсалабаң, бир сок! Соккончо куп сок, мерчемдүү жерге таамай сок! Ал үчүн алды-артын ээн, чабар жоон белен болсун! – деп үйрөткөн Эр-Киши өз жоокерлерине.

Эми четтен караган көзгө кыргыз колу аттан ажырап, баары жыгылып калгандай, не тигил күчтүү калың колго сорулуп, бирден житип кеткендей. А чынында алардын чабышы катуу...

Көк чатырга жакын көк асаба алдында Чоң күрөңү үргүлөп, өзү тек турган Эр-Киши азыр ошол тек турган калыбында ар бир он башысынын, ар бир жүз башысынын, ар бир миң башысынын айбалта согушун сынап, моокуму кануууда.

Атынан кулап жап бергенин көрсө:

«Уа, арбагың тирүү болсун, эрен»! – дейт.

Айбалтаны таамай сокконун көрсө:

«Уа, бар болуң, эрен! Артыңда элиң арка, саа, эрен!» – дейт. Ар бир жоокеринин кайратын, демин, күчүн сынап тургансыйт. О, миңдеген колдун катуу кагылышы, кагылыш болгондо да жан аяшпас чабышта, айкырышта, тиреште, эки арада беттешкен калың жоокерлер бирине бири ажал бүркүп жаткында... ушул дөңдөн туруп, ар бир жоокердин айбалта согушун баамдаш мүмкүн эмес ко.

Албетте, мүмкүн эмес!

Бирок аны көрүү, билүү башкага – бизге мүмкүн эмес. Көрбөс төөнү көрбөйт. Сезбес азабын сезбейт. Ал эми өз ишине кадик көрөгөч-билги бир сөзүнөн кишини билгендей, кадик көрөгөч кол башчы да чабыштын мүнөзүнөн жоокерлеринин демин байкады. Уа, олордун элеңдеп шашканы, корккону, качканы барбы? Жок! Уа, олордун ашыгып, калдастап, айбалтаны таамай сого албай жазып калганы барбы? Байкалбады! Уа, ат жалына ооп жыгылып жатканы канча? Көппү, азбы? Баса, ушундай катуу чабышта ажалга моюн сунбай коючубу, жоокер. Чекеге айбалта таамай согулса, колтукка жанчар батса, не чоюнбаш тийсе, не жебе мадалса, ажалдан ким кутулат? Кол арасында учуп кеткендер аз эмес. Ошентсе да чабыш сээлдебеди, улам күчөдү, кызыды. Чабыштын ушул кызуусуна теңдештиргенде чыгым көп эместей...

«Теңир сактасын! Кол азыр майтарылар эмес. Жоокерлер карылуу! Элтерестин «Кара сели» да, «Жалын өртү» да Эр-Киши колун шаштыра албады.

Ырас, Элтерес колуна караганда Эр-Киши колу сан жагынан аздык кылып жатыр. Кай кезде жалгыз жоокер эки, ал тургай үч балтанын кагылышына айбат кылып, жалгыздык тартууда.

Эр-Киши дал ошол жалгыздык тарткан жоокерине ушул дөбөдө туруп, арка-бел болгондой, дем бергендей:

- Сок, сок, эрен! Тике караң, жоо көзүнө көзүң өтсүн! Шашпаң, айбалтаңды таамай шилтең! Кылчактабаң!

Жоокер алдастай түшсө, Эр-Киши айкырып жиберет:

– Алдастабаң дебедим беди?! Коркконду коён басат. Качканды күнчүй алат дебедим беди?! Качпаң!

Жоокер коркпой, шашпай айбалтаны таамай урса, Эр-Киши аны кубаттады:

– Ая! Эрен! үзөңгү тээп тура кал! Атыңды эркинче таштаң. Жоокер аты жоокер аракетин анын салмагынан, кыймылынан сезир!

Албетте, жер күңгүрөнгөн кагылышта, уу-чууда, чабышта Эр-Киши добушу жоокерге угулбайт. Азыр бул дөбөдө, көк асаба астында локуя турган кол башчысы өзүнүн ар бир жоокерине ошол демин берип турушу – чабыштагы жоокердин көңүлүндө. Үнүн, айткан сөзүн укпаса да, обочодон тикие караган кол башчысы азыр ар бир жоокерди көрүп-сынап турганы, ар бирине өзү арка болуп, демин берип турганы белгилүү.

Жоо тобунда жеке калган жоокер менин айбатымды билсин. Эр-аке карап тур, көрүп тур, сынап тур десе, чабышкан жоокер Эр-Кишинин демин сезет. «Дем! Демиңден айланайын, Эр-аке. Сенин жоокериң качып өлгөн эмес,

Ишениң, бизге», – дегендей топтон бөлүнүп, жеке калганы да айбаттуу. Өзүнө жаңыдан күч бүткөндөй күчөп кетет...

Эр-Киши жоокеринин балта согушуна моокуму канат:

– Айя, бар болуң, эрен! Сени төрөгөн энеңе алкыш! Атаңа даңк!

Азман або, Чекир бий тек Эр-Кишинин үнүн эшитип, тек турушат. Көздөрү майданда. Кулактары Эр-Кишинин айтканында. Кол башчынын коңгураган жоон үнү токтоло калганда, берки або-бий мүңкүрөй түшөр.

– Не болду, баатыр? Биздин кол майышып калдыбы? Тыным. Жер ыйлаган, жер солкулдаган катуу чабыш.

– Ана! Карап! – деди Эр-Киши. – Дөө-акени көрүң. Калың топтун ортосунда жеке калды!

Азман або селее түштү:

– Теңир сакта, баатырды. Учуп кетпесе экен?.. Чекир бий тек жоо балтасы өзүнө согулуп жаткандай кейип кетти:

– Ойе... Чаптырып салган жокпу, Дөө...

Дөө-аке калың жоонун ортосунда жеке калганы жеңиш алып келгенсип Эр-Киши кобурап кубанды:

– Бар болуң, Дөө-аке! Бар болуң, шер! Эл-журт арка, саа. Бар болуң, көк жал!

Жеке чабышта ортодо калган Дөө-аке өлөрүн ойлободу. Тек айкырык салып, башкалардыкына караганда, үч каруучa сабы узун айбалтасын төбөсүндө булгалады. Чынында опсуз күчтүү Дөө-аке чабышта жинденип, өрчүп кетчү. Бирок эч убакта айбалтаны жаза сокчу эмес. Мерчемине келбесе, айбалтасын узун кармап, төбөсүндө булгачу. Балтанын «дуу-дуу, зуу-зуу» эпкини өзү менен чабышкан жоонун сесин алчу.

Дөө-аке өзүнүн минтип айбалта булгашын: «Атам кыргыздын тегирмен чуркатышы!» – дечү.

– Дөө-аке бабанын тегирменин чуркатты дегиче, аа бет баккан жоонун башы жарылды ден. Тегирмен ташы тийгенде жанчылбай калычу баш кимде экен? – дешчү журт.

Бул чабышта Дөө-аке ушуну менен үч жолу шер бабанын тегирменин чуркатты. Үчөөндө тең анын тегирменинен далай жоонун башы жарылды. Аны көргөн Эр-Киши Дөө-акенин жеке калганына кубанды. Зор денесин титиретип күлгөн жөнү да ошол. Баса, байыркы баатыр баба чуркаткан тегирмен азыр бул чабышта да «зуулдап-зуулдап-дүңгүрөп» чуркап турушу – чоң арка, баатырларга.

Жекеде чабышкан жалгыз Дөө-аке беле?

Ана, аксурга минген Агуш баатыр. Ана, буурага минген төөчү Тарпан. Ана, чаа баатыры Бертебес. Ал баатыр өзү чыканактай болуп алып, тоодой кулага минген экен.

Ат чапчу чабармандай ээрде эпейип көрүнөт. Бирок өзүн кандайдыр бир сыйкыр курчап алгандай ченине жоону жолотпойт. Кантсе да Бертебестин каткырыгы, шамдагайлыгы, өзүнүн баладай кичине, баладай татынакай, сүйкүмдүү боло туруп, тайманбас кайраты, кандайдыр бир көрүнбөс күч жылоолоп жүргөндөй болгон анын укмуштай сүрү чениме келген жоону жүдөтүп, тайсалдатты. Чочутту.

Бертебес баатыр да жеке чабыштан аман чыкты. Өз жоокерлеринин тобуна кошулду. Өз жоокерлерине такаат берип, арка болуп, эми кеминде элүүдөй жоокер ортодо калды, элүүдөйдү кантсе да, Салимдин миң башчысы курчады көрүнөт. Бертебестер бирине бири арка салышты. Бирине бири күч, тирек болушту. Алар ортодо тынбай айланган жаргылчак сыяктуу тегерек боло түштү. Калкандарын бетке тосо жыйрыла калышты.

Бирок аларды курчаган жоо колу улам калыңдады. Челекти темир алкак кысканды кысып, куушуруп, сыгып баратты. Теңир сакта! Азыр, ал курчалган Бертебес тобу эми дым чыкпай кырылар да... аларды курчаган миң башынын жоокерлеринин бир тобу өзүнөн-өзү аттан кулады. Кээсинин аты очорулуп, өзү жөө. Көрсө, жүз башы Элчурдун колу Бертебестерге көмөк берип калыптыр. Алар чабыш менен нары жактан бошонуп чыга беришип, берки Бертебестерди кысып кирген топту байлап, мергендери жебе учурган экен. Тигил аттан кулаган жоокерлер, очорулган аттар ошолордун жебесинен ажал таантыр.

Азыр Элчурдун колу Салим миң башчысынын колун сыртынан курчады. Жеке калганда Бертебестер суюла түшкөн. Элчурдан көмөк келген соң курчоодогу кол чыйралды.

Бул жолу Бертебеске Эр-Кишинин айкырыгы даана угулду:

- Бар болуң! Бертебес шер!

Бертебес тыныгып кайрадан жоого чапкандай шерденип кетти.

О, оош-кыйышы тизгиндеш алп дүнүйө ай! Бул алп дүнүйөнүн кайгымуңу, күлкүсү тизгиндеш. Жада калса, ушундай кан төгүлүп, жин жыттанган чоң чабыш жүрүп жаткан майданда, кишилер бир демдик өмүр үчүн жан аянбай салгылашып жаткан учурда да, ушул карсылдак чабыш, ушул төгүлгөн кандын ичинде, ушул айбаттуу, коркунучтуу окуяга күлкүнүн тизгиндеш жүргөнүн көрүңүз!

Ал күлкүлүү жорук – баягы төөчү Тарпаңдын чабышы. Ал чуудасы кара булуттай түрүлгөн кара бuурага миниптир. Жалаң атчан жоокерлердин арасында Тарпаң сороюп, бир өзү бийик. Анын үстүнө колуна бек туткан жалгыз куралы – Дөө-акеникинен да узун саптуу айбалта! Четтен караган көзгө анын айбалта экени анча байкалбайт. Тек балтага окшош чокморбаш сыяктуу.

Ачыкка чыга калганда кара буура кадимки тегирменге минип бараткандай буркулдап жөнөйт. Чабышка кирсе, буурасы жинденип бышкырынат. Жакын келген жоокердин бети-башына жин аралаш көбүк бүркөт. Кыжырланган жоокер Тарпаңды коюп, буурага балта согот. Бирок буура анын балта согушун тоотуп койсочу...

– Ахх! – этет да көбүк аралаш жинин серпет.

Тек кейигенсип башын чайкайт буура. Башына балта тийсе да жыгылбайт буура. Чынында бууранын жыгылбас себеби да бар. Бүркүткө томого кийгизгендей бууранын да кийген томогосу бар. Бирок кара бууранын «томогосунун» айырмасы, ал темирден куюлган. Эки көздүн тушу оюк. Болгон менен да ага жанчар учу батпас тор «көз айнек» коюлган. Ал эми шилисинен тарта алдыңкы өркөчтүн түбүнө чейин буура моюну да ичке, ийилчээк темир торкап кийинген. Чапкан менен буура мойнун кылыч кеспейт. Бул деле чаңда боло турган сактаныш.

Ошондуктан, кылыч чаап, кылычы кеспей, балта согуп, балтасы өтпөгөн соң кара бууранын жоо колу «Сыйкырдуу укмуш» деп калышты. Кара буура буркулдап жин чачып кирген жерде жоо колу суу серпилгендей чачырай качат. Куралы да укмуш. Өзүнүн төөдө олтурушу да укмуш бир чабар Тарпаңга кара бууранын баладай эки өркөчү өбөк... Эки өркөчтү темир тор коргойт. Не чарчабас, не чөлдөбөс кара буура кай кезде укмуштана секирип-секирип койсо, төө элесиндеги тажаал келаткандай... Дал ошол төө элесиндеги тажаалга минген Тарпаң баатырдын чабышы күлкү туудурду.

Дүйнөдө бөтөнчө көрүнгөн «жат» нерсе аралашканда ал укмуштуу болору анык ко. Андан сактануудан, коркуудан мурда, ага таңдануу сезими пайда болору бүгүн байкалды. Айбалта төбөгө согулган сайын жыгылуу мындай турсун, аша кетсе, башын чайкап коюп, жин чачкан буура а дегенде жоокерлерди таң калтырган. Эми аларды коркута баштады.

Буура булкулдайт. Тарпаң-каткырат.

– Бу киши уулу эмес, Ойсул-Атаны минген жин! Жин! Жин! Мындан оолак качын!

– Ие, жинден оолак кетиң!

– Уа, кара буура минген жин өлөр эмес... Качыңдар.

Жоо тобунун ушундай сактанышы алардын жоокерлеринин сесин алды.

Ойсул-Атага минген «жин» жакындаганда... жылкы баласына минген кишилер сүрдүгүп кача жөнөйт.

Качкан жоого Тарпаңдын узун сап балтасы жетет. Балтасы жетпесе, кара буура узатпайт. Буурасы жетпесе, жебеси жетет.

Тарпаңдын чабыштагы бул бөтөнчө жоругу өздүн күлкүсүн чыгарды. Жаттын үрөйүн учурду. Сесин алды...

Берки дөбөдө, көк асаба түбүндө турган Эр-Киши чыны менен моокуму кангыча корсулдап күлөт:

– Бар болуң, Тарпаң шер! Эя, күчүңө кулмун! Амалыңан айланайын! Кара буура анык Ойсул-Ата экен, Азман!

Эр-Киши ушинтип кубанганда Азман да, Чекир бий да чабышка кумарланышты. Көз алдында чабыш жүрүп жаткан майдан эмес эле, тек буура минген бир укмуш Дөө менен башка калың атчан эл, күч, амал сынашкан тамаша сыяктанды.

– Бар болсун, эрен!

– Бу чабышта бу эрен учуп кетсе, анын башына коёр балбалдын саны канча, теңири?

Беркилер ушинтип жарпы жазылып турганда каршыдагы дөбөдө ак асаба түбүндө турган Элтерестин жини кайнады. Ал тыяк-быягына зил төгүп карап, жинденгендей айкырды:

– Эй, менин кусурум кайда?! Береги буура минген жин курутмак болду. Биздин колдун сыйкыры качкан беди?! Курчагыла, ону. Чапкыла, жинди! Тирүүлөй матап келиңдерчи! Канын ичем, онун!

Жинденген Элтерес шер жанында асаба коргогон алп эрендерден жүздү жөнөттү. Алар тек башканы коюп, ошол кара буурада каткырган «жинди» колго түшүрүп, матап алыш үчүн атайы жөнөштү...

Өң жалын жээрдеге минген жоон топ жоокер башкага буйдалбай түз Тарпаңга келатканда... берки дөбөдө көк асаба түбүндө турган Эр-Киши өз тобунан өң кулан сур минген жүз жоокерди жөнөттү. Булар да – жүз башысы баштап, жүзү тең бир чабар эрендер. Булардын өздөрүнөн да мингендери чарчоону, чаалыгууну билбес – кулан тукуму! Куландын жапайысы чокморду, жебени тоотпой кишини тике качыргандай эле, бул колго үйрөнгөн тукуму да чабышка жалтанбас, баш-көзгө камчы, союл тийсе да качпас укмуш мал.

Бир чабар жүз башынын жоокерлери тигил Тарпаңды көздөгөн жалын жээрдечендерди тосо чыгышты.

...Түш оой баштаганда чабышкан калың колдун кагылышы а дегендегидей каруулуу, айбаттуу, күчтүү эмес, кол катары сейрек тартты. Сулап-сулап жерде жаткандар да калың. Ат жалына таянып, алагар көзү коюлуп, колунан куралын түшүргөндөр да аз эмес. Эртеден бери шарактап кайнаган казан дымыгандай сууп келатты...

Эртеден бери чабыштын ар толкунун эске тутуп сурданган Элтерес чабыш мынчалыкка созулат деп болжогон эмес. Ал, а деп чабыш башталганда «Кара селли», анан ага удаа «Өрт жалынды» агытканда менин колума жоо туруштук бере албайт деп күткөн. Эки селди жоо колу тоготпосо, эки селге туруштук берсе, анда «Ак толкунду» каптатам. Чоң көлдүн ак толкуну буурул Жердин бетинен жууп салат жоону деп ишенген Элтерес, жанараак ошол баарынан күчтүү «Ак толкунду» майданга каптатты. Жалаң ак боз ат минген, жалаң ак тон кийген – «Ак толкун» түмөнү ат койгондо сууп келаткан майдан талаасы кайрадан жанданды. Жер кайрадан дүңгүрөдү. Чабыш кайрадан күч алды...

Азман менен Чекир «Ак толкун» каптаганда коркуп кетишти. Чекир аттан түшө калып, кайра атланды. Азман ээрдин кашын таянып майданга аргасыз, алсыз карады.

Экөө бирдей Эр-Кишини шаштырды:

– Баатыр, биздин кол кырылып кетпесин, такаат жибериң?

– Олор көп болуп кетти...

– Чаап салар...

– Каптап кетер...

Дайым агарып жүрчү мойнундагы узун ак тырыкка чейин кызара түшкөн Эр-Киши камырабай айтты:

– Э, калтарыбаң, або!

Тигилер көп кайрылбай тим калышты.

– Кол көп болсо эле, жоо жеңбейди!

Эр-Киши алда немеге алагды болгонсудубу? Сөзүн айтпай токтолду. Ар дайым оттонуп, адам тике караганда кишинин шилисине чыга түшчү курч көзү эми кууш, кытмыр тартты. Тигилип, тешилип, майданды тиктеди.

«Аз... биздин кол кырылып кетпесин... Тигилер көп болуп кетти... О, күч көптө. А туура. Кара таандай каптаган табгач көптүгүнө салып майтарып жүр. Жеке эле биздиби? Жеке эле кыргыз атанын тукуму табгачтан кыргын таптыбы?.. О... ушу майданда азыр кан төгүшкөн Үч-Суу журту да табгачтан кыргын тапкан. Кечээ бирин-бири чабышка төлөс менен эштек, купчак, аз менен карлук, изгил жана чаа, жамы он ок баары табгачтан кыргын табышкан.

Жалгыздан жеке калган журт такыр тыйпыл кырылды. Бирине-бири арка болгонунан тукум калды...

Кырк чыбык бир жалкыдан калса, ону бала сындырыр. Кыркы бириксе олор тутамга батпайды. Олорду тоо көтөргөн алп сындыра албады!

Эй, ант урган Элтерес шер, экөөбүз не үчүн күч кошо албадык. Бирибизге бирибиз арка боло албайбыз, эя? Биз ураан чакырышсак, киндиктеш эл бизге келер эди», – деди Эр-Киши. Элтереске кыжырланды.

Бул кезде майдан кызып, чабыш кайра чыйралды. Эр-Киши колу чынында эле аздык кылдыбы? Майтарыла, жапырыла баштады. Бирок качып майтарылбады. Тирешип, чабышып күч менен сүрүлүп, токтоло калып, бөгөлө калып... чытырап жыгылганы келатып, кайрадан майышып токтой калган жыгачтай колу чачылып бириндебей, бирине-бири тирек болду. Так эле майдандын орто аралыгына – так көк чатыр тушуна ыкташты.

Жоо көзүнө кыргыз колу күчтөн тайып, аргасызданып, алсызданып бараткандай сезилди.

Элтерес эми өзү ат коюп, алсырап бараткан колду биротоло тепсеп салууну ойлоду. Көк чатыр алдында камырабай турган Эр-Кишини Элтерес өз колу менен чаап салгысы келди. Асынган жалаң кылычын көтөрө калып... мына эми:

«Ураа-ан»! – деп айкырып жөнөгөнү калганда...

Тээ көк чатыр жанында, көк асаба түбүндө баятан атчан турушкан Эр-Кишилер аттарынан түштү.

Аны көргөн Элтерес селейип, таңдана карады:

– Хэ, Салим бек? Олор неме ойлоду, теңири? Ушунча алыста туруп Эр-Кишинин оюн билгендей Салим токтолбой айтты:

– Бек, ол кыргыздын Эр-Кишиси! Алдына дасторкон жайдырып, аш ичкени жай олтурду.

Элтерес ишенбей күлгөн болду. Элтерестин күлкүсү күлкү эмес ыза эле.

– Эми өлөм. Аш ичип алайын деди, ол, Салим бек?!

– О жок...

Салим сөзүн бүтпөй токтолду. «Эй, Элтерес шер. Сенин эрдигиңе арга жок. Айбалтаң күрс согот. Билгилигиң тайкы. Эрдик демиңди билбестигиң жууп салыр», – деп айта жазды Салим Элтереске. Айтпады. Салимдин бул кебинен Элтерес алп чынында кек санамак.

«Эй-а, менин күчүмдү көрө албай жатырсың, билгим. Чабыш жеңишин менден кызганышты өлүп коёрсун», – демек Элтерес...

Эр-Кишилер бул кезде чынында эле алдыга дасторкон жайдырышкан.

Жайдырганда да каршысындагы Элтерес тобу көргөндөй, майдандагы чабышкан жоокерлер, баатырлар сезгидей көрүнөөгө олтурушту.

– Баатыр, кол күчтөн тайып кетти, каруу кошолу? – деди Азман.

Эр-Киши жардык берди:

– Өз түмөнүмдөн үч дем чыксын!

Оң-сол канатта жарданып турган үч миң колдун миң башылары шап аттанышты. Эр-Кишинин майданга чыгарган үч деми (үч миң) жоокер «Ак толкундан» үч эсе аз. Ага жараша булар анча шаңданбай чабуул койду. Себеби, мингендери өң кула экен. Баары тең бир кылка, кунан сындуу жаш, ушак көрүндү. Бирок чуркаганы тез, элпек, чарчабас. Баарынын кийгендери ошо мингендерине түстөш – сур тон. Өздөрү ири, аттары ушак, кийимдери сур бул жоокерлер чапканга майданга деле кол кошулгандай болгону жок.

Элтерес эми чындап күлдү:

– А-а? Эр-аке?! Айлаң куруган экен, сенин?! Өң кула тайга минген уландарыңды чыгардың. «Ак толкунум» эми уландарыңды жууп салганын көрүң?!

Салим чындап кейиди:

– Эй-а... Элтерес шер. Баатырдыгың күч. Баамың чолок. Биз күткөндөй Эр-Киши колу кансыраганда он кунан минген уланын атказып, ал кылычка моюн тосуп берчү кол башчы эмес!

– Э... сактаган түмөнү көрүнбөдү го?..

– Тиги атказганы кунан эмес, кулан минген бир чабар эрендери...

– Ие, Салим бек, олордой бир чабар эрендер «Ак толкунда» азбы? Он миңдин баары бир чабарлар!

– Эя, он миңдин баары бир чабарлар... Бирок биз бардык түмөнүбүздү майданга салдык. О тиги Эр-Кишинин колунан майданга чыкканы беш түмөндөн ашпады...

Элтерес эсине келе түштүбү. Сактанып сурады:

– Э... буктурмада түмөндөрү бар дейсиңби?

– Бар!

– Көрүнбөйт...

– Бар, Эр-Кишинин дагы үч түмөнү аттарын тойгузуп, өздөрү тынытып, кезек күтүп жатыр...

– Болсо болду... болгондо олору бу жазыктын кай жерине катылды? Аттуу, тондуу үч түмөн кол бир чукурга сыгбас. Үч түмөндү сыгдырар чукур да көрүнбөдү?!

– Мен да ошону ойлоп таңмын. Үч түмөнү бары бар. Элчи жалганын айтпады...

Бул кезде чабыш кайрадан Элтерес турган дөбө жакка агылып, ыктай баштады. Чабышта Элтерес колу үстөм, Элтерес түмөндөрү жайнап жүргөнсүдү. Чабыштын мүнөзү башкача. Ак боз минген, ак тон кийген жоокерлер көбүрөөк запкы чегип жаткандай. Аттан түшкөндөрү да көбөйүп баратыр.

Салим камчысын соройтуп майдан жакка сундурду:

– Ана «Ак толкун» ташка согула баштады. Аны соккон көк таштар тиги көзгө көрүнбөс... кулан минген «уландар»!

Элтерес үндөбөй карады. Баатырдын узун жаагы булчуңдана түшүп, тиштери кычырады. Кара сур ирени суз тартып, көздөрү кайнай түштү. «Не иштесем? Толкунга кошор кол калбай калды. Не өзүм ат койсом бекен? Уа, андо асаба кантир. Ураан урап, бел сынып калар... Эр-Кишинин буктурган түмөндөрү болсо, колум такаат бере алабы? «Кара сел», «Өрт жалыны», «Ак толкун» силерге не көрүндү, эй? Силер каптаганда канча жоо чыдап турчу эди? Чын эле кыргыз тукумунда кут барбы теңир? Элтерес алпыңдын жылдызын өчүрөсүнбү? Чын эле ак асаба урааны урайбы? Уа...»

Элтерес кыйкырып айтты:

– Жок! Ак асаба урааны чокуга чыгады!

...Дал ушул кезде дагы бир күлкүлүү окуя башталды.

Кандайдыр бир көлөкөгө окшогон атчан сереңдеп чыга келет да, ак боз минген Элтерес жоокеринин бирине тийишкенсийт. Ак бозчон качырса, ал көлөкөгө окшогон неме түз эле көк асабаны көздөй качат. Эми жетип, эми жыга чабам менен, аны куугап жоокер далай жерге барат. Майдандан узап кеткенин сезген ак бозчон не көлөкөгө жетпей, не аны качыра берүүдөн алыстап кетемби дейби? Кайра тартат.

Ошо замат «көлөкө» да кайра тартат. Бирок, ал «көлөкө» кайра тартары менен тызылдатып келип, ак бозчонго жабыша түшөт. Бул алыстан карагандакы көрүнүш. Ал тиги «көлөкө» – жылкычылардын куудулу баягы Шап! Ал деле жоокерлерче кийинбеген, үстүндө боз кементай, бирок кементайы чолок этек, чолок жең. Башында боз калпак, бирок калпагынын этеги делдегей, төбөсү жок. «Өзү арык, анын үстүнө арык кол-бутун ого бетер тартайтып көрсөткөн, чыпталган тар жаргак шым кийип алыптыр. Колунда укуруктун сынык учунан башка каруу жок. Тиштерин ырсыйтып, шак-шак күлөт. Аны чапканы келаткан жоокер болсо да, анын укмуш кебетесин көргөндө чаппай өтөт. Шап акең бүркүтчө кылактап коёт да, жоонун жоокерин укурук учу менен колтукка укуйт. Өзү суурча аңкуштайт. Не мадылча чаңырат.

Жоонун жоокери аны чапмак тургай «жини бар неме экен» дейби? Андан оолак качат. Кай бир кыжырлуулар деле ушул жинди жыга чабайын дейт, түз качырат. «Жин» кача жөнөйт. Бирок «жиндиге» соо жетпейт. Себеби, куудул жылкычы Шаптын мингени укмуштай күлүк ат! Ат болгондо да, ол «Кер чунак», үйрөтүлгөн Кер чунак. Шаптын өзүнөн Кер чунак кандай ат деп сурасаң.

– Оо! Абакеңдин Кер чунак, жылкы ээси Камбардын батасы тийген жаныбар. Айсыз караңгыда Кер чунагым чу койсом, мышыктай болгон жаныбар бутагы жок карагайга шап чыгар...

– Тек, калптын куйругу болур, – дейт жылкычы.

– Э, куйругу болсо, кармап алың, калпымды, – дейт Шап камырабайт.

– Кана, айсыз түндө карагайга чыккан Кер чунак күндүзү да чыгар. Чаап, чунагыңды карагайга чыгарып көрсөтүң? Оно-одо бутагы жок карагай тур...

– Э-э, жиндилер, – дейт Шап анда жылкычыларды. – Күндүз Кер чунак чыкпас...

***Суроолор жана тапшырмалар:***

*1. Романдын негизги идеясы жөнүндө эмне айта аласыңар?*
*2. Романда кездешкен түшүнүксүз сөздөрдү жазып, сөздүктөн маанилерин таап, түшүндүрүп бергиле.*
*3. Роман кайсы доорду чагылдырат?*
*4. Үзүндүнүн мазмунун чагылдырган эссе жазгыла.*
*5. Чыгарманын «Көк асаба» деп аталып калышынын себеби эмнеде деп ойлойсуңар?*

***Сөздүк:***

*Калкан – қалқон*
*Туулга – дубулға*
*Эрегиш – беҳуда тортишув*
*Арбак – арвоҳ*
*Теңир – тангри*
*Үзөңгү – узанги*
*Буура – икки ўркачли туя*
*Ойсул-Ата – туя ҳомийи*
*Дөбө – тепа*
*Эрен – довюрак эркак*
*Кут – бахт, саодат*
*Чабуул – ҳужум*

## УЗАКБАЙ АБДУКАИМОВ

*(1909–1963)*



Жазуучу, котормочу, акын жана драматург Узакбай Абдукаимов 1909-жылы Сузак районуна караштуу Багыш айылында туулган. 1922–1925-жылдары Ташкенттеги казак-кыргыз институтунда окуп, Фрунзедеги Кыргызстан педтехникумуна которулуп, аны 1929-жылы бүтүрүп, мектепте директор болуп иштейт. 1930-жылы СССР элдеринин Москвадагы борбордук басмасындагы кыргыз секциясына иштөөгө жиберилип, бир-эки жыл иштегенден кийин кайра Фрунзедеги тил, адабият жана тарых илим изилдөө институтунда илимий кызматкер болуп иштейт. 1935-жылы СССР Жазуучулар союзуна мүчө болгон.

У. Абдукаимовдун чыгармачылык иши 30-жылдардын аягында, т.а. 1939-жылы «Кыздын таалайы» повести менен башталган. «Карындашыма» аттуу повестин (1944) жазган. Анын көрүнүктүү чыгармасы «Майдан» романы (1966) болгон. Бул чыгарма орус жана англис тилдерине которулган.

Ал ошондой эле А. С. Пушкиндин «Балык менен балыкчы жөнүндөгү жомогун» (1936), «Алтын короз жөнүндөгү жомогун» (1940), «Поп, анын кызматчысы Балда жөнүндө жомогун» (1949), Гоголдун «Текшерүүчүсүн» (1937), Горькийдин «Ангемелер» (1952), «Душмандар», «Егор Булычев жана башкалар» (1953), «Көрүнгөндүн колунда» (1954) жана А. Фадеевдин «Жаш гвардия» романдарын (1954–1958) которуп кыргыз окурмандарына тартуулаган.

## «МАЙДАН»

*(Романдан үзүндү)*

15-октябрда Качике резервдегилер менен немецтердин чек арасын бойлоп отуруп, Неман суусунун боюндагы Наукаймес деген жерге келди. Литвалыктан Качикелер кирген үй ээлери – зайыбы менен күйөөсү жалпылдаган жакшы кишилер экен. а дегенде чаң баскан офицерлерди (булар үчөө эле) жуунтуп, кийимдерин тазалаттырып, чайга отургузду. Кеч кирип бараткан. Үй ээси радиол коюп, баласын (алты жашта экен) эркелетип, кемпири экөө алмак-салмак алпечтеп жатышты.

– Баланарды эрке өстүрүп коёсунар го! – деди лейтенант Газаров.

Үйдүн ээлери орусча жакшы сүйлөгөн немелер экен, баланын көзүнчө:

– Жакшы бала эркеден бузулбайт, – деди энеси.

Бала эшикке чыгып кеткенде, үйдүн ээси Янкунес Станислав сүйлөп калды.

– Баланын аты Алик, же Олегби, өзү Ленинграддан экен. Ата-энесин билбейт дешет, бирок өңүнөн тааныса керек. Немецтер Ленинграддан качканда, жай элдерди да кошо ала качыптыр. Бу жерден немецтер өтүп баратканда балдарды биз алып калдык уурдап. Баланын бу жерде эжеси да бар.

Үйдүн ээси толугун тактап айта баштаганда зайыбы чебеленип, литвача бирдеме деп урушту.

– Сен эмне коркосуңбу? – деди Станислав, зайыбына орусча.

– Корком! – деди зайыбы да орусча, – ата-энеси же башка эле бирөө келип алып кетеби деп корком! – деди аял күлүп, капаланган кишиче алжапкычты тытмалап.

Экөө баласыз неме. Аликти жакшы тарбиялашат экен.

– Сиз эмнесинен коркосуз? Ата-энеси табылган күндө да сизге алкыштан башканы айта албайт. Бага бериниз. Жакшы бала экен, литвача сүйлөйбү? – деди армян Газаров.

– Сүйлөйт, – деди Станислав.

– Мына, ата-эненин да, баланын да тагдыры! Качике баланын эжесин сураштыра баштады.

– Эжеси жакын, ушул эле жерде. Эмне көргүнөр келеби? – деди да, негедир өзү да чочуп, көздөрү көпкөк, тептегерек боло түштү. Зайыбы күйөөсүн тыткылап, бирдеме деп урушуп жатты.

– Мен бабырап сүйлөй берчү киши элем, силер кеткенден кийин зайыбым мага күн көргөзбөйт.

Эри экөө кужулдашып, зайыбы урушуп, эшикке чыгып кетти. Алик экинчи үйгө кирген жок. Бала тууралуу бекер аңгеме козгогонуна үй ээси чындап убайым жеп, түпөйүл болуп калды.

– Кудай акы, сиз бирдеме жаза көрбөңүз, мен тим эле айтып калдым. Бизде орустун балдарын багып алгандар көп, – деп Станислав чындап чочуду.

– Биз өзүбүз тамтаңдап резервде жүрөбүз. Эми алдыга жылып бараткан армиянын артынан баратканыбыз, бала издегендер менен ишибиз жок, – деди Качыке булардын көңүлүн тынчытыш үчүн.

– Ким билет, бирөөлөр орустун балдарын баккандарга өкмөт жакшы карайт экен десе, бирөөлөр жаман кеп айтып, кишини коркутат, – деди үй ээсинин зайыбы.

Качике булардын чочуп турганын эми гана байкап, дагы баякы колхозго жазгандай бир шойком болбосун деп, чочуп:

– Кимде-ким жетим балдарды багып, бала кылып алган болсо – ал адамдын асылы! Эмне үчүн немецтер орустун балдарын, жай кишилерин өз кишилеринен кууп апаратышат? Бу пропаганда, орустун эли большевиктер менен жашагысы жок! – дейин дегени. Булардын өздөрү качкан жок, буларды зордук, пропаганда менен алып келди. Болбосо алты жашар Аликте эмне күнөө!

Бара-бара үй ээлери Качыкенин сөзүнө ишенип, эркинирээк боло баштады. Аялы жакшынакай эттүү тамак апкелип, аңгемени өзү сүйлөп кирди.

– Аликти азыр эт алып, киши болгондо көрүп турасынар, апарык, тим эле бака болучу. Эжеси андан бетер, чоң энелери араң эле сүйрөлүп келген. Байкуш жакында бирөөлөрдүн колунда жүрүп өлдү.

– Өлдүбү? – деди чочуп Качике негедир кайта сурап.

– Өлдү байкуш! – деди аял үшкүрүп.

– Мына көрдүңүзбү? Булар таптакыр эркসиз болгон! Сиз болсо жетимдерди багып олтуруп, бакканыңыз үчүн коркосуз! – деди Качике кыжыры келип.

– Бизди коркутуп жатышпайбы! Кимде ким немецтер менен кетип бараткан баланы же чоң кишини жолдон чыгарып алып калчу болсо ... деп эле, капкайдагыны айтышат... анын үстүнө, Советтердин офицерлерин жаткызбагыла, жаткызсанар да колдон келишинче жок кылууга тырышкыла дейт! – деди аял.

– Алар ким?

– Билбейбиз. Ушундай эле сөз бар! – деди аял Качикеге эси чыгып тиктеп.

– Бу жеринерде бүгүн эки жүздөн ашык офицер бар, демек, бүгүн баары жок болот экен да? – деди Качыке Станиславга тигиле тиктеп. Станислав коомайлана түштү да, зайыбына литвача бирдеме деп, анан орусча сүйлөдү.

– Менин зайыбым туура айтат. Бирок ал заман өтүп баратат. Мурун болгон. Мына бу карагайдын арасында дабырап жүргөн немецке кызмат кылган орус, литвалыктар болгон, власовчулар дейби, ошолор, бирок үйдүн ээси жардам кылбаса, андайлар кире албайт. Силерди бекер коркутат. Биз бирдеме болчу болсок, силер менен кошо өлөбүз, бирок мындайга жол жок! – деди Станислав.

Газаров менен булардын үчүнчү жолдошу, саясий кызматкер, лейтенант Кругликов литвалыктын бу сөзүн угуп, картасын таштап калды.

– Уктунарбы? Сак болгула! – деп Качике күлдү.

– Анын эмнесине күлөсүнөр? Баарыбызды кырып кетсе, армия резервсиз калат! – деди ачууланып лейтенант.

– Эмне кызандайсың? Сен өлсөң ыйлай турган киши барбы? Дароо саясий маселеге өтөт экен! Армияга резерв табылат, сен өзүңдү ойло! – деди кагып, Газаров.

Кругликов менен Качике жерден орун алып, Газаров терезенин түбүндөгү койкага жатты.

– Армиян тоолору бийик! Жаратылыш көркөм, туш-тараптын баары бак, булбул сайрайт да турат! – деди элди күлдүрүп Газаров терезенин босогосуна Италиянын кичинекей кызыл гранатасын коюп, терезени, анын капкагын өзү бек жаап.

– Көзүңө кара, лейтенант Газаров, – деди Кругликов, – сенин гранатаң менен бизди өлтүрүп жүрбөсүн?

– Столдун астына кирип жат, сенин саясий жаның аман калат! – деди Газаров.

Тамаша, күлкү менен уктап кетишти.

Түн кайсы маал экенин ким билсин, Качике чаң-чуң эткен табыштан ойгонуп кетти.

– Сен кимсиң? – деген орусча ачуу үн чыкты.

Кандайдыр бир чаңкылдаган аялдын үнү: «Коё бериңиз! Коё бериңиз!» – деп жатты.

Үйдүн ээлери ойгонуп, литвалыктардын тили сүйлөнүп, чаңкылдашкандан кийин:

– Жата бергиле, бу менин кайнызжем, Каунастан келиптир, – деди да, Станислав тышкы эшикти ачып, киргизип кетти.

Эртең менен баары күлүп жатып чай ичишти.

– Карасам мени бирөө колуман тарткылап баратат! Терезенин капкагы да ачык! – деп укмуштантып, көздөрүн акшыңдатып, ооздорун чормоңдотуп, Газаров бүткүл шыгы менен сүйлөдү. Көзүмдү шарт ачсам, ой, укмушуң кургур! «Жаныңдан үмүт кылсаң былк этпе!» деп, саксайган бирөө турат. Мени көздөй кезеп турган канжары, бир колунда килейген пистолети бар...

– Эмне? Качан? Качан? – деди Кругликов, оозунан чай куюлуп калып, аңкайып.

– Түндө... сен эмне, туйбай калдыңбы же столдун астында белең? Кандай чапчаңдык пайда болгонун билбейм, италянканы ыргытып эле калдым! Капкара түтүндүн ичинде калган экемин, көзүмдү ачсам Костя, үйдүн ээлеринен башка киши жок, тымтырс болду да калды. Эшикке чыксак да жан жок, качкан экен шумпай каракчы! – деп Газаров өзү күлбөй чай иче берди.

Кругликов ууга жаңы чыккан жаш уучуга окшоп, көзү чакчайып, Газаров сүйлөгөн сайын оозу, колдору, кебетеси кошо кыймылдап, Качике менен үй ээлери күлүп жыгылып калышты.

– Көрсө мабу киши экен! – деп, Газаров үйдөгү аялдын эжесин көрсөттү.

– Фу! Чын экен десе! – деп, Кругликов эми күлдү. – Сиз түндө келдиңиз беле? – деди орусча.

– Я, я! – деди, түшүнбөсө да.

– Сен мындай уктабай жүргүн, өлгөнүңдү да билбей каласың! – деди Газаров лейтенантка.

Кругликов бирдеме деп жалжактайын деди эле, столдун астынан Газаров бутун басып койду.

– Мен дайым түндө сиз жаткан жерге жатчумун, а киши мен экен деп эле сизди колдон алган турбайбы, караса эле орусча сүйлөгөн бирөө шап колдон алса, чалкасынан кетиптир, – деди, Станислав жалпы күлкүнү козгоп.

– Бул үйгө ыракмат, бизге жөнөш керек, подполковник кыйкырып жүрбөсүн, – деди Газаров саатын кулагына тосуп.

Үйдүн ээлери менен коштошуп, булар жолго чыкканда, офицерлер чогулуп, Немандын боюнда жүрүшкөн экен.

– Лейтенант Кругликов, сиз кайсы жерде тарбиялангансыз? – деди Газаров басып баратып, лейтенантка карабай.

– Юнкеристтер окуу жайында тогуз ай пол жуугангмын! – деди Кругликов.

***

Качике Люсянын катын окуй баштады. Люся бу катта Качикенин Саша жөнүндөгү кеңешине алкыш айтып, мындай деген эле:

«Саша чын эле сиз айткандай менден коркуп жатса керек, анык да туура, а дагы ойлоно турган нерсе. Мен сиздин айтканыңызга кошулам, сиздин айтканыңызга макулмун. Эгер Саша чалпоолук кылбай, менин колума консо, мен бар өмүрүмдү Сашага сарп кылып, аны киши кылар элем…»

Каттын бу жерине келгенде Качике көзүн жумуп, ойлонуп кетти. «Овозгер жакшы – кан жакшы, катын жакшы – эр жакшы!» Кыргыздар бул макалды бекеринен айткан эмес экен да. Мына бул Люсянын айтып турганын көр! Кыргыздар айткан аялдын так өзү. Бу сөз көңүлүндө арамдыгы жок, таза, ак ниет аялдын айтып турган сөзү. Буга ишенбеске болбойт!..

«Эгерде муну Сашага мен айтсам Саша көңүлүнө алар, мен аялдын колуна карап, мойнуман жетелетип жүрмөк белем деп, арданар, муну Сашага мен

баштап айтпайын, бирок сиз бизди достукка санасаңыз акырын айтып көрүңүз, түз айтпай жандатып айтыңыз. Жоош кишинин кыялы кээде оройураак келет, орондоп кетип жүрбөсүн, мен Сашага аны айтпай эле, экөөбүз баш кошуп калсак, экөөбүз тең окуйбуз, деп кадыресе сөз кылып айттым. Бул бир. Экинчи дагы сиз үчүн жаңылык… Жакында бизге Тургамбай Абайылдаев деген офицер келип түштү. Бу кишинин көзү, башы таңылуу. Бир буту кесилген, бир буту, бир колу тең гипсте. Таптакыр талкаланып калган киши экен. Аны биз колубуз менен тамак берип, багып жатабыз. Нечен оор жарадарларды көрдүм эле, бирок мындайды көргөн эмесмин. Оозун араң кыбыратып, араң сүйлөйт. Өзүбүз да көп сүйлөттүрбөйбүз. Сүйлөгөндө ооруп кете турган тамырлары бар экен, муну докторлор айтышты. Докторлор бардык күчүн ушул кишини айыктырууга жумшап жатышат. Бирок үмүт бар, анткени, күндөн күнгө жылыштап, көңүлү ачылып, тамак жегени дурус болуп келатат. Мени эң жакшы көрүп, кызым дейт. Бир күнү китеп окуп берип, жанында отурсам, ай кызым, бу жерде кыргыздан барбы? – деди.

Мен ойлонуп туруп сизден башканы эстей албай койдум. Анча-мынча билгендеримди айтсам билбей койду да, сизди айтканда кыйкырып жибере жаздап, кыймылдап жибергенсиди.

– Акырын, акырын, – деп араң бастым.

– А кайда? – деди.

Мен сиздин бу жерден согуш окуу жайына кеткениңизди, өзүмдүн кат жазышып жүргөнүмдү айттым. Сизди жакшы билет экен.

– Эмне жакшы көрүп калдыңыз беле? – деди. Мен күлүмсүрөп оозумду басып туруп калдым да:

– Ал кишини жакшы көрүүгө болобу? – дедим.

– Болот, жакшы киши бирок… анын кутулалбай жүргөн аялы бар, – деди.

– Аялы болсо мейли, мени жакшы көрсө болду да, аньсын таштабайбы? – деп, каткырып күлүп жибере жаздап, оозумду дагы басып турдум. Бул кылыгымды кечириңиз, мен сиздин ким экениңизди жакшырак билейин деп сынап тургамын, дагы айтам: кечириңиз.

Тургамбай бир топко унчукпай калды да:

– Сиз аны бактылуу кылар белеңиз, кызым? – деди.

– Мен а кишини бактылуу кылыш үчүн бүткүл өмүрүмдү сарп кылар элем, – дедим. Мен, албетте, Сашаны айтып жаттым, муну сиз да туюп тургандырсыз.

Тургамбай дагы ойлонуп калып, анан акырын сүйлөп:

– Мен сизди, кызым, көрбөйм, бирок көралбасам да билип турам, жакшы киши окшойсуз, бирок Качике сизден бир далай жаш улуу болуш керек го бу кандай болор экен? – деди».

***

Берметке Люсянын колу менен жазылган Тургамбайдын, анан Качикенин каты келди. Качике өзүнүн катында Берметке Тургамбайдын кандай абалда жатканын Люсянын катынан улам толук жазды. Бермет бу каттардан кийин агасынын аман-эсен айыгып келерине (мунжу болуп калса да келерине) көзү жетип, өзү да Кыдырбектен чоң үмүттүү болуп калды. Ошо замат бу каттардын мазмуну (кээде апыртылып) ооздон оозго өтүп, шаарга тарай баштап, муну Чынаркан да укту. «Мага айтпай, мен билбеген кимге кат жазып жүрөт?» – деп, Чынаркан дароо шектенип, Жамалкандыкына келди. Анткени Бермет деген кыздын ушул үйдөн атын угуп, ушул үйдөн көрүп жүргөн эле.

Чынаркан аялдардын арамзалыгына салып, Жамалкандан чегип сурай баштады.

– Тургамбай Абайылдаевден көптөн бери кат жок деп жүрүшчү эле, кат келиптир дейби? Өзү жазалбай бирөөгө жаздырганы чын бекен?

– Чын, чын, жене, сиздин күйөөңүздөн да карындашына кат келиптир, – деди Жамалкан.

– Карындашы ким экен? – деди Чынаркан калп эле билмемишке салып.

– Карындашы жанакы биздин үйгө келип жүрчү сулуу кызчы, Бермет, сиз деле далай көрбөдүңүз беле? – деп, Чынаркандын ичинде эмнелер кайнап жатканын билбей, тигил айта берди.

Ушул учурда эшик ачылып, жазга карата жука, таптаза кийинген Бермет суйкайып кирип келди. Берметтин баякы шапайыңкы өңү кичине толуп, болор-болбос кызылдуу болуп турган эле. Чынаркан Берметти көрөр замат эти дүркүрөп, жаман көрүп, көзүнүн агы канталап кетти.

– Мына, өзү да келип калбадыбы! Бермет, бу кишинин күйөөсү Качике сага кат жазбады беле, ошону айтып берчи, Тургамбайдын абалын билейин деп келген го, – деп, эчтеме байкабаган Жамалкан өз жайын сүйлөп калды.

– Көрдүңүзбү, жеңе, мамынтип колхозчу болуп кетти, баякы колдор жок, дем алыш сайын талаага барып огород казабыз, – деп, Чынарканга туурулуп бараткан колдорун көрсөттү.

Тырмактары кыпкызыл болуп, маникюрлөнүп турчу эле, эми далай колдор чор болот ко, – деди да, Чынаркан ичинен: «Ырас болот, дагы болсо

экен!» – деп табалап жиберди. Өзүнүн жерин айылдан келген сиңдиси иштеп, Чынаркандын колу топуракка тие элек болучу.

***Сөздүк:***

*Мунжу – чўлоқ*
*Майып – майиб, ожиз*
*Чегара – ҳудуд*
*Зайып – хотин*
*Пропаганда – тарғибот*
*Үмүт – умид*
*Карындаш – сингил*
*Огород – полиз*

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. Чыгармада кайсыл учурдагы окуя чагылдырылган?*
*2. Эмне үчүн чыгарма «Майдан» аталды деп ойлойсуңар?*
*3. Үзүндүдөгү каармандар жөнүндө сүйлөп бергиле.*
*4. Качыкеге мүнөздөмө бергиле.*
*5. Каалаган жериңерден үзүндү жаттагыла.*

***Үйгө тапшырма***

*1. Тандаган үзүндүңөрдү өзбек тилине которгула.*
*2. Чыгарманын толук текстин таап окугула.*
*3. Чыгарманын негизинде сүрөт тарткыла.*

## СООРОНБАЙ ЖУСУЕВ

*(1925)*



Кыргыз Эл акыны, Кыргыз Республикасынын Эл баатыры Сооронбай Жусуев 1925-жылы Ош облусунун Кара-Кулжа районундагы Алай-Куу өрөөнүнүн Кызыл-Жар кыштагында туулган. 1947–1949-жылдары Ош мамлекеттик мугалимдер институтунда окуп, анын кыргыз тил жана адабият факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөн. 1951-жылы Ош областтык «Ленин жолу» гезитинин редакциясында бөлүм башчы болуп иштеген, 1951–1956-жылдары Москвадагы М. Горький атындагы Адабият институтунда окуган.

С. Жусуевдин алгачкы «Алдыга жүргүн, кыргыздар!» деген ыры 1943-жылы «Советтик Кыргызстан» журналында жарыяланган. Алгачкы «Эмгек күүсү» аттуу ыр жыйнагы 1950-жылы басмадан чыккан. Андан бери акындын «Түрмөк булуттар» (1969), «Алтын чынар» (1973), «Суктануу» (1977), «Бийик асман» (1979), «Миң кайрык» (2000) деген ыр топтомдору жарык көргөн. Ыр китептери орус, казак, өзбек, украин, азербайжан, тажик тилдеринде басылган.

Анын көрүнүктүү чыгармаларынын бири «Курманжан датка» романы (1994).

С. Жусуев Шекспирдин, Пушкиндин, Лермонтовдун, Шевченконун, Абайдын, Мактымкулинин, Исаакяндын, Омар Хаямдын, Есениндин ж.б. акындардын ырларын кыргыз тилине чебер которгон.

## КУРМАНЖАН ДАТКА

*(Романдан үзүндү)*

### ПРОЛОГ

Алай, Алай, Алайды бүт каптап кар,
Адыры да, аскасы да аппак кар.
Айланага көз жиберсең көрүнөт
Аппак кыя, аппак кокту, аппак жар.
Айылдарды аралаган жолдор ак,
Адам дагы, ат да басат таптап кар.

Жалаң көйнөк кайың турат калтырап,
Жабыккансыйт мажес бадал алсырап.
Салмак салып бутактарын кар чүмкөп,
Кайыккансып, чыйрыккансып тал турат.
Жакасына улам жаңы муз тоңуп,
Күңгүрөнүп, дайра көөнү суз болуп,
Жайдагыдай жаак жанбайт шаркырап.

Төгөрөк ай көктө жалгыз төрөсүп,
Нуру азайып, улам барат өңү өчүп.
Асман сансыз жылдыздарын бир-бирден
Жаткан окшойт кай жаккадыр жөнөтүп.
Айланага иңир кирсе кайрадан,
Жаңы, жарык жылдыздарды жайнаган
Жамыратып алмак түнгө төрөтүп.

Жошоолуунун[1] дарактары дүпүйүп,
Алгансышат карды үстүнө бүт үйүп.
Көрүнүшөт салабаттуу, сөөлөттүү
Ак тон кийген карылардай күпүйүп.
Өздөрүндө, сөздөрүндө касиет
Бар өңдөнүп, алар куруп масилет
Жаткансышат чоң маселе бүтүрүп.

Агыш жарык тарап туш-туш жактарга,
Ажар кошту түндө жааган жаш карга.
Ар боз үйдөн түндүк жабуу серпилип,
Ар коломто өз казанын асканда,
Суйдаң түтүн, бозгуч түтүн, көк түтүн,
Коюу түтүн, коңур түтүн, көп түтүн
Кашаң булап, каалгыды асманда.

Тоо артынан сыйкырдуу нур төгүлүп,
Ошол нурга жер да, көк да чөмүлүп,
Таң сүргөндө көзгө урунду бир боз үй
Көп үйлөрдүн арасынан бөлүнүп.

[1] Жошоолуу – Алайдагы айыл, тоо.

Боз үй эмес, ак үй турду заңкайган,
Кар түстөнүп, таң түстөнүп маңкайган,
Көлөмдүүрөк, көркөмдүүрөк көрүнүп.

Үйдүн ээси Курманжан да айтылуу,
Кайда жүрсө каадасы улуу, салты улуу.
Далайлардан даражасы жогору,
Далайлардан баркы улуу да, даңкы улуу.
Туу сыяктуу ыйык көрүп ар адам,
Туш тарапка асыл аты тараган
Тунук акыл, парасаты[1] аркылуу.

Буурул түндө алтын түстүү шам жанып,
Үйдүн ичин нурга боёп ал жарык,
Азанчы али айта электе азанын,
Кыймыл кирди үй эшиги жанданып.
Сезсе дагы сырттын катуу аязын,
Даарат алып, окуп болуп намазын,
Датка эртелеп жатты жолго камданып.

Ушул түндө, узун түндө түш көрүп,
Эне дилин үч гана эмес, жүз бөлүп,
Уктай албай улам чыкты түйшөлүп
Уулдарын, урпактарын бүт көрүп:
– Мадыдагы[2] балдарымды сагындым,
Азабына жолдун келбейт багынгым,
Келем кайра демденип да, күчтөнүп.

Калгандарга зарыл жумуш дайындап,
Кары датка көрүп бүттү камын бат.
Ичик кийип, кийип кийиз өтүктү,
Балдарына келмей болду айылдап.
Кой дешпеди: ал бекер сөз айтпаган.

[1] Парасат – акыл, эс.
[2] Мады – Оштон Алай тарапка кетип жаткандагы жердин аты (азыр Кара-Суу районуна карайт).

Айтканынан асти[1] такыр кайтпаган,
Баары көнгөн анын оюн кайылдап[2].

Үй жанында суулуктарын кемирген,
Таноолордон буу буркурап, элирген.
Үч аргымак туйлап турду кар чапчып,
Чүмбөттөлгөн арабага чегилген.
Азырданып турат дароо жөнөргө
Арабакеч араба айдоо өнөргө
Аңсап-көксөп жаштайынан берилген.

Арабага түштү датка таятпай,
«Алдан тайып, картайган» деп аятпай.
Бар жанында көмөктөшөр адамы –
Небереси камкор Мырзапаяздай.
Айыл эли кардуу жолго көз салып,
Кала берди соболу бар сөз салып:
«Датка неге жол тартты экен таң атпай?»

Жолго чыгып, секин жүрдү араба,
Жолтоо болбой таңкы ызгаар, кар ага.
Арабаны кара, мейли караба,
Алай жолу болгону жок тар ага.
Жол бойлото бир топ там үй салынган,
Үйдүн баары үстүнө ак кар жамынган,
Кышта чүнчүп кыштак турду арада.

Башта Гүлшаа, кийин Гүлчө[3] атанган
Ушул кыштак чыкмак эмес назардан.
Алайдагы кут түнөгөн бу жайды
Алгач көргөн келин кезде жасанган.
Азыр мына таянганда жүз жашка,
Алмашылып улам ою жүз башка,
Аны карап өтүп барат азандан.

[1] Асти – такыр, түк деген мааниде.
[2] Кайылдап – кубаттап, ыраазы болуп, кайыл келип.
[3] Гүлчө – Алай жериндеги айыл (азыр Алай районунун борбору).

Келин болуп кер маралдай керилген,
Келип мында элге, жерге берилген.
Алайлыктар жалаң асыл сөз уккан
Аксанатай, буудай өңдүү келинден.
Калкка айтканы чыккан эмес кээ болуп,
Кай жерде да кадыр-баркка ээ болуп,
Кабыл келген тилегени теңирден.

Ал эң башта үй-бүлөдө барк тапкан,
Анан аны көп айылдар баркташкан.
Акылын да, ал аткарган иштерин
Алайлыктар, оштуктар бүт жакташкан.
Тардык кылып башта кенен аралык,
Бүт Паргана өрөөнүнө таралып,
Анын ысмын көкүрөккө жакташкан.

Ага өзүндөй ишенишип жаш-кары,
Дуба сындуу сөзүн дилде сактады.
Баарыга тең кылган үчүн адилдик,
Досу тургай, жоосу дагы барктады.
Анткор жоого алдандаган пейли үчүн,
Албарстан[1] да тайманбаган пейли үчүн
Аны аташкан «Ургаачынын арстаны!»

Кезегинде ажарынан нур жанган,
Кезегинде кер сары өңү сурданган.
Кээде жетип, жетпей турган жеңишке,
Кээде эми жетеринде кур калган.
Укмуш сырлар уялашып оюнда,
Ушунчалык узун өмүр жолунда
Нени баштан өткөрбөдү Курманжан!

Токсон алты алгач жааган кар көрдү,
Отуз алты миңден ашуун таң көрдү.
Ошончолук түркүн түн да, күн көрдү.
Кырмызы гүл, боз тозоңдуу чаң көрдү.

---

[1] Албарс – өтө курч металл.

Айды көрдү күлүп мээри төгүлгөн,
Кайгы көрдү айырмасыз өлүмдөн,
Жайнаган шам, кара кочкул кан көрдү.

Көрдү тагдыр бешенеге жазганын,
Көрдү Алайдын, Ош, Кокондун асманын.
Аны акыры ушул чекке жеткирди
Өмүр – күлүк танбай салып таскагын.
Кайыңдар да укса койбос таңданбай,
Кылым жашап, кылымдарга калгандай
Өзү жазды өмүрүнүн дастанын.

Андай жанга атайы бир ат керек,
Айрыкча ат, ардактуу ат бап келет.
Орус айтса «Алай каникеси» деп.
Кыргыз айткан кыска гана «Датка» деп.
Ал датканын эл таламын жактаган,
Айткан эли: «Бизди коргоп, сактаган,
Алла таала, даткабызды сакта!» деп.

Көгүш күрмө, көйнөк кийип кырмызы,
Айылда өскөн кара тору бир кызы
Атагы артып болсо алыска шардана,
Анан кантип мактанбасын кыргызы.
Мактанат да күндөй жанып акылы,
Болсо ал кызы асылдардын асылы,
Күн чыгышта аялдардын жылдызы!

Датка көргөн көзү менен далайды
Дагы дыкат карап барат Алайды.
Ыйык жерин көңүл тойбос, көз тойбос
Ырас минтип карабаса жарайбы.
Ал Алайды кыйбагандай түрү бар,
Үнсүз сыздап ыйлагандай түрү бар,
Антпегенде мынча муңдуу карайбы.

Бул Алайдын гүлү тургай, уйгагын[1]
Датка барктап табериктей туйганын,
Эли билет, кантип, кайра Алайга
Кайткан сайын ыракатка тунганын,
Бирок, датка курчу кеткен көзүнүн,
Сезип барат ушул кыштай өзүнүн
Өмүрүнүн кышы келип турганын...

Бирде куунап, бирде катуу кайгырып,
Узак турган ушул жерди жай кылып
Кары датка бараткандай айрылып,
Арабасы өр таянды жай жылып.
Арга түгөп таппагансып ал айла,
Арсарсынып билбейт, кайра Алайга
Же келбесин, же келерин кайрылып...

Эртегиси эрте бала чактагы
Ээлендирип, ээрчитти эми датканы.
Эсинде анда сезген катуу аязы,
Эсинде анда сезген ысык аптабы.
Те алыстан жанган шамдай бүлбүлдөп,
Керемettей көз алдына күлмүңдөп,
Келди жаркып өмүрүнүн ак таңы.

## КООГА АРТЫНАН КООГА

Улам берип бир-бирине кезекти,
Айлар тургай, жылдар дагы тез өттү.
Бүгүн көрсөң бийик дарак барпайган,
Жакында эле тиккен мажес көчөттү
Асман карай боюн керип шаңданат.
Адамдарга мөмө берет ал дарак
Түптүү дагы, тамырдуу да өзөктүү.

Ошол дарак ойлор бекен тымызын
Кийин бүтүн бутагынын сынышын.

---

[1] Уйгак – жабышчаак өсүмдүк.

Кимдир бирөө сөңгөгүнө балта чаап,
Же аралап кыйып, жерге жыгышын.
Тамырлары топуракка айланып,
Элеси да сакталбастан жайланып,
Эң акыры тыйпыл болуп тынышын?..

Балким дарак мындай санаа чекпестен,
Башка сезим туйбастан да, сезбестен,
Турган чыгар жашаймын деп түбөлүк
Эч ким анын бир чырпыгын кеспестен.
Тоготпостон эч нерсени, эч кимди,
Жолотпостон түр өзгөртөр мезгилди,
Азгырам деп ажалды да беттешкен.

Датка жүрдү башкадан жок капары,
Дагы уланды Ош, Коконго сапары.
Канча менен басташып да, касташып,
Кармаш менен, таймаш менен жашады.
Кызматы анын көтөрүлсө өйдөрөк,
Ага кошо зоболосу өйдөлөп,
Алыс жакка тарай берди атагы.

Курманжан да парз аткарып энелик,
Калды мына уул-кызга кенелип.
Ак бешикке бала салып жыл алыс
Алайдагы аялдарга теңелип.
Бала эмизип, бала багып, эмдетип,
Түйшүк тартып түндө бешик терметип,
Кантсин, бир аз калды ишинен ченелип.

Тең кармады бийлик менен бешикти,
Тең карады зарыл ушул эки ишти.
Бир мезгилде анын акыл, мээрими,
Бийликке да, бешикке да жетишти.
Дасыгышы датка менен теңешип,
Дайым Курман датка менен кеңешип,
Далайлардын тагдырларын чечишти.

Абдылдабек, Баатырбеги торолуп,
Мамытбеги, Асанбеги чоңоюп,
Алыс жакта Алайына оролуп
Турчу болду мурдагыдан көп келип,
Келген сайын анын иши төп келип,
Иштери улам бараткансыйт онолуп.

А Коконду бийлеп турду Шералы,
Араң эле көтөргөнсүйт жер аны.
Алыс жактан хан тукумун табышып,
Алтын такка олтургузган эл аны.
Анча сезбей экендигин хан теги,
Ал бейкапар оокат кылып байкери
Таласта өткөн элүү жаштын берагы.

Такта олтурат өңүндө эмес, түшүндөй,
Таңыркайт ал көп нерсеге түшүнбөй.
Кечке чейин Мусулманкул миң башы
Кеңеш айтат кирип-чыгып үзүлбөй.
Шералы ойлойт: «Баары турган жүгүрүп,
Күлүмсүрөп баары иш кылган жүгүнүп,
Күч жок тура хандык, бийлик күчүндөй».

Бардыгы алтын ал кийген тон, күрмөнүн
Алтын үйдө минтип доорон сүргөнүн
Таалай дебей, өзүн сезди ордо эмес,
Олтургандай ортосунда түрмөнүн,
Эстейт, эңсейт кең Таласта керилген,
Кымыз ичип, эт жегенден эринген,
Кыжалатсыз эркин, бейкут күндөрүн.

Мусулманкул кылдат айла-эп менен
Баш вазирге жетип, датка жетпеген,
Аракетти кылган менен канчалык,
Азырынча ал бийликтен четтеген.
Алга басар ар кадамын чектесе,
Алымбекти Мусулманкул жектесе,
Алымбек да миңбашыны кектеген.

Жарып-бөлдү элди Кокон хандыгы,
Жарды кылды андан бетер жардыны.
Куурал көрүп, сактай турган мүлкү жок
Куру турду куржун, кабы, сандыгы,
Ош кыргызы ханга каршы козголуп,
Ош ичинде хан бийлиги токтолуп,
Амалкөйлөр куулук кылып чаргыды.

Козголоңчу Болот менен Сейитбек,
Колдон келсе Кокон ханын жеңишмек.
Козголоңго от тутантып Алымбек,
Кошо жүрдү алар менен тең иштеп.
Тигил экөө козголоңду хан басса,
Ойрон салып Оштун ичин кандатса,
Жан сакташып, түлкүчө мант беришмек.

Мусулманкул кат жиберди аларга:
«Убалыңар тиймек болду далайга.
Сак болгула Алымбектен, экөөңдү
Сатып туруп, таап кетет ал айла.
Жалган айтып көбүңдү алдап жанын жеп,
Жалпы журтту канга боёп Алымбек,
Жанын сактайт качып кетип Алайга...

Өз көз менен Ошту келет карагым,
Сарбаздарым камдап жатат жарагын,
Жаратканым жардам этип, жол берсе,
Жакында мен Ошко кирип барамын.
Жаза буйруп шарыятка ылайык
Калк алдында ыраспасын чыгарып[1].
Алымбектин кардын чубап жарамын!..»

– Жадап бүттүк улам келип тургандан,
Жай жок Ошто – жабыр тартты курган жан.
Бакыр болуп, жакыр болуп кетпессиз

[1] Ыраспасын чыгаруу – жаман абалга салуу, жаман кылуу

Баш калкалар Ошко бир үй кургандан.
Келген кезде узак жолдо эзилип,
Турат өз үй бейиш болуп сезилип, –
Даткасына оюн айткан Курманжан.

– Кермек кошкон кебиң туура, Курманым,
Сен көргөнсүң кең пейилдүү курбалым,
Аксак Темир Самаркандда укмуштай
Аялына арнап мечит курганын[1].
Менин дагы максатым бар оюмда –
Элестетем Ак-Бууранын боюнда
Эл суктана медресе турганын.

Колу сыйкыр усталарды алдырам,
Кооз, көрктүү медресе салдырам.
Өмүрлөшүм, аны сага арнаймын,
Ыраазылык нурун дилде жандырам.
Сырды айтайын жүрбөй сенден жашырып,
Кокондогу медреседен ашырып,
Көргөндөрдүн көбүн эстен тандырам.

Билим алып жарык жолго түшүүгө
Келген балдар мында кирет күчүнө.
Мударистер күндө кызык дарс берип,
Көзү ачылып, нур кошулат жүзүнө,

[1] Аксак Темир Самаркандда укмуштай аялына арнап мечит курганын – Эмир Темир (Темирлан, Аксак Темир) Самарканддын борборунда Биби-ханымга арнап укмуш чоң жана ажайып кооз мечит курдура баштайт. Аны Ындыстанды женип алган жеңишинин урматына деп атайт да, 1399-жылы салууга киришет. Темирландын ою боюнча бул имарат Самаркандка келе жаткан кербендерге алыс-алыстардан да көрүнүп турушу керек экен. Азербейжан, Персия, Ындыстан өлкөлөрүнөн алып келген эки жүз уста курулуштун өзүндө иштеп, беш жүз алам жана токсон тогуз жүкчүл пил аларды курулуш материалдары менен камсыздап турган. Аябай чоң салынган комплекс узун-туурасы 130 жана 102 метр болуп, батыш жагында башкы жаами мечити орун алса, түндүк жана түштүк жагында кичирээк мечиттер салынат. Элүү метрге жеткен азанчылар үчүн мунара тургузулат. Исламдын шөкөттөрү түшүрүлгөн мармар таштар коюлуп, туш-тарабы аябай эсептелип, ченелип-бычылат, ортосуна куран коюу үчүн минбар жасалат, мунаралары асман шатысындай көрүнөт, купалары саманчы жолу менен жанаша жүргөнсүйт. Курулуш үчүн асыл таштарды башка жактан алдырып келген менен топуракты ошол эле жердин өзүнөн алып, ага ар түрдүү нерселерди кошуп, кыдымдар урабай турсун үчүн аябай бышырат. Имарат беш жылда – 1404-жылы бүткөн, азыр да сакталып турат.

Өз үйүндөй жакын, жылуу сезилген,
Уят болот канаттары жетилген
Ар бир эки балага бир үжүрө[1].

Оштун да бир көчөсүндө үй болот,
Ошол үйдү коём жыпар гүлгө ороп.
Балдар менен дасторконду кең жайып,
Бажырашып бирге олтурар күн болот.
Аңсап келип ар ким көрүп атайы,
Алыс кетип медресенин атагы,
Алай, Кокон, Анжиянга дүң болот.

Айткан сөзүн чыгарууга жүзөгө
Ал киришкен буйдалбастан түз эле.
Усталардын усталарын чакырткан
Керек тура ага каржы, күч эле.
Мусулманкул Алымбекти кармайм деп,
Келе жатат кармар менен жалмайм деп,
Мезгил анда мээлүүн тарткан күз эле.

Ханга каршы козголоңду Оштогу
Алайлыктар, мадылыктар коштоду.
Астыртадан шимшилешкен тыңчылар
Алымбектин өтөр жолун тоскону,
Кечке датка түлкүдөй из жашырып,
Күндө түнөп башка үйлөргө жашынып,
Азырынча ал качкынга окшоду.

Куптан окуп, баш алганда саждадан,
Зикир элпек астананы аттаган.
Саламдашып, амандашып адептүү
Ыйбаа кылып сүрдөп турду даткадан.
Четин көгүш жибек менен кайыган
Дасоромол сунду аппак шайыдан,
Коюнуна ал бапестеп сактаган.

[1] Үжүрө - чакан бөлмөлүү үй.

Ушул дасмал Курманжандын дасмалы,
Дасмалды алып датка сурай баштады:
– Айт, Закиржан, кайда жөнөйм?
– Алайга!
– Азырбы?
– Азыр!
Датка дароо тактады.
Экөө түшүп арабага чүмбөттүү,
Күзөт турган тосмолордон түндө өттү,
Закир үнсүз ичке сырын сактады.

Курман айткан: «Ушул аппак дасмалым,
Дасмал эмес, жанып турган ак жалын.
Ак жалынды жибергеним – бир мүшкүл
Башка түшүп сизди күтүп жатканым...
Дасмал алып, кабар үчүн жаралган
Сизге жетсе кай жерде да чабарман,
Келген учур сизди менин сактагым!..»

Ак дасмалды не жиберди түгөйү?..
Аны колго алып датка жүдөдү.
Көкүрөктө күчөп уйгу-туйгусу.
Көбөйдү анын дүрбөлөңдүү күмөнү:
«Кандай кырсык, кандай мүшкүл, кандай иш?
Капилеттен кандай чыкты андай иш?» –
Алымбектин сыздап сокту жүрөгү.

Болсо кимдин Курманжанда бир иши,
Керек мурда ал Закирге кириши.
Ал кандай иш: маанилүүбү же жокпу –
Алдын ала зарыл Закир билиши.
Баа менен баарын өлчөп, ылгаган,
Ар кыл ишти аткарбастан тынбаган
Ал – Курмандын ишкер, билги жигити.

Оштун чети. Булар минер ат даяр,
Суулук чайнап турган экен дапдаяр.

– Кана даткам, бул күлүккө мининиз,
Учур келди сиз Алайга бат барар.
Дилиңизде эч болбосун шекшинүү,
Ушул түндү сизди үйгө жеткирүү –
Мойнумдагы менин парзым аткарар.

Түз жол тартпай, Куршап[1] жакка жетели,
Кызыл-Сууну[2] өрдөп чыгып кетели.
Түндү өткөрүп бүгүн ээр үстүндө,
Жылуу төшөк, таттуу уйкудан кечели.
Чакырган соң чын зынарлап жарыңыз,
Жарыңыздын тилин, даткам, алыңыз –
Көп буйдалбай жол тарталы тез эми!

Акыл менен ойлонулган бул айла
Алпарар деп пайдага да, убайга
Арсарсынып боло бербей ыргылжың,
Бармак болду чындап күткөн жубайга.
Ал аттанып, жол жүрүүгө көнгөндө,
Караандары караңгыга төнгөндө
Чоң ыраазы болду Закир Кудайга.

Олбуй-солбуй Закир шилеп камчысын,
Оголе тез өтүү жолдун жартысын.
Башка адамдар билбесе да, ал билет
Курманжандын неге түйшүк тартышын.
Өтө алышпай күндүз көбү зар болгон
Алып чыкса суу бойлогон тар жолдон,
Айтты ичинен күлүктөргө алкышын.

Бирөө кууп келаткансып такымдап,
Жүрөгү улам туйлап согуп лакылдап,
Теңир кошкон Курманжандай жубайын
Көрүүнү эңсеп датка келет бачымдап.
Ата конуш – Жошолуудай айылы,

[1] Куршап – жер жана суу аты.
[2] Кызыл-Суу – жердин жана тоонун аты (азыр Кара-Суу районуна карайт, тоо тарапта)

Ак дасмалдын ээси, күткөн зайыбы
Калды мына, калды мына жакындап...

Өмүр теңин эми качан келет деп,
Тынч алалбай көөнү элеп-желептеп.
Көптөн бери сыртта турду Курманжан
Көз алдына ар кыл кырсык элестеп,
Кайра ойлонот өзүн-өзү соороутуп:
«Даткам сергек, касы турса жоолошуп,
Капканына оңой түшмөк эмес» деп.

Экөө жетти үнсүз үйгө түндөсү
Каптап турган коюу түндүн чүмбөтү.
Караңгыда кыналышты эки жар
Бир булардын тагдыр, турмуш, дүйнөсү.
Датка сурайт Курманжандан ашыгып,
Жар сөзүнө калган өңдүү ачынып:
– Эмне болду, узак создбой, сүйлөчү!..

Датка анык жар экенин билгизип,
Беттен сүйдү эрдин назик тийгизип,
Колдон тартып үнсүз кылып ишарат,
Курман айтты эрин үйгө киргизип:
– Ажал аңдып жүргөн кыйын абалда,
Алып келдим сизди капкан чабарда
Атырылган аргымакка мингизип.

Мындай ойду укту датка тоготпой,
Ток этерин айтты сөз коротпой:
– Убайымга неге түштүң, Курманжан,
Ушул сөзүң чындык эмес, жомоктой.
Жеңиш менен бүтөт биздин козголоң.
Антпегенде, айтчы, неге дос болом
Арстандарга Сейитбектей, Болоттой?..

Зайыбы айтты: – Өзүмдү өзүм актагым
Келбейт, бирок, ойду келет тактагым –
Арстан деген ошол Болот, Сейитбек

Биле элексиз сизди жоого сатканын...
– Ага ишенбейм! – Айтты датка чамынып,
Уят минтип караңгы түн жамынып,
Ууруланып менин тоого качканым!..

Күйөөсүнүн пейлин сезип тутанма,
Амал таппай сөздүн нугун бузарга
Турган кезде Курманжанга датка айтты:
– Баш зыңылдайт, бирдеме бер жутарга!
Айла жок да асыл жарга туюмдуу,
Даткасынын чөйчөгүнө куюлду
Таттуу дагы, күчтүү дагы мусалла.

Кандай жымжырт Жошоолуудай турагы,
Жетип калды таң дык салар убагы.
Обочодон иттер үрөт күңкүлдөп,
Күнү-түнү алардын сак кулагы.
Чарчап келип, шарап жуткан Алымбек
Бардыгынан азыр уйку зарыл деп,
Ак өргөдө тынч төшөккө сулады.

Датка турду бүтүн баатыр болумсуп,
Чачкан оюн кайра жыйып чогултуп,
Курманжанга күрсүлдөдү күчөнүп:
– Неге мени минтип кылдың оюнчук?!
Адаштырып алып келдиң сен кайда,
Ишти буздуң, азыр жөнөйм мен кайра,
Болгун, мени кой тезирээк тоюнтуп!

Кымыз куюп, койду астына куурдак:
– Айып менде сизди келген «уурдап».
Ар бир адам бир жаралат, бир өлөт,
Өлгөн адам кыйын кайра туулмак.
Кечээ өзүңүз Ош шаарына калганда,
Алай толуп кайгы менен армангa,
Аза күтүп эл ыйламак чуулдап...

Ашыкпаңыз азыр Ошко кетем деп,
Алдыда асыл максатка тез жетем деп.
Болот менен Сейитбекке ишенип,
Ал экөөн тең арстан деген бекер кеп.
Сизди дайым турсун үчүн эл сезип,
Айылдарды аралаңыз жер кезип,
Алайдагы бийликти да бекемдеп.

Сизге кыйын сапар тартпай жөн жүрүш,
Сизди кыйын тынч орунга көндүрүш.
Мен балдардын энесимин, өтүнөм
Эч болбосо эки-үч күнү өргүңүз.
Балдарыңыз сизди жүргөн атам деп,
Сурай берет үйгө келет качан деп,
Бардыр деймин балдарды да көргүңүз?..

Датка жоошуп, көндү жардын эбине,
Муюй түштү ыктуу айткан кебине.
Ыраңында пайда болду жылмаюу
Ыраазылык билдиргендей теңине.
Көөнү тоюп көрүп өскөн балдарын,
Жер кыдырып, элдин билип ал-жайын,
Демди кошуп алгансыды демине.

Алайдагы Алымбекке бош жаткан
Каңшаары күч кабар жетти Ош жактан.
Кан төгүлгөн кармаш болуп өткөнү
Касын тургай, досун кайра дос саткан.
Кутулуптур датка Ошто житкенде,
Куйсупурлар, куулар касын тиккенде
Арттан пайлап, ага коюп кош капкан.

Мусулманкул козголоңду басканын,
Оштуктардын канын суудай чачканын,
Кыргыздардын козголоңго катышкан
Көбүн атып, көбүн дарга асканын
Айтып келди жараланган жигиттер,
Ал кыргынга болгон баары кириптер
Оңколотуп козголоңдун кастарын.

«Датка тирүү коркпондон уу ичпестен,
Табылат ал жер астына житпестен!» –
Маала, көчө, булуң-бурчту шимшитип
Мусулманкул тыңчыларын иштеткен.
Жар салдырып ал ачтырып казына,
Акча сайып Алымбектин башына,
Аны Оштун ар үйүнөн издеткен.

Бат өзгөрүп Болот менен Сейитбек,
Баары өлсө да, алар кайдан кейишмек.
Шарап ичип миң башыга кошулуп:
«Куттуу болсун сиздин укмуш жеңиш!» – деп,
Көшөкөрлүк кылып такыр муңайбай,
Көчөлөрдү кыдырат дейт уялбай,
Алымбекти алар менен тең издеп.

Уккан кезде ушул шумдук кабарды
Алымбектин бир топ чачы агарды.
Ичи жылып Курманжанга таң калды
Ишке ашырган кылдат иле-амалды.
«Айланыпмын парасатсыз аңкоого!» –
Алган жарын ак дилинен алкоого
Билбей турду кандай сөздү табарды.

– Өзүм үчүн өлүмдөн да тайбасым,
Өмүрлөшүм, көңүлдөшүм, жандашым,
Кармаар кезде капысынан мени «уурдап»,
Кандай таптың кастарымдын айласын?
– Ар кай жерде менде да бар тыңчылар,
Айткан сөзү айтканындай чын чыгар,
Азыр көрдү ошолордун пайдасын…

– Кастар менен канча жолу кагыштым,
Кагышканда дайым акыл табыштың,
Өлүмдүн курч кылычынан куткарган
Өзүңө мен өмүр бою карызмын!
– Ишен, даткам, төбөбүздө Кудай бар,
Аны урматтап, ак тилешсе жубайлар,
Иши эмеспи парыз менен намыстын.

Төңкөрүштүн болоруна көз жетип
Тургандыгын Алымбекке эстетип,
Бир чабарман катты сунду, Коконго
Кечикпестен келгин деген тез жетип.
Ал кат дароо салды оюна дүрбөлөң.
Адатта түк сапар тартпай жүрбөгөн
Алымбектин жөнөр күнүн тездетип.

– Кокон мага кат жиберсе чакырып,
Жатмак белем мен Алайда катылып? –
Кубанганын ушул кезде Алымбек
Курманжандан туралбады жашырып, –
Ишенимден чыгып кала элекмин,
Ишке жарайм, көп адамга керекмин! –
Жакшы үмүтүн кетти дилге батырып.

Колду курап жөнөдү ал Алайдан,
Кошо кетти аны менен далай жан.
Төңкөрүшчү Исфаранын[1] акими
Сатыбалды досу болчу таянган.
Көп туткундар Оштон айдап барылган,
Телмиришип теңирине жалынган
Базар күнү хан ордодон жай алган.

Кыргыздардын туткуну да, эркини
Териштирбей аркы менен беркини,
Козголоңду, калайманды баштады,
Кокон калкы ошолорду ээрчиди,
Шералыга уу жуткуруп жайлашып,
Жардык айтып, жалпы туруп «шайлашып»,
Муратханга берди хандык энчини.

Мусулманкул мында карап турабы,
Кылыч чапкан кыпчактан кол курады.
Капкан ачып Мааткерим чыккынчы,
Мусулманкул тапкан хандын уругу –

[1] Исфара – жер аты (азыр Тажикстандын Баткенге чектешкен жеринде).

Жаркын тууган Шералынын бир уулу
Элди эми жаш Кудаяр сурады.

Козголоңдо көп болсо да үлүшү,
Ишке ашпады Алымбектин үмүтү.
Келди Алайга төмөн түшүп жылдызы,
Ичке толуп арман менен күйүтү.
Ал келгени жакты Курманжанына
Акыл кошуп, кубат болуп жанына
Анын бирге эл башкарып жүрүшү.

– Даткам, бир ой айтсам болбос таарыныш:
Бул Алайда бийлик, дүйнө, малыңыз,
Калкыңыз да, калк ичинде баркыңыз,
Ата конуш, балдарыңыз, жарыңыз.
Азап, ташпиш, тарта бербей мынчалык,
Ар кай жерде чапкылабай, тынч алып,
Алайда сиз  түбөлүккө калыңыз.

– Көлмө эмесмин көөлгүгөн, акпаган,
Мен – дайрамын жылбай, жымжырт жатпаган.
Алдыда асыл тилегиме умтулам,
Анан жардан, андан неге жазганам.
Нуктан чыгып оңго-солго бурулам,
Аскага да, ташка дагы урунам,
Татаал, тажаал тагдыр менен мактанам!

Болгон экен эчак уйку канчу убак,
Багымдатка баары даарат алчу убак.
Тышка чыкса чөөгүн кармап Курманжан,
Төмөн жакта жолдон оргуп чаң чыгат.
Чабармандык касиетин билдирип,
Чамдап чаап келе жатат бир жигит
Чарчап калган атын катуу камчылап.

Ал Кашкардан чыккан экен аттанып,
Жол жүрүптүр ат үстүндө ач калып.
Тукулжурап, бошосо да шаймады,

Турган кези зарыл парыз аткарып.
Алымбекке бүткөн азыр кийинип,
Таазим кылып, башы төмөн ийилип,
Катты сунуп, баарын айтты какшанып.

Бир уругу өткөн Кашкар[1] ханынын,
Мурасчысы азыр Кашкар тагынын
Кожо-төрө бийлик карай умтулуп
Жаткан экен бардыгынча жанынын.
Алымбекти чакырыптыр жардамга
Ал адис деп ордого кол салганга,
Көзү жетип иштин билген аныгын.

Чарчап келген мейман тамак жеп болду,
Ал апкелген кат жөнүндө кеп болду.
Курманжаны: – Бардыгын сиз бүтүрүп,
Эми Кашкар калган экен… – деп койду.
Аны укса да, кайра-кайра катты окуп,
Камынганда жигиттери ат токуп,
Алымбекти өз эркине тек койду.

Жетти датка тоз-тополоң башталды,
Эки-үч күндө ээлешти бүт Кашкарды.
Алыс жактан келген датка атайы
Абийир менен өз парызын аткарды.
Бакка жетип көп умтулган кол сунуп,
Такка жетип маашыркантып олтуруп,
Кашкар шаарын Кожо-Төрө башкарды.

Эки төрө бир-бирине жанашты,
«Жеңдик!» дешип жетине албай карашты.
Бажырайып, мадырайып, тамылжып
Шыпкай жутуп жаткан кезде шарапты,
Көп кытайлар капкаларды[2] кыйратып,
Каптап кирип жаш-карыны ыйлатып,
Кан агызып баарын чилдей таратты.

---

[1] Кашкар – жер жана шаар аты (азыр Кытайда).
[2] Капка – шаар дарбазасы.

Баш-аламан түшүп, баары ашыкты,
Жөө жалаңдап Алай, Ошко качышты.
Терек-Дабан[1]. Кардуу бороон-капсалаң,
Канча адамдар тоңуп, сулап жатышты.
Кемпир-чалдар, келин-кыздар, жаш балдар –
Кардан кепин, кардан мүрзө тапкандар.
Жүрөк канап, жүрөк сыздап ачышты…

Аяз күчөп алып келип залалды,
Алар муздак кар астынан жай алды.
Аттиң, аттиң сугун артып тирүүлөр,
Алтын, күмүш ар кыл мүлкү таланды.
Кырылышты кыргыз менен уйгурлар,
Кырылышты күнөөсү жок кургурлар.
Күндүздөрү түндөй болуп караңгы.

Ошко жетип, жоктугунан арганын,
Жоктугунан сындырым нан, жарманын,
Тагдырына таарынышып жаш төгүп,
Тамак үчүн алар сатты балдарын,
Датка кантет: же айтабы мактанып,
Же актанып, же болбосо даттанып
Ал Кашкарга ый-муң алып барганын?..

Датка келди: – Э, Курманжан, кайдасың?
– Мен мындамын! Көлмө күттү дайрасын!
Далай кочкул кан боёлуп агылган
Дайра жокто көлмө кайдан жайнасын…
– Арман күчөп, аргам такыр түгөнүп,
Аман келсем кабак-кашым түнөрүп,
Таңдай жанып тайбас жарым сайрасын!..

– «Жалаңга!» деп айтсам, кирип жаңгелге,
«Тегиз!» деп айтсам, түшүп ангелге
«Бурулбаңыз!» десем, салып терс жолго,
Түшпөдүңүз түз кетүүчү даңгелге.

[1] Терек-Дабан – Алайдын Сопу-Коргон кыштагынан бурулуп, Кытайга ашып кетүүчү ашуу.

Узун жолду атаандаштан талашып,
Ушул жолду көп байкабай баратып,
Урунбаңыз өткүр миздүү маңгелге!..

Негиз кылып сөздүн нагыз жүйөөсүн,
Какшык менен тосту жары күйөөсүн.
Сес көрсөтүп келген менен Алымбек,
Сезип турду өз забынын, күнөөсүн.
Зайыбы анын айылынан жашырын
Атайы арнап мууздап аксарбашылын,
Күйөөсүнө ал жасады түлөөсүн.

***

Ак кар баскан атактуу бел Чыйырчык[1],
Ага чыгып арабакеч кыйынсып,
Тарткан жүгү жеңилдесе, жыргады
Аттары да бир-бирине ылымсып.
Мырзапаяз кышкы жолдо үшүгөн
Чоң энесин тайып калган күчүнөн
Айла тапса алгысы бар жылынтып.

Ушул белди сексен жылдай датка ашкан,
Ушул белди ал минген көп ат баскан.
Ары ашканда, бери ашканда бул белде
Адат болгон аялдамай шашпастан.
Азыр дагы датка белге токтоду,
Токтоду да, өткөн кезин жоктоду,
Турду, бирок, кардан башка таппастан.

Ак булутту калкып турган көк кана?
Ар кыл гүлдөр аңкып турган төш кана?
Күмүш түстүү кана назик бетеге?
Көрпө сымал майин, жумшак чөп кана?
Жел сезилбейт жутсаң моокуң канбаган,
Бел сезилбейт адам жаны жайнаган,
Белде айтылчу баасы кымбат сөз кана?

[1] Чыйырчык – Ош менен Гүлчөнүн арасындагы бел.

Чыйырчыктын кана сыйкыр түрлөрү,
Чырайына чыккан сулуу күндөрү?
Азыр анча сезилбеди даткага
Арабанын эңиш карай жүргөнү.
Эске келип жылуу күндөр Оштогу,
Датканы эми чыкыроондуу коштоду
Ойдун жаңы, ойдун жылуу түрмөгү.

***Суроолор:***

*1. Курманжан датка ким болгон, бул аял жөнүндө эмне билесиң?*
*2. Курманжан даткага арналган чыгармаларды окугансыңбы?*
*3. Бул романда кайсы жылдардагы окуя сүрөттөлүптүр?*
*4. Алымбек датка ким болуптур?*
*5. Курманжандын акылмандыгы кайсы окуядан көрүнөт?*
*6. Алымбек датканын Кашкарга жасаган жүрүшү эмне менен аяктаптыр?*
*7. Адамды бийликке умтулдурган эмне деп ойлойсуң?*

***Сөздүк:***

*Кокту – жарлик*
*Кыя – қия*
*Касиет – хусусият*
*Масилет – маслаҳат*
*Парасат – фаросат*
*Датка – ҳарбий фахрий унвон*
*Урпак – авлод*
*Ургаачы – хотин-қизлар*
*Кылым – аср*
*Күрмө – енгсиз кийим, нимча*
*Аптап – офтоб*
*Коога – жанжал*
*Өзөк – ўзак*
*Зоболо – обрў*

## АЯЛ ДАТКА

Ай жаңырып өткөн айдын артынан,
Жыл толгондо, калбай элдин салтынан,
Аксанатай иш аткарды Курманжан
Алымбектин арбагына арзыган:
Алай толуп кары келип, жаш келип,
Атагы чоң даңазалуу аш берип,
Ал кутулду мойнундагы парзынан.

Эс-акылды жумшап, таап дабасын,
Эмдөө кыйын дилдин туюк жарасын,
Капысынан уюп калган жүрөккө
Катуу кайгы кантип ылдам тарасын?
Ал кайгыны салган окшоп тозокко,
Салышты эми от ойногон очокко
Курманжандын бир жыл кийген карасын.

– Аттиң, баттың муңдун сормо сазына,
Аза күтүп, ак кошулду чачыңа.
Мындан ары белди бууп чыйралып,
Кой, Курманжан, көз жаш төгүп жашыба!
Байбичелер салабаттуу, сабырдуу,
«Болсун дешип арты майлуу, кайырдуу!»
Ак элечек кийгизишти башына.

Ал күндөрдө эл ичинде кеп болот:
Азыр бизге ким бий болот, бек болот?
Арам пейил суук көздөрдү жолотпой
Алымбектей Алайга ким чеп болот?
– Бек сакталып баба салты-адаты,
Алымбектин улуу аялдан баласы
Жаркынбайдын коюлганы эп болот.

– Кара киймин акка алмашкан жакында
Курманжанчы?
– Курманжаның катын да …

– Катын туруп, эри менен тең бийлеп
Келатпайбы элибиздин башында.
– Датка барда иш кылса да канчалык,
Мен минттим деп кыйкырбады жар салып,
Ал ургаачы башы толгон акылга.

Бул талашты өзү чечти Жаркынбай:
– Ооба, салт аз биздин элдин салтындай.
Бирок, кантип талашайын бийликти
Обуректуу энем турса алтындай.
Баарың уккун: ата орунун баса албайм,
Басамын деп оозумду да ачалбайм
Баркым жокто энекемдин баркындай.

Көрбөй келген Курманжандан ыдыкты
Көбү анын бийлигине кыныкты.
Кээ бирөөлөр Жаркынбайды жакташып,
Кебелтпестен салт сактоого тырышты.
Курманжандын баркын өйдө баалашып,
Алымбектей эл бийлешин каалашып,
Аксакалдар салт нугунан чыгышты.

– О, Курманжан, аза, күйүт, сарсанаа,
Кайгы, кырсык – баары калсын аркада.
Эне болуп, ата болуп чыныгы,
Өз элиңдин ыйык жүгүн аркала.
Эки тизгин, бир чылбырың колуңда,
Эми сенин эртең басар жолуңда
Келсин сага бийик атак, мартаба!..

Эңгезердей элдин оор милдетин
Эми алганын кантип Курман билбесин.
Билди, билди андан эли күткөнүн
Ак, караны таразалап иргешин.
«Ишенебиз! Ишениңиз сиз элге!» –
Айтып муну ага баары ишенсе,
Анан кантип эл тилине кирбесин!

Аны тагдыр катуу жерден сынады,
Ал кайгыга майышса да чыдады.
Азыр чындап болгон кезде эл башы,
Жанды кайра үйдө жайнап чырагы.
Ага турса күч-кубатты эл берип,
Баштагыдан көңүлү эргип демденип,
Бардык жерде өз бийлигин чыңады.

Ал кайышып чегип чексиз санааны,
Дарылады көңүлүндө жараны.
Адамдыкты аруу сактап жогору,
Акыл, тили – болду күчтүү жарагы.
Өтүп нечен мейкин, адыр жарлардан,
Өзөндөрдөн, токойлордон, сайлардан,
Алыс кетип турду шоорат-кабары.

Бухараны бийлеп турган эмири
Музафардын аты тааныш кеңири.
Менменсинип дөөлөтүнө чиренип,
Мезгил эле колдоп турган Теңири.
Былкылдатпай бир мамлекет башкарып,
Бардык ишин каалагандай аткарып,
Коштоп жүрөт аны жеңиш-шериги.

Кудаярды ал ажалдан коргогон,
Кудаярга катылганды кордогон.
Кутулткан ал бардыгынан балээнин
Куугунтук жеп жүргөн кезде шордогон.
Капысынан касы кууса шаштырып,
Ордосунун бек капкасын ачтырып,
Сый көрсөтүп малдай багып кордогон...

... «Курманжандын барат баркы көкөлөп,
Анын баркын дагы калкы көтөрөт.
Аны ушунча урматтаган өз журту
Ак кызматын ак дил менен өтөмөк.

Аны аянбай жактоочулар бул чакта
Алай, Ноокат, Ош, Карасуу, Куршапта
Өзгөн, Папан, үчкоргондо өтө көп.

Ким күнөөкөр кантип алар билбесин,
Хан ордого чабуул коюп кирбесин.
Кармап алып Кудаярды жолунан
Кан чубуртуп тал-тал кайыш тилбесин.
Эки тарап калчылдашып кектешип,
Ээ-жаа бербей карсылдашып беттешип,
Бизге дагы залакасы тийбесин...

Кудаярга биз кайдыгер болбойлу,
Таянычсыз, белсиз, демсиз койбойлу.
Аста секин те алыстан айлантып,
Анын багын, анын тагын коргойлу.
Тийип албай уюгуна аарынын,
Уусун татпай Курманжандын каарынын,
Аны менен алаканы оңдойлу...»

Алдын ала Курманжанга кабарлап,
Атайылап белек камдап ага арнап.
Ошко карай жолго чыкты Музафар
Ошондо айтаар сөздөн бери даярдап.
Аскер коштоп, бир топ өргөп арада,
Жүрүп келет саябандуу араба
Аптап менен чаңдан аны аярлап.

Анкып-күңкүп турган кезде чар тарап,
Ал акыры Ошко жетти чалкалап.
– Кутман Ошко куш келиңиз! – деп тосуп,
Курманжандын сыпаалыгы байкалат.
Жакыш кабар алып келип бу сапар,
Курманжандын урматына Музафар
Курду атайын эл чогулуп салтанат...

## ШАРТНААМА

Кыл чокулар жамынышып ак карды,
Жылгаларда күзгү жамгыр башталды.
Беделинен тайыганын байкатпай
Белин бек бууп, датка Алайды башкарды.
Бирок, түндө арнап баккан кан-жанын
Эстегенде Оогандагы балдарын,
Жаздыгына жылжып жылуу жаш тамды…

Таңды күтөт. Кара түндү как жарып,
Үйгө бачым кирсе экен дейт ак жарык.
Кабар күтөт аткан таңдан, жарыктан
Угар замат дил жадырар шааттанып.
Жаңы аткан таң бара-бара эскирет,
Эч кабар, жок, жамгыр тынбай, кеч кирет,
Таңдан түнгө үмүтү өтө аз калып…

… Эл бийлөөгө көнүп бүткөн такшалып,
Алыс кеткен атак-даңкы таш жарып,
Даткайымга таазим кылды Ионов
Бир маанилүү кабар айтар баштанып:
– Адамымсыз мен Алайдан издеген,
Сүйлөшмөккө келген элем сиз менен, –
Анан бир аз мукактанды апкаарып.

– Оштон бүгүн чыккан элем таң ата,
Сүйлөшөр иш – ортодогу алака…
… Жаңырыкта ашкан жолборс ашууну
Бул Ионов мырза тура караса –
– Сизди мында жиберди экен кимиңиз?
Кайсы сиздин наамыңыз, чиниңиз?
Сүйлөшөлү биз ошого жараша…

Бакылдады толгон-токой кеп айтып,
Барган сайын баштагыдан бек айтып:
– Ионовмун – өкүлүмүн паашанын,
Чиним – майор, берсем сизге мен айтып…

Иш маанисин түшүнсүн деп дапдайын,
Иоповду тиктеп турду даткайым:
– Эмесе, мен генералмын! – деп айтып.

Ал түшүндү, кантип койсун түшүнбөй.
Сөз үзүлдү чубалжыган үзүлбөй.
Унчукпастан сыртка чыкты, кадырын
Калмак үчүн дагы төмөн түшүрбөй.
Датка сөзү койгондуктан сустайып,
Атка минди көңүлү анын суз тартып
Тоонун салкын, тоонун күңүрт күзүндөй.

Күндө тартып балдарынын жабырын,
Күйүттөнүп жоготтубу сабырын?
Баягыдай бийикпи же төмөнбү
Байкоо керек калк ичинде кадырын –
Скобелев Ионовду жиберип,
Көнөр бекен көрсөк секин имерип,
Тарткын деген Курманжандын тамырын...

... Ар бир оюн таразалап, салмактап,
Скобелев айтты сөзүн жай баштап:
– Кубанамын көргөнүмө датканы
Даңазалуу, эл сыйлаган ардактап! –
Болбой мында орус тилин билбестик,
Байтак уулу кылдат кылды тилмечтик,
Бардык ойду ала коюп ал жаттап.

– Даткайымдын алыс кеткен даңкы бар,
Ферганада бардык элге баркы бар.
Азаттыкка, эркиндикке умтулган
Абалтадан жоокер өскөн калкы бар.
Алар тоодо мылтыктарын октошуп
Даяр турбай, жоолашканды токтотуп,
Россияга кошулууга шарты бар.

Даткайымга айткын сөздүн кыскасын:
Быйыл кышты эли коркпой кыштасын.

Жакшы билет – жан эмеспи акылдуу,
Каршылыктан эч бир пайда чыкпасын.
Ушул сөзүм копол буйрук эмес да,
Көңүлүмдөн чыккан пикир, кеңеш да,
Кеңешим бул: датка бизге ыктасын.

Кандай экен даткайымдын таламы,
Барбы бизге анын коёр талабы?
Эгер болсо бизге сунуш, суроосу,
Аткарууга арга издеп табалы.
Керек менин ачык жооп угушум –
Айтсын датка мен билдирген сунушум
Көңүлүнө жакпайбы же жагабы?..

Жоргого окшоп бир бузбаган басыгын
Жолго түштү датка сөзү акырын.
Байтак уулу которсо да, генерал
Байкап турду Курманжандын акылын:
– Бизге керек ачыктыкты шарт кылыш
Сиз, генерал, баарын ачык айтыңыз,
Мен да сөздүн айткым келет ачыгын.

Билем тиги мен секелек кезимден
Биздин кыргыз бир байкуш эл эзилген.
Көксөсө да эркиндикти көп кылым,
Жетпей-нетпей көкөйү анын кесилген.
Канын төгүп, тоо-токойго жашынтып,
Кайра-кайра баш көтөртпөй басынтып,
Колдоп келет эзүүчүлөр эсирген.

Кырчылдашып кастан таалай талашкан
Өкүлүмүн ошол элдин каны аккан.
Айтар талап: элге тынчтык орносун
Тыйпыл болуп бүт кырылып бараткан.
Элибиздин тилин, динин жойбосун,
Турмушуна кысымчылык болбосун
Күчтүү өлкө Орусия тараптан.

Көтөрүлүш жасаганды жазалоо,
Токтотулсун токмоктоо же жакалоо.
Азаттыкка ат салышкан адамды
Туура болот кылмышкер деп атабоо.
Ал иш үчүн түшкөндөрдү камакка,
Бүт бошотуп жаткырбастан абакта,
Керек бардык түрмөлөрдү тазалоо.

Бул иш үчүн азган менен тозгонду,
Бул иш үчүн качкан менен бозгонду
Алып келип турагына кайтарып,
Коюш керек аларга жол тосконду.
Сиздин бийлик буларды ишке ашырса,
Бул талаптар шартнамага жазылса,
Коём, төрөм, бир кол эмес, кош колду!..

Күткөнбү же күтпөгөнбү мындайды,
Скобелев Курманжанга жылмайды.
– Даткайымга дасторконду сунгула! –
Буйрук берди таба коюп ыңгайды.
Турган өңдүү ага дөөлөт, бак конуп,
Көтөрүлүп көңүлү анын чак болуп,
Залга бир топ офицерлер жыйналды.

Эки жубан чыкты тарткан ташпишти,
Ак жуба жүз, акак сындуу ак тиштүү.
Алып келди Курманжандын астына
Алтындалган ак күмүштөн патнүстү.
Генералдын багыштаган насиби –
Куймулчак да, чучук, палоо, асиби
Дасторконго коюлуптур ак түстүү.

Датка ооз тийди дасторкондун даамынан,
Ар кыл, ар кыл тамактардын баарынан.
Тактап айтсак, тагдыр буйруп, туз буйруп,
Татты бүгүн ак паашанын наарынан...
Ага тарткан дасторконун ырастап,

Айтты датка генералга ыракмат
Алайдагы өз элинин наамынан.

– Тилмеч мырза, даткайымга айтыңыз, –
Дейт генерал, – жакындады калкыбыз.
Кудай берсе бүгүн сиздин салтыңыз,
Болуп калды биздин дагы салтыбыз. –
Курманжанга сары алтынбап чепкенди
Жапса дароо жарашты да, эп келди,
– Датка, дагы арта берсин даңкыңыз!

Мындай үлпөт куруп бүткөн көнүгүп,
Скобелев бүгүн чыйрак көрүнүп,
Сезилди эми салтанаттын жышааны
Оркестрден шаттык күүсү төгүлүп.
Же жадырап кубанганы белгисиз,
Же сабылып муңайганы белгисиз

***Суроолор жана тапшырмалар:***

*1. Романда Алай кышы кандайча сүрөттөлгөн?*
*2. Тарыхый маалыматтар боюнча Курманжан датка жөнүндө кандай фактыларды билесиңер?*
*3. Курманжанга кандай наамдар, кошумча аттар берилген?*
*4. Алымбек менен Курманжандын мамилеси.*
*5. Алымбектин журт сурашында Курманжандын салымы.*
*6. Бийлик үчүн күрөштүн романда берилиши.*
*7. Романдын тили, акындын уйкаштык чеберчилиги.*
*8. Романдын толук тексти менен таанышкыла.*

***Сөздүк:***

*Салт – расм*
*Даба – дори-дармон*
*Байбиче – катта хотин*
*Элечек – хотин салласи*
*Барк – қадр-қиммат*
*Мартаба – даража*
*Санаа – ташвиш*
*Аруу – покиза*
*Дөөлөт – байлык, мулк*
*Шартнама – шартнома*
*Мылтык – милтиқ*
*Абак – турма*
*Насип – насиба*
*Даам – таом*
*Чепкен – чакмон*

***Жазуу жумуштары***

1. *Кыргыз тилинде «Көк асаба» романынын негизинде эссе же дилбаян жазгыла. Теманы ар кандай койсоңор боло берет.*
2. *«Көк асаба» романынан алынган үзүндүдө кездешкен каармандарга мүнөздөмө жазгыла.*
3. *«Майдан» романынын негизинде «Ар дайым тынчтык болсун!» деген темада дилбаян жазгыла.*
4. *С. Жусуевдин ырларына окшоштуруп өзүңөр ыр жазып көргүлө.*
5. *Курманжан датка жөнүндө эссе жазгыла.*

***Кайталоо үчүн суроолор***

1. *«Көк асаба» романынын негизги идеясы жөнүндө айтып бергиле.*
2. *«Көк асаба» романынын мазмунун кыргыз тилинде сүйлөп бергиле.*
3. *«Майдан» романындагы каармандар, негизги каарман жөнүндө сүйлөп бергиле.*
4. *Үзүндүдө кайсыл жердеги окуя сүрөттөлгөн?*
5. *Бул чыгармада согуш жана тынчтык жөнүндө кандай ойлор айтылган?*
6. *С. Жусуевдин «Курманжан датка» романында Курманжан датканын ишмердүүлүгү жөнүндө кандай окуялар баяндалган?*
7. *Курманжан датка жөнүндө кандай маалыматыңар бар?*

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

*(1928–2008)*



Жазуучу, коомдук жана мамлекеттик ишмер Чыңгыз Айтматов Кара-Буура районундагы Шекер айылында 1928-жылы 12-декабрда туулган.

1946-жылы Жамбыл шаарындагы зооветеринардык техникумду, 1953-жылы К. И. Скрябин атындагы Кыргыз мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүргөн. 1958–1959-жылдары Москвадагы Жогорку адабият курсунун угуучусу болгон.

Согуш жылдарында Шекер айылында айылдык Кеңештин катчысы, райфинбөлүмдүн агенти, 1953–1956-жылдары Кыргыз мал чарба илимий-изилдөө институтунун эксперименттик фермасында зоотехник, 1958–1960-жылы «Литературный Киргизстан» журналынын редактору. 1960–1965-жылдары «Правда» гезитинин өз кабарчысы, 1965–1986-жылдары Кыргызстан кинематографисттер союзунун төрагасы, 1988–1990-жылдары «Иностранная литература» журналынын башкы редактору, СССР Президентинин кеңешчиси, 1991-жылдан элчилик кызматта (1991-жылдан СССРдин, 1992–1993-жылдары Россиянын Люксембургдагы, 1994-жылдан Кыргызстандын Бельгия мамлекетиндеги элчиси) болгон.

Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы студент кезинде башталган. Орус жана кыргыз тилдеринде жазып, биринчи аңгемеси «Гезитчи Дзюйо» деген ат менен 1952-жылы «Литературный Киргизстан» альманахына орус тилинде жарыяланган.

«Литературная газета», «Новый мир», «Литературный Киргизстан» журналдарынын редколлегия мүчөсү болгон.

1956-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө өткөн.

Ч. Айтматовдун чыгармалары кыргыз адабиятын эл аралык деңгээлге көтөрүп, дээрлик бардык чыгармалары КМШ жана чет өлкөлөрдүн тилдерине которулуп, спектаклдерге айландырылып жазылып, көптөгөн мамлекеттердин драма жана опера театрларынын сахналарында коюлган. Ал эми анын чыгармалары боюнча тартылган кинофильмдер Эл аралык кинофестивалдардын сыйлыктарына жана байгелерине татыктуу болгон.

Ч. Айтматов «Тоолор жана талаалар повесттери» (орус тилинде) жыйнагы үчүн 1963-жылы Лениндик сыйлыктын лауреаты болгон. «Гүлсарат» пове-

сти, «Ак кеме» кинофильминин сценарийи, «Кылым карытар бир күн» романы СССРдин Мамлекеттик сыйлыгы (1968, 1977, 1983), ал эми «Эрте келген турналар» (1976-ж.) повести Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгы менен белгиленген.

1968-жылы Кыргыз Эл жазуучусу, 1974-жылы УИАнын академиги, 1979-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры, 1997-жылы Кыргыз Эл Баатыры, 1983-жылы Европа Илимдер, искусство жана адабият академиясынын анык мүчөсү (Париж), 1987-жылы Бүткүл Дүйнөлүк Илим жана искусство академиясынын академиги (Стокгольм), Азия жана Африка өлкөлөрүнүн биримдүүлүк комитетинин төрагасынын орун басары, 1986-жылдан Ысык-Көл форумунун президенти, Австрия, Австралия, АКШ, Индия, Италия, Түркия, Япония, Россия ж.б. өлкөлөрдүн эл аралык адабий сыйлыктарынын лауреаты болгон.

2008-жылы 10-июнда дүйнөдөн өткөн. Ал кыргыз адабияты, маданиятына гана зор салым кошпостон, дүйнөлүк адабият менен маданиятка да өзгөчө салым кошуп, өз атын адамзаттын тарыхына алтын тамгалар менен жазып түбөлүккө калтырып кетти.

## ТООЛОР КУЛАГАНДА

*(Романдан үзүндү)*

Мындан бир-эки күн мурун ал: «Жан дүйнө деген эмне? Ага көрүнгөндүн бардыгын киргизе берсе болот. А адамдагы эң башкы нерсе анын эрки жана акыл-эси!» – деген окурман менен каяша-жооп даярдаган. Анда ал: «Бир караганда жан дүйнө деген ошондой көрүнөт, а бирок кээде анда болуп жаткан өзгөрүштөрдүн маани-маңызын анчалык четке кагууга болбойт. Анткени биз ошол маанилүү нерсени эске албаганыбыз менен жан дүйнөнүн каалоосу көпчүлүк учурда тарыхый окуялардын бирден бир чечүүчү күчү болуп саналат. Жан дүйнө деген жакшылык менен жамандыктын жаралар жери. Жан дүйнө деген акыл азыгы!» – деген ойлорун айткан. Дегинкиси ал табиятынан эле философия айтууну жанындай жакшы көрчү.

Ал азыр кайдан анте алсын, ошол кечте компьютерин да караган жок. Анткени ал ошо мазмуну кызык макаласын мындан ары эч качан жазып бүтпөстүгүнө ушу саам ишенип турду.

Ал азыр кечиндеси ар дайыма ыракаттанып угуп турчу музыкасын да койгон жок. Анткени ал ошо ыракаттанып укчу музыкасын мындан ары канча бош убактысы болсо да эч качан уга албастыгына ушу саам ишенип турду...

Каргыш алгыр жанагы «Евразия» ресторанында болгон окуядан кийин анын жан дүйнөсү куу токойдун ортүндөй жалындап күйдү. Ал өзүнөн өзү ток-

тоно албай, өзүнө өзү башкарталбай, өзүнөн өзүн ажыраткан арман менен кайгыга жана да тарабас тажаал ачууга алдырып, жан дүйнөсүн талкалап жүрүп, анан гана өзүнө келе калган күндөрдү тапты. Не экенин ким билсин, өзүнүн үйүнүн жетим кыздай жалдыраган үмүттөй жалгыз терезесине бир күндө бир нече жолу келет да, телмире тиктеп тура берчү болду. Анын үстүнө ал эми өзү жөнүндө тааныбаган үчүнчү адам катары ой жүгүртүп, өзүнө өзү бейтааныш киши сыңары мамиле кылганы таң каларлык иш эле.

Токтой калып терең үшкүрүндү да, башын чайкап, галстугун кармалап койду, бирок чечкенге чамасы жетпеди окшойт, анан ага маани бербей, айлана-тегерекке көз чаптырды, маңдайдагы көп кабаттуу, сансыз квартиралуу үйдүн жарыгы жок терезелери ага телмире да, мистийе[1] да карап туруптур. Бул эмнеси?.. Куркулдайдын[2] уясында жашаган кошуналарынын ушул саат, ушул түндө мунун эмне болуп жатканы менен кандай иши бар?..

Ушу азыр болгон ишке кайгырып куру бекер күнк-мынк деп ыйлактагандын кереги барбы? Кимди жемелеп, кимди коркутат? Баары бүттү. Чокусунда чогу бар такси аны мына бу беш кабат үйдүн короосуна жеткирген кезде, баятан бери алардын артынан сая түшүп келаткан чет өлкө маркасындагы машина кууп өтүп, бурула калып, көзгө сайган чаян жарыгы менен бет маңдайына аны карап токтоду. Көзүнө эч нерсе көрүнбөй калган Арсен Саманчин таксиден түшүп жатканда тиги машинадан чыккан узун бойлуу эки эркек ага шыпылдай жакын келишти. Баскан-тургандарына караганда булар соо немелер эмес, муну коркутуп, сөгүп-кордоп, а түгүл сабап салыш үчүн жиберилген айдамалар[3]. А дегенде алар таксини жолго салышты.

– Кана, бул жерден тез жоголгун!

Арсен Саманчинди болсо ошол эле жерден жакадан алып, тамга такашты.

– Ии, улуу урматтуу, үйүңө жеттиңби?! Жашаганы мына бул сасыган жай да, анан шляпа кийип алганын кантесиң! – Арсен Саманчин ооз ачууга үлгүрө электе эле тигилердин бири анын кычыраган шляпасын ылдый көздөй катуу булкуп, анын көзүнө чейин түшүрүп салды.

– Сен тумшугуңду кайда сунуп жатканыңды билесиңби? Өз арбайыңды сок. Жайнатып жазгандарың да бекер болбой калат. Бирди көрөсүң! Сага окшогондорго ок аяган биз эмес! Түшүндүңбү, айбан. Дагы кырчаңгы макала

[1] Мистийе – алдырттан суз, томсоргон кароо (мисирейген).
[2] Куркулдай – кичинекей чымчык, уясын өтө кичине, кооз кылып жүндөн, тыбыттан жасап алат.
[3] Айдамалар – буйуртма менен адамды жазалоочу же жок кылуучу адамдар.

жазып көр, дөдөй, тамга таанымак түгүл, аны көрбөй каласың. Жолбундарча ичкенин кара! Жоголгун! Кеч боло электе оозунду жаап, көчүгүңдү кысып жүр, уктунбу келесоо?!

Ушинтишти да, аны таштап зыр коң кетип калышты. Таш менен уруп калсачы? Антиш кайда? Кеңгирей түштү. Көз байлаган ымыртыкта үн чыгарбай кире беришти көздөй басты. Колунан жалгыз келгени шляпасын оңдоп кийгени болду.

Мына эми, заманасы асманга учуп, эмне кылуу керек, кандай жашоо зарыл, кайда барганы он деген суроолор аны эртеден бери эжигейдей эзип жатат. Көрбөгөнү деле калбады эле го?..

Бир кезде үйлөнүп да көргөн. Ал үчүн кийин өзүн жемелеген. Эми эмне кылуу керек? Эбак уктаган кошуналарына ушунун баарын саймедиреп, өзүнүн сүттөй ак экенин далилдөө керекпи? Ушинтип жатып ал ичинен өз көйгөйүңдү кошуналарына түртө бер. Тапканын мунун деп койду. Ошо үйлөнгөндө элден калбай үйлөнүү тоюн өткөргөн. Мына эми ошо кубанычтын бири калбай унутулду. А тууган-уругу болсо буйруганын көрөсүң экинчисин эртерээк ала бер деп жемелешти. Биринчиси менен болгон турмуш көпкө деле созулган эмес. Ушуларды ойлогондо кабыргасы түтөп, башка адамга айланып кеткиси келет. Эгер ошондой болсо го... Кайдан андай болмок эле? Бул бир келе калган кыял да. Сүйүү деген бир гана жолу бир кезде агарып аткан жарык таң, ошондой, а түбөлүккө жарыгын чачып агарып турар таң болбойт. Өзүнүн таңын түбөлүк жарык чачып, агарып тура берет деп талашкандар да бар. Боло берсин. Таң беле, же жок беле, үйлөнүштү да, анан бирин бири таанбаган адамдардай ажырашып кетишти. Мына ушу кичирайонго көчүп келип жашап жатканына үч жылдын жүзү болду. Жалгыз, өзүнө окшогон «эс-акылы толук» аял менен жашаган оной эмес, ага өзү да барган жок. Ушу турмуш айынан туугандарынан канча жолу жеме укту. Үйлөнгөн жок, тагдырдын иши экен, буга ким күнөөлүү? Өзүнө окшогон, айтканынан кайтпаган бирөө менен көңүл табышып жашап кетсе го... Ии, аны жылаңач гана идеяга башын байлаган бабыр десе да болот, ал үчүн бу жалганда идеядан артык эч нерсе жок, ага баш оту менен жинди болуп берилип кеткен. Борбордук Азияга чычкандардын жашоосу боюнча келген англис журналист аял анын жалаң теориялардан турган «лекцияларын» угуп отуруп, аны «кафедрада туулуп-өскөн адам» деп атаган. Анткени ал өздөрүнүн маалымат каражаттарына материал топтоп жүргөн, анан бирөө муну журналист, философ, айтор, көптү билет деп коюптур. Ошондон улам ар кандай темадагы көйгөйлүү маселелерди сүйлөшүп калбайбы да, ал кургур

«университетти» бүткөнчө шашпайбы. Анын үстүнө Арсен Саманчин атайы англисче сүйлөп тигини «тилден калтырган». Москвадан үйрөнгөн да. Мына ошондо аз жерден «академик» боло жаздаган Лондондон келген журналист аял:

– Саманчин мырза, бизде өздөрүнүн ойлорун гана Кудай көргөн, башкалардыкын баштарына жолотпогон адамдар бар. Алар кафедрада туулуп-өскөндөр. Сиз да ошолордой экенсиз. Жашоо-турмушуңуз өзүңүздүн гана алдейлеген идеяңыз экен, – деген.

Ыракмат, айтканыңыз аябай жакты. А бирок мен кафедрада эмес, тоодо туулуп, чоңойгом. Сиз билесизби, тоолордо жашоо ар дайыма так, тыкан, баамчыл болууну талап кылат, антпесеңиз мүдүрүлүп кулап кетишиңиз мүмкүн.

– Түшүндүм, сиздин кафедраңыз тоолор экен да? Жаңы ачылыш. – Ал жылмая калды да, анан: – Айлана-тегерегиңер бүт эле тоолор экен. Мына, силердин борбор шаарыңардан да тоолор көрүнүп турат, кол созсоң эле жеткидей... Карасаңыз, кандай тоо кыркалары!..

– Айтканыңызда калет жок, тоолуу өлкөбүз. Мен туулуп-өскөн жердеги тоолор мындан да бийик, мындан да чоң, аягы кайда экенин билбейсиң. Ошондуктан ал үзөңгүлөш[1] аталып калган, көк тиреген чокулар асман үзөңгүсү[2]...

– Эң сонун аталган экен, мага ушундай ажайып коздук аябай жагат. Бул тоолорду англисче Стиррап тоолору деп атаса болот. Ооба, сиз айткандай стиррап! Бул дагы мага жаңылык. Ушинтип айта берейин, Саманчин мырза, сиз каршы болбостурсуз?

– Эн сонун атадыңыз! Муну кыргызча Стиррап-Тоо деп айтса болот. Үзөнгү-Тоо! Бул аталышты биздин эл укса сүйүнүшөт. А мени болсо тоолук эле эмес, кафедрада туулуп-өскөн дедиңиз, буга да макулмун. Кафедрада бүт дүйнөлүк мааниси бар маселелер чечилет эмеспи.

– Ошондойбу? Анда мен жаңылган эмес экенмин, туура түшүнгөнүңүзгө ыракмат. Дили бир менен сүйлөшсөң көөнүң агарат эмеспи.

Мына азыр терезеден көзгө сайма дүлөй түндү карап туруп, ал ошо чер жазышкан аңгемени эстеди да, анан өзүнө өзү: «Иш ушундай, «кафедрада туулуп-өскөн, урматтуум». Сен бүгүн жашоонун дагы бир «момпосуюн» жедиң. Татымы таза бал бекен? Тойгондурсуң эми?! Чакчелекей будуң-чаң базар турмуш башталганда кафедраң бокко жарабай калат. Алар сени эмне кылды? Ошо ба-

---

[1] Үзөңгүлөш – жердин аты.

[2] Үзөңгү – аттын ээриндеги адам тээп чыгуу үчүн жасалган буюм. Бул жерде үзөңгүлөш тоосун асманга жерден чыгуучу үзөңгү деп атоодо.

зардын баш айрыма камчысын үйрүп кууп чыгышты, мурунуңду бет кылып салабыз деп коркутушту. Деги сен бир нерсе түшүндүңбү? Ии, сүйүү да ушу базар текчелеринде товар болуп тизилип турат. Сен ушуну азыр билип жатасыңбы? Сенин деген бизнес доорго керегиң жок, зыянкечсиң. Соцреализмиң үчүн дагы бир жолу өз башың менен кун төлөйсүң. Ооба, ошентесиң. Чилистен болуп акыл үйрөтөт... Көрөм сени, «Стирраптан туулуп-өскөнмүн» дейт, ооба, сен кыйынсың, кайра куруу жылдарында тууган-уруғуң сени менен чын эле сыймыктанышкан, эми алардын да жаагы жап болот. Барар жагың, басар жолуң, кылар ишиң калдыбы? А жанагыл «Кыз Кайып» дегениңди балык бол да, таптакыр унут! Анын кимге кереги бар? Ойдо жашап жатканда эле базардан чыккан жарыгы жок жылдыздар тебелеп салды. Азыр ошолордун заманы. Муну сен чаар баштанбай мойнуңа ал, же көк беттигиң карматпай жогол. Андыктан эмне кылуу керек?.. Москвада өз санаган көздөй адамдары бар, ошоякка качып кетсеңи? Качкан менен аерде да жарыгы жок жылдыздар толо. Анда кантет? Айтор, кирсе кайра чыгалгыс куркулдайдын уясынын ичинде калган көрүнөт. Мындан эки жыл мурда энеңдин ким экенин билбей каласың деп бирөө жарым ойлоду беле?.. Мейли, атасынын көрү, агама да, ага дагы коштошуу катын жазам да, анан... Ошентем!»

Ал терезенин жанында сыртты карап ушул ойлорго чөмүлүп көпкө турган. Анан эсинде жок, жатары менен тарс уктаптыр. Баарынан да жакшысы, ошол түнү анын чөнтөк же үй телефонунун безилдебегени болду. Чок баскан тооктой чырылдаса чырылдагандыр, а бирок ал ойгонгон жок. Бирөөлөргө күнкор эмес, эгемен журналист аталган Арсен Саманчиге ар дайыма сөз эркиндиги жүктөлгөн эле. Өзүн жонду тоскон соң, өз өлүгүң болсо да көтөрбөскө айла жок. Редакцияга даттануулар дайра болуп агып келчү, айрым маселелерин гезитке жазчу, ошол аркылуу анын өтүнүчүн аткарчу, калганын кайдан, баарын чечип бергидей ал адвокат болбосо... болгону басма сөздүн соко тарткан өгүзү. А басма сөз дегениң бейиштин төрү эмес, анда өз кызыкчылыгын көздөп көзү түз болгондор да, ит аягы алтын дегендердин эшигинде үргөндөр да, калемдештерин кабанаак канчыктай талагандар да жүнүн жейт. Демейде ошолор тынчтык берчү эмес, а бүгүн болсо анын үйү көр ичиндей жымжырт. Өлгөн экенмин десе, кадимкидей эле басып жүрөт. Балким, тигилер анын кечээ күнү эмне болгонун билип алышкандыр?... Же ага, улактай секирген ырчыга, театр сахнасынын бир кездеги жылдызы саналгандардын Кудайындай кабыл алынган, а азыр болсо акчалуунун терин алган шайкелең кыздай сүрөтү ар кайсыл жерге чапталган «эстрада-чебичине» айланган ырчыга барып, көп

жылдар бою көңүлдөрүндө бапестеп багып келген, экөө бирге кеңешип, анан ушул бүтүмгө келишкен опера жайын айтайын дегенде капилеттен калабага кабылып, кайра келбес кайырчыдай кара түндө калганын тигил узун кулактар угуп-көрүп калганбы? Оюндагы шедевр операсын ага кантип жеткире алат?.. Байланыштын бардыгын үздү, өзү болсо кол жеткис, жан сакчылары кашынан жылбайт. Ойдогуңду олуясы айткансып, бүт баарын билип турат. Бул го бул болду, а тигил композиторду эми эмне кылат? «Кыз Кайыпка» музыка жазып жатпады беле? Ал бул ишти билсе, бүттү, ишин токтотот да басып кетет, анан андайды ит менен издесең да таппайсың. Анын үстүнө классикалык чыгармага музыка жаза тургандар Кызыл китепке алынчудай азайды. Музыка чөйрөсүндөгүлөргө өтө кадырлуу, жанагыл «Кыз Кайып» идеясын айтканда көксөгөнү көктөн түшө калгансып жан-дили менен макул болгон, эптеп жатып акча жагын чечкен алиги демөөрчү менен айнышпас антын кармашып, келишим түзүп койгон композитор Аблаевге тигил каратып туруп кашайткан ресторанда болгон түшкө киргис окуяны кантип түшүндүрөт? Ошого сөзү, намысы жетер бекен? Ит эле болду! Андан да жанагыл күздүн күнкү кашкулактай сакчылар чокмордой болгон муштумдарын оозуна такап, желкелеп айдап келип көчүккө тээп таксиге түртүп киргизип, «бери кара, абышка, атасы арактан өлгөн бул шүмшүктү Орто-Сай кичирайонуна жеткирип сал, эч жерге токтомой жок. Түшүндүңбү?!» дешкенчи. Анысы аз келгенсип таксичиге да акча беришпедиби! Тирүүлөй гана өлтүрүштү го!

Арсен Саманчинди ушинтип айдап чыгышкан. Жана ал эстен кеткис «Евразиянын» фойесинин чыга беришиндеги күзгүнүн жанынан өтүп баратып өзүнүн бүт турпатын, сымбаты сынып, жүзүнүн сыры күбүлгөнүн көрө калганда күйбөгөн жери күл болгон, аз гана жерден чүчүктай чыңырып ие жаздаган. Андан калса чапанынан күлкүсү чыккан бечарадай кейип-кешпирин тигил классикалык үлгүдөгү модалуу шляпасы ого бетер жүдөмүш кылып жиберди. Көйрөңүн кантесиң! Алеки саатта коомдук жайдан жанагыл кандуу моюндар ит терисин башына каптап, таманына шиш кагып айдап чыгышты. Анткидей ал ким эле? Кудайдын тузун уурдады беле?.. Арына келип, намысын коргоонун ордуна иттин чүкөсүндөй болгон кебетесин күзгүдөн көрүп, ыргыткан сөөк башына тийип чыгып кетти. Ал өзүнө жарашыктуу кийинген, өң-келбети келишкен, өзүн кай жерде кандай алып жүргөндү билген интеллигенттердин бири саналчу. Анын үстүнө аны өз алдынча ой жүгүрткөн, эч кимге көз карандысыз, өз жеринде эле эмес, Азия аймагына курч жана кызыктуу ойлору менен таанылган журналист болчу. А тиги Айдана, эрке-

летип чакырган Айасы, кээ бирде ичи эзилип: «Менин гана эгемени! Мен дагы эгемен болгум келет, экөөбүз тең эгемен түгөй болобуз», – деп калчу. Балээниби! Кайдагы эгемен түгөйлөр?! Бүт бардыгы Теңирден тескери болуп чыкпадыбы. Бизнес-элита тарабынан ал тап кызыкчылыгынын айынан алыс сүрүлүп, зомбулук менен жалгыз калды, ии, тап дегенин ар дайыма жашаган, дагы да жашай берет. Тигил болсо сүбөсүнө чейин жыланачтанган жылдыз болуп башка дүйнөгө, бизнес-бейишке жылт койду. Ооба, бейишке кимдин баргысы келбейт? Бардыгы, а бирок аерге бүт бардыгы бата бербейт. Тигинин жолу оң болду, эгерде мында чыныгы бейиштин ачкычы болсо, анда ал ага ошо бейиштин эшигин ачып, а түгүл төрүнө гана чыгармак. Ачкыч жок да...

Кызык эле иш болду, тигинин өзү үчүн, жан дүйнөнү козгогон меццо-сопраносу үчүн арналып жазылган «Кыз Кайыпты» коюу идеясын эми кайсыл көргө көөмп таштайт? Көз көрүнөө жоголуп бара жаткан опера театрынын көйгөй проблемасын эми кайда ыргытат? Таланттар келип жатат, аларды эч нерсе менен токтото да албайсың, не дегенде салтка айланган репертуардык театр жашап калабы, же жокпу – бул улуттук гана эмес, бүт дүйнөлүк проблема. Ал эми массалык маданият дегендин көчү күйгөн кызыл кулактары Арсендин ишин кумурскага жүк арткандай бүтүрүштү да, мындан кийин ал акыл жеткис материялар жөнүндө ойлонуп кыйналбашы үчүн көз көрүнөө сазайын колго беришти, өзүнөн өзү басынгандай кордошту. Ушуну менен иш бүтпөйт, эми алар жолго турбагандай, көзгө экинчи көрүнбөгүдөй, бутка чалынбагыдай кылып, эгемен идеалисттин сары изине чөп салып, каалагандай келекелей берет. Алар мунун баарын попсмодернизм топ-моделчилери аталган, а чынында ошол эле шоу-бизнестин көчө шыпыргычтары болгондордун шылдыңдай жылмайган жек көрүү мамилелери менен жүзөгө ашырышат. Массалык маданияттын элди жылаңачтап жаткандыгына чалчакташкан бул чагарак куйрук чаяндар мындай иштердин жигин билгизбей бүтүрүшөт. Анткени алардын колунда бүт баары бар, интернеттен космоско чейинки каражаттар аларга кызмат кылат, акча берсең өз атасын маскаралап, же жамандап жаза турган эси жок эстрада менен башы жок басма сөз да буларда. Ай бечара басма сөз, бир кезде сөз эркиндиги үчүн күрөшчү эле, эми минтип базардын кулу болуп, акчалуунун арсылдап үргөн итине айланды. Түз эфир азыр эмне кылат, зуулдаган автомашиналардагы радиочу? Космос спутниктери да азыр жер жүзүндөгү кыйындардын шоу-бизнестерин көрсөтүп турат. Ушунун баары барып-келип эле классикалык көркөм дөөлөттөрдү четке сүрүп, адам акылын акча табууга гана мажбурлап жатат. Бүт бардыгы ошолордун колунда.

Ал эми сен, эй, коколой жалгыз кыялы менен кылган ишиңе ыраазы болгон, бүт баарын билген, бүт баарын жасайм деген Кудайдын тузун уурдабаган таалайсыз, бардыгын билип, бардыгын көрүп туруп анан неге алардын жолуна чыга калып жатасың?! Акылынан айныган адамга окшоп эми өзүңдө болгондун баарын, ал аз келгенсип өзүңдү да, мына бу калчылдаган колдоруң менен жакалап, шоумендердин уюгуна алып барып бересиңби? Жадагалса ак сүйүүнү кара санап, жайнаган көзүн көл кылып курмандыкка чалсаң мага гана зыяны тийбесе болду деп тигилерге салып бересиңби? Мунун өзү сен өзүң жадабай жазып жүргөн жашоонун маңызы менен анын сулуулугунун негизи дегенди зордук менен жок кылуу болуп саналат, ал Жаратгандын амиринен түбөлүккө сага гана берилген жан дүйнө тазалыгы, акыл-эстин күч-кубаты, өмүр ыракаты, сулуулугу, бу ааламдын сага берген жалгыз белеги. Бу дүйнөдө сүйүүгө теңеле турган эч кандай күч, кудурет жоктугун сен ушундай чечмелеп айтып келесиң, жана да аял менен эркектин денеси ээрип, жаны биригип, алар үчүн аалам жоголгон маалды сен түбөлүктүүлүк менен жер үстүндөгү жашоонун көз ирмемдик күнөөсү деп түшүндүрөсүң, ошондуктан сүйүшкөндөрдүн тамырлары ташкындап, кумарга баткан каалоолору менен сезимдеринин биригишин ар дайыма адамдын тагдырына, асман, жердин ортосундагы жашоого татаалдык таап туруучу сүйүүдөн улам ушундай болот деп, трагедиялар менен турмуш көйгөйлөрүн да ошого байлайсың. Бардык сүйүүнүн өмүр-тарыхы өлүмгө жетип жок болот, а бирок Теңир сүйүүнүн түбөлүктүүлүгүнө чек койгон эмес, ошондуктан ошо түбөлүктүүлүк өмүргө айланып, кийинкилерди жарата берет. Ал эми айкары ашкан бузукулук менен көралбастык кайра эле адамдын касиет-сапаттарын буктурмага айлантып, каракчы күч катары махабат дүйнөсүнө арамзалык менен кан агыза кол салат, адамдардагы мындай карасанатай жашоо күрөшү тагдыр катары улана берет, улам жаңы жолдорду таап көбөйө берет. Ким ойлоптур ушундай болот деп, мына бул жолу да ошондой болду.

Мындай кезде сен дагы алапайдан ажырап, сөөгүң сөпөт болуп жеңилип, анан ошонун айынан өзүңдү өзүң жек көрүп басмырланасың, чүнчүткөн турмуш алтымыш вагон бир чиркеп, алысты көздөп салып-уруп келатканда жолунан чыгып кеткен поезд сыңары ак сүйүүңдү күм-жам кылып талкалайсың, анткени экөөңө тең ал сүйүү жогору жактан түбөлүктүүлүктүн мыйзамы менен чеңелип берилген, анын аягына чыктыңбы, шоруң катты, адам катарынан чыгасың, кейпиң кетет, селсаяк турмуш жетелеп алат, анан жаңагыл казаны кайнап, базары жайнап турган шоумендин алдында көрдөн чыккан арбактай болуп турасың. А бирок сен ошого ыраазы болосуң, аз

жерден тигинин таманын жалап жибере жаздайсың. Анткени ал атаандашын да, душманын да жеңген адам. Жанына жаның кошулган, эки дене, бир жүрөк болуп сүйүшкөн дүйнөдөгү жалгыз махабатыңды сени каратып туруп эл көзүнчө эзиле кучактап, анын да дене-боюн балкытып, буга чейин бир дагы жолу боло элек аялдык жылдызын жандырып, аялдын бактысын алаканына салып алып кетсе, кеткенде да жүрөгүңдүн жарымындай болгон адамыңды өзүңдөн жана анын өзүнөн сатып алып, анан товар катары дагы сенин, дагы элдин алдында соодалап турса, анда сага бул жашоодо не калат? Ооба, мындай кезде сенин жан дүйнөңдө сенин сүйүүңдөн жаралган, мухит сыңары жашап жаткан, сенден жана андан башкалар сезип-туя албаган бир өмүрдүн бир күүсү, бир сүйүүнүн бир обону кайрыктарын жоготуп, карегиңден кан агызып, карыптыкты өз башыңа салат, анан сен андан алыстай да, ага кайра жакындай да албас жана эзели айыкпас шек саноо оорусу менен ооруйсуң, жинденүүгө алдырып, жандуу ооруга чалдыгып, жан дүйнөңдөгү асылдыктын бүт баарынан кол жууйсуң. Мында сен дагы кантесиң?..

Ушу жерден Арсен Саманчин өзүн өзү тыюуга, акылын кайра тапканга аракет кылды, мунун баары кызуу кандуулук, ташта дагы башкага өт деди. Анан ал басма сөздө, башка маалымат каражаттарындагы айтылгандардын бүт баарынын чын-жалганын териштире талкуулай берген болбогон иш экен. Теле менен кинолордогу атып өлтүрүүлөрдү да ал шылдыңдап күлчү, жиниңдей жек көрчү, анткени жанагыл киши өлтүргүч үч жолу атып, анан жерге кулаган каршылашынын өлгөн-өлбөгөнүн текшерген ок менен аны башка атып, айтор, мындай аракет ага таанып эле, өзү да андайды жаңылбай жасоого даяр болуп бүткөн болчу. Кээде оюндан тигил шек билбегендей тез кыймылдап, текшерүү огун чыгарып, анан тапанчасынын оозун өз чыкыйына такап туруп, машаны басып жиберчү. Бүттү! Оо дүйнөдөн кайра баштан жолугарбыз... Ошондо териштирербиз.

Бирок ал ага чейин бир нерсени билип алгысы келет да, анан аны ошо бойдон тигил дүйнөгө алып кетүүнү самайт. Ал кан кызыткан кызыл кек. Тигил айбан продюсерди, тигил шоумен жаланкычты, анан өзүн атат, бул колдон келе турган иши, ошондо Айа не болот, өйдө жак аны бул ишке күнөөкөр таап, тирүүлөй тозок отуна салып жазалаганда анысы «Кыз Кайыпты» ырдабай калган үнү менен жүлүнүн сууруп, жүрөгүн тилип ийгендей боздоп, өзү саткан сүйүүсүн, өзү өлтүргөн «Кыз Кайыпты» эч качан эстен чыгарбашын, бул үчүн күнөөлүү экенин жан дүйнөсүнүн азапка батышы менен сезип турушун каалайт. Бейишкеби, тозоккобу, айтор, ала кетер көрүнбөс жүгү ушул.

Ооба, экөөнөн башка жан билбеген Хайдельбергдеги сүйүү тарыхын жүрөгүнүн соңку кагышына дейре эсинен кетпей турушун каалады. Тигиниси ошол шаардын мэриясынын атайын чакыруусу менен концерт бергени, а мунусу болсо аны коштогон журналист катары барган да, Германиянын Хайдельбергиндеги тоодогу замокто, ай нуру сүттөй төгүлгөн махабат түндөрүндө, ак гүлү жытын аңкыткан ландшафтта, немистердин тээ орто кылымдагы тарыхый шаарынын жогору жагындагы сейил бакта кынала басып жүрүшкөндө «Кыз Кайып» идеясы жаралган. Ошол үчүн ошо Хайдельбергдеги керемет күндөр эсинен кетпей, тигини акыркы көз ирмемине чейин ботодой боздотуп, жалгызынан айрылгандай өксүтүп, сыздаган үнү жалган дүйнөдөн чын дүйнөгө угулуп турсун. Ошондо Арсен Саманчин ал дүйнөдөн куду тигинин көргөн күнүн көрүп, анан бүт ааламга: «Эми бизге Хайдельбергдеги түндөр эч качан келбейт!» – деп кыйкырып турмак. Ушинткиси келди, анткени ал бу дүйнөдө бүтүрө албаган Хайдельберг романын тигил дүйнөдө да жаза бермек.

Канткен менен бул ойлор дил азабынын ыры эле, ошондуктан ал өзүн бүт бардыгын унуткун, мунун баары кыжалаттан чыккан ой деп ынандыргысы, өзүн өзү кармагысы келди, а бирок өткөндөр өчпөс өчүндөй күйүп, өзөгүн кайра өрттөдү, өмүрүн сындырган кегин алууну туталана күсөй берди, кыянаттарга кыямат күндү түшүрөм деп көшөрүп алды. Бала чагында кулагына куюлган бир сөз, болгондо да кыл чайнаткан кыйчалыш кезде айтылчу накыл элирген оюн ого бетер дүрбөтүп салды: «Камчы сабын сындырган касташканын, келгенде, эмне болсоң, ошо бол, эч убакта алдыңа барып баш урба, толтосуна канжар толгоп касыңдын канын кана жут да, басып кет. Антпесең өзүңдүн каныңды ал кашыктап түгөтөт. Кан ичме кастык дегендин жайы ушундай».

Бул сөздөр качан, кайда, кандай кырдаалда айтылганын ким билсин, айтор, атадан балага өткөн сөз экен. Азыр ага ошол сөз айтылган кездей кез келди: же душманыңды өлтүр, же өз жаныңды өзүң кый! Башка жолдун бүт бардыгы түгөнгөн. «Жок, эмне үчүн, – деди ичинен. – Болбойт!» Өзүн жемелеп-жемелеп алып, эсине келген.

Ошондо ал өзүнүн үйүндө эмес, бөтөн жерде жүргөндөй чочуп, бирөө-жарым угуп койдубу деп эки жагын элеңдей карап, терезеден шак четтей берип: «Келесоо десе! Дагы эмнени айтып жатасың? – деп кекечтене өзүн сөктү. – Душманың го бар экен, а бирок аны эмнең менен атасың? Алдагы калтыраган сөөмөйүн мененби? – Анан дубалда илинип турган күзгүгө келип өзүн көрдү да, аз жерден бетине түкүрүп жибере жаздады. – Ушу сенин оюнчук тапанчаң да жок, анан аны өлтүргүң, көз көрүнөө атып салгың жана жаныңды кыйгың

келет! Кыйынын мунун! Өлөр иттей энтигип араң турат да, анан өлтүрөт элем дейт! Куралды кайдан аласың?!»

Куралды кайдан табам деп ойлоно баштады. Ал жалданма киши өлтүргүчтөр жөнүндө, алардын ыкмалары тууралуу көп уккан, кинолордон күндө көргөн, оңойдой эле туюлган, а бирок башка түшкөндө анын эмне экенин билет экенсиң. Ниети туура көргөн соң, тапса да, сатып алса да болот. А бирок атканды билиш керек да!.. «Кыз Кайып» күйүтү болсо күчөй берди...

Ушинтип жатып уктаган эле, түш көрдү. Чөнтөк телефонун кармап алыптыр, чалган жок, анысын тапанча сымал бир жакка мээлеп жатыптыр, атылмак беле, ошо маалда үй телефону безилдеп ийди. Ойгоно калып телефонго келди да, трубканы алган жок. Кайдан сүйлөшсүн, кыжырдана кол шилтеп койду. Дагы шыңгырады, дагы албады. Жок жерден түйшүк табылды, тапанчаны огу менен табышы керек. Кимге барса?..

Таң сөгүлүп, көчө ойгоно баштады. Ал дагы эле эмне кыларын билбей, тынчы кетти. Бул балакетти кайдан табат? Балээси башты жейт окшойт. Билгендер курал саткан базардан тапса болот деп айтып жүрүшөт, акчанын көзүнө карабай сатып алышы керек, пулду үнөмдөп көрүнө алып жатмак беле. Пул эмес өмүрү түгөнгөнү турат... Ошону айтсаң, мындан ары кайгы-капа, арман жок...

Арсен Саманчин алдыда кандай иш күтүп турганын жүрөгү менен сезди, ошондуктан ал батыраак эле тапанча таап, не бар, не жок аны ар дайыма жанына алып жүрүүнү чечти. Өңүтү келсе алдастабай ойлогонун так жасайт, октор биринин артынан бири атылып, мелжеген жерге жазбай тиет, акыркысын болсо өзүнүн чыкыйына басат. Буйруса баары ойдогудай болот, ал тилеген кырдаал өзүнөн өзү түзүлөт, не дегенде аны эбактан бери тааныйт, ар дайыма кездешип турчу, башта чөйрө бир эле, ал мына бул жылаңач маданиятын баштагандан бери ага сейрек жолукчу болуп кетти. Себеби ал бардык эстрада дегендердин продюсер, «Евразия» сымал кансарайдай көңүл ачар жайлардын ээси, олигарх, босс, өз чөйрөсү айткандай шеф, ушундай, бир кезекте ал ортозаар эле актёр болчу. Базар заман келгенде анын чычкан өткүс токоюнан жол тапты да, анан шоу-бизнестин бүт баарын алаканына салып алды. Базарды каза жорткондор канча, алардын тапканы күнүмдүк талкан, а аерден иши оңолуп, кочкору койдой төлдөгөндөр саналуу гана. Ошондойлордун бири ошол, байлыгына манчыркап, акчадан башканы таанбай калды, каалаганын алдына салып айдап алат, идеяларыңды уруп ойнобойт, айрымдарды тебелептепсеп мүргүтөт, каалаган кыз-кыркынды роботко айлантып, безелентип бел-

ден ылдый ырдатат. Чыдаш кыйын, жетишет! Курал табылса эле болду, калганын өзүм бүтүрөм.

Ал өзүн өзү ушинтип ынандыра берди, анан жамандык эмес эл үчүн жакшылык жасап жатмакчы болгонуна биротоло ишенип алды. Анткен менен ал деле адам да, кээде ага кекене кек сактап, тизгин тартпас өч алуунун каары кайда алпарат болду экен? А бирок бул жамандык жакшылык үчүн жасалып жатат да? Ушундай болушу мүмкүнбү? «Ой, дагы эмне деп акыл айтып жатасың, башты айлантып. – Кол шилтеп койду. – О-ой, жүрөгүң жок. Андан көрө ага кантип барасың, иш бар эле, сүйлөшөлү дейсиң, ошону ойло. Анан ошо жерден...»

Баса, ал экөө жакында эле бир болгон, кадимкидей сүйлөшкөн. Пресс-конференциядан кийин болчу, Эрташ дагы бир жакка барат өңдөнөт, кайра-кайра саат карап, анча чечилген эмес. Ким билсин, балким, ал ичинен анын кысыр идеяларын кызык көрүп, кыялында кызыл күн менен сүйлөшкөн келесоо деп келекелегендир. Ошентсе ошенткендир, кайра куруу жылдарында ал экөө тең жаш болчу, Арсен Саманчин болсо театр турмушун, башка жактарды да камтыган макалаларды жазчу, Эрташ Курчаловдун чыгармачылыгы тургай аты да аталчу эмес, не дегенде ал анда көрүнбөгөн көп артисттин бири эле. Ал эми азыр?! Болору болуп бүттү да. А кезде театр дегениң, жетерине жете жетилген эле. Бир жагынан жаңыча ой жүгүртүү башталып, театр сахнасына доор бүтүндөй батып кеткен. Руханий жаңылануунун күчү элди жандандырып, адам тоталитаризмдин чеңгелинен бошонуп чыккан. Ошо кезде Эрташ Курчалов шаардын драмтеатрындагы билинбеген артисттердин бири эле, ушундан улам анын бар-жогу менен эч кимдин иши жок болчу. Ырас, башкалардан бою узун, үнү жоон экенин эч ким таналбайт, а бирок кийин сахнадагы көптүн бири катары көрүнбөгөн артисттен шоу-бизнесмендин талант-күчү жашырынып жатканын, кумары канбас көрөрман сахна тургай тиги стадиондорго чейин жүнүн жеп батпай турган эстрадалардын башкаруучусу чыгат деп ким ойлоптур. Олуяң дагы билген жок.

Ошо күндөрү элге, өзгөчө жаштар арасына «Эрташ Курчал» деген сөз кенири тарап, ооздон түшпөй калган, анткени шоу-бизнестин өзүнөн ашкан пайда берер сахна көз жоосун алган жасалгалары менен жан дүйнөңдү азгырган жарнамасы, анан да көргөндөр кайра сагынган эстрада оюндары анын атын аңыз сөзгө айлантып салган. Эрташ Курчаловдун көргөндүн көзүн күйгүзүп, сезимден өчпөй таңданткан клип-концерттерин бардык жерде, Кытайың менен Москвада да кубана кучак жая тосуп алчу болду. Айтор, анын продюсерлиги

азыркы эстрада асманында жарык жанган ак жылдыздай балбылдап, ишкерлик ишмердигине сөз жетпей калды. Айдана Самарованы мына ошол Эрташ-курчалчыл эстраданын кандайдыр бир күчү оп тартып кетти.

Эртеңки күнү опера театрынын жылдызы болор Айа ырчы өзүнөн өзүн өзгөртүп, үнүн да, өң-келбетин да, сахнадагы жүрүм-турумун да биротоло Голливуддагыдай кайра жасап, бардык телеканалдардан байма-бай чыга берди. Анын эмне үчүн күн санап мурдагыдан жарык жанган эстрада жылдызына айланып бараткан жөнүндө түйшөлгөн бирөө болбоду, жоогазын гүлү соолгондо гана бармагын тиштеп, баш чайкап басып кеткендер чыкты. Кемчонтой акең каргага каш берем деп айтыптыр дегендей да. Аттин десең, айдан сулуу Айданасы экөө тээ баягы Германиянын замогунда турушкан кезде тагдыр алардын жанын бириктирип, биринин жүрөгүн бирине берип, махабат бактысы кылып жаралган жана ай-ааламдын сүйүүсү болгон «Кыз Кайып» идеясы төрөлгөн ошо Хайдельбергден ал экөө бир поездде, бир купеде жанаша отуруп келатып эле, анан кайсы бир жерден сүйүүсү башка тарапка бараткан поездге отура калып кетип калгандай болду. Шарактап кеткен поезддин артынан жан-алы калбай жүгүрдү, алып-учкан ал поезд, кайдан ага, көзгө да жеткирбей койду. Эми ал ээн талаа, эрме чөлдөгү поезд жол менен боюнан аша жүгүрүп, айныган адамдай: «Аа-й-аа! Аа-й-аа! Экөөбүздүн «Кыз Кайыбыбыздын» көрөр күнү не болот?» – деп кыйкыра берди. Кыйкырат да, көзгө көрүнбөй калган поезддин артынан жетем деп чуркап барат. «Кыз Кайыпты» алар «Кызыбыз» деп аташчу, ошентип бакырып барат: «Аа-й-аа! Аа-й-аа! Токто эле, токто! Экөөбүздүн «Кызыбыз» кана?! Сен аны таштап кеттиңби?! Ай-аа!» Айасы ага эмес, алтымыш вагон бир чиркеп, алып учкан поездге да жеткирбей кетип калгандай туюлду. Аны ал тарапка банк эсеби менен кызыктырып, ким азгырып алып кетти? Түшүнүктүү. Локомотивди башкарган мурда белгисиз бирөө болсо, азыр атак-даңкы таш жарган шоумен-ишкер Эрташ Курчалов болуп жатпайбы?..

Айдана менен жаны кошо кеткенсип, анын артынан: «Аа-й-аа! Аай-аа! Экөөбүздүн кызыбыз кана!» – деп кекиртеги жарылганча кыйкыруунун не зарылы бар эле? Апенди да. Ал ошондо Көк асмандан: «Эй, айтканынан кайтпаган, акмак! Көк бет!» – деген жекүү сөз укту. Болору болду деп басып кетсе болмок.

Арсен Саманчин канчалык билимдүү болсо да, акыл-эс менен турмуштун өзүн батыл басып келаткан азыркы шоу-бизнеске берер жообу белен эмес эле, санаага бата баштаган. Анткени ал өзүнүн өлбөс деген идеялары менен дагы

эле жашап, анын туткуну болуп, ошону менен ушу азыр ар кандай тоскоолдуктарга тушугуп, ошонун айынан мурдагы кумар кызыткан кызыкчылыктары менен айга учурган эргүү-кыялдары барган сайын негедир жашоосунан сүрүлүп. Айа менен «Кыз Кайыптан» башкасы бүгүнкү кезде көрпенделик бир нерсе болуп калгандай. Ал эми өзү ишене бербей келген массалык маданият барган сайын даулдап алган өрт болуп дүйнө жүзүн бүт каптап, ошол эле мезгилде көк мухиттин аска уратар кубаттуу толкуну менен аны тоголото ура берди. Ушундай кырдаалдардан улам ал ар дайыма ааламдык массмедианы Кудайындай санаган массалык маданиятты атай турган жаңы сөз тапты, анысы жансерек маданият. (Айта берсин, ага массалык маданият кирпигин ирмеп да койбойт!)

Кечээ жакында эле шаардын 250 жылдыгына арналган шоу-концертте ал өзүнүн жаңы терминин ойдогудай тапканына дагы бир жолу ишенди. Түн таяп калган кеч эле, кара таандай жыйылган элге стадион жарылып кетчүдөй болуп жаркырап турду. Өчүп-жанган жарнамалар, кызыл-тазыл афишалар мени кара дегенсип көйрөңдөнөт. Келгендердин көбү жаштар экен, тоо тараптан келген кечки сыдырым алардын маанайын көтөргөндөй.

Бардыгына көңүл ачар, эң эле узак созулган оюн-зоок керек эле. Ал күнү ошондой эле болду. Кулакты жарып аза-бойду солкулдаткан музыка андагыларды азыткыдай арбап, стадиондун үстү жагынан жаңырды, сахнада болсо бийдин бардык түрү – балеттен баштап, колу-бутун шалкылдатып, бою-башын калчылдатып бийлегенге чейинки ар кандай шапар тебүүлөр биринин артынан бири боло берди. Дагы башка оюндар... Ошондо элди дүр-р эттире жандандырган Айдана Самарова болду. Бул асман, жерди бириктире жаңырган концерт анын таанымал талантын дагы бир тастыктап, чыныгы жылдыз экенин таанытуу максатында эле. Ошондой эле болду, ачык стадиондо миң кубулжуп асманга көтөрүлгөн терең коңур-назик үнү, келишкен шыңга боюна жарашык кошуп, кайра андан жагымдуулук алып турган нур төгүлгөндөй болгон тал чыбыктай солкулдаган денеси, ошондой эле аны көптөгөн татына сулуу кыздар менен жигиттердин жанаша турушуп делебе-сезимди козгогон кыймыл-аракеттери, айтор, сахнадагы болгондун баары Айданага биригип, Айдананын үнү болуп жатты. Стадионду көтөрүп кетчүдөй болгон эл сахнага чыгып, Айдана менен бир болуп, Айдана менен Айданадай ырдагылары келди. Жалгыз гана ал: «Операнын сулуулук Кудайы утурумдук таанымалдуулукка айланды!» – деп ойлой берди. Мындайда аны менен кимдин иши болмок. Эл деген эл экен, «Лимузин» ырын эркек ырчы менен ырдап калды эле, айта көрбө, көрөрмандар

көз көрүнөө жинди болуп кетишти. Ал ыр өзбектердин оолдон түшпөгөн ыры болчу, өзбек тилинде, обон ыргагы менен дене кыймылы ширелише аткарылды. Кыргызчасы мындай: «Сен мени сүйөсүңбү? Сен мени сүйөсүңбү? Жаныма келесиңби, «Лимузин» бересиңби?» Кыз ушинтип айтат. Ага эркеги: «Мен сени сүйөм жаным. Мен сени сүйөм, жаным» – дейт. Ушундай сөздөр. А стадион болсо дубана болуп ак уруп, оолукмадай оолугуп: «Ли-му-зин эй, Ли-му-зин!» – деп колдорун көккө булгалап, делбе тап болуп ээлигип жатты.

Стадиондун төрт жагына орнотулган эбегейсиз чоң, төрт телеэкрандан сахнадагы тигил экөө баш кошкондор түшө турган лимузин жеңил, кооз, оюнчуктай татына жеңил машинада – салону ачык кабриолетте дүйнөдөгү жалгыз бактылуу түгөй жар болуп отурушат. Айдана! Таалайын тапкан түгөйү да Айданадан кем эмес экен. Рулга алмак-салмак отуруп, бирде жарнаманын көз жоосун алган жерлерин аралап, бирде кар баскан аска тоолорду этектей, кайра мелмилдеген көк денизди бойлой, анан шар аккан суунун үстүндөгү шаар келбетин элестеткен көпүрөдөн өтүп, мейкин талааны аралап, эки дене бир жүрөк болуп зуулдап келатышты, алардын үстү жагында, бир аз арткараакта, оркестр ээрчип учуп алган. Шаар четине келип токтошту, жанына жаны кошулган, бакыт дегендин ченем билбес мээримине бөлөнгөн түгөйлөрдөй тиги экөө сейил бактын жанына токтогон машинадан түшүп, эки дене коргошундай ээрип кучакташа, жарнамалары жымыңдаша көз кысып, өзүнө чакырып турган ресторанга киришти да, андан чыккан соң кайрадан кайдадыр «Лимузин» менен жөнөштү. Махабат бактысы деген ушул го! Карап туруп... ооба, жалындап баратканыңды өзүң билбейсиң.

Кайрадан музыка жаңырат, кайрадан стадион: «Ли-му-зин! Ли-му-зин! Ай-да-а-на! Ай-да-а-на!» – деп жерди жара кол чабат.

Арсен Саманчин өзүнөн өзүн жоготуп, кирерге жер таппай турду. Агынан жарылган элден артыкпы? Ал деле элге кошулуп... Ооба, жеткен экен, акыры ал да: «Ли-му-зин! Ай-да-на! Ай-да-на!» – деп жаткандай болду, анысы өзүнө араң угулду.

Ушу маалда күтүүсүз жерден казандай кайнаган элди элейткен бир укмуш көрүнүш көзгө сайылды. Түнөргөн түндү өрттөгөн жарык чагылгандай жарк этти да, көккө атылган ракета фейерверктерден бүт аалам алаканында тургандай болуп көрүндү. Бир укмуш! Шаар мэрине миң алкыш! Эрташтын берген акылы го?.. Мейли, фейерверктер демейдегидей шаан-шөкөт өтүп жаткан жерден эмес, шаар сыртынан залп менен атылып турду. Ордо калаа өңүрдөн алган бөксө тоонун чокусунан кубаттуу ракеталар атылып, көз кызарткан жаркыроолор

көктү көздөй бирин-бири кубалай жылдыз нур чача чыгат. Мындай шумдук керемет мурда-кийин бир да жерде болбогон, муну да ошо Эрташ Курчал балакет тапса керек. Ошонун гана колунан келди. Бир дүйнөдө бир гана болчу керемет! Ушунун баары шаар маарекесине байланыштуу жасалганы менен иш жүзүндө ай чырай ырчы жылдыз Айдананын урматына арналгандай болду. Ал анткени жанагыл жалынга салган музыка жаңыра берди, бак-таалайга чалкыган эки жаш түшкөн «Лимузин» панорама телеэкранынан кайра-кайра көрүнүп, ичин түгүл жүрөгүңдү күйгүзөт. Жаркыроолор асманга жетип, бул аалам жылдыздан жаралган асылдыкка айланып турду...

Ушул маалда ушул жарык дүйнөдө эзели эч ким билбеген бир окуя болду.

Көк жалмай көтөрүлгөн жаркыроолор тоо койнуна кол салып, аска-чокуларга чейин тик сайылып тургандыктан, андагы куштар коогага түшүп чырылдап, жан калар далдаа жер издешкен кезде, баягы каргыш алгыр ашуунун түбүндө алсырап жаткан Жаабарс чочуп ойгонду. Тоолордун үстүн жаркыткан жарык жылдыздар эмес, таптакыр башка, мурда болбогон иш эле. Ушундан улам ал дагы бир алаамат азабына кабылбайын деп буйтка жерге жылт койгусу келди, а бирок анте алган жок. А түгүл минтип түнү бою күч жыйнап, күн сайын мында келет да, бу түгөнөр өмүрдүн эч түгөнбөс арманына айланган азезилдей ашууну ашып кете албай, жоголор жайы он жомок болуп турган. Тагдыр аны эмне үчүн кыйноого салып көшөрүп, кыл жылдырбай турат? Тагдыр деген тагдыр да, өткөрөм десе ашуудан азыр эле жылуу-жумшак өткөрүп коёт. Андай болбой жатпайбы, үзөңгүлөш ашуусунун этегинде жалгыз үмүт кучактап отурбайбы?! Качан ашат, кантип ашат? Азырынча тагдыр ага айта элек. Майрамдык шаан-шөкөттүн жаркырагы тагдырына таш түшкөн Жаабарсты ошол түнү түйшөлткөнүн Жараткан да билгендир...

Рок-музыканын бороондуу деңиздин толкунундай ыргагында калган стадион дагы эле: «Ли-му-зин! Ли-му-зин! Ай-да-на! Ай-да-на!» – деп дуу түшүп жатты.

«Мына ал жансерек маданияттын «Лимузини» менен кетти! – деп кейип алды Арсен Саманчин. Анан дароо: «Кыз Кайып» эмне болот?» - деп жиберди. Анын «Нивасы» мындан эки кварталдай жерде, дээрлик чет өлкөлүк маркадагы жылтыраган машиналар токтотулуп коюлчу жайда эле, ошого баратып: «Жансерек маданиятка көнгөн жашоо эмнени гана жасабайт? Жакырлар менен жумуш издегендер толду, «жумуш бергиле!» деген жазууну көтөрүп алышып жол боюнда турушат, ат чабым жерге тизилген. Булардын көбү көчөсүндө жан калбаган алыскы айылдардан келишкен. Бул башка эмес, дал ошо адамзат

коомуна коюлган адам талабы, себеби адамзат коому жаңы өзүнүн муундарын жаратып турууга жарамсыз, башкача айтканда, бул дүйнө сенин мага керегиң жок, көзүмө көрүнбөй жоголгун деп турат. Ал эми колунда токочу барлар «Лимузин» минип дуулдайбыз дешет».

Түнкү кечеде өзүнүн «советтик» «Нивасында» баратып ал ушуларды ойлонду. Көнгөн машинасы, анын үстүнө андан жакшысын ал каалаган да эмес, анын үстүнө чөнтөгү жука. «Лимузинди» көрүнгөн эле мине бермек беле! Айанын лимузинчил болгонунун жөнү бар, жылдыздардын жылдызы, колуң түгүл көз жетпейт, сакчылары жанында, сени менен сүйлөшмөк беле... Мурдагы эри менен жараша турган түрү жок, анысы бөтөлкөнүн түбүнөн чыгалбай калган дешет. Турмуш деген турмуш, ал жөнүндө тиги-бу дештин кереги жок. Тагдырды табалап болобу, эң сонун үнү бар опера ырчысы Айдана Самарова деле күтүүсүз иш жасабадыбы, Милан[1] сахнасынан ырдамак, жылдызы жанмак. Ал ошенттиби? Жок, таанылуунун жеңил жолун тандады да, тал башынан күйгөн куйруктуу жылдыз болуп чыга келбедиби? Акча жааган концертин берет...

Мунун баары анын иши, анын тагдыры. Андан көрө сен өзүңдү кара, ат жалынан оодара тартып салышты, ушундан улам кызалаңдап, оту жок кайнап, тигилерге жаман сөз айтып келесиң. Чындыкты моюнга алгының, ичи күйгөндөр сенден күчтүү болуп чыкты го?.. Көз карандысыз, белгилүү, дагы эмне элең, айтор, болгону галстугу моюнунда койкойгон, суроодон башканы билбеген журналистсиң, а тигил ким? Жолуңар кайдан бирикмек?! Бириң массмедиа ааламында ак жылдыз да, бириң массмедианын таманы баскан талпаксың. Жайына кой! Сүйүү деген өзүнүн бар-жогун сенден жашырган жалтак сезим эмес, ал дайыма тоскоолдорго кабылып, кабылган кезде кайрадан жаңы күч алып, кубаныч менен кайгыдан, сүйүнүч менен армандан кайра жаралып турат. Ошон үчүн сүйүүгө жеткени да, жетпегени да бактылуу, сүйүүнү сезбеген гана бактысыз. Ак сүйүүдө аскар тоодон көк рапис[2] зоо тосуп да токтото алгыс көчкү жүргөн учурлар болот, андайга сөз айтылбайт. Анткени ар бир сүйүүнүн тарыхы, азабы жана бактысы болот. А сен болсо өзүңдүн жеке кайгыңды жер жүзүндөгү ааламдаштырууга, массалык маданиятка оодара салып жатасың. Карасаң муну, оюңа койсо Кудайдын сакалын жулуп алгың бар! Эсиңди жый! Андан көрө сен «Кыз Кайыбымды» жактырбайт деп массалык маданиятты тепкилей бербей башка маселелерге жооп берип, бөлөктөрдү

[1] Милан – Италиядагы шаар.
[2] Рапис – ок өтпөс темир зоот.

да өзүнө ынандыра билгенге аракет кыл. Буга анын кандай тиешеси бар экенин Айа экөөнөр көзмө-көз жалгыз калган кезде, өмүр бою ушул гана учурду күтүп, өмүр бою ушул учурдагы чер жазыша баарлашууну самап жүрүп, анан акыры ак сүйүүнүн тагдыры тартуу кылган бир бейиште, ал экөөң мээр төгүшө отурган кезде, сен ага бу «Кыз Кайып» идеясы кайдан чыкканын, кандайча жаралганын баштан-аяк айтып берчи. Бирок силердин бу жагынан тажрыйбанар мол, жаш эмессинер, а тагдыр болсо силерди өткөн иштин баарынан ажыратып койду, ооба, ал силерге бир кезде убактылуу Европада болууну, тоо этегиндеги эски сейил бактагы канча мезгил карыткан замокто жашоону берген, булуттардын арасынан ай силерге суктана карап нур төккөн. Ошол күндө, ошол тагдыр саатында, ал отуздан ашып, сен болсо кыркка келип калганынарга карабастан махабат жыргалына куунап, бу дүйнө жалаң сүйүү кубанычынан жаралган, биз анын аппак таңыбыз деп кыялга баткан ал кезде капылет жерден маңлайынарга Кыз Кайыптын өзү пайда болуп, эки жан ээрип бир болгон ушу силерден өзүн сактап калууну чөгөлөп сурангандай, жабыккан жан дүйнөсү менен ой-санаасы, Кыз Кайып берген дил азабы ырларынан төгүлүп, анан аны бүт дүйнө балкып уккудай үн беришин өтүнүп, жалгыз талдай жалдырап, өмүр бою өзү издеп, өмүр бою эч табалбай койгонун мына азыр кайыптан таап алгансып, Кудайга үнү жетип турсачы. Ооба, бул кыялга келген бир элестетүү дечи, ошентсе да дал ошол кездешүүдө чыгармачылык ойдун өзү, операнын идеясы, анан аны менен байланышкандардын бүт бардыгы жаралган болчу. Ошондогу Кыз Кайып менен кездешүү куду өңдөгүдөй болгонун, силер аны опера аркылуу театр сахнасына алып чыгып, анын ролун Айдана ырдап аткарып, анан аны силер түбөлүк сактап калууга ак дилден жана ант кылып, а түгүл Айдананын өзү да «Кыз Кайыпты» тилден калганча ырдап өтөрүнназдана шыбырап убада берген деп бирөөлөрдү ишендирип көрчү.

Ой, сен эмне деп жатасың?! Токтогун, бул жомогуңа ким ишенет? Акылынан айный элек бирөө укса төбө чачы тик туруп, мунун баары ойдон чыгарылган калжыр кеп, миф, аңыз сөз, имиш-имиш тура деп басат да, кетет. Башы бар адам башка эмне айтмак. А бирок Арсен Саманчиндин жан дүйнөсүндө Кыз Кайып жер үстүндө эмес, көктө жашайт, ошондуктан ал кандайдыр бир жогорку күчтөр менен байланышы бар. Айдана да ошондо ушундай ойдо, дилмаксаты бир тилекте болчу, анан эле аны шайтан азгырып, «Лимузин» минип асманга кетти, кайдагы асман, акылын байлап, жүрөгүн алдап бизнес-туткуну кылып кетишти. Ошентишти, ал эми Кыз Кайыптын образы болсо көктөн келген ишеним-аян катары анын каңгырап жалгыз калган жан дүйнөсүндө жашап,

бир өмүр өтөр-өткүчөктү арылбас арман, күтүлгүс окуя катары көкөйүндө көк түтүн чачып тура берет. Ооба, Кудай дейбиз, а бирок аны көргөн бир жан жок, ошондой болсо да эл Кудайга, анын бар экенине ишенет. Жерде жок ыйык түшүнүктү ишеним катары кабыл алганда гана ошо сен издеген образ турмуш чындыгы катары жан дүйнөңдө жашай берет, болгону ага берилс ниет бере билиш керек. Кеп маңызы ушунда. Өйдө жактын кудурет-күчүнө ишенүү ал экөө Германиянын Хайдельбергинде жүргөн чагында болгон. Балким, бул дагы тагдырдын бир буйругудур, ар дайыма боло бербеген келкелдин келген кезидир. Болсо болот, ооба, ал жерге алар Айдана Самарованын өзүнүн гана концерт берүүсүн өтүнгөн музыка клубунун чакыруусу менен келишкен эле. Бүт бардыгы ойдогудай өткөн. Айдананын бул жакка дал Хайдельбергдин өзүнө чакырылышына Арсен Саманчиндин да эмгеги чоң болчу, бул ишти анын жакын адамдары, журналист достору, тааныш музыканттар уюштурушкан.

Ал жердеги музыкага терең түшүнгөн көрөрмандар классиканы ырдаган Айдананы асманга жеткирип салышты. Ал тургай тележаңылыктардан да анын ырлары берилип, басма сөздө ал жөнүндө макалалар жарыяланып, жарнамалар болуп дегендей, Айдана жакшы эле таанылды. Баарынан да ошо Хайдельбергдин эски чиркөөсүндө ырдаганда кызык иш болду, протестант немистери[1] меймандар үчүн бүт баарын жасайт экен, сыйына турган залды дил-ыймашга тиешеси анча жок, бирок урматтаган иш-чараларга бере беришет экен. Мунаралары шаңкайган, казанбактары калдайган чиркөөдө ырдаганда акустикасы эң сонун бул жай кубулжуган үнүңдү ого бетер кубултуп, ар жагы асманга чейин жеткирип, көк менен жердин ортосунда жаңыртат. Бүт аалам сенин үнүңө магдырайт. Ал өзүнүн арияларын фортепиано менен органдын коштоосунда немис, орус, италиян тилинде, анан бир-эки кыргызча ырдады. Кол чабуулар жер жарып, чиркөөнү терметип, залдагылар менен балкондогулар ар бир ырга ушунчалык суктана ыраазы болуп, көздөрүнөн жылдыз жанып, жүздөрүнөн кубаныч төгүлүп турду.

Мөмөсүн ийген ийгилик менен чыгармачылык эргүүнүн бул жердеги толкун-маанайы ал экөөнү Хайдельбергге бирге барууга тарткан сүйүү сезимдерин күчөтүп, ушу азыр жүрөктүн ар бир кагышы сайын бирин-бири эңсеген да, бирин-бири сагынган, мындан ары ар дайым кошулган жанын өмүр бою бөлүнбөй турган абалга алып келди. Ал эми Айдана анда эркелеп: «Биздин сүйүү экөөбүздүн жаныбыздан жаралган», – деген сөз тапкан. Ошол чын болчу.

[1] Протестант – дин агымдарынын бири.

ортолорунан жел өтпөс жакын болушкан, анткени алар ошол керемет күнү көк сактап кайра келбеген Хайдельбергде ал экөө жанынан жаралган сүйүүнү баштан өткөргөн. Бири-бирине наздана эркелешип, бирин-бири «жалгыз жанымдан жаралган сүйүүм» дешкен. Эмнеси болсо да аларга бул сөз жарашкан.

Ушул дүйнө ушул экөөнүн сүйүүсү болуп турганда алар капылет жерден «Кыз Кайыпты» табышкан. Ооба, концерттен кийин аларды ошо чиркөөгө жакын турган ресторанга чакырышып, урмат-сый көрсөтүшкөн. Андан алар тоо сейил багындагы эски заманда келиштире салынган, кадырлуу меймандар үчүн гана эшиги ачылчу замокту айланып көңүл ачып жүрүшкөн. Анын үстүнө күн бою бирге жүрүшсө да сагынышып, ээн жерде экөө гана жалгыз болууну самап калышчу. Азыр да ошону, көңүл көксөп, жүрөк эңсеп турган кусалык кумарын кандырууну каалашты. Махабат деген жалгыздыкты жанындай көргөн, кызганчаак кыял, эрке мүнөз келет. Алар үчүн бул дүйнөдө бир гана сүйүү бар, ал ушул экөөнө гана арналган. Замоктун кире беришиндеги бардан бир аздан виски ичип, андан соң сейил курмакка бак аралап кетишти. Түн жарымы чен эле, тоо боорунан төмөндө жаткан орто кылымда салынган шаар жомоктогудай жарык чачып, кыялыңдын кылын чертет. Алар бул керемет көрүнүшкө суктана карап, музыка жөнүндө, композиторлор тууралуу сүйлөшүп жатып, Айдана минтип калды:

– Арсен, сен үчүн мен кандай ыр ырдап беришимди каалайсың?

– Азырбы?

– Ой, жок. Тамашалабачы. Симфониялык оркестр менен ырдайм. Сен залда болосуң атайы келгенсиң. А мен болсо бир гана сага арнап ырдаймын, Арсен. Кандай ырды каалайт элең? Италиянчаныбы?..

– Эмне, Айа, сенин ырларың ушунча эле көппү? Италиянча дейсиң, испанча дейсиң... Мейли буга. Эгер билгиң келсе, Айа, мен Кемчонтой эмесминби, аялдар жөнүндө ойлой берип күнөөгө баткан кечилден бетер тымызын ойлоп жүрөм, анткени мен Кыз Кайыптын арияларын уккум келет.

– Эмне дейт? Кыз Кайыптын арияларын?.. – Күтпөгөндөй таң калды. – Кыз Кайып уламышын укканым бар, а бирок анын либреттосу, музыкасы, дагы башкалары болуш керек да. Сен чын эле оюңан аял кетпеген кечил болуп кеттиңби? Кызыксың, Арсен!

Мында эч нерсе деле жок. Кептин баары ошол кыялдан чыгып жатпайбы? Ошондо алар кезеги келер бир күнү «Кыз Кайыпты» коёбуз деген идеянын жаралган жеринде турушканын сезип-туюшту бекен? А Арсен Саманчин болсо ушул жылды, ушул күндү, ооба, дал ушул керемет кезди тагдырдын буйругу

менен келген ушул гана жерди күтүп, оюнда бүрдөп гүл ачкан идеясын алгачкы жолу ага алгачкы махабаттай айткысы келген...

***Суроолор:***

*1. Арсен Саманчин ким экен?*
*2. Айдана Самарованын кесиби?*
*3. Арсен менен Айданын өз ара мамилелери кандай болгон экен?*
*4. Алардын ынак мамилесинин бузулушуна эмне себеп болуптур?*
*5. Классикалык маданият менен «массалык маданияттын» кандай жакындыгы жана айырмачылыгы бар экен?*
*6. Арсендин ичи ачышканынын, каары кайнап, жини келгенинин себеби эмне?*
*7. «Кыз-Кайып» эмне үчүн Арсендин тынчын ала берет?*
*8. «Кыз-Кайыпка» Айдананын кандай тиешеси бар?*
*9. Таанымал журналист Арсен коомдон эмне үчүн четтетилди?*

***Сөздүк:***

*Жан дүйнө – ички дунё*
*Жакшылык – яхшилик*
*Жамандык – ёмонлик*
*Арман – армон*
*Кыял – хаёл*
*Таң – тонг*
*Өлкө – ўлка*
*Момпосуй – конфет*
*Чилистен – билимдон*
*Көк бет – ўжар*
*Куркулдай – читтакнинг бир тури*
*Күнкор – қарам, тобе*
*Эгемен – мустақил*
*Чебич – урғочи*
*Олуя – авлиё*
*Демөөрчү – ҳомий*
*Мухит – океан*
*Кыянат – ҳиёнат*
*Кыямат – қиёмат*
*Доор – давр*
*Жарнама – реклама*
*Дубана – девона*
*Керемет – каромат*
*Мааракe – базм, зиёфат*

* * *

Болорун айтпас бул тагдыр таштан да катуу неме экен, ошондо эле Арсен Саманчиндин эртеңи кандай болору чечилип жаткан тура, үч уктаса түшүнө кирип койбогон киши өлтүрүү жөнүндөгү ой ушул жакшы тилек менен башталган иштин аягында көк канчыктын көзүндөй кылыя пайда болорун, өлтүрөм деген өзү да кылчая албай кылычтын мизи менен басып каларын, башкалар үчүн байпагындай кеп эмес, а бул үчүн күнү-түн мүшкүл түшүргөн тапанча табыш көйгөйү көкөйүн кесип саларын ал анда кайдан билиптир.

Тагдыр дедик, дагы да андан айталы. Ал кезекте кайран Жаабарс карайып каргыш алгыр үзөңгүлөш ашуусунда эле. Артка кетер түрү жок, ары кетип, бери кетип ашууну ашар жол чалат, көздөн учкан ушул тоону ашса эле өмүрдүн өтөр кезинде өкүнүч менен бир келген из таптырбай жоголуп кетүү тагдырын Кудайдан тилеп куурады. Бирок анын сөөгүнө жеткен көйгөйүнө тагдыр деген боор толгоп да койгон жок. Жаабарсыңдын абалы кандай болсо ошондой. Эми эмне кылат? Айланы кайдан табат да, ал-күчтү кимден алат?..

Жаралгандан бир да жан: акылдуу деген адам да, кабылан делген жырткыч да алдыда нелер болорун биле албайт. Алардын ошол тагдыры менен байланышкан эч бир иле, дал чыгып калуу деген да жок, а бирок ушул татаалдыгы башынан ашкан ааламда адам менен жырткыч жаныбар ошол эле жазмыштын жазганын көрүп, ысык-суугуна кабылып, айтор, бу жалгандын буйруганын алат экен. Бу дүйнөң түшкүр кааласа баары болот экен го.

Бүт баары болот, бул байкуш бир жек көргөнүн өлтүрүп салайын деп бир курал, болгондо да тапанча таппай тал башын карап карайлап, кайгыга батып отурат. Башка өлкөлөрдө, айталы ошол эле Америкада ар бир жарандын чөнтөк телефондой зарыл болгонсуп, ок ата турган куралы жанында болот, турмуш муктаждыгы дешет. Ошондон го, жанагыл телеэкрандардын кай жагына бураба күнү-түнү эле атышуу, кызыл кыргын көрсөтүлө берет. А бул жерде болсо адам укугунун же жашоосунун дагы бир көйгөйү чыгууда. Бул дагы турмуш зарылдыгы, а бирок ошол муктаждыкка айланган куралды ал кайдан, кантип таба алат? Кимден сатып ала алат? Мына, мүгдүрөткөн маселе!

Буга караганда Жаабарстын көйгөйү жеке тагдырына, өз жанына гана байланыштуу нерсе, өмүрүнүн аягын акыры алар актыкка – бул жашоодогу бакытка бергени барат. Бирдейби, бирдей эмеспи? Бир болсо да, бир болбосо да ойлонгондон не пайда? Бу опаасыз дүйнөдө нелер болуп, не болбойт?..

Андан көрү, канча болуп кетти экен, бир жылдан ашып калды го, Кыз Кайып жөнүндөгү ошол ойду кайталаш кажет. Ал учурда ал экөө бири-бирисиз жашай албас түгөй болуп калышкан кезде, тагдырыбыз ак сүйүүнүн бактысы деп ээлише сүйлөшчү жерге, Хайдельбергдин алар барган сейил багына, ооба, аңыз кепте жашаган Кыз Кайып бу турмушка келди деп эле коёлу, анда ал ошол бир болгон керемет түндө аерге барып калышы мүмкүн беле?.. Же болбосо аңыз сөзгө айланган ал сүйүү трагедиясынан улам өтөр-кетер жашоодон кийин да түбөлүк асыл ой катары жашай берер сүйүү жаны көзгө көрүнүшү ыктымалбы? Арсен Саманчин мындай ой жүгүртүүнү четке какчу

эмес, булардын баары адамдын жан дүйнөсүндөгү кубулуштарга, чөйрөгө байланыштуу дечү.

Аздектеген Айасына Кыз Кайып жөнүндөгү уламышты айтып жатканда мына ушулар да ага дем берип, эргүү болуп турчу.

– Сен билесиңби, Айа, Кыз Кайып биздин үзөңгүлөш тоолорунда ушу күнү да жашайт, ал өлгөн эмес. Ушуга ишенесиңби?

– Ишенем, ишенбей анан! – Айдана адатынча жылуу жылмайды да, апакай жумшак алаканы менен Арсендин мойнун сылады. – Сүйлөп жатканыңды аябай жакшы көрөмүн, анткени сен менин жүзүмдөн сылап-сыйпап жаткандай боло берет. Сүйлөй бер, Арсен, айлана кандай керемет. Бейпил түн, айдын нуру сүттөй ак, аллеядагы шамдар жалооруй карап тургансыйт. Бу дүйнөдө бизден башка эч ким жок. Куштар да уктап калышты. Сүйлөй бер.

Куштардын уйку салганы жакшы. А Кыз Кайып жөнүндө сөз болгондо мен сүйлөбөй коё албайм. Муну жомок деп да, башка деп да айта берүүгө болот, ал өзү ошондой, а бирок мен үчүн эч качан жомок эмес, Айа! Ал таптакыр башка. Ишенесиңби, тоо аралап жүргөндө капыстан эле тээ алыстан көрүнөт да, анан ошо замат көздөн кайым болот. Ушундай. Ал жөнүндөгү уламыш көптөн бери айтылып келет. Кыз Кайып ошол күндөн ушул күн тыным албай тоодон тоо кыдырып, дайынсыз кеткен сүйгөн жигитинин бир кабарын табам деп издеп жүрөт, а кызды болсо кармап алыш үчүн артынан карыша түшкөндөр да бар. Элдин баары ушинтип айтышат, ушуга өздөрүндөй ишенет. Кыз Кайыптын сөз бекитишип сүйгөнү жаш жигит экен, ууга чыкса олжолуу кайткан кылмерген экен. Мергенчиликке кетет да, ошо бойдон кайтпай калат, келет дейт, келбейт. Карасанатай кастары буктурмада бугуп жатып, сыйыртмак салып сыздатып, колу-бутун бууп, үңкүргө же зынданга салып ташташканы, же анын тилин кесип, көзүн оюп салышканы белгисиз бойдон калат. Бул өзүнчө тарых, тарых болгондо да жөн эле көрпендечиликтин карөзгөйлүгү, бийликке болгон кумардануу бар тарых. А кездегилер да азыркы адамдардай болушкан.

Бизде мындай каада бар, жай келген сайын, ай жаңырган түнү Кыз Кайыптын тагдырына күйүп, аны эстеп боор ооругандар бийик тоого барышат да, алыстан болсо да ага көрүнө турган жерге алоо жалын чыгарып от жагышат. Алар менен бүбү-бакшысы да барат, от айлана добулбас кагып, Кыз Кайып менен анын ант берген сүйгөн жигитинин атын аташып, отко кел дешип чакырышат. Аялдар болсо от боюна отуруп кошок кошушат. Мунун баары тиги экөөнүн урматына жасалат. Баргандардын айтышкандарына караганда Кыз Кайыптын келген учурлары болот экен, келиптир, жарык анча жетпеген

жерге чейин келип, отко, от боюндагыларга таазим кыла жүгүнүп, анан кайра кайып болуп кетет дейт. Жигитин кайрадан издеп кетет экен, алар табышышканча өлүшпөйт экен. Ушундай, барга барып, бир аздан виски ичели?

– Аякта жана эле болбодук беле? Сен бир аз кызып калдың. Барбай эле коёлу. Мен бу Германиянын Хайдельбергине, мына бул сейил бакка, сен экөөбүз ошо Кыз Кайып үчүн эле келгендей болуп, ага аябай боорум ооруп жатат.

– Андай болсо мен сага ошол окуянын өзүн айтып берейин. Биздегилер Кыз Кайыпка от жагат дебедимби, андай отторду тиги Кытай тарапта да жагышат. Алар менен биздин чек ара жакын, үзөңгүлөш ашуусунун эле ары жагынан өтөт. Ал жакта да кыргыз туугандар жашайт, эзелтен бери ошол жакта, а бирок карым-катыш деген жокко эсе, шарт ошондой болгон, анын үстүнө жол да жок, жай мезгили болгондо, күн ачык кезде ошо ашуу аркылуу барса болот. Айтор, тозоктун жолундай, эки дүйнөнү көрүп өтөсүң. Бир жыл мурун ал жакта журналисттик иш боюнча болгонмун, самолёт менен Үргөнч өрөөнүнүн үстүнөн өткөнбүз, андан ары машинага отурдук. Эл менен жолугушканбыз, алар жөнүндө гезиттерге макалалар жарыяланган. Ошондо мен бир кызык болгом, Кытайдагы биздин кандаштар да куду биздегидей Кыз Кайыпка таазим этип, үзөңгүлөш тоолорунун өздөрү жагына барышып, түн киргенде биздегидей от жагышат экен, арбактарга куран окуп жалынып, махабаты үчүн кайып болгон кызга жардам берүүсүн сураныышат экен. Ишеним, салттын бир экенин карачы. Бирок Кытайдагы кыргыздардын бул боюнча бир кызык айырмасы бар. Алардын каадасы боюнча тоого от жагышкан кезде Кыз Кайып эми көрөт, ага керек болуп калат деп, жарашыктуу токулган атты даярдап, эки сулуу кызга карматып коюшат экен. Көрдүңбү, алар кандай?!

– Арсен, азыр мына бу Хайдельберг тоолоруна да Кыз Кайып үчүн от жаксак эмне болот? Кел, ошентели?.. – Айдана аны кантер экен деп тамашага чалды.

– Эч нерсе болбойт, – деди ал күлүп. – Ал үчүн мурда ойлонуш керек эле да. Отун, бүбү-бакшы керек, аларды кайдан табабыз? Же мен бакшы болоюнбу?

– Бол, галстукчан бакшы бол! – Айдана жыргап күлдү. – Сонун болот. Сен эң жакшы бакшы болмоксуң. Муну азыр эмес, кийин жасайлы. Шаар көчөлөрүнүн үстү жагындагы тоо этегине от жаксак эмне болот, эл аралык жаңжал чыгып кетпейби?

– Чын айтасың. Антсек эле бүт Европага таанылабыз, – деди Арсен Саманчин баш чайкап күлүп. Анан аны бериле кучактап койду. – Сейил бакта отурган кандай жакшы, Айа, сени тажаткан жокмунбу?

– Жок, эс алып жатпаймынбы? Экөөбүз менен Кыз Кайып бирге болгонуна аябай бактылуумун.

– Ыракмат, Айа. Анда мен сага ошол окуянын бүт баарын айтып берейин, жакшылап ук. Муну илгери болгон дешет. Биздин ошол тоолордо шамдагайлыгы менен кайрат-эрки шай келген бир жаш көзгө атар мерген жашаптыр. Ал кийиктерди терип атып, илбирс менен карышкырды сулатып, терисин сыйрып алчу экен. Эли-журтун кийик эти менен баккан жигиттин калкына кадыры өтөт, аны эл башы, журт бийи кылып алабыз дешет. Ооматы жалын-чок болгон ошол күндүн биринде тоолордун ары жагындагы өрөөндөгү эл той берип калат. Ага-туугандары менен кошо ал дагы барат да, ошол жерден ай менен күндөн жаралган, жоогазын көйнөк бир кызга ашык болот. Ошентип алар бири-бирисиз жашай албас абалга жетип, ак сүйүүнүн айынан ар күн сайын тоолорду ашып, ал кызга барып турат. Бир көзү ачык аял ал экөөнө төлгө ачып, асманда бир жылдыз бар, ал силердин сүйүүңөргө арналган, үйлөнүү тоюнар болгон күнү бүт жылдыздан жарык жанып, баркырап турат. Кокус булут эле каптап калбаса, ал жылдыз мына бул бийик тоолордун жогору жагынан таңга чейин ак жарык чачып жаркырап жанат, силер ага таазим кылгыла, ал силердин жылдызыңар дейт кызга. Кыз мунун баарын төкпөй-чачпай болочок күйөөсүнө ак дилинен ачыла айтып берет. Ошондо жигит ага да бир купуя сыры бар экендигин билгизет. Көрсө, аны Жараткан ушул кызга үйлөнүш үчүн бу дүйнөгө жараткан экен. Муну мергенчи жигит жактагы дагы бир көзү ачыгы Жаратkандын маңдайга жазган жазуусу деп айтыптыр. Болочок колуктy ошондо опсуз таң калып, тагдырдын сырын экөөнө бирдей жан кылып, бул дүйнөдөн өткүчө, аркы дүйнө бүткүчө ок тиштеген ак никелүү жар[1] болорун ант кылат.

Ошол ошол болот, ошондон кийин Кылмерген бүт уруусу менен, аксакалын баш кылып, акылманын каш кылып кыздын колун сурап, кыз каадасын жасап, аны алып кетмекке болочок кайын журтунун астына барат. Андай кыз тою ал кылымда болбоптур. Тоо дайрасы акчу экен, ошол жерде көз жеткис өзөн бар экен, ошол жерге канча бир боз үй тигилип, канча бир мейман толду дейт. Таңдайына жел тийбес тандамал ырчы келишип, кызыл күндү батырып, агарган таңды атырып, кыз урматы үчүн деп, кырк күнү оюн болду дейт. Калыңына тыйынын күндө санаган, битинин канын жалаган хандын казынасы

[1] Ок тиштеген ак никелүү жар – ок тиштешүү салты болгон, аны бузгандар ок менен өлүмгө учурайт дешкен.

жетпептир, үйүр-үйүр жылкы айдап, короосу малга толуптур, шаа мүйүздүү уйларын Кылмергендин кайын журту карабайак коюптур. Күлүктөрү бир кылка, аргымагы ар башка, жоргосу жолду карыткан тандамал жылкы тукуму ар үйгө үчтөн жетиптир. Адамдын тилин байлаган кызыл алтын, ак дилде алтымыш төөгө жүк болуп, көргөндүн көзүн талыткан, көп көргөндү жаңылткан ан терилер азабойду алды дейт, кыз берер тарап кызыгып, кызыл дүйнө, ак көңүл ааламында калды дейт. Ошентип берери бүттү дегенде, айтылар акыл кыз тарапка келгенде кызыгын кылым көрелек көз тешери күйөөлөп барган Кылмергендин кайынга кайрылып таазим кылышы менен башталат. Эки ийинге артылган эки илбирстин териси миң илбирстен бир чыгар гүл илбирстин өзү экен, ай сулуунун ата-энесине ийиле калып, ийнинен алып тартуулады. Жарданган элдин эскертер сөзү калган жок, орундарынан дуу турушту да, эки жаштын ынтымак-бактысы үчүн кыз-күйөө антын айтышар өзөндөгү дарыянын боюна барышып, антын алып, ак батасын беришти. Тоо дайрасы топтоло агып шарп эте, эки жашка макулдук берип, мемиреп калды. Ошентип кырк күн, кырк түн бою кыз тою өтүп бүткөн соң, келин тою жети күндөн кийин болмою элге айтылды.

Кудай кошкон кудалар түгүл тоо кубанган ал тойдо эки жашка касын тигип, каргаша ташын канжар кылып каткандар чыкты. Күйөө бала күн алдында теңдеши жок мерген экен, өзүнчө түтүн булатса журт башы болмоюн эли чечип коюптур, анысы ал болгондо иш бүтмөйү каяктан, Жаратканы жарашыктуу өң берип, келбет-сынын келиштирип коюптур. Жек көргөндөр ушинтишти, жең ичинен сүйлөшүп, Кылмергенге кыямат жайды көргөзүп, кара көзүн кашайтмакка кара түндү калыс кармап касам ичишти.

Дилкаралар касамын агадилдер билсечи да, актык менен каралыктын калысы жалгыз өлүм болсун деп эл үчүн жана жер үчүн, андан калса кызыкчылык керекпи, кызыгы кыздай кылыктуу бийлик үчүн, жоругу жолдо жоголгур жоолашкан кара ниеттер, эң кур дегенде жан дүйнөнүн курмандыгы үчүн жандарын кыя ачыкка чыга кармашса боло. Адамзаттын арамдыгынын түгөнөр чеги бул дүйнөдө болобу?..

Кастык иш карында жатып жетилет да, касташканга канжар болуп сайылат. Эки жашка бак айткыла, ак тилектер ай нурундай төгүлүп жаткан ак тойдо арамдык менен кас саноо аксанатай адамдарга жашынып, тигилерге айтылар ажал огу болуп жатканын ким билиптир. Кудай ай! «Адамдардын ошол ишин күн билсе, чыдай албай өчүп калмак асмандан». Муну акындар кийин шунтип ырдамак. «Булут билсе адамдардын ал ишин, ушул тойду өткөртүү үчүн баш-

ка, таза талаага, көз ачырбай нөшөр төкмөк токтобой». Дагы акындар кийин шунтип ырдамак. Жана да алар арылбас арман кылгандай бу дүй-нөдө адам болуш эң кыйын да, бу жалганда айбан болуш эң оңой! Кандай гана улуу сөз!

– Укмуш айтылыптыр, Арсен!

– Ак тилектер ыр болуп, ант бергендер сыр болуп турган саатта «дайра билсе адамдардын ал ишин, тоону кездей күр-шар түшүп агат эле тескери». Кайра да кайран акындар зар какшап шунтип ырдамак. Анткени мындай уюшма кара кастыкка табийгат каршы тик турмак.

Ооба, бул ушундай болгон иш экен. Кудай кошкон кудаларды кубанычка бөлөгөн кыз кайындамай үлпөтү ошентип үч кылым бою айтылар шаан-шөкөт менен өтөт, ата арбагы ыраазы болсун, эки жашты ар убак колдосун дешип бүбү-бакшы, көзү ачык олуялардын өзгөчө каадасына да жол беришет. Айтор, бүт бардыгы кыз-жигиттин көңүлү, ак никеден аскар тоо болор бактысы үчүн жасалат. Андан кийин салтанат күүнүн саатын өзү алат да, кызык оюн кыз куумайы башталат. Ошо кезде дүйнө түгөл кыз тоюна келет: көктөгү күн сулуу кыздай жылмайып, мээримин төгүп миреп тиет, түркүн гүл жытын аңкыткан, түркүн чөп бурун тазарткан жамгыр аларга жаабай, алардын айлана-тегерегине себелеп сезим сергитип кетет, туланын бассан тура калып буттарыңдан кучактап, туугандашкан эки элдин көңүлүн көккө көтөрүп турат.

Кыз-күйөөгө ат мыктысы тандалат. Ат туягы аларга ат жалынан бакыт берет, же бербейт. Кыз куумайдын абалтан берки салты ошол. Жебедей сызган күлүктөгү сулууга аткан ок болуп жетип, ат үстүнөн кучактай калып өбөр иш кыз кууган жигит милдети. Айтор, бул тамаша менен жарп жазар оюн эмес, ат жалындагы тагдыр менен бакыт.

Ана, күткөн элдин алдына күндү уялткан кыз чыкты, андан кийин кабылан сүрдүү куш мүчө, сырттан келбет Кылмерген жигит чыгат. Кыз келбети көп билбейт, атка жүргөнү да, өзүн кармай алганы да, өңгөдө жок өң-түсү да жарашат, жылдыз менен булуттун бир түнүнөн бүткөндөй экен. Көргөндөр кирпик кага албай, өздөрүн өзү таба албай кадоодой[1] катты. «Жан аябай жакшы чап! Жеткирчү болсоң көрөсүң! Жеткирбегин, эркектер биздин ким экенибизди билишсин!» – кыздын курбулары жабалактап жатышты. Мындайда эркектер тынчып калчубу: «Узатпай жет! Жетпей калсаң шылдың гана болосуң!» – дешти демитип. А думана менен бакшылар оюнга түшүп, алка-шалка кетишип, ач добулбас кагышып жарлаган элди жандантып, тулпарларды оолук чайнап элиртти.

[1] Кадоо – мал байлоо үчүн кагылган чоң казык.

Карыялар жапырт бата берген соң, кыз куумайы башталды. Кыз бир топ алдыда, көз жеткис жашыл түздүктү ак жарык болуп как жарып барат. Артынан аскага көктөн бой урган бүркүттөй сызып жигити барат. Кыз куумайдын жетер марасы өзөндөгү кечмелик. Караңкалгыр кечмелик ордунда турбай ок болуп буларга келет жакындап! Артынан түшкөн ак жарыкка жетер бекен, ат үстүнөн ал экөө бир денеге айланып кетер бекен?.. Жетпей калса жигитке кыз кайрылып, марадан алдынан тосуп чыгат да, жеңүүчү катары тигинин көңүлүн алып, бетинен өбөт. Оюндун шарты ушундай, а бирок ар дайыма кыз кууган-дар марага чейин жетишет.

Бул оюн деп айтылганы менен баш кошо тургандарга турмуш сабагын, жашоо философиясын берет. Ал мындай: кыз ошондо тагдырдан тагдырга– өмүр бою ажырашпай жашоону эңсеген, бакыт берер жигиттен качканын, болгондо да жеткирбейм деп качканын кийин эч унутпайт, а жигит болсо өзү каалаганына, бактысына кантип жеткенин түбөлүк эстен чыгарбайт. Бул жолу да ошондой кыйын иш болду. Мен муну сага, Айа, эзелки бир окуяны билип койсун деп айтып жатканым. Ооба, ошентип кыздын аты учуп барат. «Чап! Жеткирбе!» деген үндөр жер жарат. Кулагын жапырып кең арыш алган бу күлүк Кылмергенге сүйгөн кызын берчүдөй эмес. Жигит кызга жеткиче шамал ал экөөнү кучактап, экөөнү тең аймалап, бу дүйнөдө сүйгөнүң сени кууганда, сүйгөнүң сени жетсе экен деп качкандан ашкан бакыт жок дегенсийт. Ооба, бир бакыт жетсе экен деп качып барат, бир бакыт жетемин деп кууп барат. Эки бакыт ат жалында биригип бир бакытка – сүйүү бакытына айланып кетер бекен?..

Тагдыр, тагдыр! Бул оюнду кимдер ойлоп тапты экен?! Аларды көздөй кечмелик алардан ашa учуп-күйүп келатат. Жетер жер абдан аз калды. Тагдырын берип, таалайын арнаганы качан жетет, качан сыга кучактап, жүзүнөн үзүлө түшүп өбөт?.. Кыз качып да, ушуну самап да барат... Кыз качып да, качпай да барат. Кыз сүйүп да, сүйгөнүн кылчактай күтүп да барат!.. Кыз өзүнөн өзү ат тизгинин тарта кармап, үзөңгүгө бут чирей калды. Өзөндүн суусу көрүнүп, кечмелик көзгө кадала баштаган, антпесе болбойт, сүйүүдөн качкан бакытка, бакыттан качкан сүйүүгө жетпейт. Кыз денесин кубаныч кучактай калды. Сүйгөнү минген күлүк ат куйрук улаш жакындап келет... Кайран асыл жаныбар, кыз атына кыйнала теңелип берди. Кыз анын көкүлүн сылап жибергиси, жалына кулап түшкүсү келди. Ошентмек, жан биргесине жанын берип, анын жылдызын күндөй жандырмак. Ошондо кызга жигиттин деми угулду, аны бүт денесин, бүт жан дилин балкытып укту. Тал чыбыктай белине таанышы, таанышы болгону менен атка мингенден ушул көз ирмемге

чейин жок болгон, анан аны көшөрө күтүп, көшөрө эңсеген тааныш кол кыз денесин коргошундай эритип барып оролду. Үзөңгүгө үзөңгү тийип, эки жарык бир жарыкка айланды. Кыз булуттан чыккан айга окшоп жарк эте карады да, жигиттин жылуу деминен дем алалбай калды, ак жүзүн кызыл толкун каптап, ал дагы ага кынала түштү. Кыз атка мингенден ушул көз ирмемге чейин ушуну күткөн, дал ушуну ичинен күйүп самаган. Жигит максатына жетти, анан экөө тең сагыныша өбүштү. Ушул учур түбөлүк болуп калсачы!..

...Табышкан эки жаш, жарышкан эки аргымак ак канаттуу куш болуп жашыл өзөн дайрага кетип барат...

Казганактап карап турган калың эл:

– Жол бергиле жигитке, жол бергиле! Азаматсың! Жигит экенсиң! Алдын тоспогула, ал биздин бала болуп калды, биз биргебиз, биз бирбиз! – деп жатышты.

Кудалашкандардын бул тою ушуну менен аягына чыгат. А бирок жанагы ичи бузук Кытмырлар Кылмергенге ого бетер кара санап калышты. Жакшылыктан жамандыктын жолу ачык деген ушу го.

Кудай деген кудалар жети күндөн кийин дагы тойдон жолугарын айтышып коштошту. Кылмергендин тууганлары өз жерине келер менен үйлөнүү тоюна токтоосуз даярдык көрө баштащат. Ар бир иш өз жолу менен болмою эске алынды да, той каада-салттын кадырын көтөрмөк болду. Баш кошкон эки жаштын ак өргөөсү өзүнчө, бүт баарына дайын жерге тигилип, куда тараптан келе турган меймандар үчүн дагы өзүнчө катар-катар боз үйлөр даярдалып, белек-бечкек, кийити менен камдалып, жарчысы элге таңдалып, ырчылары күн мурунтан шаңданып, жаштардын оюн-зоогу өзүнчө уюштурулуп, айтор, кызыгы элде бололек той өткөрүлмөй болот. А кездеги салт боюнча үйлөнүү тою ошол элдин кадырын айтар иш болгон.

Меймандар келет, той башталат деген күндүн алды экен. Кылмерген эки инисин ээрчитип, сый конокторго кийик этин тарталы, куш этинен салалы, кымбат баалуу аң терисин тартуу жасайлы деген ой менен аң уулоого түн бой түзөр маалда кетет, жолу жомоктогудай болот. Улуу шашке болгон дейт, капылеттен Кылмергенди кыйкырып издегендердин үндөрү угулат. Тууганлары аны издеп, ат тердетип келишкен болот. Бир топ экен, тоо жаңырта: «Кырсык болду! Күтпөгөн кырсык! Бери кел!» – дешип ызы-чуу түшүп чакырат. Кылмерген кандай кыямат болуп кетти деп барса, алар төштөрүн койгулап айтышат.

Көрсө иш мындай экен, өткөн түнү колукту болор кайындалган кыз өзүнүн мурда сөз бекиткен жигити менен качып кетиптир, имиш-имишке караганда аны базары көп бир шаарга алып кеткен болуш керек дешет.

Ушул сөз айтылар замат ачык асман алай-дүлөй түн түшүп, бороон согуп, жай ордуна кыш келгендей бурганак болот. «Маскара болдук! – Келгендер күйүп бүк түшүп, колдорун асманга созо: – Оо, Кудай! Бизди эмне үчүн минтип жазаладың? Жазыгыбыз не?! Андан көрө ошону өлтүрүп салсаң боло, андай шуркуяны көргөн жерден мууздап салыш керек!» – деп чуу түшүшөт да, табабыз, союп салабыз дешет.

Кылмерген үн чыгарбайт, каны качып кубарып, ордунан жылбай, ок тийгендей отуруп калат.

Боору ачыган Айдана ушул жерден чыдабай:

– Өлтүрүшкөн турбайбы?! Кыйын болгон экен го?! – деп жиберди.

– Ошондой, – деди Арсен Саманчин аны коштой. – Анан ушунун баары, Айа, операнын сахнасында болуп жатат деп коёлу. Музыкасы кандай болуш керек, чыгармачылык кумар, кандай үн, мизансахна кандай көрүнүшү зарыл, айтор, бүт бардыгын элестетип көр. Анан, ооба, Кылмергендин туугандары кызды таап, ошол жерден жазаламак болушуп, шашыла аттанып, аны да кошо бастыр дегендей кылып жатканда ал мындай дейт: «Токтой тургула, баарыңар угуп койгула! Мындан ары мындай сөзүңөрдү мен укпайын! Түшүндүңөрбү?! Анда эмесе мен эч жакка барбаймын. Эгер, бул менин башымды жутар каргыш болсо, мен да ага, ант бузар жүзү кара шермендеге, каргыш, наалат айттым! Адам тукумунун бүт баарына каргыш тийсин! Ушинтип адам аталганча, жырткыч болуп жалгыз жашаган артык. Бу жашоодо мындан ары мен бир да адамды көрбөймүн жана да бир адам мага жолукпайт! Уктуңарбы?! Уксаңар ошол, бул жерден жоголгула, мени издеп убара болбогула!» Ушинтет да атынан ыргып түшүп, артына кылчак карабай тоо аралап кетет. Мындай болорун күтпөгөн туугандары дел болуп туруп калышат, анан эстерине Кылмерген эми киргенсип, анын артынан чаап жөнөшөт. Таппай калышат, азыр эле баскан, жер жуткансып изи жок. Ошол ошол болот, ошондон кийин аны көрүп-билген жан болбойт.

Ушул жерден театр сахнасы үчүн бир драмалуу көрүнүш кошуу керек. Кылмергендин туугандары айылга жөнөй берерде аларга дайын-оту менен жоголгон колукту-кыздын үнү капилет жерден ал жандарында тургандай болуп угулат. Көрсө, ал баш кошор күйөөсүн кайдасың деп чакырып, сүй жыгыла издеп жүрүптүр. Ооба, кыз бирөө менен эч жакка качып кетпегенин, бул иш бирөөлөрдүн карөзгөйлүгү менен жамананатты кылган ушагы экенин ошондо эч ким билбейт. Ким билмек, уюшкан арам ойдогулар ошол түнү кызды жан адамга билгизбей уурдап кетишет да, колу-бутун байлап, атка таңып алыс

алып барышат. Баягы кыз куумайга мара болгон дайрага жетишет, ошондо анын колу-бутун чечишип, эки жигит эки колунан кармап, кечмеликтен алып өтмөк болушат. Кудай да куурап турганбы ушул жерден кызды сактап калат, кандай болду ким билсин ал тигилердин колунан суурулуп чыгат да, ат үстүнөн дайрага боюн таштап жиберет. Беркилер артынан чуркап жетпей калышат, кыз күрпүлдөп аккан дайрага түшкөн бойдон көрүнбөй калат. Карөзгөйлөр кармап калабыз дешип агын суу бойлой барышат, суута түшкөндөрүн ок дайра оп тарта ташка чапкылап, ай-буйга келтирбей агызып кетет. Кубангандан Кудайы кызды колдоп, суудан аман чыгарат, керемет-сыйкыр күч берип, аны куш кылып бийик учуруп баягыл Кылмерген менен анын тууғандары жолугуп, азыр эле ажырашкан жерге алып келет. Кыздын үнүн угушар замат алар аны токтотуп, кандай иш болгонун сурап билели дешет, а бирок ал көзгө көрүнбөйт, үнү бар да, өзү жок. Анан ал да кайыптай кайым болот.

Ошол күндөн ушул күн ал Кыз Кайып аталып, купуя сыры ачкычы жок кулп болуп калат.

Ошол күндөн ушул күн Кыз Кайыптын бойбоздоп кошкон кошогу ошол улуу тоолордон жаңырып турат. Айа, мен сага ошол кошокту колумдан келишинче кошуп берейинчи. Тоо арасынан, алыстан-алыстан, капилет жерден угулуп жаткандай элестет. Анда эмесе угуп тур, ал кошок мына момундай:

Кайдасың сен, кайдасың сен, жан биргем?
Кайып болуп кас колунан качтым да,
Кыз боюнча калдым таза мен сага.
Кайдасың сен, кайдасың сен, жан биргем?
Аруу бойдон сендик болуп калдым мен.
Ушак угуп шерттен шерим таңдыңбы?
Кайдасың сен, күкүк кылып какшатып,
Кыз башыма күйүт тагдыр салдыңбы?
А мен сенин кайындалган колуктуң,
Куугун келет, куурапасын, жолуккуң.
Ант алышкан дайра турат, кайдасың,
Жетким келет, кайсыл тозок жайдасың?
Антыбызга дайра күбө, Жараткан,
Тагдырымды тагдырыңа байласын.
Жаным сендик, жаным сендик, Кылмерген,
Дүйнө кезип издеп таппай келем мен.

Анан кайда кайып болуп кеттиң сен?
Сени тагдыр койдубу же таш кылып,
Мени тагдыр түгөйү жок баш кылып,
Кай жердесиң акыреттик жан биргем?
Тагдырыңды тагдырым деп мен келем,
Эсиңдеби, ай алдында ант берген,
Жаным сендик, жаным сендик, Кылмерген.
Тоолор такыр өбүшпөйбү бир бирин?
Туман тарап, көрүшпөйбү бир бирин?
Капчыгайга түн жарыгы тийбейби?
Кайберендер сенин дайның билбейби?
Кайдасың сен, кайдасың сен, мен сүйгөн?
Кай жердесиң акыреттик жан биргем?
Кыз куумайда ак сүйүүнүн кызыгын,
Биз өбүшүп татканыбыз жок беле?
Махабатка батканыбыз жок беле?
Кудай бизге бакыт берген ошондо,
Эл жабыла бата берген ошондо.
Кайдасың сен, кайдасың сен, мен сүйгөн?
Кай жердесиң акыреттик жан биргем?
Сенсиз мага айдын нуру төгүлбөйт,
Сенсиз менин өмүр-күчүм көрүнбөйт.
Экөөбүзсүз асман болбойт бактылуу,
Ким какшатып койду каргыш аркылуу?
Экөөбүзсүз тоолор болбойт бактылуу,
Ким какшатып койду каргыш аркылуу?
Кудайга деп курмандык жасаганың жок беле,
Кайын журтка барс тери тартуулаган жок белең?
Сен кандайча жакпай калдың тагдырга,
Атантайдай март элең го жалпыга.
От боюнда шапар тепсек болбойбу?
Кайдасың сен, кайдасың сен, мен сүйгөн?
Кай жердесиң акыреттик жан биргем?
Куугун келет кууратпасын, жолуккун,
А мен сенин акыреттик колуктуң.
Кайдасың сен, кайдасың сен, жан биргем?..

– Ох, Айа, демим жетпей калды окшойт, – деди Арсен Саманчин. – Таң калба, мен бир кетсем барбы, ушинтип эч токтобойм, кете эле берем. Демимди бир аз басайын да, кайрадан улап баштайын. Түгөнбөйт, кайра айткан сайын кайра кызый берем, ал анткени бу кошокто бүт дүйнөнү багынтып, бүт мезгилди карытып, өмүрдөн өмүргө улам кайра жаралып өтүп турган жан дүйнөнүн азабы менен дил муңу жана да ак сүйүүнүн арылбас болгон арманы бар, ак менен каранын, чындык менен жалгандын кармашы бар. Ошондуктан ашык болгон ал экөө бирин-бири тапмайынча алардын трагедиясы улам күчөп улана берет. Адам сүйүүдөн жаралган, ошол үчүн адамдар өз өмүрү өткөнчө ал экөөнү аяй беришет. А театрда болсо муну ого бетер күчөтсө болот. Мына, сахнанын бир четинен агып турган дарыя да ырдайт. Опера өнөрүндө мындай көрүнүш дегеле болгон эмес, карап турсаң, кызды сактап калган албуут дайрага тил бүтүп, ал капыстан минтип ырдап жиберет:

Мен аскадан бой таштаган дайрамын,
Кыяматтан сактайм, жаным, өзүңдү.
Арам ойлуу душманыңдан калкалап,
Коюнума катып алам өзүңдү.
Мен дайрамын кучагыма бой ургун
Кайдасың деп мен да сендей курудум.
Кыяматтан сактайм, жаным, өзүңдү.

Ушул көрүнүштө сахнанын артындагы өзөндүн шаркыраган доошу коштогон хор ырдалат, бул аркылуу жаратылыштын да адилеттүүлүккө чаңкап турганы айтылат. Эгерде, ушулар күчтүү симфониялык музыка менен коштолсо, ага кубулжуган таза, назик үн, сенин гана үнүң куюлушуп турса, ой, боой, анда Кыз Кайыпты көктөн асман угуп, ай угуп, жылдыздан бери кошулуп ырдашмак. Элестетсең, Айа, анда эмне гана болмок?..

– Таң калып турам, мен мындай бүт аалам чогуу кошкон кошокту биринчи жолу угушум, – деди Айдана. – Дарыя ырдайт, бир керемет! Ырчы дайра. А сен, Арсен, бул кошоктун бүт баарын билесиңби?

– Билем. Бала чагымда Кыз Кайыпка жагылган түнкү оттордо көп болгом. Ырчылар ырды төккөндө көзүбүздү чылк жумуп, бүт дилибиз менен укчубуз. Оо, алар андай түндөрдө таң агарып атканча ак түтөк болуп, өз өмүрүнүн арманындай ырдашчу. Анан кайдасың боорум Кыз Кайып деп, аны буркурапбоздоп чакырышчу. Алар үчүн мына сен сахнага чыгасың го, ошондой эле нерсе. Түгөнөт десе күчөгөн, бүт баарын токтолбой да, такалбай да төккөн

ырчыларды төкмө ырчылар дешет. Бир жолу менден төкмө ырчылар орусчага кандай которулат деп сурашты. Ырды гана эмес, жан дүйнөнү төккөн бард дегем. Акындар үчүн окуя-ишти билген угармандар болушу керек, ошондо гана алар бүт дүйнөнү асыл сөзгө айлантып, бир өзүн алгыр куш сезет.

– Билем, билем, – деди Айдана. – А эл Кылмергенди кай жакта деп айтышат? Тирүү дешеби? Эмнеге кабарын айтпайт? Мунун дагы буга чейин жообу жок, балким, түбөлүк жоопсуз калгандыр. Анын кайда экенин, эмне болгонун эч ким билбейт. Анткен менен аны бир күнү келип калат деп азыр да күтүп жүрүшөт. Анткени алар аны өз тагдырына, өз махабатына, бүт ааламга таарынып, бир да жан жетип көрө элек жерге кеткен дешет. Өзүнөн өзүн унутуп, Тибеттеги кечилдердин үңкүрлөрүндө күнү-түн тынбай дуба окуп, безерман кечил болуп калган деп айтышат. Болсо болгондур, а бирок ал жанагы кызың көзүнө чөп салып кетти деген чаян сөз айтылган соң, ачуусуна чыдай албай көздөн кайым болгон го. Аныгын билген адам жок, кайра жангыс өкүнүчтөн карышып, канжар мизин кармаган тагдыр тапты да. Кыйын иш, империясын тарттырып ийген император деле мынчалык жанын кыйнабайт, демек, бул жерде жөнөкөй жашоо эмес, дүйнөдөгү жашоо Кылмерген үчүн ак сүйүүдөн жаралган. Кыз Кайып жөнүндөгү уламанын маңызы, аңыз кептин философиясы мына ошол жөнүндө. Ошо махабат баяны, адилеттик ыры жөнүндөгү уламафилософиянын өзөктүк каарманы Кыз Кайып, ооба, Кыз Кайыптын эки дүйнө биригип жеңе албаган, чындык издеген сүйүүдөн тапкан жазасынын азап эрдиги. Адам дүйнөсүнөн биротоло баш тартып, алардын карасанатайлыгы менен күнөө ишине каршы болуп, аруулук менен чындыкты тагдыр кылып, а аруулук менен чындык деген ар дайым жалгыз болорун айкындап кетти, а кыз болсо ошол адамзат дүйнөсү үчүн, карөзгөйлүк менен кастык үчүн түбөлүк кечирим сурап кайып болуп жатат, анткени анын сүйүүсү менен күйүтүнүн жер чыдагыс күчү мына ушунда. Ошондуктан сүйүүгө жеткен да, жетпей калган да бактылуу, ал эми сүйүү үчүн түбөлүк жаза тарткандар түбөлүк бактылуу, түбөлүк өлбөс, түбөлүк сүйүүгө, түбөлүк бактыга айланган адамдар болуп саналат. Кыз Кайыптын жалдыраган жалгыз махабатын жер үстүнөн жан үрөп издеп табалбай азап тартканы бүт ааламдын айыкпаган оорусу.

Көңүл бурсаң, Айа, Кыз Кайыптын көзгө көрүнбөс образында, дегеле ушул эпос-аңызда ажырашуунун түбөлүк түгөнбөгөн арманы, адам дүйнөсүндөгү кастык бар. Бу жалганда жамандыктың азабын жакшылык гана тартат деген эч ким жокко чыгаргыс чындык мына ушундан жаралган. Ошондон улам Кыз Кайып карасанатайлык менен көралбастык өртүнөн коркпой, сүйгөн адамын түбөлүк азап зынданынан куткарып, жашоо чындыгына, турмуштун өзүнө

алып келүүгө чечекейи чеч боло аракет кылат. Ушундан улам ал, тилсиз жоо сактап калган кыз, убакыт менен мейкинге баш ийбеген, бүт мезгилге Кыз Кайыптын ыйык образына айланды. Ал азыр биздин жаныбызда, анткени экөөбүз ал жөнүндө сүйлөшүп жатпайбызбы, ушундай болот, аны эстесең да, ал жөнүндө ойлонсоң да сенин жаныңа келет, ал муну сезет. Кандай, Айа, оозеки чыгармачылыкка жасалган саякат сени он сегиз миң ааламдагы сүйүүгө алып кеткен жокпу?

– Айта көрбө! Сен өзүнчө эле бир лекция окуп жибербедиңби? Сенин ушунчалык ой жүгүрткөнүнө таң калам, – деди Айдана ага жылмая карап, ийиндерин кысып. – Эсиңдеби, бир журналист кыз сени «ай-ааламдык жалпылаштыргыч» деп атаганы эсиңдеби? Сага бул жагабы?

– Мейли, мен ошо Кемчонтой эле болоюн, а сенин алдыңда башка маселе – опера сахнасында Кыз Кайыптын өзүнө айланып, өзүңдүн ааламда жок кереmet үнүң менен көккө, космостун дал өзүнө жетиш милдети турат.

– Ой, уялтпачы, алтыным! Ушул сейил бактагы ушу биз отурган орундуктан түз эле космостун өзүнөбү? Ырчы-космонавт боломбу? Эң сонун экен, мага аябай жакты. Чынында сени менен жүргөн адам эч убакта зерикпейт.

– Кечирип кой, булбулум, мен чын эле айтып жатам. Мен айтып жаткан Кыз Кайып биздин жаныбызда, тиги дарактын ары жагында, күйгөн шамдын жанында экенин сезген жоксуңбу? Кызык, ал эмне деп жатканын да билбейсиңби?

– Эмне дейт? Айтып берчи?

– Тыңшачы! Бириңерди бириңер жаныңардай сүйгөн силерге, мени эстесе деп, эстесе ыраазылык билдирейин деп ушул күндү, ушул түндү канча бир сансыз күн бою, кылымга кылым алмашып күттүм эле. Күлкү бербей күндөр өттү, кыйноого салган кылымдар кетти, а мен болсо сүйгөнүнүн кайындалган кыз колуктусу бойдон калдым да, ошондон улам билгендердин эсинде Кыз Кайып аталып келем. Ошол үчүн адамдар мени келип калсын деп тоолорго барышат, кусалык менен күйүттөн кул болгон мен байкушту алар от жанына келишимди, ошол жерден мен аларга кездешүүмдү каалашат да, бакшылары арбактарды чакырып, алардан бу айыпсыз Кыз Кайып тагдырын берген мергенин мунканa издеп, too арасын сыздата кайдасың кара көзүм деп, жан биргем жалгыз өзүң деп, бойбоздогон кошогун боорунду тилип кошо берет дегенди сурап-билиш үчүн тоолорго барып, алоо жалын от жагат. Арбактардын айтары мындай кезде дайым даяр, дайым бир, жакшылап уксан, бул экөөбүзгө да тиешелүү: алар Кыз Кайып адамдарга келип ыр-кошогун бүт дүйнө уга тургандай ырдашын, ошондой эле булар таштүйүн тагдырын, арман-күйүтүн айтып беришин сура-

нып жатышат дешет да, жер жүзүндөгү бойго жеткен бардык кыздарга кайрылып, ушул ырымды сүйлөшкөн жигитиңерге ак сүйүү менен жан биргеликтин тартуусу иретинде ырдап бергиле дегин деп жатат дешет. Мында да бир концепция деген бар. Ошондуктан, Айа, ырдайлы, бизди да арбактар билсин. Кыз Кайыптын кошогун көрүүчүлөрдүн алдында ырдаганыңдай уксун. Анан алар сени жогорку жактагылардын касиеттүү күчү менен кубулуп келген Кыз Кайып жиберген адам деп айтышат. Ушуну менен иш бүтөт, асмандагы Кудай менен арбактар сага ыраазы болот, а адамдарды билесиң да, алар сени чын эле ошондой ойлошот, ырына таңданышып таазим кылышат, анткени үнүң буларга космостон гана төгүлүп тургандай таасир калтырат.

– Ой, ой, ой! Дагы эмне дегиң бар? Мени тим эле космостон түшүрбөй салдың да? Акылыңа келчи!

– Ой, сен шашпай тур, Айа. – Арсен айтканынан кайтпады. – Акылга анан келебиз, ал кайда качмак эле. Азыр мени гана угуп тур. Тетигил дарактын астын, күйүп турган шамдын жанын карасаң, Кыз Кайыптын көлөкөсүн көрдүңбү? Карасаң, ал бизге ыраазы болуп, чын дилинен жүгүнүп жатат. Түбөлүк жапжаш бойдон, андан да түбөлүк сулуу кыз бойдон... үлбүрөгөн жука жибек көйнөкчөн, ийинине арта салмасы канат сыяктуу, ах, кандай гана сулуу да, кандай гана сын-келбет!

Айдана ага макул болбоско айласы да жок эле, башын ийкеп, анан мындай деди:

– Сен, Арсен, айтканынан кайтпаган романтик экенсиң. Сага ишенем, ушу азыр да бир чети ишенип, бир чети таңданып турам. Ошентсе да, жерге түшүп туруп кыялданыш керек да. Кыз Кайыптын ариясын ырдайын, а бирок ноталар менен партитура кана, музыкачы, оркестр, сценография, костюмдар кайда, жүздөгөн үн бир чыккан хор кана?.. Сен болсо дарыя да ырдайт деп жатасың, ага сахналык технология керек, анысы кана, композитор менен режиссёр кайда? А каражатчы, каражат?.. Опера театры азыр бизде эле эмес, бардык жерде күлкүсү чыккан чапан кийип, кайыр сурап отурат. А мамлекет болсо опера түгүл кумурскага артканга жүк табалбай жүрөт.

Арсен Саманчин буга макул эледей болгону менен ал өз оюнан кайткан жок:

– Билем, билем, опера театры азыр кароосуз калган храмдай, аны көйрөң эстрада, маскарапоздор, дагы башка шайкелеңдиктер ээлеп алган. А мыкты ырчылар болсо көзүнөн жылан көрүнгөн базардын чытырман чычырканак токоюна сайраганы кирип кетишкен. Баары ошондой, композиторлордун бири

да опера үчүн музыка жазбай калышкан. Классикалык искусство өлбөйт деп жанагы ызы-чууну унчукпай карап отура беребизби?

– А сен эмне кылайын дейсиң?

– Айа, эгер сен азыр Кыз Кайыпты ырдаганга чын дилиңден макул болсоң, анда мен жолду жөн эле бульдозердей тазалайм. Аягына чыгамын. Бул боюнча композитор Аблаев менен макулдашуу болгонун билесиң. Ал ишти күтүп отурат. Либреттону өзүм жазамын. Ал биз менен жолугат, барганда сүйлөшөбүз.

– Макул. Көрөлү, адегенде либреттону бүтүрчү, менин либретто жазгычым! Кеттик...

Хайдельбергдин эски сейил багын түн ортосу кучактап уктап жаткан кез. Арсен Саманчин Айдана Самарованы колтуктап алып, мейманкананы көздөй келе жатат, а бирок дагы эле жанагылар жөнүндөгү сөзү бүтө элек. Жадагалса ал жомок жатканда да бүткөн жок, ал экөөнүн шыбышы уктаган түндү түрткүлөп турду. Күн турмушу башталса, Москвага, андан өз жерине учушмак.

Ошондогудай жолугушуу андан кийин эч бир жерде болгон жок. Кудайдын бир бергени экен, ошол Хайдельбергдеги тагдыр тартуулаган эстен чыккыс күндөр менен кайрылгыс болгон түндөр ал экөөнүн сүйүүсүнүн кыл чокусу болуптур, а Арсен Саманчин муну о кийин гана түшүндү. Деги эмнеси болсо да күнү күлүп, түнү сүйгөн ал мезгил ага олуттуу ой жүгүртүүлөрдү тартуулады, аны өзү да ошондой кабыл алчу, анткени алардын махабаты Хайдельбергге, дал немис романтизминин борборуна жетти, жашоо-турмуштун өз нугунан улам кайра жаңырып, улам кайра ишеним арттырып, бу дүйнөнүн кайсыл бир керемет бурчунда сүйүү кумарынан жаралган дене-бой эрип бараткан кездеги бирин бири эңсеп каалашынан улам бир дене жана бир жүрөк болгон, жандары ажырашпас абалга жетип, анан бири-бирине куюлушуп биригип кеткен учурлары үчүн жана да «Кыз Кайып» идея – ачылышынын өзү үчүн алар мурдагыдан огобетер жакын, мурдагыдан огобетер ажырабас, түбөлүк өлбөстөй болуп кетишкен. Балким, ушул эки жан бир сүйүүгө биротоло айланган жагымдуу күндөрдөн уламдыр, күнүмдүк убайым-санаа дегендер таптакыр унутулуп, ал тургай алмадай баштан алтын казган арманы болгон алганы менен ажырашкан учуру, соттон-сотко барып чырдашкан кездер, башына май кайнаган мезгилдер, айтор, кайырчынын тагдырындай кыйын кезеңдер көңүлдөн учуп кеткендей болду. Ал анткени ушунун баары анын да, Айдананын да өткөн тагдыр-турмушуна таандык болчу. Ошону айтсаң, Айдана да кезинде керилген келин болгон, а бирок жазылганы ушу экен, артисттердин арасында эрен-төрөн көрүнбөгөндөй, тез эле ажырашып кеткен. Мына эми,

тагдыр ал экөөнү жүз жылдан мурун салынган бу Хайдельберг шаарынын сейил багына алып келген соң, алар энеден башка өбө элек, энеден башканын колу тие элек таптаза периштелер болуп калышты да, ал – Кудай, тигиниси болсо аял Кудай, а анан бул экөөнө жер көтөргүс тагдыры бар Кыз Кайып келди...

Хайдельбергдин сейил багында ушундай унуткус иш болгон.

Кыялдан кызык, оттон ысык ал күндөрдөн кийин баары башкача болуп кетти...

Тагдыр деген тагдыр да, ал буйруган эмес экен. Адегенде сүйүү бейишин сүйлөшүп жүрүштү, кийин куру кыял болуп калган «Кыз Кайыптын» көйгөйлөрүн кээде талкуулап жүрүштү, телефон чалышып турушчу. Анан эле бүт бардыгы сел алгандай жок болду, тигиниси теледен түшпөй тескери басып, «Лимузин» менен кете берди. Ошол «Лимузиндин» акчасы канча болду экен?.. А бирок аны ошол үчүн айыптоого болобу?.. Ким эле азыр акчадан качып жатыптыр, мындай атагын айга жеткирген шоу-бизнести тебелеп кеткенди кесир урбайбы. Ал тигил Эрташ Курчал менен контракт түзгөн болуу керек? Анткенге укугу бар, укугу бар! Эми сен, чириген байларга каршы күрөшөр багы жок байкуш, эмне дейсиң? Жазымыш эткенден башка эмнең бар? Аны чыгарса чыгат, болбосо жок, басма сөзүн да байлардын колунда. Ушундай кастыкка түшүп, ичи тардыкка жеткени үчүн Арсен Саманчин өзүн өзү жеп ийчүдөй жек көрүп ийди. Эми эмне кылат? Басар жолу, барар жери калбады. Ушул жерге казык кагып, өзүн байлап салса болмок. Антер түрү жок, кимдир бирөө күч атасын тааныбайт деп койгон да. Мына, массалык маданият аны, кыялкеч идеалистти ташка бастырып салды... Ал эми Эрташ Курчал болсо Кудайлардын күч-кубаттуу Кудайы болуп чыкты, ресторандары, эстрадалары, стадиондору канча, рекламалары менен телеканалдарын айтпа, айтор, анда не каалаган баары бар, баарына мыйзамдуу кожоюн, жанагы жан алгычтын жанын сууруган массалык маданият дегендин аска уратар толкунун ошол куйдургу баштаган, ошол үчүн ал Арсен Саманчинди «Кыз Кайыбы» менен кошо ышпалдасын чыгарып, ишке ашпаган ойлордун артына тыгып таштаган.

Кийин ошо Кудай урган Эрташ Курчалды өлтүрүү жөнүндөгү коркунучтуу ойлорунун таасири кайра өзүн капылет жерден бушайманга салды. Ошентсе да, ал эми жанагыл кайра жангыс өч алам деген дил-оюнан кайтпай, ой-дарты өлтүрөмгө гана байланып калган шоруң каткыр кантип дегенге келгенде, өзүнүн бир бечара экенин сезип, анан ушундан улам жогорудагыдай беймаза кыжырданууга алдырып ийдиби, айтор, бир кыйнаган өксүк алкымдан муунтуп,

акыры ал өзүн баягы эле бир обон менен капканга чаптырып салды. Тагдырбы? Аны ким билсин! Баарыдан да баягы Хайдельбергде, сүйүүгө балкып, бакытка чалкып жүргөндө жаралган бир укмуш романтикалык идеялары акыры миитип түз эле аны киши өлтүрөм деген өжөрлүккө чынжырлап саларын, эски журтта жулунбай калган казыктай кылып коёорун, кара көзү кашайгыр, а кезде кайдан билиптир. Деген менен ошол азапка түшүп, жан кыйналган күндөрү деле кээде дили агара түшчү, ошондо Айдана Самарованы Кыз Кайыптан кечирим суроого көндүрүп, улуу тоолорго барып от жагып, баягы Хайдельбергдеги бүдүрү жок кыял үчүн ырайым кылып кой деп буркураганын жазып коюш керек деген тексиз ойлор эмнегедир аны кызыктыра берчү, а бирок Айасына телефон чалып, ала албай койду. Балким, анысы аны жарыла каткырып шылдыңдамак, акылын таптакыр жоготуптур демек. Мүмкүн жазып-тайып аны менен Айа да тоого барып калса, Кыз Кайыптын арбагына чөгөлөп табынып, тигинин көзүнчө асманды күбөгө чакырам деп кыялданчу, сүйүүнүн тагдыр тартуулаган түбөлүктүүлүгүнөн баш тартууга эч кандай себеп болбошу керек (дагы чексиз философияңа, түпсүз космосуна кеттиң), анткени сүйүү деген сүйүшкөндөрдүн түбөлүктүүлүктүн дагы түбөлүктүүлүгүн көздөй кеткен эки адамдын бириккен жолу, ошондуктан түбөлүктүүлүгү талкалоо ай-ааламдагы жашоонун өзүн жараткан Теңирди таанымбагандык болуп саналат. Чын-чынында сүйүүнүн бороон-чапкынын да ал жараткан, бу жарыкчылыктагы жашоону улантуунун түбөлүк күчү да мына ошондо. Ошондуктан сүйүүнү өлбөстүккө карай умтулуу дейбиз, а адамдар болсо ошо Кудай берген чыйыр менен кете берет, а кандай кетет, жолу кандай болот, ал өзүнчө кеп.

Мунун баарын бирөө укса кайрадан шылдыңдап күлмөк. Деги мындай ойлордун кимге кереги бар эле. «Голливудчулук», ооба, ошо менен айыкпас болуп, ооруган Айдана жөнүндө Эрташ Курчал фильм тартам деп жаткан имиш, тартсын, а бирок ал шоу-бизнестин жылдызымын деген неме кайдагы бир тоолордо арбактарга жалынып, Кыз Кайыпты күтүп, акча сапырар убактысын бекер кетирмек беле? Күлө турган киши жок.

Ошентип, эртеңден үмүт калбады. Бул тууралында тагдыр баягы эстен чыккыс «Евразия» ресторанында эле ага өзү жөнүндө тапатак жана ачык-айкын түшүндүргөн. Ооба, ал иш астын-үстүн болду да, калды. Ушуга курал менен жооп берүү муктаждыгы чыкты, а аны болсо кандай да болсо табыш керек, башка жол жок. А бирок аны кайдан жана кантип табат? Көрдөн кайра тургузар көйгөй ишиң мына ушул! Эмне үчүн бул жашоо туңгуюктан туңгуюк болуп баратат? Башка эч нерсе калбады, непадам өлүп баратсаң акыркы сөзүңдү гана айтуу калды.

Ооба, бул түн Арсен Саманчиндин түгөнбөс түйшүк азабына салган, өзү менен өзүн кармаштырган узун түн болду. Бут тарталбай уктап жаткан беш кабат үйдүн короосун караган терезесинин жарыгы жалгызсырап да, жалдырап да күйгөн өз квартирасында киши өлтүрүүгө кадам таштабагын, эгер андай болсо эле анын артынан өзүн өзү жок кылуу болорун айтып, өзүнө өзү сот болуп жатты. Кек сактаган карасанатайлыктын акыры кылмыш менен бүтөрүн өзүнө айтып жатты, а бирок дил-оюн менен азабоюн бийлеп алган өч алам өртүн ал эмнегедир баса алган жок. Кайрадан көгөргөн намыска алдырып ийди да, кайрадан кутултпас курал табуу керекке түштү. Аны кайдан аласың? Мындан башка кылар иши калбады.

* * *

Ошол түнү жолу оңолбос Жаабарс бийик ашуунун этегинде убайымга уланып турду. Ал аймакта жалгыз гана ушунун көзү илинген жок. Бул дагы Кудай куткарбас санаага батып, ыңдыны өчүп, капага чөктү. Айласы кеткен кезде, не кыларын биле албай кек көргөзбөй жайнаган жылдыздарга карап улуду. Эмнегедир ал жер үстүнөн үмүт үзүп, жылдыздарга кеткиси келди, анткени алар кыштыр-жайдыр бири-бири менен жанаша жанат, бирин бири жек көрүп куун жиберишпейт.

* * *

Ушу маалда Арсен Саманчин да ошо Жаабарс көргөн жылдыздарды карап турду. Анын да ошо жакка кеткиси, эч качан эч нерсе ойлобой жашагысы келди...

Ойлонбой коюуга мүмкүн эмес экен, кайрадан ойлонду, ойлонгондо да тапанча жөнүндө, аны бир тууган агасы Ардак Саманчинге айтып, таптырып алса болобу деп ойлонду. Анын соода тармагындагылар менен байланышы жакшы, тааныштары да көп. Мурда врач-терапевт эле, азыр ит багат, Орто Азия тукумундагы овчаркаларын кармайт, Европага, көбүнчө Германияга сатат. Кардарлары кара таандай көп. Иттерине документ камдаганды билет, анан ошолордун акчасы менен жашайт. Бир кыз, эки уулу бар, үчөө тең мектепте окуйт, аялы Гулнара башта медсестра эле, азыр күйөөсүнүн жардамчысы. Айтор, булар базардын көзүн жаңылбай таап кетишти. «Иттердин аркасы менен көнүшүп калдым», – деп калат Ардак тамаша-чыны аралаш. Шаар четинде короосу менен үйү бар, ит баккан жайы да ошерде. «Жигулиси» турат.

Ардак түз жүргөн, бирөөгө жамандык санабаган, мээнеткеч, көп окуган адам. Болгону тигил Туюк-Жардагы туугандары ушунчадан ит бакканы эмнеси, ал үчүн мына биз уят болуп жатабыз дешет, айтор, анын бизнесин жактырышпайт. Жогорку билимдүү врач болсо, диплому чөнтөгүндө турса, анан мунун көрүнгөн жерде ит сатканы эмнеси деп наразы болушат. Айрыкча буга айылдагы Кадича эжеси туталана намыстана берет да, Ардактын иши жөнүндө кеп башталса эле чыдабай кетет. Чын-чынында ит сатат деген сөз айылдагылардын көбүн айран калтырат. Мындайды бир да жолу көргөн-уккан эмесмин, короосу толо ит, кааласаң тандап ала бер, койдой эле багат экен, эми мышыктарды, анан келемиштерди багып сатабыз деп калышат анын үйүнө барып келгендер. Чын, бул айылдагыларды жака кармата турган иш. Ушундан улам айылда уу-дуу кеп, а Ардак болсо аларга түшүнөт, чыдайт, ошол үчүн айылга кемде-кем барат, болбосо жок.

Агасы катары Арсендин бой жүргөнүн жактырбайт, сөз удулу келгенде канчага чейин жалгыз жүрө бересиң тезирээк үйлөнбөйсүңбү деп калат. Ылайыктуу кыз-келин шаарда эле эмес, айылда да толтура. Болуптур, өткөн өттү, кеткен кетти, алдың, ажыраштың, анан эми өмүр бою эле аялы жок жалгыз жүрө бересиңби? Билем, сен европалыктардай ой жүгүртөсүң алардын тилдерин да билесиң, элге белгилүү журналистсиң, көз карандысызсың, бардык жер чакырып турат, тапканың өзүңө деги жетет, кежиринен кетпеген кечил болбогондон кийин үйлөнүш керек, жалгыз бойдун өксүгүн өлүмдөн башка эч нерсе толтура албайт деп калчу.

Бул жагы ушундай, а куралга келгенде иш кыйынына оойт, эмне үчүн тапанча керек, аны сен эмне кыласың, кимди атасың деп такып сурашы бышык. Врач дегендериң, так, тыкан болот эмеспи, бул да ошондой, кээде эле ичип койгону болбосо прокурор мүнөз, анан ушундай зарыгып турган кезде андан бир нерсе чыгат дейсиңби?.. Кокус бир нерседен шекшип калса, анда иштин бүткөнү.

Түн жарымынан ооп калган кезде ушуларды ойлонду. Аны болсо терезеден асмандагы жылдыздар карап турду. Жайындасы жылдыздар көбөйүп кеткендей көрүнөт. Ушулардай жарык чачып, көйгөйүң жок жашасаң аттиң...

***Суроолор жана тапшырмалар:***

*1. Романдын бүгүнкү турмуш менен байланышы.*
*2. Арсен Саманчиндин образына мүнөздөмө бергиле.*
*3. Арсен Саманчиндин адам өлтүрүүгө болгон оюна эмне түрткү болду деп ойлойсуңар?*
*4. Айдана Самарованын тагдыры.*
*5. «Кыз Кайып» уламышынын мазмуну жөнүндө айтып бергиле.*
*6. Роман эмне үчүн «Тоолор кулаганда» (Кыз Кайып) деп аталып калган?*
*7. Чыгарманын толук тексти менен таанышкыла.*

***Сөздүк:***

*Кечил – монах*
*Канчык – қанжиқ*
*Кабылан – қоплон*
*Жырткыч – йиртқич*
*Көйгөй – муаммо*
*Жомок – эртак*
*Кылмерген – овчи*
*Карасанатай – ёмон кўрувчи одам*
*Сыйыртмак – сиртмоқ*
*Сейил бак – сайр боғи*
*Ашуу – довон*
*Бакшы – бахши*
*Тагдыр – тақдир*
*Кошок – йиғи ашуласи*
*Шерт – қасам*
*Колукту – каллиқ*
*Зындан – зиндон*
*Көлөкө – кўланка*
*Жылдыз – юлдуз*
*Илбирс – қоплон*
*Кара ниет – ёмон ният*
*Кыз куумай – кизни кувиб етмоқ*
*Аргымак – арғумоқ*
*Каргыш – қарғиш*

## ЖОЛОН МАМЫТОВ

*(1940–1988)*



Акын Жолон Мамытов Ош облусунун Кара-Суу районунун Төлөйкөн кыштагында 1940-жылы 1-апрелде төрөлгөн. 1957-жылы айылындагы орто мектебин аяктап, 1962-жылы К. И. Скрябин атындагы Кыргыз Мамлекеттик айыл чарба институтун бүтүргөн. Ош шаарындагы ветлабораторияда ветврач болуп эмгек жолун баштап, көп өтпөй Кара-Суу районундагы Катта-Талдык асыл тукум өстүрүү мал чарбасында башкы ветврач, 1971-жылы Ош облустук радио телевидениесинде башкы редактор, 1974-жылдан Мамлекеттик кинематографисттер союзунда жооптуу катчы, Мамлекеттик кино тармагында бөлүмдүн начальниги, башкы редактору, 1980-жылдан «Кыргызстан маданияты» жумалыгында бөлүм башчы, 1983-жылдан Кыргызстан Жазуучулар союзунда катчы, 1986-жылдан төраганын биринчи орун басары болуп иштеген.

1968-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү болгон.

1969-жылы «Отту сүйөм» деген ыр жыйнагы жарык көргөн.

Ырлар жыйнактары «Суунун өмүрү», «Эр чилтен» жана куурчак театры үчүн жазылган «Түркүк эненин балдары», «Олокон» мультфильминин сценарийине 1981-жылы Ленин комсомолу сыйлыгы берилген.

Ж. Мамытов – киносценарийлердин, либреттолордун автору. 1987-жылы акындын либреттосу боюнча «Сепил» операсы коюлган.

1989-жылы Ж. Мамытовго Мамлекеттик Токтогул атындагы сыйлык берилген.

М. Слуцкис, Ф. Тютчев, А. Фет, В. Маяковскийдин, О. Сулеймановдун чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

### СҮРӨТТӨР

Кең көчө машиналар зуулдаган,
Кулагың бейтынчтыктан чуулдаган.
Энтеңдеп картаң барат колунда жүк,
Кылкылдап кыздар өтөр дуулдаган.

Тиктесең кишилерге байкаштырып,
Кыз-жигит салааларын айкаштырып.
Жүдөтөт бир келинди баласы ыйлап,
Бир адам сууну жатат чайкаштырып.

Бирөөлөр газетага үңүлүшөт,
Бирөөлөр өйдө-төмөн жүгүрүшөт.
Зор тобу аялдардын эт карашып,
Дүкөндөн дүкөндөргө сүрүлүшөт.

Басышат кээ бирөөлөр максаты жок,
Бирөөлөр ойго батат акчасы жок.
Бирөөлөр чөнтөктөрүн сыйпалашат,
Эми эле салып койгон чакчасы жок.

Бирөөлөр бара жатат автобуста,
Бирөөлөр алдас урат мас болушка.
Бирөөлөр жашын жамап өйдөлөтсө,
Бирөөлөр умтулушат жаш болушка.

Бирөөлөр басып жүрөт кино жакта,
Бирөөлөр шашылышат салкын бакка.
Бирөөлөр албай өтөт чочулашып,
Жолунда сан жагынан тыйын жатса.

Бирөөлөр рахаттана дарбыз жешет,
Бирөөлөр кайыр сурап карбыз дешет.
Бирөөлөр эки-экиден баратышса,
Бирөөлөр окчундашып жалгыз кетет.

Бирөөлөр ачууланып күйүгүшөт,
Бирөөлөр жаш баладай сүйүнүшөт.
Бирөөлөр шалдайыңкы жансыз жүрсө,
Бирөөлөр так секирип түйүлүшөт.

Көрүнөт туш тараптан көздөр гана,
Угулат туш тараптан сөздөр гана.
Тирүүлүк түтөйт, жанат, кайрылбастан
Эми өткөн, азыр өткөн кездер гана.

***Суроолор:***

1. *Ыр эмне үчүн «Сүрөттөр» деп аталыптыр?*
2. *Бул ырдан сен эмнени көрүп, эмнени түшүндүң?*
3. *Турмуш сенин көз карашыңда кандай көрүнөт?*
4. *Ырда эмне үчүн ар түрдүү адамдар чагылдырылган?*
5. *Акын ырдын соңунда эмнени билгиси келет?*

## УЛУУ ТЕМА

Эне сенин жетпей жүрүп баркына,
Билем алда айрылуу бар экенин.
Ак сүтүңдү актадым деп алкына,
Эми качан туу көтөрүп өтөмүн?!

Жылдар жыкса ак чачтарың көбөйгөн,
Каптап келет ырайымсыз бырыштар.
Опсуз күндөр кыйылууда турмуштан,
Оңго-солго шилтелгендей кылычтар.

Эх, энеке, эбегейсиз мээримиң:
Чөнтөктөгү чылым алар тыйындай,
Чаңкай түштө чачылууда чакчамдан
Түбөлүктүү келе берер буюмдай.

Алыстамын. Сагындырып өзүңдү,
Бой тиреше тагдыр менен бетме-бет.
Кайда жүрсөм жүрөгүмдө жашайсың,
Максат өңдүү мен баркына жетпеген...

## ТУУЛГАН ЖЕРГЕ

Токочуңду кармап жүрүп колума,
Жер каптаган жемишиңден жегенде.
Кубат болуп токтоп калган боюма,
Үмүт болуп токтоп калган денемде.

Менин сага бүт өмүрүм байланып,
Төрөлгөндөн бешигиңде кошулгөм.

Ойноп жүрүп ой-кырыңды айланып,
Мен өзүмдү жыйнап жүрөм өзүңдөн.

Эгер кетсем алыс сапар жер кезип,
Эңсеп кайра сагынганым себеби:
Мен өзүмдү кичинекей Сен сезип,
Сени сүйүп тиктей берем мен эми…

## ТООЛУГУМ

Күнүн баштап азоолорду токуштан,
Тоодо жашап, зор турмушка окушкан.
Түнү көктө жылдыз учкан өңдөнүп
Аттарынын туягынан от учкан.

Өчүн алып кырып кирген ойроттон,
Кылыч шилтеп сезимдерин ойготкон.
Шатыратып өткүн өткөн кездердей
Шартылдатып комузда кол ойноткон.

Көөдө көйнөк төрлөрүндө керилген,
Эстен кеткис улуу тойлор берилген.
Ак чөлмөгү ыргытылып айдыңга
Кылымдарга селкинчеги тебилген.

Замандарга адамдыгын таптаган,
Чалкар пейил тоолугума мактанам.
Миң жылдарга сактагандай Манасын,
Миң жылдарга журтчулугун сактаган.

***Сөздүк:***

*Сүрөт – расм*
*Дүкөн – дўкон*
*Картаң – қари*
*Чакча – носқовоқ*
*Тирүүлүк – ҳаёт*
*Бырыш – ажин*
*Туулган жер – туғилган ер*
*Сапар – сафар*
*Туяк – туёқ*
*Өткүн – қисқа ёмғир*
*Ак чөлмөк – оқ таёқча*

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. Эне деген ким?*
*2. Эненин улуулугу эмнеде?*
*3. Бала эмне үчүн энеге тартылат?*
*4. Эне менен туулган жердин кандай жакындыгы жана окшоштугу бар?*
*5. Өзүңөрдүн туулган жерге болгон сезимиңерди баяндап бергиле.*
*6. «Тоолугум» ырынын маанисин кыргыз тилинде айтып бергиле.*
*7. Ырлардын бирөөсүн тандап, өзбек тилине которгула.*

***Үйгө тапшырма***

*1. «Туулган жерим» деген темада сүрөт тарткыла.*
*2. Ырлардан үзүндү жаттагыла.*

***Жазуу жумуштары***

*1. «Тоолор кулаганда» романынан тандалып алынган үзүндүнүн негизинде эссе же дилбаян жазгыла. Төмөндөгүдөй темалар сунушталат:*
   - *Арсен жана Айдай;*
   - *Арсен жана Кыз Кайып;*
   - *Классикалык маданият жана массалык маданият ж.б.*

*2. Ж. Мамытовдун ырларын кара сөзгө айландырып жазгыла.*
*3. Өзүңөрдүн туулган жериңер жөнүндө эссе жазгыла.*

***Кайталоо үчүн суроолор:***

*1. «Тоолор кулаганда» романынан тандалып алынган үзүндүнүн мазмунун кыскача айтып бергиле.*
*2. «Тоолор кулаганда» романындагы каармандар жөнүндө айтып бергиле.*
*3. Ж. Мамытовдун «Сүрөттөр», «Улуу тема», «Туулган жер», «Тоолугум» деген ырларында кандай ойлор айтылган?*

## ТУРАР КОЖОМБЕРДИЕВ

*(1941–1989)*



Акын Турар Кожомбердиев 1941-жылы Калинин районундагы Сары-Булак кыштагында туулган.

1966-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн.

1965–1966-жылдары «Кыргызстан пионери» гезитинде адабий кызматкер, 1969-жылдан «Кыргызстан» басмасында редактор, 1976-жылдан Кыргыз ССРинин Маданият министрлигинин аппаратында иштеген.

Т. Кожомбердиевдин чыгармачылык жолу 1959-жылы «Мугалимдер газетасына» жарыяланган «Мугалимге» аттуу биринчи ыры менен башталган. Ошондон тартып анын ыр, поэмалары газета-журналдардын беттерине басыла баштайт.

Т. Кожомбердиев – республикабыздын бир нече жолку поэтикалык конкурстарынын жеңүүчүсү. Алгачкы ыр жыйнагы 1961-жылы «Көлчүктөгү ай» деген ат менен жарык көргөн.

1967-жылы Молдавия ССРинде ачылган жаш акындардын Бүткүл союздук биринчи фестивалынын, 1970-жылы Горький шаарында, 1972-жылы Казань шаарында өткөн Бүткүл союздук фестивалынын, 1972–1973-жылдары Красноярский крайындагы совет адабиятынын күндөрүнүн жана 1971–1972-жылдары кыргыз адабиятынын Украина менен РСФСРда өткөн декадасынын катышуучусу. Акындын балдар үчүн жазылган китептеринин айрымдары москвалык басмалардан жарык көргөн.

Анын айрым ырлары орус, украин, казак, белорус, молдован, азербайжан, литва, өзбек, татар, хакас жана француз, англис тилдерине которулган.

Т. Кожомбердиевдин 70тен ашуун ырларына обон жазылган. Калый Молдобасанов менен бирдикте «Саманчынын жолу» аттуу балет-ораториясында ораториянын текстин, «Гүлдө Кыргызстан», «Шаңдан мекен» аттуу кантаталардын текстин, Мукаш Абдраев менен бирдикте «Лирикалык хороводдун», Таштан Эрматов менен бирдикте «Элүү жылда элим жаңырды» аттуу кантаталардын ырларын жазган.

1970-жылы Турар Кожомбердиевге «Кызыл алма» жана «Таңкы симфония» аттуу ырлар жыйнагы үчүн республикабыздын Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгы ыйгарылган.

## АЙЫЛДАГЫ АЙ НУРУ

Ай нуру, аппак нурлар тынбай аккан,
Көңүлгө ырахат жок, андай жаккан.
Жыбырап жылбай калган терезеде
Жылдыздар мык өңдөнөт мыктап каккан.

Тоо башы бирде сүрдүү, бирде жашык,
Адамдар ай нуруна, мажнун, ашык.
Дарыдай тамылжытып ирениңди
Таңдайга бал тамызат калай кашык.

Дирилдейт айдын сууда жалбырагы,
Балыктар тиштейт четин, ана тагы.
Бутакка мөмө болуп илинет ай
Качырайт оордуктан алма багы.

Алдыма апам коёт каймак майын,
Аңкытып алып келет самоор чайын.
Аймалап бет алдынан салкын шамал
Ак канттай, ай калкылдайт пияла сайын.

Теректер шоокум салып, ыргалат жай,
Аппак түн айтып бүткүс, элеске бай.
Аңкытып ар убакта эске түшүп,
Аябай ширин экен ай түшкөн чай.

## НАН

Ак төөнүн кардын жарган көрдүк күндү,
Токчулук мекен кылды түнөгүмдү.
Антсе да нанды бирөө тепсеп кетсе
Нан менен кырчыгансыйт жүрөгүмдү.

Кадырын жакшы билем улуу пандын,
Көргөнмүн телмиргенин канча жандын.
Ал кезде өмүр эле нан дегенин
Артыкча кубаты бар үзүм нандын.

Кай бирде жума бою калдык ачка,
Жокчулук бирдей келип кары-жашка.
Солуктап нан деп жатып уктачубуз,
Түшүмө кирчү эмес андан башка.

Айланып уулу ыйласа, эне башы,
Ачылбай бүркөө жүрчү кабак-кашы.
Аябай ачуу эле ошол нандар
Энемдин сиңип калган көздөн жашы.

Жеткенче далай күн бар жазгы кошко,
Санаадан санаа тартат үмүт бошко.
Тепселмек кайда андан нан көргөнгө жок,
Бут эмес кээде гана жетчү оозго.

Көздөрүм чалып калат чанда-чанда,
Кор болуп жаткандыгын нандын чаңда.
Тепселип жаткансынат тирүү жүрөк,
Дүркүрөө пайда болот дароо канда.

Саргарып түштөн кечке, түндөн таңга,
Нан эмес, жаштар тамчу коюу чаңга.
Бүдүрүн түшүрбөстөн салаалардан
Бүркүттөй жутунчубуз үзүм нанга.

Көп дебейм нанды, мейли жатсын толуп,
Ийниме токчулуктун кушу конуп,
Чачылып калса нандын күкүмдөрү
Чокулап тергим келет чымчык болуп.

## АРЧА БЕШИК

Ачылды кенен-кесир жүрөк, эшик
Түгөнбөйт додолонуп жентек, кешик.
Уулума уйку тилейт карчылдаган
Мен жаткан, атам жаткан арча бешик.

Кымбаттуу конокторум төрүмө өтсүн
Күлкүлөр жаңырыктап күнгө жетсин.

Куттукта. Уулдуумун. Кыс колумду!
Салаадан кан булактап агып кетсин.

Апачык, кенен-кесир жүрөк, эшик,
Түгөнбөйт додолонуп жентек, кешик.
Карчылдап күүгө келет элпек колдон
Уулумдун уулу жатчу арча бешик.

## БИЙЛИКТЕ ЖАЗ

Күн тынымсыз күркүрөйт. Бийликте жаз,
Такаланган туяктан серпилет таш.
Соорулары жалтылдап көз уялтат,
Үстүндө ак калпакчан жылкычы мас.

Арт жакта төрт жаш жигит бакылдашат,
Борчуктан бөлүнүшүп, жакындашат.
Кээ кезде бирин-бири далыга чаап
Кээ кезде кол жулкушуп, такымдашат.

Жаз өзү уя салган жүздөрүнө,
Ченем жок жаштыгына, күчтөрүнө.
Силкинтип каткырыктар аскаларды
Карылык кирип койбойт түштөрүнө.

Чагылган. Кан дүркүрөйт. Бийликте жаз.
Ок болот туяктардан серпилген таш.
Үйрүнө жөнөп барат кара шумкар
Үстүндө ак калпакчан жылкычы мас.

***Сөздүк:***

*Шоокум – қаҳқаҳа, қаттиқ кулги*
*Токчулук – тўқлик*
*Конок – кўноқ*
*Терезе – дераза*
*Мык – мих*
*Каш – қош*
*Кош - қўш*
*Нан – нон*
*Кукум – увоқ, ушоқ, нон қолдиғи*
*Жаз – баҳор*

*Ашык – ошиқ*
*Мөмө – мева*
*Дан – дон*
*Ачка – оч*
*Кабак – қовоқ*
*Борчук – қирғоқ*
*Каткырык – қаҳқаҳа, қаттиқ кулги*
*Чагылган – момақалдироқ*
*Аска – тик қоя*

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. Айдын нуру силерге да жагабы? Эмне үчүн?*
*2. Айга түшкөн чайды акын эмне үчүн ширин деп жатат?*
*3. «Нан» ырынан кандай адептик тарбия ала алдыңар?*
*4. «Арча бешик» ырынын негизги мазмунун кыргыз тилинде айтып бергиле.*
*5. Эмне жаз дагы бийликке келеби?*
*6. Ырлардын бирөөсүн тандап өзбек тилине которгула.*

***Үйгө тапшырма***

*1. «Нан» жөнүндө башка акын-жазуучулардын чыгармаларын таап окугула.*
*2. Ырлардан үзүндү жаттагыла.*

# КЕҢЕШ ЖУСУПОВ

*(1937)*



Кеңеш Жусупов Нарын областынын Тянь-Шань районунун Эчки-Башы деген айылында 1937-жылы жарык дүйнөгө келген. 1954-жылы Оттук орто мектебин бүткөн. Эки жыл «Коммунизм» колхозунда колхозчу, китепканачы, комсомолдук уюмдун катчысы болуп иштеген.

1961-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин тил жана адабият факультетин бүткөн. 1961–1963-жылдары Тянь-Шань областтык гезитинде, 1964-жылы Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы «Басма сөздө мамлекеттик жашыруун сырларды сактоочу башкы башкармалыкта» (Главлитте), 1966-1968-жылдары «Кыргызстан» басмасында редактор, 1968–1973-жылдары «Кыргызфильм» киностудиясындагы сценарий бөлүмүндө редакторлук кызматтарды аткарган. 1973-жылдан «Ала-Тоо» журналында, 1978-жылдан Нарын облусу боюнча Жазуучулар союзунда адабий консультант, 1984-жылдан «Манас» эпосун көркөм чыгаруу секторунда жана 1987-жылдан «Ала-Тоо» журналында башкы редактор болуп иштеген.

1958-жылы биринчи «Түш» деген аңгемеси «Ленинчил жаш» гезитинде басылган.

К. Жусуповдун 1965-жылы «Жашоо кумары» деген китеби чыккан.

1975-жылы «Ыр сабындагы өмүр» аттуу китеби Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгына татыктуу болгон. Ошондой эле Эл аралык «Түгөлбай Ата» коомунун, А. Табалдиев атындагы адабий сыйлыктардын ээси.

Жазуучунун айрым аңгеме, повесттери түрк, украин, өзбек, чех, орус, казак, татар, араб, француз тилдерине которулган. К. Жусуповдун «Лесорубы» («Карагайчылар») деген аңгеме, повесттер жыйнагы 1975-жылы Москвада жарык көргөн.

Жазуучу А. Жакыпбеков менен бирдикте «Манас» эпосун проза түрүндө жазган. Проза түрүндө балдар үчүн жазылган «Манас» эпосунун автору. 1991-2002-жылдары «Кыргыздар» аттуу 5 томдукту түзгөн.

## БОЗ ҮЙ КЕРЕМЕТИ

Бабалардын байыртан берки боз үйү негизинен элдин материалдык маданиятына кирет. Ал эми ага байланыштуу сөздөр, каада-салт, жосундар, аңыз, символдор бүтүндөй рухий дүйнөгө байланышкан. Ошондуктан боз үйдү улуттук рухий дүйнөнүн табылгасы, кенчи катары да баалаган оң.

Улуу Теңир көчмөндөрдүн ырыскысына боз үйдү жаратты. Байыртан бери кыргыз баласынын оокат-тиричилиги жана өмүрү боз үйдө өттү. Дайыма боз үйдү көргөндө илгерки көчмөн элдин кимиси муну биринчи ойлоп тапты экен дегиң келет. Боз үй б.з.ч. сактардын (скифтердин), хундардын, кыргыздардын, үйсүндөрдүн, дөөлөстөрдүн учурунда эле болгон. Археологдор Алтайдагы Пазырык дөбөсүнөн б. з. ч. 5–3-кылымдарга тиешелүү боз үйдүн калдыктарын, ар түрдүү боёкко салынган шырдак оюктарынын калдыктарын табышкан.

Боз үй көчмөн элдердин биргелешкен акыл-оюнан жаралган, жеңил десең жеңил, чечкенге тиккенге оңой, жайында салкын, кышында жылуу, жөнөкөй. Бабалардын улуу эстелиги, ыйык куту жана кол өнөрчүлүгүнүн туу чокусу.

Кыргыздардын табият менен жашаганына, жакындыгына боз үйдөн улам ынанасың, боз үйдүн ичинен төбөңдү карасаң түндүгүнөн көк асманды, күндүз күндү, түнү айды көрөсүң, көлдөлөң менен көк шибер алдыңда жатат. Сыртка чыксаң, кең дүйнө шарт ачылат. Чагылгандын чартылдаганын, шамалдын улуганын, дарыянын шоокумун, куштардын сайраганын даана угуп турасың. Боз үйдөн сырткы космос жана ички дүйнө менен бирге жашап жаткандай сезесиң өзүңдү.

Кытай жазмаларында боз үй жөнүндө маалымат биздин заманга чейинки доордо эле айтылган. Сыма Цянь: «Көчмөндөр (кыргыздар) эшиги чыгышты карап тигилген тегерек боз үйдө жашайт» деген.

Боз үй азыркы кебетесиндей дароо эле жаралган эмес, нечен доорлорду карытып, улам жаңы табылга кошулуп, жыгачы, кийизи, жип-шуусу улам түрлөнүп, барган сайын көркүнө чыгып отурган. Кыргыздын боз үйүн жасоо кол өнөрчүлөрдүн бардык чеберлери – теричи, жыгач уста, темир уста, саймачы, оймочу, зергери, уздары катышкан. Кыргыздар боз үйдү күнүмдүк тиричиликке, сый-сөөлөткө жасашкан жана жоопкерчиликте урунушкан, анын түрлөрү көп.

Боз үйдүн керегесине жараша анын көлөмү да аныкталат. Боз үйдүн эң чаканы жана оноюу – кереге уук баштарын кайчылаштырып жасаган алачык болот. Анын түрлөрү бар: жапма алачык, сайма алачык, кара алачык, жолум

үй, кеп, ак тигер, ит арка, сойломо ж.б. болуп аталат. Жоокерчиликте көчүп конууга ылайыктуу «куш үйүн», малчылар «жолум үйдү», «аш үйдү» жатакчылар пайдаланышкан.

Андан кийин боз үйдү жабдыгына карай үзүктү, көтөрмө туурдукту, уук-керегеге карай ак үй, чоң үй, ак өргөө, ак ордо, ак ала ордо (хан үйү) болуп кете берет.

Улуу «Манас» эпосунда боз үйдүн мыктысын мындайча сүрөттөйт:

«Он эки канат ордо үйү
Түндүгүн түрүп тиктирген.
Ууктарын учтаган,
Учуна манат тыштаган,
Чийин жибек чырмаган,
Уук менен кереге,
Отуз түрдүү сырдаган».

«Көкөтөйдүн ашындагы» кыргыздардын Каркыра жайлоосуна үч жүз миң боз үйдү тиккендеги сүрөттөлгөнүн окуп көрөлү:

«Үч жүз миң тиккен үйү бар,
Үч ата уулу бийи бар.
Үзүгүнүн баарысын,
Ак манат менен тыштаган.
Ууктарын учтатып,
Учу сайын ууктун,
Учуна манат тыштатып.
Көчкөн болсо бүктөгөн,
Көлүктөргө жүктөгөн,
Көрбөгөндүн баарысы,
Көзүн салып тиктеген».

Боз үйлөр чоң-кичинесине карата алтымыш баштан, жүз баш, эки жүз баш деп керегенин башына карата бөлүнөт. Сапатына карай тор көз, ара көз, жел көз деп керегенин көзүнө карай айтылат. Үйдүн ичи төр, улага, эр жак, эпчи жак деп төрткө бөлүнөт. Төргө кадырлуу меймандар, карыя аксакалдар, эпчи жакка казан-аяк кармаган аялдар, эр жакка эркектер, улагага кичүүлөр отурушат.

Байыркы кыргыздардын боз үйлөрү жасалыш үлгүсү боюнча үйсүндөрдүн үйү жана кыргыздардын боз үйү делип аталган. Кийинки кылымдарда калмак

(монгол) боз үйү кошулду. Булардын сырткы көрүнүшү аз эле айырмаланганы менен ички жасалгасы ар башка. Кыргыздардын боз үйүнүн керегеси кенен, ууктары узун, түндүгү бийик келет.

Кыргыз боз үйлөрүнүн жыгачтары негизинен талдан, түндүгү арчадан жасалат. Көлөмү боюнча төрт канат, алты канат, кээ бир ажолордун, байлардын ак өргөлөрү отуз канатка жеткен учурлары бар. Байыркы Энесай кыргыздарынын боз үйүн тарткан арабаларынын узундугу тогуз кулачка жеткен, муну ондон ашуун өгүз сүйрөгөн. Боз үйдүн негизги жыгачтары – керege, уук, босого таяк, түндүк, каалгадан турат. А дегенде кереге жыйылып, аштарына уук учугу менен чачып байланат. Босого таяк орнотот. Бакан менен түндүк көтөрүлөт, уук сайылат. Илгерки доордо кыргыздарда ак өргөлөргө ат үстүнөн эки-үч балбан туруп түндүктү көтөрүшкөн учурлар болгон. Чий тартылган соң, туурдук, үзүк, эшик тыш, түндүк жабуу жабылат.

* * *

Илгерки бабаларыбыз теңирим жакшы көргөндүн боз үйүнүн түндүгүнөн кут дешкен. Кыргыз рухунда кут касиеттүү делип, байыркылар ага сыйынган. Ал адамдарга, эл журтка жакшылык, бак-таалай, ырыскы алып келет, жамандыктан сактайт деп ишенишкен.

Кыргыздар түндүк көзүнөн асмандагы айды карап, узарып жылдыз санап, космос менен байланышып, ай менен аалам кыдырып өткөн. Күндүзү боз үйдүн түндүгүнөн түшкөн күндүн илебинен жылынып отуруп, асмандагы булутту, куштарды узатып, тегеренген нурдун жарыгынан улам бир күндүн мезгилин эсептешкен.

Кыргыздар боз үйдүн ичинде отуруп бир күндүн убактысы отуздан ашык маалга бөлгөн.

Муну эсиңе тут
Түн каракчысы.
Таң дүмпөйү.
Таң куланөөк атты.
Таң кылайды.
Таң аппак атты.
Күн чыкты.
Күн тоо башына тийди.
Күн жайылган кез.
Шашке.
Улуу шашке.
Жалган түш.
Чак түш.
Түш кыя.
Түш оогон кез.
Сарт бешим.
Кыргыз бешим.
Алакөлөкө.

| | |
|---|---|
| Намаздигер. | Эл жатаар. |
| Намаз шам. | Түн бышкан кез. |
| Күүгүм. | Түн ортосу (Жылдыз толгон учур). |
| Акшам. | Сопу – садык (үркөр көтөрүлгөн учур). |
| Иңир. | Таң заары (Тараза жылдыз батканы). |
| Үрүүл. | Бүлбүл. |
| Бүрүүл. | Апак-шапак. |
| Куптан. | (Бир күндүн – түндүн элдик убакытка |
| Эки куптан. | бөлүнүшү). |

Боз үй ичинде бүткүл кыргыздын байыртан бери тарыхы, тиричилиги, салты, маданияты, тили, дили, акылмандыгы, ой-акылы жатат.

Кыргыздын боз үйүндөгү ырым, жырымы күчтүү болгон: керегеге буттук артпаган, түндүктүн жиби артылбаган, босогону баспаган, түндүктү, баканды аттабаган, отко суу куюп өчүрбөгөн, чөмүч менен итке аш куйбаган, тулганы, отту теппеген, шамалды сөкпөгөн, дасторконду тескерисинен салбаган, күйгөн отко түкүрбөгөн, жылдыз санабаган, эшикти тээп ачпаган, босогого туруп бой кербеген, үйдө ышкырбаган, үй айланып чуркабаган ж.б.

Ар бир үй-бүлө айыл же уруу үчүн аркан, чылбыр эшүү, кийиз басуу, сабоону ыштоо, конуш тандоо, түндүк көтөрүү, өргө көтөрүү, отко май салуу, от алуу, эшик басар, көчүү сыяктуу салттар майрамдагыдай шаңдуу өтүп, тилек айтылып, бата беришип, ыр ырдалып, оюн-зооктор уюштурулган.

Кыргыздар жакшылык айтканда «түндүктөн түтүн үзүлбөсүн», «чамгарагың көтөрүлсүн, очогуң өчпөсүн, түндүгүң бийик, кереген бек болсун», «коломтоң сапырылбасын», суук кабарды билгизгенде «айыл кызыл кереге болду», «кызыл уук болду», ж. б. Ал эми каргыш айтканда «түндүгүң түшсүн» деген сөздөрдү айтышкан.

Эл оозунда боз үйдүн жабдыктары символ катары колдонулган, мисалы: адамга баа бергенде «ууктай узун», «керегеси май болду», «бакандай азамат», «чийдин түбүн тешкен жигит» ж. б. дешсе, кээде макал-лакап түрүндө «уугум сага айтам, уулум сен ук, керегем сага айтам, келиним сен ук», «кызы бар үй – кымызы бар саба» деп, кээде тамсилдер, табышмак түрүндө «жетимиш кемпир жер тиштейт» деп айтышкан.

***Сөздүк:***

*Боз үй – кигиз ўтов*
*Баба – бобо*
*Кереге –ёғоч панжара*
*Туурдук – кигиз ўпинчиқ*
*Уук – синч*
*Шоокум –шовқин*
*Зергер – заргар*
*Уз – чевар хотин*
*Алачык – чайла, капа*
*Чий – қамишдан ясалган бўйра*
*Ырым-жырым – ирим-сирим*
*Оюн – ўйин*
*Манат – ипак газлама*

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. *Боз үйгө кирип көрдүңөр беле?*
2. *Боз үйдү жасоого кимдер катышат?*
3. *Боз үйдүн тарыхы жөнүндө эмне айта аласыңар?*
4. *Кыргыз эли боз үйгө байланышкан кандай сөздөрдү айтышат?*
5. *Чыгарманын мазмунун кыргыз тилинде сүйлөп бергиле.*
6. *Боз үйдүн түзүлүшү жөнүндө сүрөт тарткыла.*
7. *Кийизден боз үйдүн макетин жасагыла.*

***Үйгө тапшырма***

1. *Боз үй жөнүндө кошумча маалыматтарды жазып келгиле.*

## ОМОР СУЛТАНОВ

*(1935)*



Акын, прозаик 1935-жылы Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы Тосор айылында туулган. 1953-жылы Барскоон орто мектебин аяктаган. 1959-жылы Кыргыз улуттук университетинин филология факультетин бүтүрүп, «Ала-Too» журналында эмгек жолун баштаган. 1971-жылы Кыргызстан Жазуучулар союзунун башкармасынын 2-катчысы, СССР Жазуучулар союзунун текшерүү комиссиясынын мүчөсү, Алыкул Осмонов атындагы адабий бирикменин жетекчиси болгон.

Омор Султановдун чыгармалары, макалалары 1953-жылдан баштап жарык көрө баштаган. Биринчи ырлар жыйнагы «Тоо күндөрү» деген ат менен 1961-жылы жарык көргөн. «Кыргызфильм» киностудиясы тарабынан экрандаштырылган «Төкмө», «Жазуучу», «Аккуулар конгон айдың көл» ж.б. даректүү жана көркөм фильмдердин сценарийлерин жазган.

О. Султановдун чыгармалары орус, англис, немец, испан, француз, монгол, поляк, украин, венгер, словак, чех ж.б. тилдерге которулган. Ал А. Пушкин, М. Лермонтов, Бартольд Брехт, Пабло Неруда, Габриела Мистраль, В. Маяковский, Н. Хикмет, К. Кулиев, Р. Гамзатов, И. Драч, Э. Межелайтис ж.б. акындардын чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

1985-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы, 1992-жылы «Кыргыз Республикасынын Эл акыны» ардак наамы, 1995-жылы «Манас» эпосуна 1000 жыл медалы берилген. Эл аралык «Руханият» сыйлыгынын ээси, «Манас» ордени, Казакстандын Президентинин Жарлыгы менен «Астана» аттуу алтын медаль менен сыйланган. 2007-жылы Женевадагы Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмунун Алтын медалына татыктуу болгон.

### ДАРБАЗА

Капысынан жаап салган
качанкы бир калың кардай
ал учур эрип агып өтүп кетти.
Эң эле көп болсо ал жетти... жетти

Жеткендей бир уюлдан бир уюлга
сезимдин бир учунан бир учуна.
Эскирген Саалакундун дарбазасы
шамалдан башка эч бир жан
кирип чыкпайт
кыйчылдап
кулак-мээде
көздө калды.

Күтүү дагы какжырап чарчайт экен,
А дегенде алоолоп күйүп чыгып,
андан кийин
өзөктү өрттөп
күйүт чыгып,
андан барып айланып
кыйратты жегич датка,
анан барып айланып
эң жаман жолдош дартка,
эң акыры
күтүү айланып калат экен дарбазага,
желден башка эч ким кирип чыкпаган
дарбазага,
эңилчек баскан эски
дарбазага.

Саалакун
жана кайран Асыл эне –
Жакып менен Чыйырдыдай эмес беле?

Фронттон жалгыз уулу келбей калды
күтүүдөн какжырады дарбазасы
чарчады ээнсиреп дарбазасы.

Кулак-мээни тундурган ошол ээндик
өзүнө
алып барат дайым мени.

Бир күнү мындай деген бир ой келди:
кутүүнүн даты жеген
бир кишенди
алып келип байлап койсо
бул короого
Гитлерди.

Өлтүрбөй да, житирбей
бул короого
байлап койсо
Гитлерди
бир доорго.
Оо, мындай канча короо!..
Жетишет бир доорго.

***Сөздүк:***

*Дарбаза – дарвоза*
*Кутүү – кутмоқ*
*Уюл – қутб*
*Куйүт – қайғу*
*Ээндик – бўм-бўш бўшлиқ*
*Дат – шикоят*
*Кишен – кишан*
*Доор – давр*

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. *Ырдын негизги идеясын байкай алдыңарбы?*
2. *Эмне үчүн дарбаза какжырап калган?*
3. *Саалакун менен Асыл энени акын эмне үчүн Жакып менен Чыйырдыга окшоштуруп жатат?*
4. *Өзүңөр «Дарбаза» деген темада текст жазып көргүлө.*

***Үйгө тапшырма***

1. *Ырды өзбек тилине которгула.*
2. *Ырлардан үзүндү жаттагыла.*

# МУРЗА ГАПАРОВ

*(1936–2002)*



Жазуучу, драматург, кинодраматург Мурза Гапаров 1936-жылы 22-мартта Ноокат районундагы Нойгут айылында туулган. 1962-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин бүтүргөн. 1965–1967-жылдары Москвадагы Жогорку сценардык курсунун угуучусу болгон.

Эмгек жолун колхозчу болуп иштөөдөн баштап, 1957-жылы геологиялык чалгындоо партиясында жумушчу, 1962-жылы мугалим, 1963-жылы Кыргыз ССРинин Мамлекеттик телерадиокомитетинин редактору, 1968-жылы «Кыргызтелефильмдин» редактору, 1970-жылы Кинематографисттер союзунун кеңешчиси, 1974-жылдан Ош шаарындагы Кыргыз драмтеатрында адабий бөлүмдүн башчысы, 1984-жылдан Кыргызстан Жазуучулар союзунун Ысык-Көл облусу боюнча кеңешчиси, 1987-жылдан «Кыргызфильмдеги» сценардык мастерскойдун мүчөсү болгон.

Чыгармалары 1950-жылдары жарыялана баштаган. 1963-жылы «Мейман» аттуу повести өзүнчө жарык көргөн. «Тагдыр чечүүчү түн» (1975), «Дарыялардын шоокуму» (1979), «Биздин үйдүн Карлсону» (1983) повесть-пьесаларынын, «Күнөстүү арал», «Бул жаман эмес», Р. Ибрагимбеков менен бирге «Көчө», «Квартирант», «Бабалар өрөөнү» аттуу толук метраждуу көркөм фильмдердин сценарийлеринин автору.

Академик К. Юдахин жана З. Кайназарова жөнүндөгү даректүү кинофильмдердин жана ондон ашык хроникалык-документалдык фильмдердин сценарийлерин да жазган.

1971-жылдан СССРдин Кинематографисттер союзунун, 1974-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү. Кыргыз Республикасынын Эл жазуучусу.

Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Грамотасы менен сыйланган.

Анын чыгармаларындагы окуялардын жөнөкөй, бирок кызыктуулугу, көркөм сүрөттөөсүнүн жандуулугу, тилинин майиндиги, байлыгы, дүйнөгө романтикалуу көз карашы менен кыргыз адабиятынын өзгөчөлүү жаңы барагын ачып кетүүгө үлгүрдү.

2002-жылы дүйнөдөн өткөн.

## КҮНӨСТҮҮ АРАЛ

*(Үзүндү)*

...Кырман токойдун ачык, күнөстүү жеринде экен. Тегерек, кең аянтта сапсары болуп жаңгак кургап жатат. Кургагандарын ар-ар жерге дөбө-дөбө кы-

лып үйүп коюшуптур. Кырманда эки эле киши көрүнөт: бирөө жыгач күрөк менен жайылган жаңгакты аралаштырып жүрөт, экинчиси кырмандын ортосуна коюлган оор таразанын четине эс алып отурат. Отурганы Айдар болуп чыкты. Ал Жаңылды тааный коюп, куду эски таанышын көргөндөй жылмайып, ордунан турду.

– О-о, келип эле ишке кириштиңби? – деди ал Жаңылдын ийнинен калтаны алып.

– Ананчы, – деди Жаңыл да, жылмайып. – Акыры ушул жерде жашап, иштей турган болгондон кийин... Уф...

Айдар калтаны таразага тарта баштады.

– Эмне, терген жаңгакты кабыл алыш да сенин милдетиңби? – деп сурады Жаңыл.

– Ууу... Бул жерде менден башка токойчу жок, – деди Айдар кичине мактанган түр менен. – Сегиз кило терипсиз. Эки сом кырк тыйын.

– «Эки сом кырк тыйының» эмне?

– Сенин эмгек акың.

Айдар анын терген жаңгагын кырманга төгүп, калтасын бошотуп берди. Кийин таразанын четине отура калып, калың дептерине бир нерселерди жаза баштады.

– Кол кой, – деди жазып бүтүп.

Жаңыл анын көрсөткөн жерине кол койду. Айдар ошо эле замат жанындагы сандыгын ачып, анын акчасын санап берди.

– Чынымды айтсам, кичине тартынып турам, – деди Жаңыл, акчаны ала бербей.

– Ал, ал, – деди Айдар. – Чоң энене кант, чай сатып барып бересиң. Анан Жаңылдын макулдугун күтпөй эле, акчаны анын калтасына таштап койду.

«Жакшы жигит экен, – деп көңүлүнөн өткөрдү Жаңыл. – Сулуу, эстүү...» – Болуптур эмесе, мен үйгө барайын, деди ал.

– Токтой турчу, мен сени өзүмдүн ата-энем менен тааныштырып коёюн, деп калды Айдар күтпөгөн жерден.

Жаңыл аң-таң болуп, эки жагын карана берип, кырманга карай келаткан аял менен эркектин жана аларды ээрчиген бир короо жаш балдарды көрдү. Баарысынын көтөргөн торбо, куржундары бар. Алар Жаңылды таңыркай караганча, жакындап келишти да, көтөргөн жаңгактарын бир-бирден таразага коё баштышты.

– Ата! Апа! – деди ушу тапта Айдар, эркек менен аялга кайрылып. – Бул кыз бая мен айткан киндик энемдин небереси.

– И-и, айланып кетейин, ушундайбы? Келчи өөп коёюн, – деди аял биринчи болуп. Ал Жаңылдын башын эңип, чекесинен өөп койду. – Жылдызың ысык экен, садагаң кетейин. Барган жериңден бак тап, ылайым.

– Жаш кезимде мен сенин атаң менен ынак дос элем, – деди эркек да. – Экөөбүз үйлөнүп, балалуу-чакалуу болсок, бири бирибизге куда түшөбүз деп ант беришкен элек. Насип экен, атаң үйлөнгөнчө болбой эле шаарга кетип калып, ошол бойдон кайтып келбей койду. Мына эми мен анын кызын, сени көрүп отурам...

Жаңыл кичине уялып, ордунда ойдолоктоп алды.

– А булар болсо, менин карындаш, инилерим, – деп калды Айдар, Жаңылды кызыгып карап турушкан балдарга ишаарат кылып.

Жаңыл өзүн ороп турушкан бул жаңы тааныштарына кандайча мамиле кылышты билбей, башын гана ийкеңдетип, жылмайып тура берди. Акырында, онтойсуздуктан кутулуш үчүн:

– Эмесе, мен кетейин, – деп шашып-бушуп жолго түштү. – Жакшы калыңыздар.

– Жакшы бар, кагылайын, – деди аял.

– Үйүңө барсаң, мына бул жолго сал! – деп кыйкырды Айдар. Жаңыл анын көрсөткөн жолуна бурулду. Баарысы анын артынан жактыра карап, сөз кылып калышкансыды. «Кандай жакшы кишилер, – деп баратты Жаңылдын өзү да. – Мээнеткеч, ак көңүл...»

Барып-барып, ал бир ажайып үч үйдүн алдынан чыкты. Үйлөр катар жана жакын-жакын түшүптүр. Үчөө тең кичине-кичине, дубалдары апаппак, тамбаштары кыпкызыл. Баарынан кызыгы, азыр үч киши үч тамды актап жатат... Кишилер да окшош – баарысы жашыл желек кийип алышкан. Жаңыл биринчи үйдүн маңдайына келип, анын эшигинен «Медпункт» деген жазууну окуп, а актап аткан кишиси Осмон фельдшер экенин таан带ды.

– А-а, сенсиңби? – деди Осмон да аны көрүп.

– Аппак эле турган үйдү эмне үчүн актап атасыз? – деп сурады Жаңыл кызыгып.

– Бекерчиликтен, – деди фельдшер. – Бир иш кылыш керек да. Жаңыл жылмайып коюп, ары басты. Экинчи үйдүн эшигинде «Милиция» деген жазуусу бар экен. Жаңыл үйдү актап аткан кишиге салам берди:

– А деңиз!

Тигил, кырк жаштарга барып калган, чычайган муруттары бар адам болуп чыкты. Ал дароо ишин токтотуп, Жаңылды көздөй басса болобу.

– Милициянын сержанты Серкебаев! – деди ал, Жаңылга честь берип. – Кулак сизде, гражданка.

– Саламатсызбы, – деди Жаңыл, башка эмне дээрин билбей.

– Саламатчылык. Кандай арыз-мунуңуз бар?

– Эч кандай, – деди Жаңыл жылмайып. – Кызык, үйүңүз аппак эле экен...

– А-а, кыларга иш жок...

– Кантип, сиз үчүн делеби?

– Менин милдетим: тартипти сакташ, законду кармаш. А бул жерде, тилекке каршы, тартип менен законду бузушка чололору тийбейт.

– Кантип эле? Кур дегенде, мас киши болуш керек да?

– Жок, – деди сержант үшкүрүп. Бирок ошол замат эстей койду. – Астафурулла, бир отунчу бар, Алишер аты. Ошол гана кез-кез ичип коёт... Бирок аны апкелип камашка уруксат эмес.

– Эмне үчүн?

– Лесхоздун эң жакшы көргөн отунчусу. Лесхоз районго эки миң кубометр отун тапшырса, ошонун жарымын Алишер даярдайт. Иштемчил жигит. Албетте, мындай адамын лесхоз милицияга бербейт да. Ушундай, карындашым, бул жерде милиционер болуп иштеген адам жарыбайт.

– Түшүнбөдүм... Сиз эмне, кылмыштын жоктугуна наараазы болуп атасызбы?

– Аначы! Милиция кылмыш менен милиция да. Кылмыш жок болсо, милициянын эмне кереги бар? Кылмыш бар жерде милициянын баркы бар, кылмыш жок жерде, ага эч ким карабайт. Мына, мисалы үчүн, мени алалы... Бул жердин калкы мени бекерчи, арам тамак деп жаман көрүшөт. Бир чети алардыкы да туура: өкмөттүн берген айлыгын алыштан башка эч иш кылбайм. Келгениме, мына он жыл болуп баратат, бир кылмышкер кармап, камай элекмин. Мына бул ак үй, – сержант өзүнүн «Милициясын» көрсөтүп койду, – менин ишканам, а кылмышкердин түрмөсү. Жүрсөң, көрсөтөйүн...

Жаңыл анын көңүлүнөн өтө албай, ээрчип алды. Үйдүн ичи, чын эле, тең ортосунан экиге бөлүнүп коюптур. Кире беришиндеги стол, стул жана скамейка бар. А решетканын артында болсо, жалгыз темир кроваттан башка эч нерсе жок. Ырас, кроваттын үстүндө төшөнчү жатат, буттарында милициянын формасы илинүү турат.

– Мына, – деди сержант Серкебаев, – закон боюнча решетканын бери жагы меники, ары жагы кылмышкердики болушу керек эле. А иш жүзүндө кандай? Иш жүзүндө экөө тең мага таандык: кроватка жатам-турам, а столго отуруп, мени башка жакка которгула деп районго, областка арыз жазам.

– Кызык, – деди Жаңыл, ого бетер таң калып. – Ушундай жерден кеткиңиз келеби? Кылмыш жок болуп, түйшүгүңүз аз болсо, кайра жакшы эмеспи?

– Жаңылышасың, айым кыз. Жана эле айтпадымбы, милиция кылмыш менен милиция деп. Кылмыш болбосо, милиционер өспөйт. Мына мени көрбөйсүңбү: он жыл болду ушул жерге келгениме. Сержант элем, сержант бойдон жүрөм. Буга ким күнөөлүү? Албетте, кылмыштын жоктугу. Кылмыш болсо, мен аны жасаган кишини таап, закондун колуна тапшырып, көзгө көрүнмөкмүн, чиним жогоруламак, айлыгым көбөймөк.

– Түшүндүм, – деди Жаңыл ойго батып.

– Эчтеке эмес, – деп жубатты өзүн өзү сержант. – Бир айдан кийин областтан акыркы арызыма жооп алам. Бул жолу сөзсүз сенин пайдаңа чечилет деп жатышат райондогу тааныштарым. Кудай буюрса, эмки айда бул жерде менин издерим гана калат.

Жаңыл буга эчтеме дебестен, башын ийкеңдетип коюп, эшикке чыкты. Эшиктин оозунда беш кой туруптур.

– Менин койлорум, – деди сержант Серкебаев.

– Бай турбайсызбы, – деди Жаңыл, бир нерсе деш үчүн гана.

– Алтоо болучу. Бирөөн акчага айлантып, арызга кошуп областка жөнөтүп жибергенмин. Дагы бирөөн, ушул жерден кетип калышыма жардам болоор бекен деп, кудайдын жолуна кудайы айтып койдум, кетпаратканымда бул жерликтерге таштап кетем, союп жешип, менин ишимдин ийгилигин тилешип, дуба кылып коюшсун.

Барган сайын сержант Жаңылга жакпай баратты. Анын алдынан батыраак кеткиси келди.

– Жакшы калыңыз, – деди да, жолго түштү.

– Жакшы бар, – деди Серкебаев, анын кетпаратканына кыңырылгандай түр менен. – Айтмакчы, карындашым, ким болосуң? Каяктан каякка баратасың?

Жаңыл сизге мунун эмне кереги бар деп айткысы келди. Бирок өзүнөн улуу кишинин көңүлүнө азар бергиси келбеди.

– Мен Фрунзеден келдим, Айкыз кемпирдин небереси болом.

– А-а, – деп калды сержант кызыгуу менен. – Фрунзеде менин бир досум жашайт. Азыр ал милициянын полковниги болуп калды...

Жаңыл, анын сөзүн аягына чейин тыңшабастан, үчүнчү үй тарапка басып кетти. Үчүнчү үйдүн эшигинде «Универмаг» деген жазуусу бар экен. А үйдү актап аткан неме, болду-болбоду магазинчи деп чечти Жаңыл. Магазинчи жаш жигит болуп чыкты.

– Оо, келиниз! – деди ал элпектик менен, куду кадырлуу мейманын тосуп жаткансып. – Мен эртен менен эле уккамын сиздин келгенинизди. Кана, ичкери кирели.

Жаңыл өзү да магазинге кире өтөм деп келаткан. Ал кирди. Магазин кичине көрүнгөнү менен, ичинде түрдүү түмөн жакшы буюмдар бар экен. Жаңыл басып келип костюмдардын бирөөн кармап калды.

– Эмне, ошол костюмду берейинби? – деп сурады сатуучу, шашып-бушуп прилавкасынын нары жагына өтүп.

– Жок, бул костюм биздин бул жерге кийгенге жарашпайт, – деди Жаңыл сатуучуга эмес, өзүн өзү кандайдыр рахат менен. – Мындай кийимди шаардыктарга кут кылсын... Мага чай, кант бериңиз.

Дүкөнчү Жаңылдын сунган акчасына чай, кант алып берди.

– Дагы эмне берейин?

– Тиш жуугуч.

– Тиш жуугуч бизде болбойт, деди дүкөнчү күнөөкөр кишиче жылмайып.

Жаңыл буга таң калды.

– Эмне үчүн?

– Биз тишибизди алма жеп эле тазалап алабыз. Алма тишти жакшы агартат.

– Кызык экен, – деди Жаңыл жылмайып. – Бирок алма дайыма эле болуп турбайт да? Мисалы үчүн, жазында аны каяктан таап жейсиңер?

– Бариктердин астынан, – деди магазинчи. – Кар кетер замат биз кайрадан колубузга куржун, калта алып, күзүндө терилбей калган алма, жаңгактарды терип киребиз. Кээде алма, жаңгактарга аралаш, түркүн түстөгү алчалар да учурап калат...

– Мен бул жөнүндө уккан эмес элем, – деди Жаңыл, дагы жылмайып. (Калп айтат, чоң энеси айтып берген.)

Ушу тапта, кокусунан, бооруна сатылчу баасы илинген коляскалардын бирөөнөн наристе баланын ыйы чыгып калды. Жаңыл чочуп кетти.

– Менин кызым ойгонду, – деп коюп, дүкөнчү коляскага чуркап барды. Апасы жаңгак терип жүрөт, – деди анан, актанган түр менен.

– А-а, – деди да, Жаңыл эшикке карай басты. – Айтып коюңузчу, мен өзүбүздүн үйгө кантип барсам болот?

– Эшикке чыгып туруп, сол жакка кеткен сокмо жолго түшүңүз, – деди дүкөнчү. – Бара берсеңиз шаркыратманын үңүн угасыз.

– Рахмат. Жакшы калыңыз.

– Жакшы барыңыз. Кирип туруңуз...

Фельдшер менен милиционерге караганда, дүкөнчү мага көбүрөөк жакты деп жыйынтык чыгарды Жаңыл өзүнчө, кетип баратып.

Үйгө жеткенче кеч кирип калды. Энеси эшигинин алдында эчкилерин саап атыптыр.

– Ме, ысыгында ичип ал, – деди ал, башка кеп-сөзгө келбестен, ага эрте мененки кара кесени сунуп.

Кам сүт ичкенге Жаңыл кыйла көнүп калыптыр, ал кеседеги сүттүн баарын ичип, дагы тамшанып койду. Кийин энеси экөө жер тепкичтер менен жогору үйлөрүнө көтөрүлдү. Үйдүн ичи капкараңгы экен, Жаңыл босогого келип тайсалдап туруп калды.

– Чырактын майы түгөнүп калыптыр, – деди энеси, өзү биринчи болуп босогону аттап. – Эчтеке эмес, азыр ай чыгат. Кир, кире бар...

Жаңыл кирерин кирип алып, бирок эчтекени көрбөй, бөлмөнүн ортосунда селейип туруп калды. Ошол замат анын кулагын бирөө чертип кеткенсиди. Жаңыл кыйкырып жиберип, энесин кучактап алды.

– Ботом эмне болуп кетти деди, - энеси да чочуп.

– Кулагымды бирөө чертти.

Энеси күлүп койду.

– Коркпо, кызым, – деди анан. – Булар менин жарканаттарым, сени менен амандашып атат. Кел, отур, оокат ичебиз.

– А сен эшикти кара, көзүң батыраак каныгат.

Чын эле, ачык турган эшикти карап, Жаңыл андан учуп-кирип, учуп-чыгып жаткан көп сандаган жарканаттарды көрдү. Эми аларды өз көзү менен көргөндөн кийин, алардан өзүн коргоп, турган жерине бүжүрөп отуруп калды. Бат эле көздөрү да караңгылыкка көнүгүшүп, алдына коюлган нанды, кекиликтин этин, алма, алча жана жүзүм сыяктуу мөмөлөрдү даана ажырата баштады...

***Сөздүк:***

*Жаңгак – ёнғоқ*
*Күнөстүү арал – қуёшга оид орол*
*Кырман – хирмон*
*Калта – халта*
*Куржун – хуржун*
*Токойчу – ўрмон қоровули*
*Сандык – сандиқ*
*Акча – пул*
*Горбо – тўрва*
*Отунчу – саржинчи*
*Кылмыш – жиноят*
*Решетка – панжара*
*Чин –мансаб*
*Барик – новда*
*Чырак – чироқ*
*Жарганат – кўршапалак*
*Шаркыратма – шаршара*

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. Жаңылга сержант эмне үчүн жаккан жок деп ойлойсуңар?*
*2. Каармандарга мүнөздөмө бергиле.*
*3. Үзүндүнүн мазмунун кыргыз тилинде айтып бергиле.*

***Үйгө тапшырма***

*1. Чыгарманын толук текстин таап окугула.*
*2. Чыгарманын негизинде сүрөт тарткыла.*

***Жазуу жумуштары***

*Төмөндөгү темалардын ичинен тандап, дилбаян жазгыла:*

- *«Айылдагы ай нуру»;*
- *«Нан – адамзаттын азыгы»;*
- *«Арча бешиктин улуулугу эмнеде?»;*
- *«Жаз кантип бийлик жүргүзөт?»;*
- *«Боз үй – кыргыз элинин эн тамгасы»;*
- *«Эски дарбазанын сыры»;*
- *«Күнөстүү аралдагы жашоо».*

***Кайталоо үчүн суроолор:***

1. *Т. Кожомбердиевдин «Айылдагы ай нуру», «Нан», «Арча бешик», «Бийликте жаз» ырларынын жатка үзүндү айтып бергиле.*
2. *К. Жусуповдун «Боз үй керемети» чыгармасынын мазмунун кыргыз тилинде айтып бергиле.*
3. *О. Султановдун «Дарбаза» ырынан жатка үзүндү айткыла. Ырдын негизги идеясын айтып бергиле.*
4. *М. Гапаровдун «Күнөстүү арал» повестинен алынган үзүндүнүн адеп-ахлактык идеялары жөнүндө сүйлөп бергиле.*

# ТОКТОБОЛОТ АБДУМОМУНОВ

*(1922–1992)*



Жазуучу, драматург Токтоболот Абдумомунов 1922-жылы 15-августта Кемин районундагы Жаңы-Алыш айылында туулган. 1938-жылы Фрунзе шаарындагы медициналык техникумду бүтүргөн.

Эмгек жолун 1938-жылы фельдшердик пункттун башчысы болуп иштөөдөн баштаган. 1941–1959-жылдары Кыргыз мамлекеттик басмасында жана Республикалык радиокомитетте корректор, редактор, котормочу, Ош областтык «Ленин жолу» гезитинин кабарчысы, Москвадагы «СССР Жогорку Кеңешинин Ведомстволорунда» котормочу жана «Советтик Кыргызстан» журналында бөлүм башчы, 1959–1971-жылдары Кыргызстан Жазуучулар союзунун башкармалыгынын биринчи катчысы, 1971–1986-жылдары Кыргыз ССРинин театр коомунун Президиумунун төрагасы, о. э. Кыргыз ССРи боюнча Басма жаңылыктары агенттигинин башкармалыгынын төрагасы, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгын ыйгаруу боюнча комиссиянын төрагасы, Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгын ыйгаруу боюнча комитеттин мүчөсү, Азия, Африка жана Латын Америка өлкөлөрүнүн тилектештигинин башкармалыгынын мүчөсү, көрүнүктүү коомдук ишмер болгон.

Т. Абдумомуновдун Кыргыз драма театрынын сахнасында 1947-жылы биринчи пьесасы кийин «Кумдуу чап», «Замандаштар», «Курман», «Тар капчыгай» ж.б. пьесалары коюлуп, «Алыскы тоолордо» көркөм фильминин сценарийин жазган.

1947-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү болгон.

1967-жылы Т. Абдумомунов «Абийир кечирбейт», «Сүйүү жана үмүт» пьесалары үчүн Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын биринчи лауреаты болгон. Пьесалары көптөгөн мамлекеттик театрларда коюлган.

Үч жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, Элдердин достугу ордени, көптөгөн медалдар жана Ардак грамоталар менен сыйланган.

## АБИЙИР КЕЧИРБЕЙТ

*(Үзүндү)*

*(Эки көшөгөлүү драмалык повесть)*

### КАТЫШУУЧУЛАР:

Нурдин
Масадык
Шайыргүл
Нияз
Сейит
Омор
Белек
Каныйпа
Медер
Айша
Асиса
Чал
Оорулуу

### БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

*Биринчи сүрөт*

*Күүгүм. Тоо баштарында булуттар көчүп, ызгаардуу шамал жол боюндагы жалгыз дарактын жылаңач бутактарын сабалайт. Пальтосунун жакасын көтөрүп, даракка сүйөнгөн Нурдин алыс бир жакты тиктеп ойлуу.*

*Андан обочороокто карыя олтурат. Берген суроосуна жооп күткөндөй Нурдинди карап, куржунун чыканактайт. Нурдин карыяга назар салбайт, папиросун үстөмөндөтө соруп, мурдагы калыбында тилсиз.*

**Карыя.** Кечирип кой, уулум… Кайдагы болбогон суроону берип… көңүлүңдү кирдетип алдым окшойт… Өмүрлүү-жаштуу болуп, тилеген тилегине жет, айланайын… Кечирип кой, чалдан кеткен каталык болсо… *(Нурдин унчукпайт. Карыя сөзүн улайт.)* Чекилик кылганымды кийинчерээк сездим… Бир көргөн баланын дароо эле ичи-бооруна кирип кеткеним өөн иш болду.. адамга да жакпайт, кудайга да жакпайт! *(Күрсүнүп.)* Илгери менин жаш кезимде карыялар кеп кылышаар эле: Кирпик ирмелген сайын «карылык кел, карылык кел, карылык кел» деп, курган карылыкты чакырып турат дешип… Адам карыганда мага окшоп алжый баштайт тура!

**Нурдин.** Күнөөкөрдөн бетер кайра-кайра кечирим сурайсыз.. актанасыз… Эмнеге антесиз, жарыктыгым? Эмнеге?... Билип турам, оң айтканымды тескери алды деп кейип жатасыз. Андай эмес. Суроону туура бердиңиз. Мен туура түшүндүм. *(Ойлоно калып, мурдагысындай эле карыяга карабастан.)* Сиз айткандай, жаш адам болушу керек… жугумдуу болушу керек… А мен болсо

мына бул жалгыз даракка окшоп тилсизмин, түнтмүн.. кейиштүүмүн!.. Балким сиз ойлоорсуз, бул бала жаралгандан бери эле ошондой го деп?.. Жок! *(Карыяга биринчи жолу тике карап.)* Эмнеге ошондоймун, билесизби?.. Мен камактан келатам!

**Карыя.** *(Ынанбагандай.)* Камактан?..

**Нурдин.** Ооба, камактан.

**Карыя.** Э, койчу кайдагы жокту сүйлөбөй. Салабаттуу эле азамат көрүнөсүң. Кандай шайтан буйлалап кетип жүрөт?

**Нурдин.** *(Катуу күрсүнүп.)* Түгөнбөс жомок… Кайгылуу!.. *(Тамеки тартмакчы болуп, пачкасында эч нерсе жок экенин көрөт да, ушалап туруп, ыргытып жиберет.)*

**Карыя.** Уулум... атаңдын айтканын жаман алба… курсагың ач турбайбы… машина келгиче шам-шум этип алчы айланайын…

**Нурдин.** Ыракмат, жөн эле коюңуз. Курсагым ток.

**Карыя.** Ыракматыңды даам ооз тийгенден кийин айткын. Шаарда неберелерим бар… Жаман күчүктөрүм ооз тийсин деп, бышырылган козунун этин алпараттым эле… Жайлоонун чөбүн оттогон козунун эти… өрүк болот, өрүк! *(Куржунунун оозун чечмекчи болуп.)* Түрмөдө андай этти бермек кайда!

**Нурдин.** *(Карыяны токтотуп, сүйкүм.)* Ыраазымын, ата, убара болбоңуз.

**Карыя.** Өзүмдү сыйлабасаң да сакалымды сыйла… Кары киши таарынчаак болот … Таарынбагын, уулум!

**Нурдин.** *(Күрсүнүп.)* Олдо, жарыктыгым, ай-йа! Жаман күчүктөрүңүзгө арналган белекти биринчи болуп ошолор ооз тийиши керек. Илгертен келаткан салтыбыз ушундай… жакшы салтты бузбаңыз, ата!

**Карыя.** Жакшы адам үчүн жакшы салтты бузса боло берет.

**Нурдин.** Жакшы адам!.. Менин жакшы адам экенимди кайдан билдиңиз?

**Карыя.** Көзүңдөн байкап турам. *(Ички чөнтөгүнөн кагазга оролгон бирдеңке алып чыгып.)* Эч болбогондо куруттан ооз тийчи…

**Нурдин.** Ыракмат. Курут көрбөгөнүмө көп болду. *(Куруттү ырахаттана чайнап.)* Моюнчалаш өскөн курбуларым айтып калышаар эле, сен асмандан боорсок жааган күнү төрөлгөнсүң, Нурдин, жакшы адамга кабылганда жолуң бар дешип… Мага чынында эле ошондой көрүнчү... Кимди болбосун өзүмө жакын санап, анын адам деген атына кубанаар элем… сыймыктанаар элем!. Бул дүйнөдө менин жек көргөнүм, менин элдешпес душманым жалгыз гана оору… Адамдын жанын кейитип, өмүрүн кыйган оору, деп жүргөн элем… Ошол оорууга каршы жанымдын бардыгынча күрөшкөн элем…

**Карыя.** Доктурсуңбу, уулум?

**Нурдин.** Ооба. Көзгө көрүнбөгөн микроб менен күрөшүп жүрүп, микробдон да коркунучтуу адамдардын бар экендигин байкабаптырмын.

**Карыя.** Душманы жок да адам болчу беле!

**Нурдин.** Жүрөгүмдүн толтосун кыйып, шыйбылчагымды чаккан душманым болгон жок … көзүмдүн карегиндей көргөн эң жакын досум болду... *(Кейиштүү күрсүнүп.)* Досум!..

**Карыя.** Ал үйүң күйгүр, үстүңдөн ушак айтып, жалаа жапкан го дейм, болгондо?..

**Нурдин.** Жок, мени соттогондо… адилет соттошту… Мен аны машина менен тепсетип кеттим!

**Карыя.** Өлтүрүп койгон турбайсыңбы?!

**Нурдин.** Угушумда, тирүү калган имиш!

**Карыя.** Кыябы, жаман иш кылган көрүнөт анын. Жаныңа батса керек!.. Ошентсе да бетке айткандын заары жок… акылыңды ачууңа бийлеткениң чеки болуптур, уулум!

**Нурдин.** Таап айттыңыз. Ачууга бийлетип, жаман жорукка берилгенимди кийин түшүнүп, кийин өкүнүп калдым!.. *(Кайрадан даракка барып сүйөнөт.)* Нечен жыл бою мени кыйнаган бир гана суроо болду. Өзүңдүн бейтаалай болушуңа, балким, сен өзүң айыптуудурсуң, Нурдин, деп өзүмдү өзүм кысымга алып, жооп издеп жүрдүм! Азыр да мени кыйнаган ошол!

**Карыя.** *(Паузадан кийин.)* Күйүттүү иш болгон экен, уулум! Бирок күйүткө күйүт эм боло албайт. Өткөндү эстебе. Келечегиңди ойлон.

**Нурдин.** Келечегимдиби?... Келечегимди… Бир кезде тегерегим тегиз эле… Сүйгөнүм бар эле... Мени адам көргөн, мага урмат кылган курбу-курдаштарым бар эле… Курбу-курдаштарым!.. Азыр алар кандай көз менен карап, кандайча тосуп алаарын билсем, мынчалык күйбөс элем. Мен үчүн бары түнгүюк!..

**Карыя.** Курбу-курдаштын ишенимине кирип, урмат алыш өтө кыйын, андан ажырап калыш текейден арзан. *(Узак паузадан кийин.)* Ач кеңедей жабышып алдым… Ошентсе да… айып көрбө, айнанайын… бирденке сурасамбы дедим эле… Менин сурайын дегеним а…

**Нурдин.** Досумду эмнеге майып кылганымды билсем дейсиз го?

**Карыя.** Ооба.

**Нурдин.** Бул тууралуу эч кимге айта элек элем. Эч качан!... Жалгыз да сотко да айткан эмесмин.

**Карыя.** Атаганат, көрүнөө зордогонсуп… Тилиң менен кургурдун тили, ай-йа!

**Нурдин.** Өзүңүздү өзүңүз жекирип... эмнеге антесиз, жарыктыгым?... Кыйла убакыт өттү.. Сизге окшоп мени менен чечилишип сүйлөшкөн эч ким болбоду!.. *(Паузадан кийин.)* Айтып берейин... тыңдап туруңуз ... Бул окуя май майрамынын алдыңкы күнү, отузунчу апрелде болгон эле... Ала-Тоо этегинде жоогазын гүлдөп... Ал эми досум экөөбүз турган бөлмөдө болсо...

### *Үчүнчү сүрөт*

*Жылдыздуу түн. Шайыргүл туруучу көп кабаттуу үйдүн короосунун бурчу. Гүлдөгөн сирендин түбүндө скамейка. Ичкериден күлкү аралаш үндөр чыгат. Нурдин жүгүрүп кирип, ошо жакка бет алат, эчтемени байкабайт да көрбөйт, алдындагы сиренден секирип кетүүгө да даяр. Ошол учурда үй тараптан Шайыргүлдүн үнү угулат. Нурдин токтоп ырга кулак түрөт.*

*Шайыргүлдүн үнү:*

... Кылайып тоодон таң аткан,
Суюлуп жылдыз бараткан,
Калды гой бекен эсиңде,
Кыйышпай күлө карашкан...

*Нурдиндин жүзүндө болоор-болбос жылмаюу пайда болот. Сирендин бутагына колун созуп баратып кайра тартып алат да, үйгө бет алат. Бирок ошол учурда Медерди ээрчитип Каныйпа кирет. Медердин ийнинде куржуну бар.*

**Каныйпа.** Ылайым ырыс кешиктүү жакшы үй болсун! Оомийин! *(Нурдинди көрүп.)* Ой, киши! Ой, уй! Токто! *(Нурдин кайрылып келет.)* И-и, өпкө-боорумду чабайын, киши экен десем бала белең. Айтчы, той ушул үйдө болобу?

**Нурдин.** Ооба, апа той ушул үйдө болот.

**Каныйпа.** И-и, өпкө боорумду чабайын десе. Эңкейчи бери бетиңден өөп коёюн. *(Нурдинди өбөт.)* Масадыгым оозунан түшүрчү эмес сени. Мен Масадыктын атасынын бир тууган карындашы болом. Масадыкка эжемин. Атым Каныйпа саймачы. Мен жөнүндө газетке көп жазышат. Радиодон да айтышкан. Уккандырсың?.. Укпай анан...

**Нурдин.** Масадык сиз туурасында көп айткан болуучу.

**Каныйпа.** Айтпай анан! Биз чал экөөбүз малдабыз, айланайын... Алыс! Бирок сөз дегениң айылда шамалдан бат жетет эмеспи. Шайыргүлдүн тою болот деген кабар дүңк эле дей түштү... Ой кубанганымдан жүрөгүм оозумдан атып кете жаздады!.. *(Медерди көрсөтүп.)* Биздин айылдын ырчысы... Аты Медер, биз аны Булбул деп коёбуз... Адамзаттын момуну, уялчаак...Ал эми ырдаганын уксаң.. үнү үн эмес эле, коңгуроо го, чиркин!.. Ыраспы, Булбулум?

*Медер унчукпастан жайылып башын ийкеп кулөт.*

**Нурдин.** Эс алсаңыз кирсек кандай болоор экен…

**Каныйпа.** *(Көңүл бурбастан.)* Ошентип, Булбулду жаныма алып, вертолотко отурдум да түз эле ушул жакты көздөй сыздым. Отуз-кырк жыл мурда болсо тойго кошумча кылып жел жетпес күлүк жетелетип келет элем. Азыр заман башка ага жараша кошумчабыз да башка. Бул тойго алып келген белегимди көрсөң чалкаңдан кетесиң.... Өз колум менен ушундай бир туш кийиз сайып келдим дейсиң.... Шашпай коё тур, ананыраак элдин көзүнчө көрсөтөм. *(Медерге.)* Бул ырдаганда адам эмес, таш эрип кетет го, чиркин! ... Кана Булбулум, көрсөтчү өнөрүңдү!

**Нурдин.** Кечиресиз апа, ананыраак ырдаганы дурус ко дейм… Эл алдында…

**Каныйпа.** Ыры түгөнүп калат деп коркуп жатасың го? Коркпой эле кой, өпкө-боорумду чабайын. Соң-Көлдүн өрдөгү канча болсо, Булбулубуздун ыры ошончо. Ырда, Булбулум. Тойдун шаaниси ыр менен да! *(Медер белине кыстарган комузун алып чыгат.)* А дегенде бул баламды мактап ырда. *(Нурдинди көрсөтөт.)* Андан кийин калгандарын... Жарыктык Нарын-атанын ташы канча болсо, сенин ширин сөздөрүң ошончо… Төгүп жибер, Булбулум… Ушундайча аянган жанды кудай алсын. Төк!

**Нурдин.** *(Үй тарапка шашыңкы карап.)* Кечиресиз апа,.. бирок да мен... түшүнүп жатасыз го...

**Каныйпа.** *(Ордунан туруп.)* Шашылба, уулум… Тойдун өзүнүн мыйзамы болот… ыр менен киргенге не жетсин!.. Кулагыңды тосчу… Өзү менен кошо ырчы ээрчитип келүү … көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт. *(Медерге.)* Башта Булбулум! Биякта ырдагандарды уктуңбу?... Жаактары жап боло түшсүн!.. Жаныңды таштап жибер! Аянба, Булбулум!

**Медер.** *(Комузга кошулуп.)* Э-э-эй.. Кхм.. кхм..

*Үрөйү учкан ырчы эмне кыларын билбей жалдырап, Каныйпаны тиктейт.*

**Каныйпа.** О, кудай, шерменде кыла көрбө! *(Куржунунан бирдеңке издеп.)* Үйдө чыгарда жүрөгүм болк-болк этип.. Кырсык болоорун билип... сары майдан куржунга салып койдум эле... Ме, чоң-чоң сугунуп жибер. *(Медерге май берет.)* Ушундай ырыстуу күндө үнүңдүн бүтүп калганын көр!..

**Нурдин.** *(Тынчсызданып.)* Кармалып калдык, апа жан... Мага уруксат этиңизчи… Ырсыз эле кире берейин…

**Каныйпа.** Шашпа айланайын... үнү азыр ачылат... радиодой болуп бир заңгырап берсе... Бол, Булбулум...

**Медер.** *(Майдан чоң-чоң сугунуп, үнүн сынап көрөт.)* Э.. кхм кхм...

**Каныйпа.** *(Нурдинди токтотуп.)* Азыр, азыр. Шашылба, өпкө-боорумду

чабайын. *(Медерге)* Сугун! *(Нурдинге)* Былтыр Масадыгым менен Шайыргүл экөө жайлоого келишпедиби... Ай тийип турат... Жаштар чогулуп алып ырдап бийлеп... Анан кийин... И, ушу тентектерди кантсем деги!.. Масадык менен Шайыргүл экөө кол кармашып алып, жалбырттаган алоонун үстүнөн секирип кетишсе болобу! Коркконумдан жүрөгүм оозумдан атып кете жаздады!.. Алар кебелип да койбойт: «Отко күйүп өлсөк да бирге өлгөнүбүз жакшы. Экөөбүздө тең арман болбойт» дешип, күлгөндөй болушса... О, жараткан, экөөнү тең өмүрлүү-жаштуу кылып, үйүнүн ичин тентектерге толтура көр!.. Э, өпкө-боорумду чабайын, минтип караганың эмнең? Масадык досуң Шайыргүлгө үйлөнгөнү жатса, күндөй болуп, жаркырап турбайсыңбы... Достун кубанычынан артык да кубаныч болчу беле!..

**Нурдин.** Кечиресиз, апа... Шайыргүлгө мен үйлөнгөнү жатам... Масадык эмес...

**Каныйпа.** Шайыргүлгө мен үйлөнгөнү жатам дединби?.. Сенби!?.

**Нурдин.** Ооба.

**Каныйпа.** О, жараткан *(Нурдинди ийнинен тартып.)* Менин бейиш болгур агам өзүнүн Масадыгына Шайыргүлдү кудалап койгонун кулагың укпай жүрдү беле, я?.. Менин бейиши болгур агам Шайыргүлдүн атасы менен апасынын үстүнө кымкаптан чепкен жаап, алдына күлүк тартып баталашкан болчу!.. Батаны бузганды бата уруп кетсин!.. *(Нурдинге)* Сен досуңдун колуктусуна үйлөнгөнү жаткан турбайсыңбы!.. Достукту бузган уятсызды... достуктун кусуру урсун!.. Бейиши болгур агамдын арбагы менен балдардын көз жашы сага да, сенин каргыш тийген кайнатаңа да тынчтык бетин көрсөтпөсүн...

**Медер.** *(Үнүн сынап.)* Э-э-эй.. О, кудай үнүм ачылды... ырдайынбы?

**Каныйпа.** Ырдабай ымырап кал! *(Медерди колунан алып.)* Бул үйдү жел-кемдин чукуру көрсүн!.. Жүр!..

*Каныйпа менен Медер кетет. Нурдин сирендин жанында ордунан козголбостон телмирүүдө. Үй тараптан музыкага аралаш шайыр үндөр угулат. Шайыргүл менен Масадык кирет.*

**Шайыргүл.** Акырын. Уят болдук... меймандар кетебиз деп жатышат...

**Масадык.** Кетириш болбойт... Сен барып алагды кыла тур. Ырдап бергин... Мен Нурдинди табайын.

**Шайыргүл.** *(Масадыктын көкүрөгүнө башын коюп.)* Ах, Масадык, Масадык, сен болбосоң менин көргөн күнүм эмне болот эле!

**Масадык.** Шайыргүл!.. Жан курбум!.. Эсиңден чыгарбагын... Мен дайыма сени менен биргемин.

*Сирендин түбүндө турган Нурдин, Шайыргүл менен Масадык кеткен тарапка бир кадам шилтеп, кайра артына кайрылат да, жүгүрүп чыгат.*

### *Төртүнчү сүрөт*

*Түн. Жайкы ресторандын бурчу. Ай көтөрүлүп, Ала-Тоо көшүлөт. Ресторандын айланасында шыңгоо терек, мажрүмтал, кыркылган кара жыгач. Нары жактан шайыр үндөргө кошулуп жаз угулат. Мажрүмталдын паанасындагы кичинекей столдо Нурдин отурат, бир точканы теше тиктеп, папирос тартууда. Патнус көтөргөн официантка келет.*

**Официантка.** Кечиресиз, жолдош.. эчтеме жебейсиз... Ысык тамакты апкелдим эле, муздап калат ко. *(Нурдин көңүл бурбастан мурдагысындай эле тилсиз.)* Ашканага алпара турсамбы? Эмне кылайын айтыңызчы деги?

**Нурдин.** Эмне дедиңиз? Мага айтып жатасызбы?

**Официантка.** Эртең Биринчи Май.. Майрамды көңүлдүү тосуу керек. Ыр менен ... бий менен.. А сиз болсоңуз...

**Нурдин.** Ырас, ырас туура айтып жатасыз...

**Официантка.** Укмуштай түн болуп турат... Караңызчы!.. кандайдыр жароокер... жарык, ыраспы?

**Нурдин.** Эмне? Түн дедиңизби? *(Күрсүнөт.)* Ооба, ырастан эле укмуштуудай түн болуп турат... Бүгүн ушундай түн болот деп эч качан ойлогон эмесмин...

**Официантка.** Мына, көрдүңүзбү, а сиз капасыз... *(Күрсүнөт.)* Өмүр ушунчалык сонун, ушунчалык ширин... *(Кетүүгө камынып.)* Кечиресиз...

**Нурдин.** *(Токтотуп.)* Сизден сураганым... Кетпесеңиз... Айтканыңыз туура.., Өмүр чынында эле ширин... дүйнөдө өмүр сүрүүнүн шириндиги, кызыктыгы кайсында?.. Ушуну билсек өмүрдүн баркы ошондо билинет эле го дейм.. Мына мен ойлодум... Мисалы, гүл жерди көркүнө чыгарыш үчүн өмүр сүрсө, жылдыз асманды көркүнө чыгарыш үчүн өмүр сүрөт. А адамчы?.. Менин оюмча адам адамды көркүнө чыгарыш үчүн өмүр сүрүүгө тийиш. Чынбы?

**Официантка.** Албетте, чын. Бирок да... мени күтүп калышты окшойт...

**Нурдин.** Бир мүнөт убактыңызды аябаңызчы. Макулбу? Ыраматылык Алыкул Осмоновдун өзүнүн өмүрүнө окшогон тунук ырларынан кичине гана үзүндү... Ошону угуп кетсеңиз, мен ыраазымын:

«Мүрөктүн суусу жөн суулардай шылдырап
Агып жатса мал кечпес жашыл аралда.

Көк арчадай үңдүн азбас болсун деп
Өзүм ичпей, ичирээр элем адамга».

**Официантка.** *(Ашыккандай.)* Ооба, ооба эң сонун ыр экен...

**Нурдин.** Мына көрдүңүзбү. Өлүм алдында жаткан акын, өлбөстүн дарысы болгон мүрөк суу табылса, өзүнө бир тамчы албастан адамдарга бөлүп бергиси келген. Мына ушундай теңдешсиз айкөлдүк үчүн, бийиктик үчүн, асылдык үчүн өмүр сүрүүгө болот. Сүрүү да керек. Ал эми Алыкулга окшоп башкаларга жакшылык тилебей тескерисинче, аларга жамандык издеп, ырыс-таалайын тартып алып, өмүрүн кыйган адамдар кезиксе, – эмне кылыш керек? Кулдук уруп, баш ийиш керекпи?.. Же өлүш керекпи?.. Андайлар кезиксе жок кылыш керек!.. Кечирип коюңуз... *(Официантты карай күлүмсүрөй.)* Ачуулуу экен деп жаман көрүп калдыңыз го... Антпеңиз.. мен ачууланганды билбеймин... Азыр гана...

**Официантка.** Кайгыңыздын дабасын тапсам кандай жакшы болоор эле... Мени күтүп калышты, кетишим керек. Айтмакчы, жолдошум экөөбүз тоого чыгып гүл терген элек...Гүл адам менен ырысташ болот деп апам айтаар эле... Сизге белек болсун... Жоогазын...

**Нурдин.** Жоогазынбы!

*Официантка гүлдү столго коюп чыгат. Шайыр музыка угулат. Майрам алдындагы фейерверк жылдыздары алыстан асманга атылат.*

**Нурдин.** *(Кайгылуу.)* Жоогазын!..

*Масадык жүгүрүп кирет.*

**Масадык.** *(Нурдинди көрүп.)* Нурдин! Бул эмне деген өнөрүң?.. Тиякта тоюң болгону жатса... колуктуңду зарыктырып... Меймандарды зарыктырып... Бул эмне деген жоругуң?.. *(Нурдин башын жерге салып унчукпайт.)* Шаарды чарк айланып чыктым, сен болсо мында отурасың. Тур! Бол батыраак!

**Нурдин.** Тийбегин мага. Уктунбу?

**Масадык.** Сен эмне, массыңбы?

**Нурдин.** Ишиң болбосун!

**Масадык.** Бол, турчу батыраак. Кеттик.

**Нурдин.** Кайда?

**Масадык.** Колуктуңду ушунчалык кыйнап, ушунчалык маскара кылганың деле жетет. *(Официантканы кол булгап чакырып.)* Тыйынын алыңызчы, тезирээк..

**Официантка.** Рахим этиңиз...

**Нурдин.** *(Официанткага.)* Кечиресиз, заказды мен бергем... Алыңыз.

*Акчаны алып, официантка чыгат.*

**Масадык.** *(Нурдинге.)* Жолдош болгонубуздан бери бир ооз жаман сөз айткан жок элем... Сенин бул жоругуңду... Адам эмес, айбан да кылбайт...

**Нурдин.** *(Өзүн зорго кармап.)* Эмне?!. Башка кылыгың аз келгенсип, эми кордомокчу болгон экенсиң го, ээ?!.

**Масадык.** Нурдин эсиңе кел! Айыбым болсо кийин сүйлөшөлү. Убакыт жок... Шайыргүлүң күтүп калды... Меймандардын алды кетип жатат... Өмүрүмдө калп айткан жок элем... Бүгүн болсо... эң жакын досторум сени жана Шайыргүлдү уяттан куткарыш үчүн калп айттым... бала болуп башыма жүн чыккандан бери биринчи жолу...

**Нурдин.** Жалган!.. Адамды алдоо... сен үчүн көнүмүш!

**Масадык.** Болуптур, кандай десең ошондой де. Кийин чечишебиз. Азыр тойго барышың керек. Сени шашылыш түрдө операцияга чакырып кетти деп, меймандарды ынандырып койдум... Азыр барсаң, бардыгы жайында болот... *(Нурдинди колдон алып.)* Нурдин! Кеттик!

**Нурдин.** Сенсиз эле кеткен Нурдин. Сенсиз эле кеткени жатам. *(Токтой калып.)* Тойго барат деп ойлобогун!

**Масадык.** Эмне? Эсиңди жый, Нурдин мас окшойсуң, тилимди ал.

**Нурдин.** *(Масадыкты түртүп.)* Коё бер дедим, жүзү кара!

**Масадык.** Сен ушундай экенсиң го! *(Узакка созулбаган паузадан кийин, Нурдиндин соңунан жүгүрүп.)* Нурдин! Токто!

*От алдырган машинанын добушу угулат.*

**Нурдин.** Тур мындай!

**Масадык.** Жок эч кайда жибербейм!

**Нурдин.** Дагы бир жолу эскертем: ажалың жетелекте, кеткин!..

**Масадык.** Барып турган акмак экенсиң!

**Нурдин.** Мен акмакмынбы?... Акмак деген момундай болот!

*Мотордун окүрүгүнө удаа «а-а-а» деп үзүлө кыйкырган үн угулат. Музыка тып токтолуп, адамдар ошол жакка бет алып жүгүрүшөт.*

## *Тогузунчу сүрөт*

*Күүгүм. Нияздын үйүнүн короосу. Бак. Бурчта беседка. Анын жанындагы клумбада кеч күздө ачылуучу гүлдөр. Бактын түпкүрүндөгү үй тараптан жай ойногон музыка угулат. Беседканын ичинде тамак-аш коюлган чакан стол. Нияз чайкалма креслодо чалкалап, асманды тиктейт. Айша кирет.*

**Айша.** Садага болоюн, Нияз! Аброюң өсүп, учкул канат шумкардан бетер түпсүз асманда чабыттап уча баштадың... Айша жеңең сага окшогон кайни-

сине кара жанын садага чаап… Сенин демине аш бышырып жеп, жыргай берет!... Өлсөм ыраазымын… Жаман иниңди окууга орноштуруп койдуң…кудай жаныңды аман койсун. О, кокуй башым!... Өлгүрдүн башы зың-зың этип… Ичип жиберейинчи ушуну!

**Нияз.** Айша жеңем! Асыл жеңем! Жакшы сөзүңүзгө чоң ыракмат!

*Нурдин кирет.*

**Нурдин.** Саламатпы, Нияз!... Саламатсызбы, Айша жеңе.

**Нияз.** Өз көзүмө өзүм ишенбейм!... Өңүмбү же түшүмбү? *(Кучактап.)* Нурдиним! Киндиктешим!.. Ырастан эле келип калдыңбы?.. Таалай деген ушинтип күттүрбөй келет тура, көрсө!..

**Нурдин.** Койгун, Нияз. Жашыктык эркекке жарашпайт.

**Нияз.** Өмүрүмдө жашыганым ушул… Кубанычтан жашыган… ар эмес!..

**Айша.** Жарыкты азыр гана күйгүздүк эле… аны өзүң менен кошо ала келгенсиң, туугандарыңдын кабагын жаркыратып келип калдың! *(Ниязга.)* Суу бере салчы, садага болоюн… тээтиги чыныны… тез! *(Нияз суу куюлган чыныны Айшага берет. Айша Нурдиндин башынан чыныны тегеретип.)* Балекет-салекеттин баары ушуну менен кетсин…

**Нурдин.** Коюңузчу, Айша жеңе, жетет…

**Айша.** О, жаман арам десе… жөн тур! Балекет-салекеттин баары ушуну менен кетсин… Балекет-салекеттин баары ушуну менен кетсин! Түкүр!

**Нурдин.** Мунуңузга таптакыр каршымын!..

**Айша.** Ай, азыркы балдар ай, ушу силерди кантейин деги… Тууган эмессизби, айырмасы кайсы… Азыр эле сени эстеп отурдук эле…

**Нурдин.** Ыракмат, Айша жеңе…

**Нияз.** Кана дасторконго карайлы.

**Нурдин.** Азыр эмес.

**Нияз.** Ошол да сөз бекен… Азыр отурабыз… токтоосу жок.

**Айша.** Нияз туура айтат. Мына бу сенин идишиң… Столго отурганыбызда бул биздин Нурдинибиздин энчиси деп Нияз аны дайыма толтуруп коёт… Эч ким тийбейт…

**Нияз.** Өзүң болбогонуң менен элесиңди жүрөгүмдөн чыгарганым жок.

**Нурдин.** Ыракмат, азыр отурууга чамам жок. Сенде шашылыш жумушум бар.

**Нияз.** Шашылыш жумуш деп… Жакын тууганы келгенде анын ден соолугу үчүн бокал көтөрүшкөндөн зарыл иш болбойт, Нурдин.

**Айша.** Биздин Ниязыбыз шаардагы доктурлардын чоңунун чоңу болду!.. Байкең баш болуп кубанбаган тууганың жок…

**Нурдин.** Ниязым үчүн мен дагы кубанычтамын, Айша жеңе.

**Айша.** Эми сен келдиң! Кош кубаныч үчүн ичип койгула... Барып-барып эле туугандан күйөрман эч ким болбойт... Ичип жибергиле...

**Нурдин.** Кечиресиз, Айша жеңе. Нияз, отурууга чамам жок деп жаңа эле айтпадымбы...

**Нияз.** Оюнуңбу же чыныңбы?

**Нурдин.** Жаным кейип турат, Нияз!..

**Нияз.** Келгениңдин урматына деген элем... макул болбосоң арга канча... өзүң билесиң да...

**Айша.** Шашлык чыж-чыж этип чыжылдап турса... ошондо ичкениңер оң... Күн нурунан жаралган келиним экөөбүз азыр эле чыжылдатып келебиз... Лагмандын кесмесин да чоюшубуз керек эле... Отура тургула, садага болоюндар.

**Нияз.** Азап тартканың билинип турат... чарчапсың... Эс алышың керек. Кааласаң, бүгүн түнү менен колхозго барып, таң сүрө ууга чыгалы... Келгин куштардын кайтып жаткан кези... көлчүктөрдөгү өрдөктөр жөн эле жүнүн жейт... Ошентелиби?

**Нурдин.** Жок, Нияз ууга чыгуудан мурда, бул жерде бир жүзүкара бар, ошонун эсебин таап, биротоло ордунан тургус кылышым керек.

**Нияз.** Такыр өзгөрүлүпсүң. Мурда талаадагы гүлдү үзгөнгө колуң барчу эмес эле... аяйт элең...

**Нурдин.** Гүлдү үзгөнгө азыр да колум барбайт... Аяйм!.. Себеби, гүлдө да турмуш бар... Бирок азыркы сөз...

*Масадык кирет.*

**Масадык.** Мына, мен келдим. Чакыргын күбөлөрүңдү!

**Нурдин.** Алардын бири маңдайыңда турат.

**Масадык.** Ниязбы?

**Нурдин.** Ооба. *(Ниязга.)* Шайыргүл менен Масадык бирин бири сүйөт деген, Нияз... Ошонун ырастыгын далилдей аласыңбы?

**Нияз.** Далилдейм. Бул чын болучу.

**Масадык.** Көз көрүнө туруп шыпыртып... Ушундай да бетбак болобу, и!

**Нурдин.** Кордогондук далилдегендикке жатпайт. Шайыргүл менен Масадык менин башымдан аттап жүрөт деген, Нияз... Буга эмне дейсиң?

**Нияз.** Бул да чындык. Анын чындыгын жеке мен эмес, башкалар да далилдей алат.

**Масадык.** Бул сөзүң үчүн кордомок тургай, өлтүрүп койсо да аздык кылат!

**Нурдин.** Нияз – алсыз кептерден эмес, жазыксыз кыра бергидей.

**Масадык**. Мен дагы өлүк жан эмесмин, эмне десе бардыгын көтөрө бергидей. Ушак айтуу далилге жатпайт. Укпаймын сөзүңөрдү!

**Нияз.** *(Масадыктын жолун торгоп.)* Бул сөздү укканда кыйшаңдай баштадың го… Кача албайсың! Сүйлөшүүгө туура келет! Ооздун желин далилдикке тартуучу адам мен эмесмин. Антип ойлосоң жаңыласың.

**Масадык.** Булганч тилиңден башка дагы эмнени көрсөтмөк элең мага?

**Нияз.** Портсигарың бар деп айтышкан эле… ошол чынбы, Масадык?

**Масадык.** Портсигар? Кандай портсигар?

**Нияз.** Күмүштөн жасалган.

**Масадык.** Ооба. Бар болчу.Туулган күнүмдө Шайыргүл берген… Нурдин анда Москвада болчу. Портсигардын эмне тиешеси бар мында?

**Нияз.** Шашылбагын. Азыр билесиң.

**Нурдин.** Портсигардын жазуусу болсо керек эле…

**Масадык**. Ооба. Бар болуучу… жолдоштук түрүндө…

**Нияз.** Жолдоштук түрүндөбү?!. Макул талашпайын, калыстык сынасын…

**Нурдин.** Кайда ошол портсигарың?

**Масадык.** Жоготуп жибердим… Көпкө дейре издеп эч кайдан таппадым… Эсимде да жок.

**Нияз.** Болуптур унутчаак болсоң, соопкерчилик үчүн жакшылыгымды аябайын. Азыр *(чыгат)*.

**Масадык.** Эчтеме түшүнбөйм.

**Нурдин.** Эй, пенде! Ниетиң ак болсо, Шайыргүл белек кылган сырдуу портсигарды эмнеге жашырасың? Жоготуп жибергениңде, ошого да кишн кейийби, жаңысын сатып алгын десем, анын баасы адамдын өмүрүнөн да кымбат деп тескери бурулуп басып кеткен элең… Ниетиң ак болсо, эмнеге ошентесиң?..

**Масадык.** Белегин жоготуп койгонумду Шайыргүл билбесин деген элем… Андагы жазылган жазуу ушул күнгө дейре эсимде…

**Нурдин.** Эсиңдеби?

**Масадык.** Ооба, «Нурдиндин өмүрлөш досуна, Нурдиндин болочоктогу өмүрлөш айымынан».

**Нурдин.** Ошондой дегин!.. Сага белек берип жатып… Шайыргүл ошондо да унуткан эмес экен го… мени эстеп жүргөн турбайбы?..

**Масадык.** Ал ушул кезге дейре унута элек… Шайыргүлдүн шору ошондо!..

**Нурдин.** Масадык!

**Масадык**. Ооба, Нурдин! Тунгуч сүйүүнүн жараты эч качан сакайбайт!.. Өмүр нарылаган сайын күчүркөнүп жанды кейите берет…

**Нурдин.** Шайыргүлдү айыкпас жаратка ким дуушар кылды?!..

**Масадык.** Сен!

**Нурдин.** Ах, Масадык! Адамды бир гана жолу алдоого болот... Дагы калп айттың... Мен өз көзүм менен көргөм... Портсигарыңдын жазуусу таптакыр башка болучу...

**Масадык.** Башка болгондо кандай эле айтчы?

**Нурдин.** Жаттаган эмесмин... Иши кылып, Шайыргүл экөөңдүн сүйүүң жөнүндө болучу.

**Масадык.** Көрсөтчү, ошол портсигарды?

**Нурдин.** Кайда экенин билбейм. Терезеден ыргытып жибергендей болгом.

**Масадык.** Жок, Нурдин портсигарды ыргытып тим болсоң арманың болбос эле. Аны менен кошо өзүңдүн сүйүүңдү, таалайыңды ыргытып жибергенсиң!..

**Нурдин.** Ушинтип айтууга кантип оозуң барат жүзүкара!

**Масадык.** Макул, мен жүзүкара болоюн. Көрсөтчү жанагы портсигарды!.. Далилиң жок!.. Курулай ооздун жели экенин мурда эле билгем!

**Нияз.** *(Кирип.)* Ооздон чыккан жел карматпастыгын ким да болсо билет. Мынакей далил...Тааныйсыңбы?

**Масадык.** Албетте, тааныйм! Бул менин портсигарым. Шайыргүлдүн жазганына окшобойт... башка... Алмаштырып коюшкан... Бул менин портсигарым эмес, ишенгин, Нурдин!

**Нурдин.** Макул мен ишенейин, бирок далилдегин. Чыныгы өзүңдүн портсигарыңды апкелип көрсөтчү мага!

**Масадык.** Айтпадым беле, жоготуп жибергем деп...

**Нурдин.** Калп! Сен портсигарыңды жоготкон жоксуң, абийириңди жоготтуң!... Баркыңды жоготтуң!

*Масадык тилсиз. Нурдиндин уулуу сөздөрү кулагына кирбеген сыяктуу башка бир жакты карап, ойлуу.*

**Нурдин.** Адамдын акылы барган сайын өсүп жатат. Кубанабыз! Сыймыктанабыз!.. Бирок өскөн акылды ким эмнеге пайдаланып жатат, ушул тууралында биз ойлонобузбу?.. Акыл адам үчүн, турмуш үчүн жумшалууга тийиш, бирок,.. сага окшогондор өздөрүнүн акыл-эсин жүзүкаралыкты, митаамдыкты өркүндөтүш үчүн жумшайт!.. Биздин шорубуз, ошондойлорду дос көрүп, энтиктеш турабыз, алардын ким экендигин таанибайбыз... Ал тургай, көп учурда ошондойлорго жем болуп, тепсендисинде калабыз!.. Адам баласына акыл берилгенде жүзүкаралык кылуу үчүн берилген эмес, ошону түшүнбөйсүңбү, бетпак?!.

**Масадык.** Туура, Нурдин! Чыныгы жүзүкараны көп учурда өзүбүзгө дос санап, ак ниет адамды анын ордуна курмандыкка чалып, бырпыратып баса калабыз... Бул кайгы... шор!

**Нурдин.** Эй, пенде! Кимдин алдында ак көрүнгүң келип жатат?

**Масадык.** Эгер сен адам болсоң, айтарым бул: сенин алдыңда сүттөн акмын!

**Нияз.** Жалган! Сен өмүр бою Нурдинге көз артып келгенсиң... Ага дос болумуш болуп, чындыгында, өзүңдүн жолуңдан алып ыргытуунун амалын издегенсиң... Бирок Шайыргүлдө эмненин жазыгы?.. Бар болгон айыбы сен деп жашап келген... Эмнеге кууратттың ал шордууну?..

**Масадык.** *(Портсигарды тиктеп.)* Кандай айбандын колунан келди экен бул иш?..

**Нияз.** Жоогазын теребиз деп Шайыргүл менен тоого барганыңда Нурдиндин машинасынын ичине унутуп кетипсиң...

**Масадык.** Мүмкүн... Бирок бул портсигарды эмес!.. Меники башка болучу.

**Нияз.** Танганың менен эчтеме чыкпайт. Унут калтырганың ушул портсигар. Аны далилдеп берүүчү кишинин көзү тирүү...

**Масадык.** Ким?

**Нияз.** Сага сатылып кеткен бирөө... Унутуп калсаң эсиңе салып коёюн, Сейит!

**Масадык**. Сейит?!

**Нурдин.** Ооба.

**Масадык**. *(Паузадан кийин.)* Жүр, Сейитке барабыз.

**Нурдин.** Кеттик.

### *Онунчу сүрөт*

*Айлуу түн. Парктын бурчу. Алыста Ала-Тоо үргүлөйт. Жалбырактары саргайыңкы тарткан чачпактуу кара жыгач, анын паанасында скамейкада Сейит отурат. Парктын түпкүрүнөн угулган гитаранын муңдуу добушу жүрөктү мыжыгат. Масадык менен Нурдин кирет.*

**Масадык.** Сейит!

**Сейит.** Масадык? *(Нурдинди көрүп.)* Нурдин?!

**Нурдин.** Тааныбай жатасыңбы?

**Сейит.** Нурдин... Аксакал... Аман-эсен бошонуп... деги мындай жакшы болбоспу...

**Нурдин.** Саламатсыңбы, Сейит?

**Сейит.** Саламатчылык, Нурдин аксакал… Отурсаңыз… Жакшы түн болуп турат…

**Нурдин.** Рахмат, Сейит. Кейиштүү көрүнөсүң… Маанайың пас. Бүрүшүп-чүрүшүп эле чал болуп калыпсың! Ооруп жүрөсүңбү?

**Сейит.** Эмне болуп жүргөнүмдү өзүм да билбейм.

**Нурдин.** Дале иштеп жатасыңбы же бошонуп алдыңбы?

**Сейит.** Күн сайын кечинде ушул жерге келип, түн бир оокум болгончо отурам. Күн сайын ошол… машинанын дөңгөлөгүнө түрүлгөн өмүрүмдү улам кайрадан жазып, ар бир укумун көзүм тешилгенче кароо менен алекмин… Менин бар болгон кызматым ушул!.. Түйшүктүү кызмат!

**Нурдин.** Турмушуң кыйын көрүнөт… Бирок эчтеме эмес. Кечирип кой, Сейит, биздин сүйлөшө турган сөзүбүз бар эле…

**Сейит.** Мени мененби? Мени менен сүйлөшмөкчүсүзбү?.. Уялганымдан карай албай зорго отурсам… канткенде бетим чыдап сүйлөшөм?

**Нурдин**. Мына кызык, эмнеден уяласың?

**Сейит.** Канча жыл бирге иштештим… канчалык жакшылык көрдүм… Ошого карабастан, бир жолу да барганым жок… жадагалса, кат жазганга жарабадым…

**Нурдин.** Эчтеме эмес, мен таарынбайм.

**Сейит.** *(Паузадан кийин.)* Азыр эле Шайыргүлгө жолуктум. «Өмүр өткөнү менен жүрөктөгү эскерүүлөр наристе боюнча кала берет тура, Сейит аке!» деп кетип баратып, колумду кысты. *(Нурдинди карап.)* Көп нерселерди эске түшүрөбүз… *(Масадыкка.)* Жоогазын теребиз деп тоого барганыбызды да көп эскеребиз! *(Алыска көз чаптырып.)* Тоого барган күндөрүбүздү эстесем… ал күндөр кайрылып келбейт экен го чиркин!.. Таалайына кубанган Шайыргүл эргип ырдаганда, эки көзү от болуп жанып… Ай, жараткан, ай!..

**Нурдин.** Сейит!

**Сейит.** Эмне дейсиз, Нурдин аксакал?!

**Масадык.** *(Нурдинди четтетип.)* Токточу, Нурдин. *(Сейитке кайрылып.)* Көп болду көрүшө элекпиз, бирок ар дайым эскерип жүрдүм. Адамдан бөтөнчө таза, кичипейил, боорукер элең. Ошонуңду эскергенимде, жүрөгүм тазарып, көңүлүм көтөрүлүп тураар эле… Ошондой адам болуп туруп, Нурдинди алдаганга кантип дитиң барды? Айтчы, Сейит!

**Сейит.** Мен Нурдинди алдаптырмынбы?!.

**Масадык.** Сенин кылгандарың киши өлтүргөндөн да коркунучтуу. Нурдиндин таалайын кесип, келечегин караңгылаттың. Мени болсо өмүр бою майып кылдың. Бирок баарынан коркунучтуусу адамдардын бири биринe болгон

ишенимин жок кылдың. Эми ал ишенимди кайрадан ордуна келтириш жалгыз гана сенин колуңдан келет.

**Сейит.** Эмне опозолойсуз?.. Мен чындыкты айттым!

**Масадык.** Жок!

**Сейит.** *(Тыңшап.)* Шайыргүл ырдап жатат!

**Масадык.** Туура айтасың, Сейит! Бул Шайыргүлдүн үнү! Таалайына кубанып эргип ырдаганына эки көзү от болуп жанган Шайыргүл ушул. Азыр кандай ырды ырдаса да анын үнүнөн кайгы угулат… сагыныч угулат… Бу кайдан болгон кайгы?.. Кайдан болгон сагыныч?.. Ойлочу, Сейит!

**Сейит.** *(Пауза.)* Жок!.. Ушинтип күн көргөндөн көрө, биротоло өлүп тынганым артык! Мейли атып жиберсе да ыраазымын, чындашка кудуретим жетчүдөй эмес, жанчылып бүттүм! *(Чөнтөгүнөн портсигар алып, Масадыкка сунат.)* Мениз!

**Масадык.** *(Портсигарды алып.)* Меники. Так өзү. Окугун, Нурдин.

**Нурдин.** *(Портсигарды ачып, ичинен окуйт.)* Бу кандай болуп кетти, Масадык?.. Сейит?!.

**Сейит.** Кандай болмок эле… Мен… Мен Нияздын торуна чалынып калдым…

**Нурдин.** Нияздын торуна?!.

**Сейит.** Ооба. Бир жолу анын энесиникине баратканыбызда, кырсыкка учурадык… көзүм кашайып, кичинекей баланы тепсетип кеттим… Сот!.. Түрмө!.. Муну ойлогонумда корккондуман жүрөгүм жарылып кете жаздады… Өзүм үчүн эмес, аялым үчүн, балдарым үчүн!.. Айлам куруганда, жардам кылыңыз деп, Ниязга жалбара баштадым… Ал мени куткарып калды… Өлгөн бала анын тууганадарынын баласы экен… Баарын жөнгө салып, ишти басып койду… Ошондон кийин менин тагдырым менен топ ойногонсуп ойной берди… Партбюронун атына тоголок арызды жаздырып, Шайыргүл туурасында ар кандай ушактарды таратууга мажбур кылган так ушу Нияз болчу… Сиздин тоюңуз болор күнү баягы булганч сөздөрдү… *(ыйлап)* сизге айттырып… жанкы портсигарды көрсөт деген да так ушу Нияз болчу…

**Нурдин.** Дүйнөдөгү көздүүнүн сокуру ким десе мен экемин да!..

**Сейит.** Туура, Нурдин аксакал, сиз көздүүнүн сокуру болчусуз. Нияздын күлкүсүнө эрип, ичинин каралыгын байкабайт элеңиз… Ал ар дайым биринчи болууга умтулчу… Аябаган чоң, аябаган кадырлуу доктор болсом дегенде эки көзү төрт эле. Бирок, анын корккону Масадык менен сиз болчусуз… Профессор Сулайманов сиздерди жаныңдай көрчү… Ошол себептүү, Нияз өзүнүн жолунан сизди алып таштабадыбы!..

**Нурдин.** Жетет! Баргын!

**Сейит.** Ошондой… мен кетейин… кечирициздер! *(Пауза.)* Мен адам эмесмин… Мен итмин! *(Кетет.)*

**Нурдин.** Кантип эле ушундай болсун?! *(Үзүлө кыйкырып.)* Масадык?!

**Масадык.** *(Колундагы портсигарын тиктеп.)* Өмүр!.. Достук!.. Сүйүү!..

**Нурдин.** Эми эмне кылам?!.

**Масадык.** Билбейм… Бир гана айтаарым: кечирим суроочу болбо. Себеби, көбүнчө өзүңдүн алдыңда өзүң айыптуусуң!

*Нурдин скамейкага отурат. Сахнанын терецинен Шайыргүл көрүнөт.*

**Нурдин.** Шайыргүл!..

**Шайыргүл.** Тааныбайт экем, кечиресиз…

**Нурдин.** Шайыргүл! Бул менмин…

**Масадык.** Токточу, Шайыргүл… бу Нурдин эмеспи…

**Шайыргүл.** Бул кишинин аты сен айткандайбы же башкабы, мага баары бир… мен аны таанybaймын…

**Масадык.** Бир паска отура турчу… мени менен…

**Шайыргүл.** Сени мененби?! *(Отурат.)*

**Нурдин.** Саламатсынбы, Шайыргүл. *(Шайыргүл үнчүкпайт. Масадык фонтан тарапка басат, Нурдин сөзүн улайт.)* Себебин сураба, мен айтпайын. Сотто өз абийириме каршы сүйлөдүм, Шайыргүл… Менин сүйүүм, менин өмүрүм жалгыз сен болчусуң… Жалгыз гана сен…

**Шайыргүл.** Эми эмне керек сага?!.

**Нурдин.** Арылбас арман, сакайбас жарат… Айтып берейин… түшүндүрөйүн… укчу, Шайыргүл!.. Мага өмүр берип, күчүмө күч, кайратыма кайрат кошкон сенин сүйүүң эле… менин таалайым да, талантым да жалгыз өзүң элең… Келечегимди жарык кылып ар дайым адам деп оозантууга сүрөгөн да жалгыз гана сен болчусуң!.. Эгерде Шайыргүлдүн өмүрүнө сенин өмүрүңдөн башка даба болуучу эч теме жок деп, менин өмүрүмдү сурашкан болсо… ойлонуп отурбастан, курман болууга даяр элем!.. Бирок… той болор алдында… камылга бүтпөй шашылып жаткан элем… Ошол учурда келип калышты… Шайыргүл башканы сүйөт дешип… ар кандай сөздөрдү айтышып…

**Шайыргүл.** Менин сүйүүмө караганда, башкалардын оозунун жели күчтүүрөөк экен да!..

**Нурдин.** Мага далил көрсөтүштү… Айтышты…

**Шайыргүл.** Мени сүйгөн имиш!.. Уялбай туруп ушул сөздү кантип айттың?!. Жок, чындап сүйгөн болсоң, өзүңдөн башка эч бир жанга, эч кандай далилге

ишенбейт элең... Муну айтуунун эмне кереги бар эле?.. Эмнеге айтып жатам?!. Кимге айтып жатам?!.

**Нурдин.** Шайыргүл!

**Шайыргүл.** Сүйлөбөгүн!.. Жек көрөм!..

**Нурдин.** Шайыргүл!

*Омор кирет.*

**Омор.** Шайыргүл! *(Нурдинди байкап.)* О, сиз да мында белениз, жолдош Болотов... таанышып алыныздар...

**Масадык.** *(Омор менен кол алышып.)* Мен тааныштырып койдум, Омор Батырович.

**Шайыргүл.** Омор, биздин Нурдинибиз кайда?

**Омор.** Баятан бери ошону менен алышып жатып, концертине да кечигип калбадымбы... мойнумдан кучактап алып коё берсечи... Масадыктын аялы алганда зорго басылса болобу... *(Нурдинди карап.)* Нурдинибиздин азыртан эле кыялы бар жигит.

**Нурдин.** *(Масадыкты карап.)* Нурдин?!.

**Масадык.** Омор Батырович менен Шайыргүлдүн уулунун аты Нурдин.

**Омор.** Ооба, ооба. Абдан жакшы ат, ыраспы?.. Дүйнөдөгү мен билген аттардын бирин койгонум жок... Бардыгын атап чыктым. Бирөө да жакпады. Шайыргүл терезенин түбүндө too жакты карап унчукпай отурган эле. Бир маалда менин кыйналганымды сезип, боору ачып кетти окшойт, уулубуздун атын Нурдин койсок кантет дегенде, мен кубанганымдан кыйкырып жибердим. Нурдин деген ат экөөбүзгө тең жагып калды! Уулубуздун атын коюуда Шайыргүл периште болду! *(Кыска паузадан кийин.)* Шайыргүл! Биз Масадык экөөбүз шахмат клубуна кирип, бир партия шахмат ойноп келеличи... А сен жолдош Болотов менен бирге таза абада отура турсаң... абдан жакшы болор эле... клуб жакын, азыр эле келебиз... Макулбу? *(Масадыкка.)* Кеттик! *(Масадык экөө чыгат.)*

**Шайыргүл.** *(Паузадан кийин.)* Омор, токтой тур! Мен кошо барам...

*Шайыргүл чыгат. Нурдин жалгыз. Сахна караңгылай түшүп, анан анын жанында чал пайда болот.*

**Чал.** Эмне унчукпай калдың, уулум?

**Нурдин.** Бардыгын айттым... Ошентип, мындан үч жыл мурда соттуу болдум... мындан үч жыл мурда камакка алындым... Бирок өзүмдүн таалайыма ишенбестен, шорумду киши ордуна санап, ошого ишенип кеткендигим үчүн мындан үч мүнөт мурда гана өкүм чыгарылды. Азаптуу өкүм! Бул өкүмдү башка кечирсе да абийир кечирбейт!

*Алыстан Шайыргүлдүн үнү угулуп, акырындап көшөгө жабылат.*

***Сөздүк:***

*Абийир – виждон*
*Портсигар – папирос қути*
*Күүгүм – гира-шира пайт*
*Чекилик – нотўғри*
*Камак – қамоқ*
*Жоогазын – лола*
*Момун – камтар*
*Коңгуроо – қўнғироқ*
*Кымкап – кимхоб*
*Мүрөк суу – обиҳаёт, ҳаёт суви*
*Чыны – чинни пиёла*
*Кептер – каптар*
*Сагыныч – соғиниш*

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. Эмне үчүн драма «Абийир кечирбейт» деп аталып калды?*
*2. Драмада катышкан каармандарга мүнөздөмө бергиле.*
*3. Драманы үн кубултуп, ролдоштуруп окугула.*
*4. Драманын мазмунун кыргыз тилинде сүйлөп бергиле.*

***Үйгө тапшырма***

*1. Драманын толук тексти менен таанышкыла.*
*2. Каалаган жериңерден үзүндү жаттагыла.*

# МАЙРАМКАН АБЫЛКАСЫМОВА

*(1936)*



Акын Майрамкан Абылкасымова 1936-жылдын 7-ноябрында Кемин районунун Комсомол айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1950-жылы айылдык жети жылдык мектебин аяктаган. 1958-жылы Кыргыз аялдар пединститутун бүтүргөн.

1958–1962-жылдары Ош областтык «Ленин жолу» гезитинде адабий кызматкер, 1962–1991-жылдары «Ала-Тоо» журналынын поэзия бөлүмүнүн жетекчиси болгон. 1991-жылдан ардактуу эс алууда.

Чыгармалары 1952-жылдан баштап гезит-журналдардын беттеринде жарыялана баштаган. «Кичинекей досторго» аттуу алгачкы ырлар жыйнагы 1961-жылы жарык көргөн. Акындын ырлары орус, белорус, тажик, казак, моңгол, немис, поляк, англис, француз тилдерине которулуп жарыяланган.

1970-жылы басылган «Ишеним дайым жүрөктө» аттуу китеби жана «Эстелик сүйлөйт», «Сен билесиң мени Мекеним» аттуу поэмалары Бүткүл Союздук Ленин комсомолу сыйлыгына татыктуу болгон.

1964-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү.

М. Абылкасымова 1980-жылы «Кыргыз Республикасынын Эл акыны» деген ардактуу наамга ээ болгон.

1984-жылы жарык көргөн «Гүлдөр суу сурайт» аттуу ырлар топтому үчүн Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгын алган.

«Ардак белгиси» ордени, «Каарман эмгеги үчүн» медалы, «Тынчтыкты коргоо» күмүш медалы, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин, Украина ССРинин Ардак грамоталары менен сыйланган. 2005-жылы «Манас» орденине, 2008-жылы Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюмунун Алтын медалына татыган.

2006-жылдан И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ардактуу профессору.

## ЭСТЕЛИК СҮЙЛӨЙТ

*(Поэмадан үзүндү)*

Гүл сеңселет таажыларын бийлетип,
Нектарына кимдир бирөө кусабы?
Куштар неге бул тарапка
Дешип турат «учалы»?

Бактар кыздай бой тирешет,
Суугa тигип көлөкө.
Чолпуларын шылдыратат,
Жел жорголоп жөнөсө.

Арасында ушул бактын
Таштан бүткөн таш дене,
Таштан бүткөн эстелик
Турат дайым кандуу күндүн
Солдатындай томсоруп.

Сеңселгиле, бактар, э-эй,
Жалгызсырабасын таш дене.
Камыкпасын таш дене,
Бери учкула, куштар, эй,
Ээн калбасын таш дене.

Бул эстелик
кыргыздарда жүргөн болчу
бир кезде.
Кыргында ал,
Ата Мекендик согушта ал,
Кессе да башын,
душман алдында
Ыйлабаган эч качан.
Мекенин ал сагынган
Карегине жаш кыпчып.

Жеңиш күндү эңсеген,
Музыкадай таңшыган.
Ажал менен катар анда турса да,

Үмүттөрү чарчаган колго күч берип,
Кабагына зор айбатты чөгөрүп,
Родинаны жанынан бек сактаган.

Оо, эстелик,
Карап турсам, таш этегиң
Учуп тургандай көрүнөт.
Бизден мурда желге жолугуп,
Шинелиңдин
Ок-дарынын жыты төгүлөт.
Ордендериң көрүнбөйт төшүңдөн.
Сен таш денеңди эс алдырып
көнбөгөнсүң.
Чарчасаң да уйкуң келбеген
О, эстелик!
Дагы келдим алдыңа,
Эриктиңби?
Сүйлөшөсүңбү?
Дале жашсың,
Жигитсиң,
Бырыш сага жолобогон өңдөнөт.
Майдандагы көрүнүшүң сакталган,
А мен,
чыны,
эркек кийсе
солдат кездеги шинелин,
Даана көрөм
чың денесин эркектин.
Атайы келдим,
бүгүн көпкө отургам,
Бүгүн нени айтасың?
Дайым келсем, дайым көрөм,
Бирге жашайт,
сенде укмуш сүрөт бар.
– Согушту көрдүң беле,
Көрдүң беле согушту?

Кадам жерлер осколканын
Миң түрүнө тытылды,
Солдат анда
Ажал менен тиктешти.
Мындай кезде көтөрөсүң башыңды,
Ошол учур талап кылып тургандай,
Жер алдына бүтпөс сапар чегерде,
Адамдыктын оор элесин эскерип,
Акыркы ирет толосуң бир
Чоң дайраны бургандай.
Минуттарың тамчы терге айланып,
Көзүң анда
        башкача карап дүйнөнү.
Бүгүнкүнү эртең оңдоор убак жок,
Режим жок баягыдай үйдөгү.
Өлүмдөн бүткөн окко карай басасың,
Жашаган күндөр
        Экранда
                Кадр болуп айланып,
Эске аласың эне берген эмчекти.
Эске аласың адырдагы гүлдөрдү.
Эске аласың мектептеги күндөрдү.
Мекен үчүн жүрөк ишке киришип,
Өзүңдү өзүң шыктанасың жайгарып...
Укмуштуудай ритмика таманда,
Алтын буттун акыркы күчүнө таянып.
Керек
        керек
                так ушунда
Сенин антип басышың.
Сансыз жылдар –
                бир кадамдай аралык.
– Мага айттыңбы, эстелик?
Угулдубу ошондой?..
Эсимде менин,
                мен ал кезде баламын,

Сагызгандан кабар сурап ырдаган.
Куштар качып, алыс жакка кеткенсип,
Асманда булут гана кылаалаган.
Үч жаштагы бала да
сезген ошол турмушту:

Ээрчиген эмес жумушка чыккан апасын,
Жоктогон эмес алыста жүргөн атасын.
Жыланайлак өзү арыкты бойлоп ойногон,
Күзөтүп көнгөн жалкы өскөн улагын.
Мектепте биз
сочинение жаздык
иймейген кол менен,
Эрдигин баатыр аталардын сүрөттөп.
Диктант жаздык адашкан бала жөнүндө
Балалык аянычтар жүрөк тээп.

Биз гүлдү сүйгөнбүз,
укмуштай сүйгөнбүз!
Бирок согуш эркеликти тушаган
Гүл ордуна картошканы өстүрдүк,
Турмуш мында да бир жолу сынаган...
Эстелик,
сага
Болжогондой убакыт
Энең келет этек-жеңи бүгүлбөй
Адамсыз асман не кайгымды билесиң?
Сен укпайсың өлгөндөрдүн ырларын.
Музыкасы кандан оргуп чыккансыйт.
Адашпас үмүт дайыма жолду каратып,
Жетелейсин деген ойго берилип,
Жүз санаанын кээ биринен жеңилип,
Жер ааламга
Шыбырап келет:
«Уулум бар, уулум бар,
Күрмөсү да, калпагы да илинүү.
Уулу жок деп айтпагыла,
Уулум болгон! Уулум болгон!..»

...Э-эй, уккун дүйнө!
Ушул эне жолугат күндө уулуна,
Ак жоолугу ак көңүлүн белгилеп.
Эне чиркин келет күндө уулуна,
Ак көйнөгү ак жүрөгүн белгилеп.
Эне чиркин коргоп жүрөт таш уулун,
Таш болсо да, таш болсо да медерлеп.
Эне чиркин кеңешип жүрөт уулуна:
«Бүгүн сага бир иш менен келдим», – деп...
О, энеке, бала үчүн ак урган,
О, энеке, бала үчүн жан кыйган,
Кезигүүгө таш уулуна жаралган,
Эки көзү таш уулуна кадалган!..

Ичтен экөө улутунуп сүйлөшөт,
Ичтен экөө
түтөп-түтөп үндөшөт,
Ичтен гана алар муңдуу унчугат,
Ичтен кайгы жүлүндү өрттөп жулкунат.
Ичтен гана
уулу экөө сырдашат,
Ичтен гана
уулу экөө муңдашат.
Кайгы, сүйүү, ишенич
Тирилтет тура адамды!
Бирге кагып экөөнүн кан тамыры,
Бирге алды көзүнө ачуу жашты,
Таш денеге жан кирди!
Кантип кетти
эстелик?
Кантип кетти?
– Биз,
көптөн бери көркөм бакты көрбөдүк,
Биз,
көптөн бери булбул үнүн укпадык.
Келечектин жылдызы үчүн жан берип,
Эне ордуна кара жерди жыттадык.

Келбесимди билгенсиңби,
сезгич апа?
Узатканда кол бердиң кабак түйүп,
Маңдайымдан өптүң, өптүң
кана өптүң.
Башка күндө антип такыр өппөгөнсүң.
Карегиңен кайгы, жаш акты ийип,
Апасың да, теңей албайм,
эч нерсеге.
Уулду төрөп
өстүрмөк – сенин күчүң.
Эл башына иш түшсө уулу аттанат,
Антпегенде актабайт эне сүтүн...

***Сөздүк:***

*Эстелик – ҳайкал*
*Согуш – уруш*
*Карек – қорачиқ*
*Мекен – ватан*
*Таажы – тож*
*Нектар – гулшира*
*Чолпу – кумуш безак*
*Сагызган – зағизғон*
*Жалкы – якка*
*Калпак – қалпоқ*
*Таш дене – тош тана*
*Таш уул – тош ўғил*
*Эне – она*

***Суроолор жана тапшырмалар***

*1. Эмне, эстелик да сүйлөйбү?*
*2. Ырдын негизги идеясы эмне?*
*3. Ыр курулушунан кандай өзгөчөлүктү байкадыңар?*
*4. Ырда айтылган эстелик кимдерге тургузулган экен?*
*5. Ырдан үзүндү тандап алып, өзбек тилине которгула.*

***Үйгө тапшырма***

*1. Өзүңөр жашаган аймактагы эстеликтер жөнүндө дилбаян жазып келгиле.*
*2. Ырлардан үзүндү жаттагыла.*

## БЕКТУРСУН АЛЫМОВ
*(1932–1998)*

Бектурсун Алымов – көрүнүктүү окумуштуу, публицист, котормочу. Ал Ош мамлекеттик университетинин филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүн бүтүргөн (1955). Түштүк аймагындагы мектептерде (Ноокен, Араван) мугалим, директорлук кызматтарда иштеген.

Кыргыз адабиятын окутуу методикасы боюнча Кыргызстанда биринчи жолу кандидаттык диссертациясын коргогон (1967). А. Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» повестинин киносценарийин жазган, Ч. Айтматовдун эскерүүлөрүнүн айрым бөлүктөрүн которгон. «Шакиртиме кат» публицистикасын, «Бүтпөс дастан» даректүү повесттерин жазган. Педагогика илимдеринин доктору, профессор.

## «ШАКИРТИМЕ КАТ»
*(Үзүндү)*

Публицистика да, чоң адабият да мектеп мугалимдеринин алдында карыздар... Мугалимдер – өлкөнүн улуу күчү.

*Ч. Айтматов*

Устат жөнүндөгү уламыш менен чындык

Устат-мугалим! Бул сөздөн кийин катары менен үч илеп белгисин коюп, анын баарын баш тамга менен жазса да, эч ким каршы чыга койбосо керек. Анткени ал сөздө не бир залкар ойлор камтылып жатат. Устат-мугалим илим-билим, тарбия гана бербейт, келечектин кесип ээлерин гана даярдабайт. Ал баарынан мурда коомдогу адамдарды өз колу менен жаратат. Ал – адамдардын, өзгөчө шакиртинин кайсы жери таза, кай жери ылаңдап мерез жарага чалдыкканын эч кандай аспап-турнабайсыз көрө билген көзү ачык көрөгөч киши. Ал – адамдардын жан дүйнөсүнүн жаратын өзүнө билгизбей айыктырчу дарыгер. Мына ушул улуу кесип, укмуштуу адам жөнүндө жазуу да өтө кыйын. Кыйындыгы – көп айтылып, көп жазылды. Кандай жазба, баягы айтылгандарды кайталоого аргасыз болосуң. Ал эми айырмаланыш үчүн чоң талант, ашкан акыл, кеменгер ой керек. Устаттын ары ардактуу, ары азаптуу ишин, керемет келбетин кыябындай кынаптап, чырайына чыгара жаза албайм го деген жүрөксүнүү менен алпурушуп келатам. Бирок жазбай да коё албайм, шакирттериме убада бергем.

Ойлоном... Атаганат, акын болсом, анда устат жөнүндөгү укмуштуу бир дастан жазар элем. Болбосо скульптор болсом... Анда насили каухар да, мрамор да, алтын да эмес, башка бир белгисиз асыл заттан тээ алда кайдан көрүнө тургандай кылып, мугалимдин эстелигин орнотор элем, эч качан эскирбес элесин аскага чегер элем... Болбосо мукам үндүү обончу болсом. Анда устаттын укмуштуу улуу ишин не бир мукам, не бир асем кайрыкка салар элем... Бирок бул өнөрдүн бири да мага буюрбаптыр, табият ыраа көрбөптүр. Арга канча, бир шыңгил ыр, кичинекей кайрык, бир сүртүм боёк менен берчү устаттын залкар келбетин чубалжыган сөз менен берүүгө туура келет.

Дүйнөдө түгөнбөс, бүтпөс темалар менен кейипкерлер бар, көөнөрүп эскирбес нерселер бар. Ана ошондой түгөнбөс, бүтпөс, чеги жок темалар менен кейипкерлердин бири – устат-мугалим. Анын чаалыкпас, түйшүктүү эмгегин акын ырга кошту, сүрөтчү полотного түшүрдү, композитор күүгө салды. Бирок устат-мугалимдин толук келбети тартылып бүтө элек, менимче. Мугалимдин жаркын жамалы менен эскирбес элеси кай учурда болсо да чыныгы адамдарды ээрчип жүрө берет, аларга жакшылыктын үрөнүн себе берет.

Мектептин эшигин жаңыдан аттаган бөбөктөн тартып бөкчөйгөн карыга чейин, дыйкан менен жумушчудан тартып илимпоз менен коомдук ишмерге чейин мугалимден билим алган. Адамзаттын генийлери Маркс, Энгельс, Ленин да мугалимден окушкан. Дүйнөнү дүңгүрөткөн окумуштуу, ааламга аттын кашкасындай таанымал искусство менен адабияттын ишмерлери – дегеле ким болбосун «а» деген арипти мугалимден үйрөнгөн. Адамдарга жарыкчылыктын эшигин биринчи жолу ачып көрсөтүп, турмуш менен дүйнөгө биринчи болуп мугалим жетелеп кийирет. Мына ушундай асыл максатты алдына койгон, акылдуудан наадандыны, ишмерден жалкоону, марттан сараңды, баатырдан коркокту ажырата билүүгө үйрөтүп – жалаң гана жакшылыкка үндөгөн адамга ким эстелик орноткусу келбесин. Ошондуктан мугалим кай убакта болбосун, шакирти үчүн устат боюнча кала берет. Чыгыш элине кеңири тарап кеткен мындай бир уламыш бар, шакиртим.

...Улуу акын Алишер Навои даңазалуу дастандарынын биринин түбөлүктүү махаббат жөнүндөгү бөлүмдөрүн кайрадан кароого чарпаяда отурган. Көптөн бери башына эч нерсе түшпөйт. Азыр да каламы мокоп калгандай тамга тартпайт. Бакта миң бир эки кубулжуп булбул сайрап, жан шеригинен түбөлүк ажыраган капастагы бөдөнө бирөөнү чакыргандай муң төгүп, бытпыл уруп, айлана ачылган лала гүлдөр. Мына ушул керемет кооздук акындын делебесин козгой албай, демейдегидей илхам келбей туруп алды.

Кайра ай ааламга сагыныч менен кусалыктын пардасы тартылгандай болду. Умсунганына жетпей убайымдабы, не аткарылбай калган ак сүйүүсүн акылга салып жатабы, ким билсин, акын үнсүз. Кандайдыр бир иш менен келген байбачанын саламына жооп да берген жок. Жаштайынан көнүлүн арзыткан айжамал айзаданын элеси, айыпсыз жоголгон сүйүүнүн сүрөтү, хан менен шах, эмир менен султандын куугунтугу биринен сала бири көз алдынан тартылып өттү. Тиги киши да селейип тура берди, акындын оюна бөгөт болбой жайына койду. Ангыча хауздагы суугa келаткан 7–8дерге барып калган бала көрүндү. Акын аны бир карап алды да ажарлуу жүзү албырып, ордунан тура жүгүрдү. Бул ушунчалык көз ачып-жумганча тез болгондуктан, Навоинин балага кандайча жетип барганын байбача байкабай да калды. Акын балага ийилип салам айтты, атасынын абалын сурады. Ал көтөрө ала тургандай кылып суу сузуп берип: «Атаңа менден, Алишерден салам айта бар», – деп жатты. Чакадагы суу чайпалып, төгүлүп, кийими шөлбүрөп бараткан балага карап акын дагы жылмайды. Бала да артын кылчайып бир карап алып, кол булгаган бойдон көрүнбөй калды. Навои хауз жээгинде ошол бойдон тура берет беле, ким билсин, байбачанын жүгүрүп келип кол куушуруп, экинчи жолу айткан саламы анын оюн бузуп жиберди. «Бул баланын атасы – мугалимим, мени окуткан...» Болгон иштин жөн-жайын түшүнбөй, башы маң байбачаны Алишер бир карап алып, кайрадан бала кеткен тарапты телмире тиктеди. Акылмандын ал сөзү: «Анын сырын сен кайдан билмек элең», – деген маанide айтылгандай сезилди байбачага. Бул уламыш нечен кылымдан бери айтылып келетат. Көрсө, чыныгы устаттын өзү эле эмес, уулу да урмат көрөт турбайбы. Анан туруп атактуу жазуучу А. Фадеевдин «Жаш гвардия» романындагы «ачык талаадагы кош дуб» сыяктуу «дүпүйгөн» коммунисттер Шульга менен Вальконун даргага асылар алдындагы бир бирине айткан керээздерин эстейм. «Биздин жаштарды ким биринчи тарбиялады? Мугалим. Устат! Эмне деген сөз... Мугалим! Айтышка оңой! Бала калбай окуган биздин өлкөдө мугалим – биринчи киши. Биздин балдардын, биздин элдин келечеги мугалимдин колунда, алардын асыл жүрөгүндө. Мугалимди көчөдөн көргөндө аны сыйлап, элүү метр жерден шапкени алыш керек», – дейт Шульга. Ак сөз эмеспи. Ар бир адам мугалимин көргөндө баш кийимин алып, ийилип салам берүү керек. Бирок анын кадырын билген билет, акын Алыкул айткандай, билбегенге не чара? Устат жөнүндөгү жогорку уламыш менен болмушту салыштырам да, шакиртинен түбөлүк урмат көргөн устаттын бактысына суктанам. Чынымды айтайын, бул ич тардык эмес, анткени мындай укукка ээ болуш үчүн устат нечен катаал белестерди ашып, нечен түгөнбөгөн түйшүккө биротоло башын байлайт.

Жогорку окуу жайында жылына жүздөгөн жаштар мугалим деген кесип алып чыгат. Аларды ар жылы турмуштун чоң жолуна узатып жатканда, бир шакиртимдин акылман суроосу эрксиз эске түшөт: «Биздин өзүбүздөн Макаренкобуз, Януш Корчагыбыз, Сухомлинскийибиз... чыгаар бекен, алар да дүйнөлүк педагогика илимине өз үлүшүн кошуп, жалпы адамзаттык болуп калар бекен!?» – ал мага суроолуу караган. Мен анда унчукпай кутулуп кеткем. Бул кыял эмес, шакиртим, ак тилек. Алакандай журтубуз ээлтен эңсеген тилек! Менден жооп болбогондон кийин окуучум өзү бүтүм чыгарган: «Чыгат, кантип чыкпасын! Бирок качан!?.» Мугалимдик кесипке ээ болгон жаштарды жыл сайын алыс сапарга узатып жатып, анын терендеп кайнап чыккан ошол асыл максаты менен өкүттө калгандай берилген соболун ойлойм да, ага жооп таба албай баш катырам. Ооба, педагогдор бар, алардын ичинде шакирттерин тамшандырган чыгаандары да бар. Муну эч ким тана албайт. Бирок менин шакиртим эңсеген педагог барбы? Жок. Бул кашкайган чындыкты да тана албайм. Анан кайрадан өзүмө-өзүм суроо берем: «Бул үчүн эмне жетишпейт? Тубасалыкпы, билимби же жалпы руханий дүйнөбүзбү? Балким, буга мен, мен – алардын устаты, айыпкер чыгармын, өзүмдө мандем бардыр? А балким, шакиртим өзү күнөөлүүдүр?» – дайым ушинтип ойлоном. Арийне, буга атайын изилдөө жүргүзүп жаткан жерим жок. Бирок ушул чоң акыйкат жөнүндө шакирттериме, бирге иштешкен кесиптештерге жогоркудай эле суроо менен кайрылышка толук акым бар. Андай болсо сен экөөбүз кимбиз?

Менин жекече баамымда устат-мугалим – бул келечек, шакиртим. Анткени келечек ээсинин тагдыры анын колунда, демек, келечектин ээси баланын тагдырына да эң биринчи мугалим жоопту. Ооба, кимде-ким келечек жөнүндө ойлосо, ал бала жөнүндө ойлойт. Тээ XI кылымда Чыгыштын акылмандарынын бири Кайковус «Кабус-намэ» деген китеп жазып, мурасчы перзентине адамгерчилик менен акыйкаттыктын заманасын таанытып кетиптир. Бул баалуу эмгек, далай прогрессивдүү адамдардын назарын өзүнө буруп, XVI кылымдан баштап дүйнөнүн көп тилдерине которулуп, педагогиканын чыныгы окуу китебине айланганы жөнүндө да кабарың бар. Жети атасы гана эмес, укум-тукумунан бери кың дедирбей эл бийлеп, хандык кылган Кайковус эмнеликтен өлөр алдында ушунчалык баалуу, куну кулач китеп жазып, кийинки урпактарга калтырып кетти? Болжолу, каарынан кан тамган шах өлөр алдында жакасын кармап тобо кылып, пейлин оңдоп, өзү жашаган доордогу адам чыдагыс айбанчылыктын ордуна адамгерчиликти орнотуу үчүн далалат кылып, далбас урган окшобойбу. Мындан миң жыл мурда жазылган китептин биздин күнгө

жетишинин себеби эмнеде, шакиртим? Анын эң негизги себеби «Кабус-намэде» – баланын келечеги жөнүндө жазылгандыгында. Андан элдик педагогиканын накта наары кашкайып көрүнүп тургандыгында.

Песталоцци сынма котур, селсаяк, дейдилерди жыйнап тарбиялаганда, эң алды менен ошол балдардын келечекте коомдогу орду кандай болорун көз алдына элестеткен. Биринчи эмгеги болгон тарбия жөнүндөгү трактатында Жан Жак Руссо балалыкты асманга көкөлөтө мактаптыр. Насаат менен дүйнөнү оңдоп кайра жаратууга болбой турганына көзү жеткен Лев Толстой балдар үчүн «Алиппе» жазууга отуруптур. Нью-Ленаркидеги кичинелердин адам чыдагыс эмгегин көрүп, Роберт Оуэн биринчи чыгармачылык ишин балдар бакчасын уюштуруудан баштаптыр. Окумуштуунун бул экспериментин жолдоштору акылсыздык дешсе, тарых ага Улуу Кыялчы деген ат койду. Анын бул жосуну кала берсе аялына да жакпай «апендечилик иш» деп, кол шилтеп койчу экен. Өз өлкөсүндө белгилүү дарыгер жана жазуучу катары таанымал болуп калган учурда Януш Корчак «Балдарды кантип сүйүү керек» деген китеп жазып, аны иш жүзүнө далилдеш үчүн Польшада биринчи жолу «Жетимдер үйүн» ачыптыр. Бүт өмүрүн баланын тагдыры менен байланыштырган, шакиртин өзүнөн да жакшы көргөн устаттар бар. Фашисттик концлагерден кара башын куткарып кетүүгө ошол эле Януш Корчактын мүмкүнчүлүгү да, шарты да бар эле. Бирок ал анте албады. Шакирттерин таштап, жалгыз башын куткарып кетүүгө анын адамдык жана устаттык ыйманы менен парзы жол бербеди. Ал эки жүз шакирти менен мыкаачылардын колунан өрттөлүп, күлү көккө сапырылды. Турмуштун түйшүгү менен лаззатын да, кермеги менен таттуусун да, ысыгы менен суугун да шакирттери менен гана бирге көрүүнү бул чоң устат башта эле түбөлүк чечип койгон тура, көрсө.

Булар жөнүндө сен толук кабардарсың, шакиртим. Андай болсо эски аванды устатым кайрадан эмнеге эске салып отурат деп да ойлобо. Муну айтып отурганымдын жүйөсү бар. Анткени мугалимчилик кесипте жүргөнүбүздүн баарыбыз эле устат деген улуу наамга татыктуу да эмеспиз. Чыныгы устат деп биз бүт өмүрүн селсаяктар менен жылаңайлактарга сайган Макаренкону, улуу Ленин тарабынан жогорку баа алууга жетишкен С. Т. Шацкийди, баланын жан дүйнөсүнүн дарыгери Януш Корчакты, балдардын «Өз республикасын түзгөн» («Республика ШКИД»), Горький тарабынан Макаренко менен бир катарга коюлган Викниксор-Сорока-Росинскийди, кичинекей Павлыш мектебин педагогиканын Меккесине айландырган Сухомлинскийди... эсептейбиз. 1981-жылдын башында «Известия» газетасы «Эл мугалими»

деген баш макаласында бул чоң адам тууралуу: «В. А. Сухомлинский ар бир мугалим класска кирери менен улуу болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло тургандыгы жөнүндө далилденбес чындыкты өзүнүн бүт өмүрүндө далилдеди. Василий Александрович а деп келгенде, Павлыш кичинекей, эч ким тарабынан элес алынбаган, жөнөкөй элет мектеби эле. Аны айыл мектебинин катарындагы бир мугалими бүт дүйнөгө таанытып, педагогиканын чыныгы Меккесине айландырды», – деп жазды. Силердин көбүнөр айыл мектебине кетесиңер, шакиртим. Кичинекей элет мектебин ана ошондой ыйык жайга айландырууга киминердин кудуретиңер жетер экен? Анан туруп өзүмчө ойго батам: Ушул чыгаан педагогдор бизден эмнеси менен айырмаланат, аларда бизден башкача кандай касиеттер бар? А сен ушул жөнүндө кыял чаргытып көрдүн беле, шакиртим?! Эгер мындай түйшөлүүнү баштан өткөргөн болсоң, анда экөөлөп бул суроону чечмелеп көрбөйлүбү?

Жогоруда айтылган педагогдордун көпчүлүгүнүн шыбагасына адилетсиз коом туш болду, бирок алар адилеттүү Адамдарды тарбиялап өстүрдү. Себеп? Мунун себебин ошол педагогдордун жүрөгүнөн, жан-дүйнөсүнөн издесек гана таба алабыз. Көрсө, алар педагог болуудан мурда Адам болушкан тура, алар өздөрүнүн кудуретине ишенип, адамдык абийири алдында тизе бүгө алышкан тура. Алар баарынан мурда адамдарга ишенишчү экен. Кудурети күчтүү ааламдагы бүткүл адамдар жөнүндөгү алардын түйшөлүүсү, күйүп бышуусу бир гана эне-атага, бир гана улутка эмес, бүткүл Адамзатка таандык кылып таштаган тура! Ушул дараметке жетүүгө экөөбүздүн күч-кубатыбыз жетер беле, шакиртим?! Бул жөнүндө мен көптөн ойлоном да, так кесер жооп берүүдөн тартынам. Мүмкүн кадиксиз жоопту өзүң берип жүрбө?

Өз баласын жерип таштап кеткен же кутула жадаган, жоругу жолдо калган ата-энелер жөнүндө мезгилдүү басма сөздөн, айрыкча «Известия» менен «Комсомольская правда» газеталарынын беттеринен көп эле макалаларды окуп жүрөбүз. Ана ошо ата-энеси таштап кеткен баланы да мугалимдин жеригенин көрө элекмин, антүүгө акысы да жок. Мына ушул жагынан алып караганда устаттын ишинин улуулугу бөтөнчө бир бажырайып көрүнүп турат. Ал өзүнүн табияты боюнча балага эне-атадан да жакын. Дүйнөдөгү эң жакын адамы энесине, дегеле эч кимге айтпаган сырын бала мугалимине айтканын көп көрдүм. Устат бардык нерсени, керек болсо ыза менен кордукту да кабагым-кашым дебестен көтөрө ала турган өзүнчө бир лок. Дүйнө элине маалым биринчи мугалим Дүйшөндү эле алалы. Ал караңгы элге, балага революция, партия, Ленин деген сөздөрдүн маанисин үйрөтүп, тарбия бериш үчүн канча кордук көрбөдү.

Мындай ыза менен кордукка өз позициясында бек турган адам, мугалим гана чыдай алат. Ал баланын тентегине тентектей, жөнтөгүнө жөнтөктөй мамиле кылып, не бир адамдарды өз колу менен тарбиялап өстүрүп, турмуштун чоң жолуна узатат. «Адамдар өзөн суудай. Анын бири жай, бири тез агат. Бири – көк кашка тунук, бири – ылай. Адамдар да ошондой», – деген экен Толстой. Чыныгы мугалим мына ошол өзөн суудай адам агымын нечен электен өткөрүп, нечен адам мүнөздөрүн тарбиялайт. Бул чыныгы элдик эмей эмне?!

Адам – турушу менен татаал, табышмактуу нерсе. Ошондуктан аны тарбиялап билим берүүнүн да миң кыры, миң сыры бар. Ошол табышмактуу, бүт турпаты менен татаал адамды тарбиялоо ар бир эле кишинин колунан келе бербейт, мындай ишти түбөлүк кесип кылып алууга көп эле кишилер батына да албайт. Арийне мугалимдердин ишине кекирейип карагандар да табылат. «Койчу ушу, мугалимдикти – анын сайпана адамдын жумушу. Чийинден чыккан балдардын эрмеги. Мен мындай кордукка бир минута да чыдабайт элем», – дешет кээ бирөөлөр. Таланттуу жаштардын педагогдук кесипке келбей жатканынын эң негизги себептерин, жогоруда айтылгандай, мугалимдин азыркы абалынан, анан дал ушул маселелердин айланасынан издөөгө тийишпиз. Деген менен калыс адамдар устаттын улуулугун баалашат, анын түйшүктүү эмгегине да, бала үчүн болгон таза сезимине да табынып, таазим кылат.

Бүгүнкү күндө мугалимге коюлуучу талап да чоң. Ар бир бала медер тута тургандай адамды чыныгы мугалим дейбиз. Ал кандай өзү? Анын портретин ар ким ар кандай штрих менен тартып жүрөт. Алардын баарын топтоп кыскача жыйынтыктасак мындай: Балага билим менен тарбия берип жаткан киши – бул чыгармачыл инсан – личность, алдыңкы идеялар менен ойлорду жайылтуучу генератор, чебер психолог, таланттуу тарбиячы... 1983-жылы «Литературная газетасы» өзүнүн биринчи эле санында «XXI кылымдын мугалими кандай болуу керек?» – деген суроо менен окурмандарга анкета таратты. Ага көп сандаган жооптор келиптир (Караныз: «Литературная газета», 16-март, 1983, № 11). Анда окурмандар XXI кылымдын мугалимдерине өзгөчө талап коюп отурушат. Ошентип, аманчылык болсо, бар болгону 17 жылдан кийин дал ошол жаңы талаптарды сен жүзөгө ашырасың, шакиртим.

Окутуп, билим берүү менен тарбиялоо бири бирине синоним боло албайт, алар окшош да эмес. Бирок ал экөөнү ажыратып кароого да жарабайт, анткени буларын негизги, тигиниси жардамчы деп чек коюу да кыйын. Дегинкиси, мугалим-устаттын билимдүү да, тарбиялуу да болушу зарыл. Эгер алардын биринен ажырап калса эле, мугалим өз сапатын жоготкону. Бирок билими тап

жарып турса да, адамгерчилиги менен тарбиясы, жалпы маданияты болбосо, ал мугалим – көптүн бири, байкуш.

Акылман шакиртим, бул суроонун ажаатын жакынкы каттарымдын биринде ачып берүүгө аракеттенейин. Азырынча сени кызыктырган мугалимдик кесиптин эң негизги айырмачылыктарына токтололу.

Дүйнөдө нечен түркүн кесип бар, кесиптин жаманы болбойт. Дыйкан үчүн кутман талаа менен жер, аңыз менен бакча жытынан кымбат эч нерсе жок, жумушчу үчүн ар бир согулган балка, сүрүлгөн сүрүндү, куруучу үчүн ар бир кыналган кирпич, ал үчүн төгүлгөн ар бир тамчы тер – бакыттын тери. Илимпоз менен жазуучу... дагы-дагы ар кандай кесиптеги адамдардын өзүлөрүнө ылайык түгөнбөгөн түйшүгү бар. Бири адамдын ден соолугун караса, экинчиси курсактын ток, кийимдин бүтүн болушу үчүн кам көрөт. Ал эми устат-мугалим болсо, адамдарды бөлүп-жарып карабайт, ал үчүн адамдар – ажырагыс бирдиктүү бүтүн нерсе. Ал адамдарга бардык жагынан: физиологиясы үчүн да, курсагы үчүн да, баарыдан мурда адеп-ахлактуулугу үчүн да кам көрүп, жооп берет. Анын кесибинин жан жыргаткан ырахаты да, түйшөлткөн татаалдыгы да – ушунда. Андыктан мугалим-устат кезинде дарыгер болсо, бирде актёр болууга тийиш. Бирде ата-эне да, кээде музыкант болууга туура келет. Эгер мына ушул сапаттын биринен ажырап калса эле, мугалим өзүнүн эң негизги касиетин жоготту дей бер, шакиртим.

Ошентип, мугалимдин предмети, объектиси жаш адам экендиги талашсыз чындык болду. Бирок алар иргелип, сорттолгондор эмес. Кимде-ким өз окуучуларын иргеп, сортко бөлүштүрүп, «мындан бир нерсе чыгат, а мындан башыңды ташка урсаң да, эч нерсе жок!» – деген жыйынтык чыгарса, ал мугалим өз сабагы боюнча чыгаан болсо да, педагог болуп жыргата албайт. Жашырганда эмне, чындыкты кантип танабыз, нечендер жүрөт го «ыймансыз балдар көбөйдү, аларды кантип тарбиялоого болот?» – деп боздошуп. Алар чын эле тарпы чыккан «ыймансыздарбы»? Жок, алар ыймансыздар эмес, бар болгону балдар гана! Өтө таза, өтө ишенчээк, кезегинде тентек. Алар ошол үчүн балдар эмеспи. Дал ушундай калктын тагдырын анын колуна ишенип бергендиги үчүн мугалим кандай бактылуу, шакиртим! Кайсы чыгаан педагог бир-бирине коёндой окшош, төрт бурчтуу «кирпич» балдарды тарбиялаптыр?! Устат мына ошондой ар кыл, ар түрдүү: акылдуусу да, тентеги да бар балдарды окутуп, тарбиялоодон тажабагандыгы үчүн устат, ар башка, ар кандай балдардын тагдыры менен өзүнүн тагдырын түбөлүк бириктире алгандыгы үчүн устат. Эгер баланын баары бир кылка акылдуу, сыдыргыга салгандай өөнсүз

болгондо, тарбиялоонун, дегеле турмуштун кызыгы эмне? Турмуш ушунусу менен кызык эмеспи. Мугалимдик кесиптин негизги өзгөчөлүгүнүн бири да ушунда турат.

Көп кесип ээлери категорияга, разрядга бөлүнөт: жетинчи разряддагы токарь же слесарь...эң жогорку класстагы учкуч... дейбиз. Сырттан карасаң, биринчи жана жетинчи разряддагы жумушчу бирдей эле жумуш аткарып жаткандай, бирок жетинчинин – жетинчидей, биринчинин – биринчидей шыбагасы бар. Алардын эмгек акысы да ошого жараша төлөнөт. Адам эмеспизби, мугалимдердин арасында деле начары, ортозары, мыктысы бар. Бирок бир кызыгы бала сорттолбогондой эле мугалимдер да разрядга же категорияга бөлүнбөйт, алардын эмгек акысы бирдей. Балким, дал ушул жөнөкөйлүк менен жупунулукта болуп жүрбөсүн мугалимдиктин сырынын бири?

Андан ары. Мугалимдик кесип алууга таланттуу жаштар өтө аз келээри, жылдан жылга бул ишке кызыккандардын саны азайгандан азайып бараткандыгы жөнүндө айтылып да, борбордук мезгилдүү басма сөздөрдө жазылып да жүрөт. Шүгүрчүлүк, бизде андай эмес, тескерисинче, кандай болбосун эптеп жогорку билим алсам дегендин бардыгы келишет. Ыксыз конкурс болуп, ортозардын ортозарын иргеп ала албай амалың кетет. Менин жекече пикиримде, мугалимдик кесип берүүчү институттар менен университеттер бөлөктөрдү окутуп, тарбиялоого жөндөмдүү мыктылардын мыктысын гана кабыл алуу керек. Анткени кээ бирөө ортозар агроном менен зоотехник, инженер менен изилдеген ишинин же теориялык же практикалык мааниси жок окумуштуу сөрөй, эптеп-септеп ойноп күн өткөргөн актёр, бир нерсени чүргөй салган жазмакер... болушу мүмкүн. Аны эч ким деле таназар деле кылбайт, жүрө берет. Кең өлкөбүздөгү укмуштуудай ургаалдуу иштердин шарапаты менен андайлардын материалдык жана маданий залалы анчалык байкалбай да калат. Ал эми өмүр менен өлүм алка жакадан алышып турган жерде иштеген дарыгердин, келечек ээси болуучу адамдын бүт тагдыры колунда турган устаттын ортозар адис болушу мүмкүн эмес. Эгер көп кесиптин ээлери «генералдар», «катардагылар» деп бөлүнсө, мугалимдикте андай болбойт. Бүгүн гана мугалим деген наам алган сен да, отуз жыл иштеген мен да бир катарда турабыз. Биздин арабызда генералдар жок, баарыбыз катардагы гана жоокерлербиз. Таалим-тарбия берүүдө оңунан чыкпай калган ишибиз үчүн сага «жаш» деп мунапыс берилбейт да, «нечен жыл иштепсиз» деп мени эч ким башымдан сылабайт. Мына ушул жерде «Гүлсарат» повестиндеги бир окуя эске түшөт. Танабай айткандай, «кай заманда болсо да, жугундусун таап иче

турган» ферма башчысы Ыбырайым Гүлсарыны алып кеткени келип отурат. Жаңы башкарма Алдановдун буйругу менен амири ошондой. Бирок Танабай жаншерик Гүлсарыны жөн эле бере койчу киши эмес. Аны түшүнгөн Ыбырайым сөз баштайт: «Танаке, согушта болуп келдиңиз. Айтыңызчы, ошо жакта сиз жеңил машине минип, генерал жүк машинеге түшүп жүрдүбү? Арийне, андай болбогондур. Генералга генералдын шыбагасы, солдатка солдаттын энчиси...» Ыбырайымдын бул дипломатиясы табиятынан жүйөлүү сөзгө бат жыгылган Танабайды кептен кыскартып койду. Ал эми мугалимдикте мындай эмес. Анда эмгеги сиңген эл мугалиминин да, бул ишти жаңыдан баштаган сенин да энчиң, шыбагаң бирдей: бала, мектеп, класс, дептер, китеп...

Ошентип, мугалимдин алдында канчалык ажайып, не бир табышмактуу зор дүйнө турат. Ал сырдуу дүйнөнү ачыш үчүн мугалим-устаттын билими терең, адамдык ыйманы таза болушу гана жетишсиз. СССР жазуучулар союзунун биринчи секретары Г. Марков мугалимдердин чыгармачылык клубуна жиберген катында: «Чыныгы чыгармачылык ишсиз чыныгы устат болуу жөнүндө ойлоп да кереги жок. Анткени педагогдун иши ушундай. Азыркы мугалимдин ишине педагогикалык изденүү гана жетишсиз: ал проза менен поэзияда да, графика менен музыкада да өз күчүн сынап көрүүгө тийиш», – деп жазат. Эмне үчүн Чехов мугалимдин артист да, художник да болушун талап кылган? Улуу жазуучу муну жөн эле айта койбогондур. Мугалимдер – биз мындай эталонго жете койбогону менен да, таланттуу жаштардын көбүн мугалимдик кесип кызыктырбаганы менен да, бул талап – турмуштун өзүнүн койгон талабы. Арийне, артист дегенди маскарапоз деп түшүнүүгө жарабайт, мугалимге андай артист болуунун кереги да жок, бул сөздү кеңири мааниде түшүнүүгө тийишпиз. Көп адамдар мугалимдикти артисттин иши менен салыштырышат. Эгер чын эле эки кесипти салыштырууга туура келсе, мына бул нерсе баамга дароо урунат: актёр да, мугалим-устат да бир максатты – адамды окутуу жана тарбиялоо, акыл-эсин; эмоциялык сезимин, эстетикалык татымын ж.б. жактарын өстүрүү максатын көздөшөт. Баарынан мурда «адам» деген улуу атты булгабоого үндөйт. Мына ушул ролдо мугалим-устаттын «көрүүчүлөрү» менен «угуучуларынын» саны ар кандай актёрдукунан кем калышпайт. Артисттин чеберчилигин аныктоочу бардык белгилер менен критерийлери мугалимге да колдонсо, анын эч кандай айырмасы деле жок. Аларды айырмалап турган бир гана нерсе бар. «Ал өз ролун сонун аткарды», «баланча артист тиги образды алып чыга албады», – дейбиз артисттер жөнүндө. Мугалимди эч ким антип айтпайт. Бар болгону анын сабагы тууралуу: «бүгүнкү анын сабагы ой-

догудай болду, кала берсе чийинден чыккандар да тынтынч отурду», же «анын сабагы жарабай калды», – дейбиз. Канчалык жан алекетке түшүп окутпасын, адамды тамшандырып берген сабагы үчүн да мугалимге эч ким гүлдесте сунуп тартуулабайт, анын жүрөгүнүн тереңинен чыккан сөздөрү үчүн эч ким кол да чаппайт. Бирок ал бир саатка артист болууга милдеттүү. Артисттики белгилүү: бүгүн – Отелло, эртең – Тейитбек, анан – Курманбек, дагы-дагылар... Кыскасы, ал өз ролун ич кийимдей алмаштырат. Ошондуктан белгилүү артист Лебедевдин жез тумшук, Коробочка менен Кабаниханын ролун аткарганына, дайым ууру менен кескинин образын сахна менен экранга алып чыкканына, айтылуу артист Леоновдун Гамлеттин ролун аткарам дегенине эч ким деле таңданбайт. Ал эми мугалим болсо, өлөр-өлгүчө бир гана ролду, мугалимдик ролду ойнойт. Өзүнүн бүт өмүрүндө ал образды толук аткарып бүттүм деген мугалим-устатты учурата да элекмин.

...Түн бир убак, кыбыр эткен жан жок, эл уйкуда. Ушул убакта да түн күзөтүп, таңгак-таңгак дептер барактап же сызып, кайра жазып отурган адамдар болот. Анын бири өз кейипкери менен бирге күйүп-жанып отурган жазуучу болсо, бири мугалим дей бер. Мына ушундай кесиптеги адамдын ишин татаал эмес дегендерге ким ишенет экен? «Мугалимдин иши да ишпи?» дегендерге мен мына муну айткым келет: Генийдин гений артисти да даяр сценарийсиз, тексиз, нотасыз ойной албайт. Ал эми мугалим болсо, жазылбаган сценарий, али эч ким ойной элек текст, кагазга түшүрүлбөгөн нота боюнча өз ролун ойноого тийиш. Ойногондо да, шартка жараша анын жазылбаган сценарийин менен нотасы өзгөрүп турууга тийиш. Ал сабагынын сценарийин өзү жазат, өзү ойнойт, анын ыры да, обону да өзүнүкү. Мына ушундай кесип ээсинин ишин ким татаал эмес дей алат?

Ары ойчул, ары ар кандай татаал шарттан чыгып кетүүгө жөндөмдүү, туюктан туура жол табуучу, уюштургуч, бүт класстын, мектептин ал-абалы, анын эмне менен дем алып жатканы гана эмес, ар бир шакирттин беш колундай билген билерман, сабагын не бир сонун ыкмалар менен берген өз предметинин патриоту гана эмес, баланын эмнеге кызыгып, эмнеге жөндөмдүү экендигин дан билген өз ишинин мастери: артист, художник, терең эрудит жана интеллект, илим-билимди гана эмес, маданиятты да таратуучу, искусствонун бардык түрү боюнча кабардар, анан баарынан мурда баланы жанындай көргөн адам гана мугалим боло алат. Арийне, канчалык мерез болсо да, баланы сүйбөгөн киши болбойт. «Тоок да өз жөжөсүн жанындай көрөт», – дептир Горький. Ал эми мугалимдин баланы сүйүшү – бөлөкчө, аны жөнөкөй тил менен ай-

тып жеткирүүгө болбой турган өзгөчө сүйүү. «Өмүрүңүздөгү эң негизги нерсе деп эмнени эсептейсиз?» – деген суроого Сухомлинский: «Балдарды жанымдай жакшы көрүүнү», – деп жооп берген экен. Даңкы таш жарып, улуу жазуучу деген атак-даңкка ээ болуп калган учурда Толстойдон анын биографы Л. Бирюков: «Өмүрүңүздүн өзүңүзгө жаккан эң маанилүү учуру деп эмнени эсептейсиз?» – деп сурап калат. «1859–1862-жылдары мен баш көтөрбөй иштей турган айрыкча бир ажайып поэтикалык жумушка кабылдым. Тактап айтканда, айылда жөнөкөй мугалимчилик кылдым. Дал ошол мезгилди өмүрүмдүн эң кымбат, эң маанилүү учуру деп эсептейм», – деп жооп бериптир Толстой. Анан ушундай кесипти ким кемсинте алат.

Мезгил дегениң катаал нерсе. Өз заманы менен убагында залкар деп эсептелген нерселер менен адамдар да анын сыноосунан өтө албай унут боло берет. Ал эми мугалим көзү өтүп кеткенден кийин да нечен урпактардын жүрөгүндө жүрөт. Демейки адамдарга байкалбаган мына ушул улуу чындыкты залкар сүрөткер Ч. Айтматов мугалим Майсалбектин башкалардын өмүрү үчүн болгон өлүмү аркылуу укмуш ырга салыптыр: «Мен согушта жүрүп эрдик көрсөтөйүн деп эч качан эңсеген эмес элем, мен өзүмдү эң бир жөнөкөй, эң бир асыл ишке – мугалимдикке даярдап жүргөм. Заманым ушул экен, балдарды тамга тааныттып окутуунун ордуна, курал кармап жоокер болдум. Ал менин айыбым эмес. Мына азыр окуучу жаштарга менин биринчи жана акыркы берип кетер сабагым ушул, аларга окутуп кеткен билимим да ушул... Бул менин акыркы катым, акыркы калам шилтешим, акыркы сөзүм... Бул жөн эле өлүп берүү эмес, бул жөн эле жанкечтилик эмес, бул өмүр сүрүүнүн эң бир эбегейсиз түрү. Кулакка, балким, жат угулса да, бул жашоо үчүн болгон өлүм. Мен өз ыктыярым менен ушуну туура таптым. Мен эч кандай кылчактаган жерим жок. Мекеним бул ишти ишенип тапшырганы үчүн сыймыктанам.

Мени жоктобо, апа. Менин артымда туягы калган жок дебе. Дүйнөлө мындан ары согуш болбосо, жаңыдан төрөлгөн баланын ыйлаганы – ошол мен, бой жеткен кыздардын жоодураган көздөрү – ошол мен, бутакта көгөргөн жалбырак – ошол мен, мугалимдин балдарга биринчи үйрөткөн «А» ариби – ошол мен, ошонун баары мен, ошонун баарын мен деп билип жүргүн, апа!...»

Адам баласынын башына түшкөн алаамат трагедияны ушунчалык оптимизмге айландырган жазуучунун каламынын сыйкырдуу сыры ай! Аны кайталап окуй бересиң да: чын эле балдарга биринчи «А» арибин үйрөткөн – мугалим; какырап жаткан чөлдү гүлзарга айландырган дыйкан – мугалим; колунан көөрү төгүлгөн жумушчу – мугалим; мамлекетти башкарып жаткан коомдук ишмер – ал да мугалим деп ааламга жар салгың келет.

Устат-мугалимдин мына ушул улуу иштерин колумдан келишинче акыл таразасына салып өлчөйм да, кайрадан баягы колдон келбес кыялга батам. Атаганат, акын болсом, анда устат жөнүндө укмуштуу бир дастан жазар элем. Болбосо скульптор болсом... Анда насили каухар да, мрамор да, алтын да эмес, башка бир белгисиз асыл заттан тээ алда кайдан көрүнө турган эстелигин орнотор элем, эч качан эскирбес элесин аскага чегер элем. Болбосо мукам үндүү обончу болсом, анда устаттын укмуштуу улуу ишин не бир мукам, не бир асем кайрыкка салар элем...

***Суроолор жана тапшырмалар:***

1. *Шакирт деген сенин түшүнүгүңдө ким?*
2. *Автор эмне үчүн шакиртине кайрылып жатат?*
3. *Мугалим жөнүндөгү сенин көз карашың.*
4. *Автордун мугалим жөнүндө айткандарына кошуласыңбы?*
5. *Сен мугалимди ким менен тең көесүң?*
6. *Келечекте сен мугалим болгуң келеби же жокпу? Келсе, эмне үчүн, каалабасаң, эмне үчүн?*
7. *Мугалим жөнүндө ыр, эссе, аңгеме, дилбаян жазып көр.*

***Сөздүк:***

*Шакирт – шогирд*
*Устат – устоз*
*Келбет – қадди-қомати*
*Асем – чиройли*
*Мукам – ажойиб*
*Залкар – машҳур*
*Эстелик – ҳайкал*
*Илхам – илҳом*
*Хауз – қудуқ*
*Шапке – шапка, телпак*
*Кудурет – қудрат*
*Шыбага – улуш*
*Байкуш – баёқиш*
*Маскарапоз – масхарабоз*
*Эрудит – билимдон киши*
*Интеллект – ақл-идрок*
*Жанкечти – шафқатсиз*
*Туяк (кўчма маъно) – бола*

***Жазуу жумуштары***

*Төмөндөгү темалардын ичинен бироосун тандап, дилбаян жазгыла:*

- *«Абийир кечирбейт»;*
- *«Эстеликти эскерип»;*
- *«Жазылган каттын сыры»;*
- *«Сөз кудурети».*

## ЧЕЙРЕКТИК, ЖЫЛДЫК КАЙТАЛОО

Төмөндөгү темаларды эсиңерге түшүргүлө. Билгениңерге кошуу (+), эсиңерден чыгып калганына кемитүү (–) белгилерин коюп чыккыла. Акырында кемитүү (–) белгиси коюлган темаларды кайрадан окуп чыккыла.

( ) Т. Сыдыкбеков. «Тоо балдары», ( ) У. Абдукаимов. «Майдан», ( ) Б. Сарногоев. «Жер соорусу», «Мекен», «Тоолор менин ырыскым», ( ) С. Жусуев. «Курманжан датка», ( ) Ч. Айтматов. «Ак кеме», ( ) Ж. Мамытов. «Сүрөттөр», «Улуу тема», «Туулган жерге», «Тоолугум», ( ) Т. Кожомбердиев. «Айылдагы ай нуру», «Нан», «Арча бешик», «Бийликте жаз», ( ) К. Жусупов. «Боз үй кереметти», ( ) О. Султанов. «Дарбаза», ( ) М. Гапаров. «Күнөстүү арал», ( ) Т. Абдумомунов. «Абийир кечирбейт», ( ) М. Абылкасымова. «Эстелик сүйлөйт», ( ) Б. Алымов. «Шакиртиме кат».

## МАЗМУНУ


Кымбаттуу окуучулар ........ 3

Түгөлбай Сыдыкбеков ........ 4
Көк асаба ........ 4

Узакбай Абдукаимов ........ 46
«Майдан» ........ 46

Сооронбай Жусуев ........ 54
Курманжан Датка ........ 54

Чыңгыз Айтматов ........ 88
Тоолор кулаганда ........ 89

Жолон Мамытов ........ 131
Сүрөттөр ........ 131
Улуу тема ........ 133
Туулган жерге ........ 133
Тоолугум ........ 134

Турар Кожомбердиев ........ 136
Айылдагы ай нуру ........ 137
Нан ........ 137
Арча бешик ........ 139
Бийликте жаз ........ 139

Кеңеш Жусупов ........ 141
Боз үй керемети ........ 142

Омор Султанов ........ 147
Дарбаза ........ 147

Мурза Гапаров ........ 150
Күнөстүү арал ........ 150

Токтоболот Абдумомунов ........ 158
Абийир кечирбейт ........ 159

Майрамкан Абылкасымова ........ 178
Эстелик сүйлөйт ........ 179

Бектурсун Алымов ........ 185
«Шакиртиме кат» ........ 185

Чейректик, жылдык кайталоо ........ 198

*Окуу басылмасы*

**С. Момуналиев, К. Акматов**

**КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ**

Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн
мектептердин 11-класстары үчүн
хрестоматия-окуу китеби

Башкы редактор: *А. Уринбаев*
Компьютердик калыпка салган: *Д. Аббасова, Э. Исаков*
Тех. редактор: *С. Набиева*
Корректору: *К. Акматов, Ж. Кубаева*

Терүүгө 06.08.2014-ж. берилди. Басууга 11.08.2014-ж. коюлду.
Форматы $70 \times 90\ ^1/_{16}$. Ариби Times Q2.Офсеттик кагаз. Офсеттик басма.
Көлөмү 12,5 накта басма табак. Нускасы 7000 даана. Заказ №19

Версткасы «Аркус»
басмаканасында даярдалган
720016, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Самойленко көч., 7 в

«TRIADA Print»
ЖЧК типографиясында басылды
720021, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Гоголь көч., 28 а